ISTC
МНТЦ

CEC
CENTER ON

ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ

СПРАВОЧНИК

Бишкек – 2019

СПРАВОЧНИК

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ

ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ

Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлиги жана

Эл аралык Илимий-Техникалык Борбордун колдоосу менен (Астана ш.)

Экспорттук контролдун маселелер боюнча Борбор тарабынан чыгарылды

Бишкек – 2019

МАЗМУУНУ

КИРИШ СӨЗ 4

I. ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛДУН КӨП ТАРАПТУУ ЭРЕЖЕЛЕРИНИН, ЭЛ-АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН, ДЕМИЛГЕЛЕРДИН ЖАНА ЭМБАРГОНУН НЕГИЗГИ ИДЕЯЛАРЫ ЖАНА ЖОБОЛОРУ.

1.1. Экспорттук конторолдун коп тараптуу эрежелери 6
1.1.1. Австралиялык топ (АТ) 6
1.1.2. Рекеттик технологияларды контролдоо эрежеси (РТКЭ) 7
1.1.3.Ядролук жөнөтүүчүлөр тобу (ЯЖТ) 8
1.1.4.Вассенардык келишимдер 8
1.1.5. Цангердин комитети жана Ядролук куралды таркатпоо жөнүндөгү келишим 9
1.2. Эл аралык келишимдер, БУУ Келишимдери жана Корутундулары 10
1.2.1. БУУ Коопсуздук кеңешинин № 1540 Корутундусу (БУУ КК 1540) 10
1.2.2. 1925 – жылы 17 - июнда Женева шаарындагы “Согушта думуктуруучу, уулу жана ушуга окшош газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндөгү” протокол 10
1.2.3. Химиялык куралды иштеп чыгууга, жыйноого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенция – Химиялык курал жөнүндөгү конвенция (ХКК) 10
1.2.4. Бактериялогиялык курал жөнүндөгү конвенция (БКК) 11
1.2.5. Ядролук куралды таркатпоо жөнүндөгү келишим (ЯКТК), оңдоолору менен 12
1.2.6. Баллистикалык ракеталардын таркап кетишине жол бербөө боюнча жүрүм-турумдун көдекси 13
1.3. Көп тараптуу эмбарго 13
1.4. Эл-аралык демилгелер 13
1.4.1. Таркатылып кетүүгө тыю салуу боюнча демилге (ТТД) 13
1.4.2. Контейнерлердин коопсуздугу боюнча демилге (ККД) 14

II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ СИСТЕМАСЫ

2.1. Кыргыз Республикасындагы экспорттук контролдун Улуттук системасы. 15
2.2. Кыргыз Республикасындагы экспорттук контролдун Улуттук системасына киргизилген контролдонуучу продукцияны лицензиялоо 17
2.3. Контролдонуучу продукциянын экспортуна, импортуна жана реэкспортуна лицензия берүү боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары 20
2.4. Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукциясынын Улуттук контролдоочу тизмеси 24
2.4.1. Экспорттук контролго жаткан адамдардын, айванаттардын жана өсмдүктөрдүн ооруларын козгогучтардын (патогендер), кенетикалык өзгөртүлгөн мите организмдердин, уулардын, жабдыктардын жана технологиялардын тизмеси 24
2.4.2. Экспорттук контролго жаткан химиялык уралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон химикаттардын, жабдыктардын жана технологиялардын тизмеси 26
2.4.3. Экспорттук контролго жаткан ядролук материалдардын, жабдыктардын, атайын ядролук эмес материалдардын жана тиешелүү технологоялардын тизмеси 27
2.4.4. Экспорттук контролго жаткан эки максатта колдонулуучу материалдардын, жабдыктардын жана ядролук максатта колдонулуучу тиешелүү технологоялардын тизмеси 28
2.4.5. Экспорттук контролго жаткан ракеттик куралды жаратууга колдонулуучу материалдардын, жабдыктардын жана технологоялардын тизмеси 29
2.4.6. Аскерий куралдарды жана техникаларды жаратууга колодонулушу мүмкүн болгон экспорттук контролго жаткан эки максатта колдонулуучу материалдардын, жабдыктардын жана технологоялардын тизмеси 33
2.5. Мекемелерде жана уюмдарда экспорттук контролдун ички фирмалык программасын түзүү 34
2.6. Контролдонуучу продукцияны экспорттоо, импортто жана реэкспортто, алдын ала каралган тышкы экономикалык операцияларды бажылык жөнгө салуу. Экспорттук контроль жаатындагы эл-аралык кызматташтык 36
2.7. Кыргыз Республикасында радиациялык жана ядролук коопсуздукту камсыз кылуу 44
2.8.Кыргыз Республикасында биологиялык жана химиялык коопсуздукту камсыз кылуу 48
2.9. Кыргыз Республикасынын Экспорттук контрол боюнча мыйзам ченемдеринин бузулгандагы үчүн жоопкерчилик 54
2.10. Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин № 1540 Корутундусун Кыргыз Республикасынын аткарышы боюнча маалымат. 59

III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ ЖААТЫНДАГЫ УЛУТТУК МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИ

3.1. Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген №30 – Мыйзамы (2003 - жылы 23 – январдагы) 62

3.2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында контролдонуучу продукцияга экспорттук контролдоону ишке ашыруунун тартиби жөнүндөгү Жобо» - тууралуу 2010 – жылы 27-октябрдагы № - 257 токтому 71
3.3. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү система жөнүндө» - деген 2013 – жылы 19 – октябрдагы № 195 – Мыйзамы 89
3.4. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишмердикти жөнгө салуу жөнүндө» - деген № 41 – Мыйзамы (1997 – жыл 2 – октябрдагы) 107
3.5. КР Президентинин «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскерий - техникалык кызматташтыкты андан нары өнүктүрүү жана экспорттук контролдун Улуттук системасын ишке ашыруу жөнүндө» - деген 2013 – жылы 14 – августтагы УП № 265 –Жарлыгы 119
3.6. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында экспорттук контролдун Улуттук системасын ишке ашыруу боюнча чаралары жөнүндө» - деген 04.05. 2004 ж. № 330 токтому 121
3.7. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Аскерий-техникалык кызматташтык жана экспорттук контрол боюнча Комиссия жөнүндө Жобо» - деген 04.05. 2004 ж. № 330 токтому 123
3.8. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Экспорттук контролго жаткан продукцияны транзит жасоого уруксат берүүнүн тартиби» - деген 04.05. 2004 ж. № -330 токтому 126
3.9. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасында химиялык куралды иштеп чыгуу, жыйноо жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу тууралуу Конвенциянын аткаруу органы жөнүндө» - деген 1993 – жылы 13 – январдагы № 613 – токтому 129
3.10 Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Контролдонуучу продукциянын Кыргыз Республикасындагы Улуттук контролдоочу Тизмеси жөнүндө» - деген – жылы 2 – апрелдеги № 197 – токтому. 130

IV. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАТЫШУУЧУ БОЛГОН ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕР

4.1. Ядролук куралды таркатпоо (ЯКТ, 1994 - жылы 12 - январдагы, №1415-XII) жөнүндөгү Эл-аралык келишимге кошулуу тууралуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому 131
4.2. Ядролук куралды сыноолорду жалпы камтыган тыюу салуу жөнүндөгү Келишимди ратификациялоо тууралуу Кыргыз Республикасынын № 314 Мыйзамы (2003 - жылы 15 – июлдагы) 131
4.3. Химиялык куралды иштеп чыгууга, жыйноого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияны ратификациялоо тууралуу КР № - 89 Мыйзамы (2003 - жылы 29-апрелдеги) 162
4.4. Бактериялогиялык (биологиялык) жана токсиндик куралды иштеп чыгууга, жыйноого жана колдонууга жана анын камын даярдоого тыюу салуу жана аларды жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияны ратификациялоо тууралуу Кыргыз Республикасынын № 144 Мыйзамы (2004 - жылы 17 - августтагы) 163
4.5. Атомдук энергия боюнча агенттиктин Жобосун ратификациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын № -174 Мыйзамы (АЭЭА) (2003 - жылы 1 - августтагы). 167
4.6. Ядролук куралды таркатпоо (ЯКТ) жөнүндөгү Келишимге байланыш кепилдиктерди колдонуу боюнча АЭЭА менен болгон Келишимди ратификациялоо жөнүндөгү КР нын №- 252 Мыйзамы жана 1998 - жылы 18-мартта Вена шаарында кол коюлган Протоколдор (2003 – жылы 30 – декабрдагы) 167
4.7. Ядролук куралды таркатпоо (ЯКТ) жөнүндөгү Келишимге байланыш кепилдиктерди колдонуу боюнча Кыргыз Республикасы менен АЭЭА ортосундагы Келишимге кошумча Протоколду ратификациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын № - 193 Мыйзамы (2007 - жылы 29 –январдагы). 168
4.8. Орто Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндөгү Келишимди ратификациялоо тууралуу Кыргыз Республикасынын № - 58 Мыйзамы (2007 - жылы 28 - апрелдеги). 173
4.9. Иштетилген отун менен жана радиоактивдүү таштандыларды коопсуз карамуу боюнча 1997- жылкы 5 – сентябрда Вена шаарында кол коюлган Бириккен Конвенцияны ратификациялоо жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын № -195 Мыйзамы (2006 - жылы 5- декабрдагы) 175
4.10. Согушта думуктуруучу , уулу жана ушуга окшош газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндөгү 1925 – жылы 17 - июнда Женева шаарында кол коюлган Протоколго Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралу Кыргыз Республикасынын № - 36 Мыйзамы (2019 – жылы 20 – марттагы) 176
4.11. Ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндөгү 1979 - жылы 26 - октябрдагы Конвенцияга 2005 – жылы 26 – октябрда Вена шаарында киргизилген Оңдоолорду ратификациялоо жөнүндөгү КР №110 Мыйзамы (2016 - жылы 9 - июлдагы)..... 178
4.12. БУУ Коопсуздук кеңешинин 2004 - жылы 28 – апрелдеги 4956- отурумда кабыл алынган № -1540 Корутундусу 179

V. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛДОО СИСТЕМАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН, МЕКЕМЕЛЕРДИН ЖАНА УЮМДАРДЫН ТИЗМЕСИ

Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо системасындагы мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана уюмдардын тизмеси 182

КИРИШ СӨЗ

Экспорттук контролго тиешелүү мамлекеттин саясий курсу, Кыргыз Республикасынын өлкөсүнүн ичинде жана андан сырткары жакта ишке ашыруу боюнча жалпы иш-чараларынын комплексине кирет. Ал көздөгөн негизги максат- өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуу, анан экономикалык, саясий жана аскерий Кызыкчылыктарын коргоп калуу, массалык кыйратуучу куралды жана аны жеткирүүчү каражаттарды таратпоо жаатындагы эл-аралык келишимдердин талаптарын ишке ашыруу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикасын дүйнөлүк экономикага интеграциялоого шарт түзүү.

Экспорттук контроль - бул, Кыргыз Республикасынын укуктук актылары менен аныкталган продукциялардын группасы менен технологияларга (контролдонгон продукциялар) карата тышкы экономикалык ишмердүүлүктүн тартибин ишке ашыруу чараларынын комплекси. Алардын санына төмөндөгүлөр кирет: массалык кыйратуучу куралды жана аны жеткирүүчү каражатты жана террористик иштерди жүргүзүү үчүн иштеп чыгууга көмөк берген башка куралдардын түптери, материалдар, чийки заттар, жабдыктар, технология, жумуш жана кызмат, илимий-техникалык маалымат жана акыл эмгектин менчик объектери,

Экспорттук контролдун системасы - бул, аныкталган саясый, аскерий жана экономикалык максатка жетүү үчүн тышкы соода саясатын камсыз кылган мамлекеттик жана башка структуралар эле эмес, бирок ошондой эле бул түзүмдөрдүн ишмердигинин тажырыйбадагы формалары, ошондой эле тиешелүү мыйзамдар.

Жөндөөнүн негизги аспабы, демек, экспорттук контролдун максатына жетишүү - бул, лицензиялоо болуп эсептелет.

Лицензиялоо, кээ бир өзүнчө категориядагы товарды эсептебегенде, контролдогон продукцияны сыртка чыгарууга толук тыюу салууну көздөбөйт.

Мамлекет лицензия берүү менен контролдонгон товарды ташып чыгарууну, ташып кирүүнү, реэкспорттоону жана анын транзитин контролдоону ишке ашырат, жана лицензия алгандардын лицензиянын тиешелүү талаптарын жана шарттарын аткарышын көзөмөлгө алат.

Мамлекеттик экспорттук контролдун негизги механизми - бул контролдук тизмелер.

Экспорттук контролдоо системасы Кыргыз Республикасында 2003 - жылы эле киргизилген, жана азыр анын структурасы жетишээрлик өнүккөн. Туруктуу түрдө жакшыртылып аткан анын эффективдүү укуктук базасы түзүлдү.

Кыргыз Республикасында түзүлгөн экспортук контролдоо системасы негизинен эл-аралык таанылган тиешелүү стандарттарга жооп берет.

Экспорттук контролдун эл аралык укугунун принциптерине жана ченемдерине негизделген Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген Мыйзамы 2003 - жылдын январында кабыл алынган. Берилген Мыйзамды ишке ашыруу үчүн жана дагы мыйзам астындагы актылар кабыл алынган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014 - жылдын 2 - апрелдеги №197 - Токтому менен контролдонгон продукциянын Кыргыз Республикасындагы Улуттук контролдук тизмеси бекитилген.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскерий - техникалык кызматташтыгын андан нары өнүктүрүү боюнча чаралар жана Улуттук контролдоо системасын ишке ашыруу жөнүндө» - деген 2003 - жылдын 14 - августагы №265 - Жарлыгына ылайык, экспорттук контроль жаатындагы ченемдик - укуктук баазаны андан нары өнүктүрүү максатында Аскерий - техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча Комиссия түзүлдү (АК жана ЭК боюнча Комиссия).

АК жана ЭК боюнча Комиссия, уруксат берүүчү документтерди берүү боюнча ведомстволор аралык келишпестиктерди алдын ала жөндөп алып экспорттук контроль боюнча иштерге катышкан мамлекеттик баардык органдардын иштерин координациялайт.

Экспорттук контроль боюнча справочниктин учурдагы чыгарылышы, контролдонгон продукция менен экспорттук - импорттук операцияларды ишке ашыруу менен алек болгон тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларына, алардын бул жааттагы каралган процедуралардан өтүүлөрүн жеңилдетүү максатына эсептелген.

Бул справочниктен, контролдонгон продукциялар, технологиялар менен тышкы экономикалык операцияларды жүргүзүүдө жана уруксат берүүчү документтерди алууда пайда болгон конкреттүү суроолорго конкреттүү жооп аласыңар.

Бул справочниктен, экспорттук контролго жооптуу болгон мекемелердин кызматчылары, логистика бөлүмдөрүнүн жумушчулары, мамлекеттик кызматчылар, экспорттук контроль жаатындагы ченемдик-укуктук актылардын толук тизмесин таба алышат

Справочник, тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларына, экспорттук контролдун негизги жоболору жана принциптери менен таанышуу үчүн жана экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдардын базасында ориентация жасоо үчүн өзүнчө эле тажырыйбалык жардам.

Бул Справочникте, экспорттук контролдун эл аралык режимдери, Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук Тизмеси, бул сферадыгы аракеттеги мыйзам ченемдери жөнүндө дыкат маалымат берилген, лицензиялоону ишке ашыруу, уруксат берүүчү документтерди берүү, контролдонгон продукциянын акыркы пайдалануу процедурасы, бажылык контрол, акыркы пайдалануучунун сертификатын берүү процедурасы, ички контроль процедурасы жазылган.

Ошондой эле бул Справочниктен Сиз, уруксат берүүчү документтерди берген ыйгарым укуктуу органдар жөнүндө, экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдеринин бузулгандагы жоопкерчиликтер (контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык ишмердик жүргүзүү тартибин бузган тараптарга мамлекеттик мажбурлоо чарасын колдонуу), ошондой эле радиациялык, химиялык жана биологиялык коопсуздуктар жөнүндө маалыматтарды таба аласыз.

Справочниктин түзүүчүлөрү, контролдонгон продукция менен тышкы соода операцияларын долбоорлогон тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларына чындап жардам бере алат деген, ошондой эле мекемелерде жана учреждениелерде экспорттук контроль кызматынын жумушчуларын даярдоодо пайдалуу пособие болот деген үмүттөбүз

Справочник экспорттук контролдо маселелери боюнча эксперттик топ тарабынан Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлигинин көмөк көрсөтүүсү менен Экпорттук контролдоо Борборунун(ЭКБ), Эл-аралык илимий-техникалык борбордун (ЭИТБ) жана Европа Биримдигинин(ЕБ) колдоосу астында даярдалды.

I. ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛДУН КӨП ТАРАПТУУ ЭРЕЖЕЛЕРИНИН, ЭЛ-АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕРДИН, ДЕМИЛГЕЛЕРДИН ЖАНА ЭМБАРГОНУН НЕГИЗГИ ИДЕЯЛАРЫ ЖАНА ЖОБОЛОРУ.

1.1. Экспорттук контролдун көп тараптуу режимдери

Бул бөлүмдө экспорттун көп тараптуу режимдеринин негизги документтери жана жоболору, камтыган сфералары, максаттары жана алардын эл аралык келишимдер менен байланыштарына жалпы көз караш берилген.

«Экспорттук контролдун көп тараптуу режимдери» консенсустун негизинде аракеттке кире турган, юридикалык эмес, саясий жактан милдеттүү келишимдер. Алар мыйзамдуу күчүнө кириши үчүн, улуттук мыйзамдардын жардамы менен ишке ашырылып жана колдонушу талап кылынат.

Макулдашылган контролдонуучу тизмелер, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин (БУУ КК) юридикалык жактан милдеттүү №1540 -Корутундусу эскертилгендиктен эл аралык укуктун расмий эмес бөлүгү болуп калды жана атайын өлкөлөр үчүн Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин атайын корутундусуна дагы киргизилген, маселен Түндүк Корея жана Иран. Кош максатта колдонулуучу товарлар боюнча Европа Биримдигинин (ЕБ) Регламентинин алкагында ал Корутундулар ЕБге мүчө болгон өлкөлөр үчүн дагы юридикалык милдеттүү күчкө ээ.

Алардын негизги функциялары, лицензия берген (белгилүү дэңгээлде бажы органдарынын дагы) органдарынын өкүлдөрүнүн жоолугушуулары аркылуу жана алардын Экспортту Контролдоо боюнча Улуттук системаны уюштурууга катышкан башка өлкөлөрдөгү кесиптештеринин Контролдук Тизме боюнча чечим кабыл алуулары аркылуу жана экспорттук лицензия берүү боюнча купуя маалыматтар менен бөлүшүү же андай лицензияга тыюу салуу, сатып алуу схемалары боюнча керектүү маалыматтар менен алмашуу.

Экинчи функциясы, ал контролдонгон товарлардын, технологиялардын (мындан нары контролдонгон тизмелер) тизмесин иштеп чыгуу, аны ар жыл сайын жаңыртуу жана жарыкка чыгаруу, алдыңкы тажрыйбалардын мисалдары, ченемдер менен стандарттарды орнотуу, ошондой эле режимдин алкагына кирбеген өлкөлөрдөгү кызыкдар тараптарга арналган маалыматтык-пропагандалык иш чараларды өткөрүү. Бул режимдин дүйнөгө кеңири таркап жаткандыгынан, тегиз контролдоо деген пункт сыяктуу экспорттук контролдоо системасынын ачкыч элементтерин жалпысынан түшүнүүнү жогорулатыш үчүн контролдук тизмелер шайкештикке келтирүүнү талап кылат.

Көп тараптуу экспорттук контролдун негизги төрт (плюс бир) режими:

- 1. Австралия группасы (АГ)[1],
- 2. Ракеттик технологияны контролдоо режими (РТКР),[2]
- 3. Ядролук жөнөтүүчүлөр тобу (ӨКТ)[3]
- 4. Кадимки куралдарды жана товарларды жана кош максатта колдонгон технологиялардын экспортун контролдоо жөнүндө Вассенаар келишимдери, (Вассенаар келишимдери,)[4],
- 5. Цангер Комитети (ЦК)[5].

Цангер Комитетин кээде экспорттук контролдун бешинчи көп тараптуу режими деп аташат, бирок ал чектелүү мандатка ээ, ошондуктан ал кошумча эле ролду ойнойт.

1.1.1. Австралия группасы (АГ)

Австралия группасы (мындан нары АГ аталат), хмимялык жана биологиялык куралдын таралып кетүү коркунучун минимумга жеткирүү үчүн 1985-жылы түзүлгөн, ошол эле убакта тоскоол

1 Австралия группасы боюнча кошумча маалымат алуу үчүн. http://www.australiagroup.net сайтын кара.
2 РТКР боюнча кошумча маалымат алуу үчүн. http://mtcr.info сайтын кара.
3 ЯКТ боюнча кошумча маалымат алуу үчүн. http://www.nuclearsuppliersgroup.org/en/ сайтын кара.
4 Кошумча маалымат алуу үчүн. http://www.wassenaar.org сайтын кара.
5 Кошумча маалымат алуу үчүн. http://zanggercommittee.org/ сайтын кара.

жасабай «мыйзамдуу максатта колдонулган материалдар жана жабдыктар менен ченемге ылайык соода кылууга».

АГнын курамына 43 катышуучу кирген. Европа биримдигинен башкасы, Химиялык куралга тыюу салуу жөнүндө Кенвенцияга (ХКК[6]), Биологиялык жана **токсиндик** курал боюнча тиешелүү Конвенцияга (БКТК[7]) жана Женева протоколуна (ЖП[8]) кошулган мамлекеттер, Австралия Группасы бардык өлкөлөрдү АГнын Контролдоо тизмесин жана Жетектөөчү принциптерин кармануу чакырат. АГнын жактоочулары группанын төрагасын жетектөөчү принциптерди жана АГнын жалпы контролдоо тизмесин кармануу боюнча өздөрүнүн саясий милдеттенмелери тууралу жана бардык өзгөрүүлөр жөнүндө жазуу жүзүндө маалымдайт. АГга кирбеген өлкө үчүн ушул сыяктуу милдеттенмелер бир тараптуу болот жана мүчөлүккө кабыл алуу үчүн чечимдин предмети болбойт. Казахстан 2015 - жылдан бери анын жалгыз жактоочусу.

АГнын Жетектөөчү принциптерин жана химиялык жана биологиялык курал боюнча ишмердикке көмөк берген материалдардын, технологиялардын жана программалык камсыздочу системалардын, ага кирген химиялык заттар, өндүрүштүк жабдуулар жана технологиялардын тизмесин орноткон жана жыл сайын аны жаңыртып турат.

Жаңы технологиялардын, илимий ачылыштардын ылдам өнүгүп аткан убагында, АГга мүчө эмес өлкөлөр үчүн, мекемелердин өкүлдөрү жана илимий чөйрө үчүн, АГ координацияны жакшыртуу боюнча активдүү программаны алып барууну улантууда, катышуунун дэңгээлин жогорулатуу жана «диалогдорду туруктуу күч жумшап тез-арада жүргүзүп туруу менен аймактык дэңгээлди камтуу, экспорттук контролго бардык өлкөлөрдү ишенимдүү чараларды кабыл алууга жана АГ нын экспорттук контроль боюнча чараларын алдынкы эл аралык мыкты чаранын модели катары кабыл алууга түрткү берүү».

1.1.2. Ракеталык технологияларды контролдоо режими (РТКР)

Ракеталык технологияларды контролдоо режими (мындан нары РТКР) 1987 -жылы бирдей көз-караштагы мамлекеттер тарабынан ракеталарды, ракеталык материалдарды, аларга байланыш технологиялардын жабдыктарын, массалык кыргын салуучу куралдын (МКК) бардык түрлөрүн ташып жеткирүүгө колдонулуп кетүүчү учкучу жок жеткирүүчү системаларды кошо (мисалы, учкучу жок учуучу аппараттар) таркап кетишин чектөө максатында бейформалдуу саясий түшүнүү катары жаралган.

Учурда 35 катышуучусу бар, Россия, Украинаны кошкондо, ал эми 2016 - жылдан бери Индиянын кошулушу менен. Ошол эле учурда Кытай, Израиль, Иран, Түндүк Корея жана Пакистан али кошулуша элек.

РТКР укуктук негизге ээ эмес, ал эми эл аралык юридикалык таяныч катары БУУН КК нин №1540 Резолюциясын колдонот. БУУнун ККнин №1540 Резолюциясы химиялык, биологиялык, радиологиялык жана ядролук куралды ташып жеткирүүчү системасын улуттук контролдун кажеттүү максаты катары аныктайт жана өлкөлөрдүн көбүнчөсү ушул сыяктуу куралдардын тизмелерин өздөрүнүн улуттук мыйзам-ченемдеринде чагылдырышат.

РТКРдын алкагында **массалык кыргын салуучу куралды ташып жеткирүүгө (МКК)** жөндөмдүү учкучу жок учуучу (мисалы, ракеталар, мүмкүнчүлүгү бар жеткирүүчү системалар) **аппараттардын (УЖУА)** жабдыктары, программалык камсыздандыруулары жана башкаруу технологиялары боюнча жетектөөчү принциптер жана Жобо чыгарылган.

РТКРнын принциптери I-категориядагы предметтерге кирген ракеталык системалар (баллистикалык ракеталар, космостук **алып жүрүүчү ракета**, зонд жасаган ракета) жана 500 кг. жүк менен 300 км. аралыкка ташып бара **алчуу учкучу жок учуучу аппараттардын** системалары (чалгындоочу **дрондорго мээленген** канаттуу ракеталар системасы) жана II-категорияга кошулган калган предметтердин бир кыйла айрымачылыктарына негизделген.

РТКРнын Жобосунун алкагында I-категориядагы предметтерге, көпчүлүк учурда, экспорттко

6 Химиялык куралды иштеп чыгуга, өндүрүүгө, жыйноого жана колдонуга тыйуу салуу жөнүндөгү 1993 жылдагы Конвенция https://www.opcw.org/chemical-weapons-convention.

7 Биологиялык жана токсиндик курал жөнүндөгү 1972 жылдагы Конвенция , https://www.un.org/disarmament/wmd/bio

8 1925 жылдагы Думчуктурган жана башкак уу газдарGases, and of Bacteriological Methods of Warfare, https://www.un.org/disarmament/wmd/bio/1925-geneva-protocol жана согуш убагында колдонуучу аскердик бактериологиялык каражаттарга тыйу салуу жөнүндө Женева протоколу, https://www.un.org/disarmament/wmd/bio/1925-geneva-protocol

тыюу салынган, ал эми II- категориядагы предметтер карасанатайлык максатта колдонуп кетүү кокустугуна таандык алты критерий менен каралгандан кийин экспорттолушу мүмкүн (http://mtcr.info/guidelines-for-sensitive-missile-relevant-transfers/ сайтын кара).

РТКРныны Контролдук тизмеси жылдар өткөндө өзгөрүлүп турган, мисалы 2015 - жылы, **катуу отун менен учкан учкучу жок учуучу аппараттар** менен ракеталык технологияларга карата. Бардык катышуучулардан, 2005 - жылдан бери, башкаруучусу менен учкан аба кемелеринен башка,

Контролдук тизмеге кирбеген предметтерди, аралдын **массалык кыргын салуучу куралды** (МКК) **ташып жеткирүүчү системага** байланыш колдонулуп кетүү предмети боюнча толук экспорттук контроль жасоо талап кылынат.

1.1.3. Ядролук жөнөтүүчүлөр группасы (ЯЖГ)

Ядролук жөнөтүүчүлөр группасы (ЯЖГ), 1974-жылы, юридикалык күчү жок, ядролук жөнөтүүчүлөр мамлекеттеринин ассоциациясынын Индиянын ядролук куралды сынак жардыруусуна ыктыярдуу жооп катары, ядролук куралдын таркап кетишине ядролук сферага катышы бар кош максатта колдонуучу материалдардын (программалык камсыздандыруларды кошо), жабдуулардын жана технологиялардын берилип кетпешин текшерүү менен ага жол бербөө максатында негизделген.

Ядролук жөнөтүүчүлөр группасынын (ЯЖГ) Жетектөөчү принциптеринде кош максатта колдонуучу предметтерге төмөндөгүдөй аныктама берилет: «ядролук жана ядролукк эмес колдонууга мүмкүн болгон, АЭЭА нин кепилдиги берилбеген ядролук отун-циклине же ядролук жардыргыч ишмердигине бир кыйла салым кошчу предметтер».

«Катуу контролдоо» боюнча берене катышуучуларга болжол менен ядролук курал боюнча долбоорлорго багытталган, эгерде экспорту бир дагы контролдук тизмеде көрсөтүлбөсө дагы, кош максатта колдонуучу бардык предметтердин экспортуна тыюу салууга уруксат берет

Группанын түзүмүнө 48 мүчө, ошондой эле Европалык коммисия жана Цангер комитетинин төрагасы туруктуу байкоочу катары кирген.

ЯЖГ менен БУУ ортосунда формалдуу байланыш жок, бирок ЯЖГнын жетектөөчү принциптери менен Жобонун улуттук деңгээлде ишке ашырылганынан ЯЖГ өкмөттөргө БУУ КК №1540 - Корутундусуна ылайык өздөрүнүн Экспорттук контроль боюнча улуттук милдеттенмелерин аткарууга жардам берип атат, жана ошондой эле Ядролук куралды таратпоо боюнча келишимдин (ЯКТК[9]) III - беренесинин 2 - пунктына да ылайык. Ушундай жол менен, ЯЖГга ченемдик-мыйзамдык негиз болуп, ЯЖГ мүчө болгон бардык мамлекеттер кошулган Ядролук куралды жайытпоо боюнча келишим (ЯКТК) кызмат кылат. №3 таблицаны кара.

ЯЖГ юридикалык жактан күчү жок **Жетектөөчү принциптерди**[10] иштеп чыккан. Алардын жалпы максаты, тизмеде саналган предметтердин атомдук энергия боюнча эл аралык агенттигинин (АЭЭА) кепилдиги жок ядролук отун циклине, же жардыргыч ишмердикке өткөрүлүп берилип кетпесин кепилдөөгө жардам берүүдө турат. Ядролук материалдарды, жабдыктарды жана технологиялардын экспорту боюнча Жетектөөчү усул (Атомдук энергия боюнча Эл аралык агенттик (АЭЭА) жарыялаган документтеги INFCIRC/254/Бөлүк1 оңдоолору менен) ядролук сферада колдонууга арналган же атайын даярдалган предметтердин, буларга: (i) ядролук технологиялар; (ii) программалык камсыздандыруулар; (iii) ядролук материалдар жана жабдыктар кошо, экспортун жөндөйт.

ЯЖГ маалыматтык-пропогандалык ишти Жетектөөчү принциптери жана контролдук тизме боюнча мааламат берүү максатында визит жасоо, кеңешме өткөрүү жана/же кошула элек өкмөттөр, транзиттик же өткөөл өлкөлөр үчүн атайын брифингдерди жасоо, көп тараптуу форумдарды экспорттук контролдун башка режимдери үчүн жана мекемелердин өкүлдөрү үчүн алып барат[11].

1.1.4. Вассенаардык макулдашуулар (ВМ)

Суук согуштун бүтүшү менен, Координациялык комитеттин мурдагы мүчөлөрү көп тараптуу экспрттук контроль боюнча (КТЭК) 1995-жылы, юридикалык күчкө ээ эмес, ыктыярдуу экспорттук

9 Ядролук куралды таркатпоо боюнча келишим, INFCIRC/140, https://www.un.org/disarmament/wmd/nuclear/npt


10 Толук текст, ЯЖГ сайтын кара http://www.nuclearsuppliersgroup.org/en/nsg-documents

11 Кошумча маалымат ЯЖГ нын маалымдоо суроолру боюнча веб-сайтында, http://www.nuclearsuppliersgroup.org/en/outreach

контролдоо режими катары Вассенаардык макулдашууларын (мындан ары ВМ) түзүшкөн.

Анын максаты–аймактык жана эл аралык коопсуздукка, туруктуулукка салым кошуу, кадимки куралдарды жана **кош максаттагы товарлар** менен технологияларды өткөрүп берүүдө мамлекеттерге экспорттук контролду эффективдүү жасаганга жардам берүүдө айкындыкты камсыз кылуу менен жоопкерчиликти жогорулатып, аны менен туруктуулуктан чыгарып жиберчүү чыңалуунун чогулушуна жол бербөө.

Көңүлдүн чордонун **кадимки куралдар менен кош максатта колдонуучу товарларга** буруу менен ВМ, МКК таркап кетишине бөгөт койгон багыттагы экспорттук контролдун башка режимдерин толуктайт(төмөндөгү №1 сүрөттү кара).



Сүрөт№ 1: Вассенаардык макулдашуулардын веб-сайтынан алынган, https://www.wassenaar.org/about-us

Индиянын 2017 - жылдын 8 - декабрында ВМга кошулушу менен катышуучулардын саны 42ге жетти.

ВМдин катышуучулары, **кадимки куралдар жана кош максатта колдонуучу** бардык сезимтал товарлар жана технологияларга экспорттук контролду колдонууга жана бул предметтердин ВМ мүчөлөрү үчүн жагдайы/жүрүм-туруму олуттуу тынчсыздануну жараткан аймак же мамлекеттерге уруксатсыз берилип кетпеши же кайталанып өтүп кетпеши максатында жана «кадимки куралдардын жагдайды теңсалмактуулуктан чыгарып жиберүү мүмүкүнчүлүгүн» төмөндөтүүгө макул болууда.

ВМ өзүнө барабар келишимгэ ээ эмес; буга кошулган өлкөлөрдүн биргелешкен декларациясында12 2013-жылы кабыл алынган Курал менен соода кылуу келишимин (КСК)[13] in 2013 as complementary and mutually reinforcing in view of the common goals., бири-бирин толуктаган жана бири-бирин күчтөндүргөн жалпы максаттагы документ катары кубаттаган

ВМ дин алкагында өтө көп нерсени камтыган ыктыярдуу жетектөөчү принциптердин жана алдыңкы тажрыйба тууралуу документердин пакети иштелип чыккан. Булардын көпчүлүгү **кадимки куралдарга** жана аны менен байланышкан **кош максатта колдонуучу** предметерге кана колдонушу мүмкүн эмес, бирок ошондой эле жалпы сооданы контролдоого колдонулат.

Жарыя өзүнө кош максатта колдонуучу товарлар жана технологиялардын тизмесин[14], ок-дарылар тизмесин[15] жана куралдын экспортуна лицензияга чечим кабыл алуу тууралу алдыңкы тажрыйбалар жөнүндө документтерди, туруксуздукту жараткан кадимки куралдардын таркап кетишине жол берген жөнөтүүлөрдү токтоткон Жетекчи принциптерди кошо камтыйт.

ВМдин алкагында ВМдин стандарттарын кеңири кабыл алдырууга жана экспорттук контролдун эффективдүү улуттук системасын алдыга жылдырууга багытталган маалыматтык-пропогандалык программа иштейт жана пленардык отурумдан кийин жыл сайын өткөрүлүүчү брифингди, ага кошо, күчөтүлгөн техникалык брифинг, ошондой эле маалыматтык семинар, жумушчу кеңешмелер жана кызыкдар тараптар үчүн башка иш-чаралар[16] өткөрүлөт.

12 Толук текст https://www.wassenaar.org/public-documents/public-statement-by-the-wassenaar-arrangement-on-the-arms-trade-treaty-att/ сайтын кара.

13 Кошумча маалымат Курал менен соода кылуу келишиминин веб-сайтында, https://thearmstradetreaty.org

14 Толук текст https://www.wassenaar.org/control-lists сайтында.

15 Алдыщкы тажырыйба боюнча толук текст https://www.wassenaar.org/best-practices сайтын кара.

16 Кошумча маалымат ВМ дин , https://www.wassenaar.org/outreach веб-сайтында.

1.1.5. Цангердин Комитети жана Ядролук куралды таркатпоо жөнүндө келишим

Цангердин Комитети (мындан нары ЦК аталат), ошондой «ЯКТК экспорттоочулар Комитети» катары белгилүү, 1970 - жылы 5 - мартта ЯКТК күчүнө киргенден кийин түзүлгөн. Анын максаты- «ЯКТК нын тараптарына ядролук экспорттун контролдоо саясатын түшүндүрүүнү шайкештөө үчүн, [ЯКТК] III-беренесинин 2-пунктунун ишенимдүү түшүндүрүүчусу болуп кызмат өтөө»[17].

ЦК III-берененин 2-пунктун түшүндүрүп жана ишке ашыруу менен Келишимдин катышуучуларына экспорттолгон ядролук предметтердин колдонуучу багытын тынчтык максаттан курал жасоо багытына өзгөртүүгө жана башка жардыруучу түзүмдү жасоого жол бербей, ошону менен ЯКТКнын максаттарына жетишүүгө көмөк бүрүү жана бардык өлкөлөрдүн коопсуздугун бекемдөө.

Учурда ЦК курамына 39 мүчө-мамлекеттер, ошондой эле ЕБге туруктуу байкоочу катары кирет. ЦКнын иштешине мыйзамдуу жана укуктуу негиз болуп ЯКТК эсептелет.

ЦК **триггерлердин Тизмесин** түзгөн, ал өзү, атайын алдын ала дайындалган, же даярдалган ЯКТКнын III-беренесинин 2-пунктуна жаткан жабдыктардын көрүнөк мисалдары менен келтирилген предметтердин, материалдардын тизмеси.

КЦнын ишмердиги тизмеде саналган предметтерди иштеп чыкканга, өндүргөнгө жана колдонгонго багытталган материалдарга, жабдыктарга же **кош максатта колдонуучу** технологияларга (программалык камсыздандырууну кошо) тарабайт.

1.2. Эл аралык келишимдер, резолюциялар жана БУУнун келишимдери

1.2.1. Бириккен Улуттар Уюмунун Коосуздук Кеңешинин № 1540 Резолюциясы

Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин 1540 - Корутундусу[18] БУУ нун бардык мүчөлөрүнө МКК нын жана аларды ташып жеткирүүчү каражаттарынын тарап кетишине каршы чара көрүү эл аралык милдетин артат. БУУнун Коопсуздук Кеңешинин № 1540 Корутундусу юридикалык жактан милдеттендирүүчү документ болуп саналат. Анын максаты мамлекеттик эмес субъектердин колуна МКК тийип калуусуна жана алардын колдонуусуна жол бербөө болуп эсептелет жана ал мамлекеттер соода кылууну стратегиялык контроль жасоо үчүн мыйзам ченемдерди иштеп чыгууда жалпы укуктук негиз катары кеңири колдонулат.

Контролдук тизмелер, жогоруда айтылган көп тараптуу режимдерде макулдашылган, эл аралык укуктун бейрасмий бөлүгү болуп калды жана БУУ КК 1540 - Корутундусунун преамбуласында эске салынган («Бул контексте **таркатпоого** көмөктөгөн көп тараптуу макулдашуулар менен ишке ашырылып жаткан аракеттер кубатталат ») жана Преамбулада эскертилет, анда тиешелүү материалдарга мындай аныктамалар берилет: «тиешелүү көп тараптуу келишимдерге жана макулдашуулар камтыган же улуттук контролдук тизмеге кошулган, ядролук, химиялык, жана биологиялык куралды жана аларды **ташып жеткирген каражаттарды** долбоорлогонго, иштеп чыкканга, өндүрүүгө же колдонгогонго жумшалган материалдар, жабдуулар жана технологиялар».

Преамбула юридикалык милдетүү күчкө ээ эмес болгонуна карабай, ушул шилтемелердин кошулушу экспорттук контролдун режимдеринин маанилүү экенин күбөсү болуп саналат.

1.2.2. Думчуктуруучу уу жана башка газдарды жана бактериологиялык каражаттарды согуш убагында колдонууга тыюу салган 1925 - жылдын 17- июнундагы Женева протоколу

Женева протоколу Женевада Улуттар Лигасынын эгидасынын астында 1925 - жылы 4 - майдан 17 - июнга чейин өткөн конференцияда иштелип чыгып жана кол коюлган жана 1928 - жылдын 8 - февралында күчүнө кирген.

1925 - жылкы Женева протоколу химиялык жана биологиялык куралды согушта колдонууга тыюу салат, «думчуктурган, уу же башка газдар жана биологиялык ыкмалар менен согуш аракеттерин жүргүзүүгө» тыюу салат.

Протоколдо, химиялык жана биологиялык куралды контролдоону бириктирүүнүн мааниси мо-

17 Кошумча маалымат ЦК нын веб-сайтында жетиштъъ, http://zanggercommittee.org

18 БУУ КК №1540 - Корутундусунун тексти http://www.un.org/ga/search/view_doc.asp?symbol=S/RES/1540%20(2004) сайтында.

юнга алынган. Ал мындай куралдын колдонулушуна тыюу салат. Ошол эле убакта, кээ бир өлкөлөр Женева протоколунун жактоочусу болуп туруп, төмөндөгү маанидеги тактоо киргизишкен, «колдонбоо боюнча милдеттенме башка өлкөлөргө колдонулат, эгер тыюу салынган курал аларга карату колдонулса, анда бул милдетенме колдонулбай калат» деген өздөрүнүн аныктамаларын беришкен.

Учурда көпчүлүгү, протоколдун негизги элементтерин кадимки эл аралык укуктун бөлүгү деп эсептешет.

1.2.3. Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, көбөйтүп сактоого (жыйноого) жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө Конвенция (ХКК)

Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, көбөйтүп сактоого (жыйноого) жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө Конвенция, ХКК деген ат менен белгилүү Кенвенция, **массалык кыргын салуучу куралдын** бүтүн бир категориясын, белгиленген убакыт аралыгында толук жок кылууну максат кылган биринчи юридикалык жактан милдеттендирүүчү көп тараптуу келишим болуп саналат.

Конвенция 1995 - жылы кол коюу үчүн ачылган жана 1997 - жылы күчүнө кирген. Конвенция химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, сатып алууга, көбөйтүүгө, сактоого, өткөрүп берүүгө же химиялык куралды колдонууга (бул максатта химиялык куралдын агылып кетишине) катышуучу мамлекеттерге тыюу салат.

Ушул күндө 193 мамлекет ХКК боюнча өздөрүнүн милдеттенмелерин тастыкташты; төрт эле мамлекет али кошула элек.

ХКК химиялык куралдын программасына багыталышы мүмкүн болгон, химиялык заттардын өткөрүлүп берилишине тиешелүү, бир катар жоболорду камтыйт.

Мындан тышкары, Жобонун ишке ашыруу жана текшерүү боюнча VI, VII жана VIII бөлүктөрү Конвенциянын Тизмесинде саналган химиялык заттар менен соода кылууга так чектөөлөрдү коёт.

ХККнын химиялык заттары боюнча Жобосундагы 1,2,3 Тизмесинде кээ бир уу химиялык заттар менен алардын прекурсорлору саналып берилген.

Эгерде 1-тизмедеги химикаттардын колдонулушуна тыюу салынса , анда 2 - тизме менен 3-Тизмедеги химикаттар контролго жана текшерүүгө жатат. Анын ичинде ХКК нын тизмелери 1993 - жылы алардын кабыл алынышынан бери өзгөрүлгөн эмес.

Келишимдин тараптары болгон мамлекеттер өздөрүнүн юрисдикциясынын чектеринде бул тыюу салууну адамдардын (физикалык жана юридикалык тараптардын) аткарышын камсыз кылган кажеттүү кадамдарга барышы керек.

ХККнын алкагында «Суроо талап боюнча Инспекция» эл аралык укукта чыны менен кадимкиден сырткары кубулуш болуп эсептелет. Бул, ар бир катышуучу өлкө, башка өлкөлөр тарабынан келишимдин шарттарын сакталышынан күмөн санаса, анда ал Генералдык директордон инспекциялык топту жиберүүсүн сурай алат дегенди билдирет.

Генералдык директор инспекциялык топту жиберет. «Суроо талап боюнча Инспекциянын» процедурасына ылайык ХКК катышуучу өлкөсү, «каалаган убакта каалаган жерде» жок дебей инспекцияны жүргүзүү боюнча принципти сактоо жана кармануу боюнча милдеттенмелерин алат.

Химиялык куралга тыюу салуу боюнча уюм (ХКТСУ) «Химиялык курал боюнча Конвенциянын жоболорун аткаруу, химия тынчтык, өнүгүүгө жана гүлдөп өсүү максатта колдонгон, химиялык куралдан жана анын колдонуу корку нучунан бошотулган дүйнөнү биздин көз караш менен көрүүгө жетишиш үчүн[19]» түзүлгөн.

ХКТСУ жана анын катышуучу өлкөлөрү мүчө болбогон өлкөлөр менен Конвенциянын баалуулугун көрсөтүү максатында жана тынчтыкка жетишүү, эл- аралык, регионалдык дэңгээлде коопсуздукту камсыз кылуу үчүн өз ара иштерин жүргүзүүнү улантышууда. Мындай аракеттер Химиялык куралга тыюу салуу жөнүндө Конвенциянын универсалдуулугу боюнча 2003 - жылдын План аракеттерине ылайык аткарылууда.

19 https://www.opcw.org/about-us/mission

1.2.4. Биологиялык жана токсиндик курал жөнүндө Конвенция (БТКК)

Бактериялогиялык (биологиялык) жана токсиндик куралын иштеп чыкканга, өндүргөнгө жана сактап жыйнаганга тыюу салуу жана жок кылуу жөнүндө Конвенция Биологиялдык курал жөнүндө Конвенция (БКК) же Биологиялык жана токсиндик курал жөнүндө Конвенция (БТКК) деген ат менен кеңири белгилүү жана биологиялык куралды мыйзамдан тышка чыгарган, бүтүндөй бир категорядагы куралдарга тыюу салган юридикалык жактан милдеттендирген көп тараптуу келишим.

БУКК кол коюулар үчүн 1972 - **жылы** ачылган жана 1975 - **жылы** күчүнө кирген. Учурда ага 182 мамлекет кошулган, Палестинаны жана кол койгон беш өлкөнү (Египет, Гаити, Сомали, Сирия, Танзания) кошкондо. Он өлкө (Чад, Комордун Аралдары, Джибути, Эритрея, Израиль, Кирибати, Микронезия, Намибия, Түштүк Судан жана Тувалу) БУККга кол коё элек жана аны ратификация жасай элек.

БУКК иштеп чыкканга, өндүргөнө, сатып алууга, өткөрүп берүүгө, сактоого, жыйноого жана колдонууга тыюу салат:

- ***« профилактикалык жана коргонуу же башка тынчтык максаттарга колдонуу үчүн негиздемеси жок мындай типтеги жана мындай көлөмдөгү » биологиялык агенттер жана уулар,***
- ***«душмандык максатта же куралдуу жаңжалдарда колдонуу үчүн арналган» куралдар, жабдыктар жана жеткирүүчү каражаттар .***

Конвенция ошондой эле катышкан мамлекеттерден Конвенция күчүнө киргенден кийин тогуз айдын ичинде жогоруда саналган «***биологиялык агенттерди, ууларды, куралдарды, жабдуулар жанан жеткирүүчү каражаттарды*» жок кылышын же тынчтык максатта колдонууга багытташын талап кылат.**

Ушуга ылайык, көпчүлүк катышуучу мамлекеттер өздөрүнүн улуттук мыйзам-ченемдерин жана укуктук-ченемдик актыларын Конвенциядагы орнотулган тыюу салууларды ишке ашыруу үчүн кабыл алышты. БТКК биологиялык жана токсиндик куралдарды колдонууга тыюу салбайт, бирок мындай куралды колдонууга тыюу салган 1925 - жылкы Женева протоколун бекемдеп колдойт. Ошондой эле ал биологиялык коргонуу программасына дагы тыюу салбайт.

Химиялык куралга тыюу салган Конвенциядан айрымаланып, БТККда эрежени карманууну мониторинг жасаган текшерүү механизми да жок, ал эми мындай механизмди жаратуу боюнча сүйлөшүүлөр туюкка кирип токтоп калды. Келишимдин режими катышуучу мамлекеттерди эрежени карманууу маселелерин бири-бири менен кеңешип чечүүгө милдеттендирет, ошондой эле катышуучу мамлекеттерге даттанууларды карап изилдей ала турган БУУнун ККне арыз берүүгө мүмкүнчүлүк берет, бирок мындай мүмкүнчүлүк эч качан колдонулган эмес.

Акыркы убактарда, өзгөчө өтө карамүртөздук менен ойлонулган/татаал террордук коркунучтар жанан аракеттер пайда болгондон кийин, БТККга кеңири катышууга жана аны бүткүл дүйнөлүк дэңгээлде ишке ашыруу үчүн жаңы кызыгуулар жаралды. Катышуучу мамлекеттер улуттук дэңгээлде Конвенцияны эффективдүү ишке ашырууга жардам берүүгө макул болушту анын ичине билим берүү сферасын маалыматтык-пропогандалык жана кабардар болуунун дэңгээлин көтөрүү маселелеринин сферасына интеграциялоо дагы кошулат. ХККдан айрымаланып БТКК үчүн куралсыздандыруу маселелери боюнча жана маалыматтык-пропагандалык ишмердик менен алек болууга БУУ нун Женева бөлүмүнүн алкагында чакан эле колдоочу топ түзүлгөн. Бирок, тажрыйбада агартуучулук, маалыматтык-пропогандалык ишмердик жана кабардардуулукту жогорулатуу боюнча иш-чаралар катышуучу мамлекеттердин илимий, адискеч жана академиялык ассоциацияларында, органдарда жана мекемелерде өткөрүлүүдө.

1.2.5. Ядролук куралды таркатпоо жөнүндө Келишим (ЯКТК) өзгөртүүлөрү менен

Ядролук куралды таракатпоо жөнүндө Келишим (ЯКТК) кол коюулар үчүн 1968 - жылы ачылып жана 1970 - жылы күчүнө кирген. Анын максаты ядролук куралды жана куралдык технологиялардын таркап кетишине жол бербөө, ядролук энергияны тынчтык максатта колдонуу боюнча кызматташтыкка көмөк көрсөтүү жана ядролук куралсыздандыруунун, ошондой эле жалпы жана толук куралсыздандыруунун максаттарына колдоо көрсөтүү. Бул келишимге жалпысынан 191 мамлекет кошулган, алардын ичине ядролук куралы барлар дагы кирет. ЯКТК кепилдик система-

ны БУУ атайын мекемеси болгон, келишимдин шарттарынын аткарылышын жана текшерүү жүргүзгөнгө укуктуу Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиктин (АЭЭА) жоопкерчилиги астында орноткон.

ЯКТКнын аракеттеринин таркашын караган 2000-жылкы конференция, ядролук сфера менен байланышкан кош максатта колдонулуучу предметтердин бардык өткөрүлүп берүүлөрү толугу менен ЯКТКга туура келиши кажет экенин тастыктады, ошондой эле бардык конвенцияга кошулган өлкөлөрдү ядролук сфера менен байланыш кош максатта колдонуучу предметтердин экспортун Конвенцияга кошулбаган өлкөлөргө бир дагы ядролук куралды жасоо боюнча программага жардам болуп калбагыдай кылып жасоого чакырды.

ЯКТКнын аракеттеринин таркашын караган 2010-жылкы конференция (36 Аракет) катышуучу өлкөлөрдү өздөрүнүн экспорттук контроль боюнча улуттук чараларын иштеп чыгууда көп тараптуу негизде макулдашылган жетектөөчү принциптерди жана келишимдерди[20] колдонууга чакырды.

АЭЭА секретариаты көпчүлүк катышуучу өлкөлөрдун жана ЕБ нын активдүү колдоосу астында Кошумча протоколдун атынан маалыматтык-пропогандалык жана жардамчы иш-чараларды жүргүзүүдө, анын ичинде Кошумча протоколго кол койгон өлкөлөр үчүн кепилдиктер боюнча семинарларды өткөрүп жана ратификация менен анан күчүнө киришин күтүп атышат, ошондой эле кепилдиктер боюнча макулдашуулары жок өлкөлүр үчүн семинарларды өткөрөт.

1.2.6. Баллистикалык ракеталардын таркап кетишине жол бербөө боюнча Гаагалык журум-турум кодекси[21]

Баллистикалык ракеталардын таркап кетишине жол бербөө боюнча Гаагалык журум-турум кодекси (ГЖК) Ракеталык технологияларды контролдоо режимине (мындан нары РТКР) толуктоочу кызматын аткарат. ГЖКга кол койгон 139 өлкөлөр катышуучу болуп саналышат, ал 2002-жылы РТКРнын негизинде жаралган жана айкындыкты камсыз кылуу боюнча, баллистикалык ракеталардын таралышы боюнча ишенимди бекемдөөчү жалгыз эле көп тараптуу инструмент болуп калды

ГЖК - бул көп тараптуу кодекс, бул боюнча сүйлөшүүлөр БУУ системасынын контекстинен сырткары жүргөн, ошол эле учурда БУУ системасы менен ГЖКнын БУУнун Генералдык Ассамблеясынын Нью-Йоркто 59-чу, 60-чы, 63-чу, 65-чи, 67-чи, 69-чу и 71-чи жылкы кабыл алынган Корутундуларынын **жардамы аркылуу байланыш.**

1.3. Көп тараптуу эмбарго

Евро Биримдигинин (ЕБ) ар дайым жаңыланып туруучу картасында көрсөтүлгөндөй (https://www.sanctionsmap.eu/#/main) 2016 - жылы 42 эмбарго аракетте болгон. Эмбаргого тиешелүү маалыматтарды изилдеп туруу маанилүү, себеби эмбарго кантип колдонуп атышына карап, ал ар өлкөдө ар башка болуп айрымаланышы мүмкүн, мисалы, кээ бир ЕБге киргизген эмбарголор, түздөн түз БУУнун чечимин аткарышат, ошол эле учурда башкалары географиялык камтышын же киргизилип аткан куралдардын типтерин камтышын өзгөртүшөт. Өлкөлөр БУУнун эмбарголоруна окшобогон өздөрүнүн эмбарголорун киргизиши дагы мүмкүн.

1.4. Эл аралык демилгелер

1.4.1. Таркатууга тыюу салуу боюнча демилгелер (ТТД)

Таркатууга тыюу салуу боюнча демилгелер (ТТД)[22] - бул 2003 - жылы ошондогу АКШ нын президенти Джорд Буш - кичүү көтөрүп чыккан, МКК менен мыйзамсыз соода кылуу, мыйзамсыз айлануусу жана өтүп кетүүсүнө, МКК ды ташып жеткирүүчү системалардын жана ага тиешелүү ма-

20 Кошумча маалыматтарды алуу үчүн 17 of 17 пункттун кара https://www.iaea.org/sites/default/files/infcirc539r6.pdf.

21 Кошумча маалыматтарды алуу үчүн 17 of ГЖК веб-сайтын кара , http://www.hcoc.at.

22 Кошумча маалымат алыш үчүн ТТД-нын веб-сайтын кара www.psi-online.info

териалдарды кооптонууну жараткан өлкөлөргө таркатпоо боюнча, ошондой эле ошол өлкөлөрдөн шектүү мамлекеттик эмес субъектерге жана ошондой субъектер тарабынан мыйзамсыз таркатусуна каршы ыктыярдуу дүйнөлүк демилге.

ТТДга учурда БУУ КК 1540 - Корутундусуна ылайык, МКК жана аны жеткирүүчү системалар жана аны менен байланыш материалдар террорчулардын колуна тийип калышы мүмкүн деген терең тынчсызданууну бөлүшкөн 105 катышуучу өлкө кирет[23].

Критикалык мүмкүнчүлүкөтүрүн жана ТТД нын тажырыйбаларын ачыкка чыгаруу, өнүктүрүү жана алдыга жылдыруу боюнча маалыматтык-пропогандалык иш-чараларды кеңири коомчулуктун арасында жолугушууларды, машыгуулар, билим тараткан семинарлар аркылуу өткөрөт жана 2018-жылы Германияда, Азиа-Тынч Океан аймагында жана Борбордук Европада өткөрүлгөн иш-чаралардай.

Жогорку дэңгээлдеги 2013 - жылы өткөргөн саясий жолугушууда маанилүү төрт критикалык мүмкүнчүлүктөр менен тажрыйбалар аныкталган:

(i) таркап кетишине тыюу салуу; (ii) МКК менен байланышкан мыйзамсыз жүктөрдү издөө жана индентификациялоо; (iii) аларды тартып алуу жана керектен чыгаруу (утилизация); (iv) ыкчам тартып алуу болгон учурда ыкчам чечим кабыл алуу.

1.4.2. Контейнерлердин коопсуздугу жөнүндө демилге (ККД)

Контейнерлердин коопсуздугу жөнүндө демилге (мындан нары ККД[24]) 2002 -жылдын январында АКШ нын бажы жана чек ара текшерүү кызматы тарабынан жарыяланган. Учурда ал Түндүк Американын, Европанын, Азиянын, Африкада, Жакынкы Чыгышта, ошондой эле Латын жана Борбордук Американын портторунда тажрыйбаланат.

Ал төрт негизги элементтерден турат:

- Алдын ала жана стратегиялык ыкчам маалыматты колдонуу автоматтык түрдө террордук тобокелчилик жараткан контейнерлерге багыт алууга жана аларды идентификациялоого жол ачат.
- Алдын ала сканерлөө жана контейнердин ичине баа берүү, эгерде ал тобокелчилик жаратса, жөнөтүүлөрдүн кезегинде мүмкүн болушунча эртерээк, эреже катары аларды багытталган портко жөнөткөнгө чейин.
- Жогорку тобокелдик жараткан контейнерди тез арада соода агымын жайлатпай алдын ала скрининг жасаш үчүн чоң габариттүү рентгендик жана гамма-аппараттарды жана нурдануу айкындаган жабдыкты колдонуу.

23 Басылмалар үчүн 2018 жылдын 11 майдагы Жарыясы , https://www.psi-online.info/psi-info-en/aktuelles/-/2075616

24 Кошумча маалымат алыш үчүн ККД-нын веб-сайтына кир , https://www.cbp.gov/border-security/ports-entry/cargo-security/csi/csi-brief

II.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ СИСТЕМАСЫ

2.1. Кыргыз Республикасындагы экспорттук контролдун улуттук ситемасы

Азыркы учурда Кыргыз Республикасында экспорттук контролдун укуктук системасы түзүлдү. Ченемдик - укуктук базасы иштелип чыгып ишке киргизилип жана үзгүлтүксүз жакшы ийге келтирилүүдө.

Экспорттук контролдун улуттук системасынын негизин, массалык кыйратуучу куралды таркатпоо жаатындагы эл аралык келишимдер жана Кыргыз Республикасынын тышкы соода ишмердиги жана экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдары түзөт.

Негизги ченемдик акт- бул Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контролдоо жөнүндө» - деген мыйзам болот. Бул, эл аралык укуктун жана принциптердин негизинде жаратылып, экспорттук контролду жөндөөгө багытталган Мыйзам, 2003 - жылы кабыл алынган.

Берилген Мыйзам Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын жана экспорттук контролду ишке ашыруудагы тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларынын мамилелерин жөндөйт, ошондой эле алардын укуктарын, милдеттерин жана бул жааттагы жоопкерчиликтерин аныктайт.

Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана экспорттук контроль боюнча мамлекеттик органдардын ыйгарымдуу мүмкүнчүлүктөрү, негизги максаттары, ыкмалары жана экспорттук контролдун механизмдери чагылдырылган, андан тышкары, Кыргыз Республикасынын Улуттук Контролдоо Тизмесине киргизилген контролдонгон продукция менен жасалган тышкы экономикалык кыймылдарга болгон негизги талаптар орнотулган. Ошондой эле экспорттук контроль жаатындагы эл - аралык кызматташтыктын максаттары жана формалары жана экспорттук контроль жаатындагы бузуулар боюнча жоопкерчиликтер чагылдырылган.

Көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасындагы экспорттук контрол, өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыган, тышкы экономикалык ишмердикти укуктук жөндөө аркылуу ишке ашырылат:

- тышкы экономикалык кыймылдардын объекти болгон конкреттүү чийки заттардын жана материалдардын жана технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын, жумуштардын жана кызматтардын, кош максаттагы продукциянын жана акыл эмгектин натыйжаларын, Кыргыз Республикасынын Улуттук Контролдук Тизмесине киргизилген продукциялардын түрлөрүнө дал келишин тактап орнотуу;
- контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык кыймылды ишке ашырууга уруксат берүү тартиби;
- Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык контролдонгон продукцияны экспорттоодо, импорттоодо жана транзит жасоодогу бажылык контроль жана бажылык иш кагаздарын формалап түзүү;
- контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык кыймылды ишке ашыруунун үстүнөн валюталык контроль, анын ичинде ыйгарым укуктуу банктар аркылу валюталык кирешенин өз убагында жана толук түшүшү дагы;
- орнотулган Мыйзамдар менен, жана Кыргыз Республикасынын башка Мыйзамдары жана ченемдик укуктук актылары менен орнотулган, контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык ишмердиктин тартибин бузган же ушундай кыймылдарды ишке ашырууга аракет жасаган тараптарга, мажбур кылуунун (санкциянын) мамлекеттик чараларын колдонуу;
- Кыргыз Республикасынын коргонуу жөндөмүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча илимий жана өндүрүштүк ишмердик жасаган мекемелерде, уюмдарда экспорттук контролдун ички фирмалык программасын жаратуу.

Көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык, контролдонгон продукция менен бардык тышкы экономикалык кыймылдарды жасоо, экспорттук контроль боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү уруксатын алгандан кийин кана ишке ашырылышы мүмкүн.

Экспорттук контролдун объекттерине - массалык кыйратуучу куралды, аны жеткирүүчү каражаттарды, башка куралдардык жана аскерий техниканын түрлөрүн жаратууга колдонулуучу чийки заттардын жана материалдардын, жабдыктардын жана технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын, жумуштардын жана кызматтардын, кош максаттагы продукциялардын жана акыл ишмердиктин натыйжаларынын түрлөрү кирет.

«Экспорттук контроль жөнүндө» - деген Мыйзамды ишке ашыру жана экспорттук контролдун кажеттүү ченемдик укуктук негизин жаратуу максатында, КРнүн 2004 - жылкы 4 - майдагы №330 токтому менен "Аскерий - техникалык жана экспорттук контроль боюнча Комиссия жөнүндө Жобо" жана "Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу экспорттук контролго жаткан продукцияны транзит жасоого уруксат берүү Тартиби" бекитилген. Берилген Тартипте, контролдоочу органдардын биргелешкен кыймылдарынын механизимдери, транзиттик жүктү текшерүүнү уюштуруунун процедуралары, жана транзитке уруксат берүү алдын ала каралган.

Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 - жылкы 27 - октябрдагы №257 токтому менен «Контролдонгон продукциянын үстүнөн экспорттук контролду ишке ашыруу тартиби жөнүндө» Жобо» бектитилген.

Бул ченемдик акт менен, ар кандай мамлекетик органдардын жана кызматтардын экспорттук контролду ишке ашыруунун жалпы тартиби жана, алар кабыл алган чечимдердин каралыш процедуралары жана макулдашуулары, контролдонгон продукциянын акыркы колдонуучусун текшеруулөр жана контролдоо механизмдери аныкталган.

Ошондой эле, экспорттук контроль жаатындагы ыйгарым укукту ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган жана башка мамлекттик органдар жана уюмдар аныкталган.

Андан тышкары, Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукциясынын Улуттук контролдоочу тизмеси иштелип чыгып кабыл алынган (КРнүн 02.04.14 №197 токтому менен). Бул тизме таратпоо жаатындагы эл аралык эрежелер менен айкалыштырылган.

Көрсөтүлгөн тизме, массалык кыйратуучу куралды жаратууда аларды колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ылайык, 6 тиркемеге бөлүнгөн.

1. Экспорттук контролдоого жаткан адамдарда, айбанаттарда жана өсүмдүктөрдө ооруларды козгоочулардын (патогендердин), генетикалык өзгөртүлгөн микроорганизмдердин, токсиндердин, жабдуулардын жана технологиялардын тизмеси.

2. Химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон экспорттук контролдоого жаткан химикаттардын, жабдыктардын жана технологиялардын тизмеси.

3. Экспорттук контролдоого жаткан ядролук материалдардын, жабдуулардын, атайын ядролук эмес материалдардын жана тиешелүү технологиялардын тизмеси.

4. Экспорттук контролдоого жаткан кош максатта колдонулуучу жабдуулардын жана материалдардын жана ядролук максатта колдонулуучу тиешелүү технологиялардын тизмеси.

5. Ракеталык куралды жаратууда колдонулуучу экспорттук контролдоого жаткан жабдуулардын, материалдардын жана технологиялардын тизмеси.

6. Куралдарды жана аскерий техникаларды жаратууда, кош максатта колдонулуучу экспорттук контролдоого жаткан товарлар жана технологиялардын тизмеси.

Контролдонгон продукциялар саналган тизмени көрүүгө жетүү ачык

Контролдонгон продукциялардын Улуттук контролдоо тизмеси аны бекиткенден кийин, мыйзамдарга ылайык жарыяланган, жана азыркы учурда ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын (Экономика Министрлиги) расмий сайтынын ачык жерине жайгаштырылган жана дүйнөлүк компьютердик түйүндө Интернетте дагы.

2.2. Кыргыз Республикасындагы экспорттук контролдун Улуттук системасына киргизилген контролдонуучу продукцияны лицензиялоо

Лицензиялоо тартибин киргизүү Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасында лицензиялоо-уруксат берүү системасы жөнүндө» - деген 2013 -жылдын 19 - октябрдагы №195 Мыйзамы менен орнотулган.

Бул Мыйзамга ылайык, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү Улуттук контролдук Тизмеге киргизилген контролдонгон продукцияны импорттоо, экспорттоо,товарларды реэкспрттоо лицензиялоого жатат.

Андан тышкары дагы, контролдонгон продукцияны экспортоо, импорттоо жана реэкспорттоо боюнча алдын ала каралган тышкы экономкалык операцияларды лицензиялоо, Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндөгү» Мыйзамы менен орнотулган.

Улуттук контролдук Тизмеге киргизилген продукцияны экспорттоодо, импорттоодо жана реэкспорттоодо контролду ишке ашырууда лицензияны толтуруп жана аны берүүнүн жалпы тартиби, бирдиктүү шарттары жана талаптары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 - жылкы 27 - октябрдагы №257 «Кыргыз Республикасында экспорттолгон продукцияны экспорттук контроль жасоону ишке ашыруу тартиби жөнүндөгү Жобо» - деген токтому менен бекитилген.

Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу экспорттук контролго жаткан продукцияны транзит жасоого уруксат берүү тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2004 - жылкы 4 - майдагы №330 токтому менен бекитилген.

Көрсөтүлгөн документтерге ылайык Экономика Министрлиги, контролдонгон продукцияга экспортко, импортко жана реэкспортко лицензия жана аны Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит жасоого уруксат берүү боюнча, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп дайындалган.

Контролдонгон продукциянын экспортунун, импортунун жана реэкспортунун бажылык иш кагаздарын формалоодо, Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлиги берген лицензиянын негизинде жүргүзүлөт.

Лицензия берүү үчүн кажеттүү документтер

Лицензияны толтуруп формалап берүү үчүн арыз ээси Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлигине төмөндөгү документтерди берет:

- товарлар (жумуштар, кызматтар) менен экспорттук - импорттук кыймыл жасоо боюнча келишимдин түп нускасы, анын келишимге киргизилген өзгөрүүлөр жана\же толуктоолор боюнча тиркемеси менен, алардын көчүрмөлөрү жана котормолору, арыз берүүчүнүн күбөлөндүрүлгөн колу (юридикалык тараптын жетекчисинин) жана мөөрү менен бекитилген;

- бекитилген тиешелүү тартипте күбөлөндүрүлгөн сатуу - сатып алуу боюнча келишимдин көчүрмөсү, эгерде тышкы соода бүтүмүнүн катышуучусу товардын (жумуштун, кызматтын) өндүрүүчүсү болбосо;

- Кыргыз Республикасынын Адилет Министрлигинин органдарында (юридикалык тараптар үчүн), мамлекеттик статистика органдарында (жеке тараптар үчүн), тиешелүү мамлекетте (Кыргыз Республикасында юридикалык тарап катары катталбаган чет өлкөлүк жеке жана юридикалык тараптар же жеке ишкерлер үчүн) мамлекеттик каттоодон өткөндүгүн далилдеген документтин көчүрмөсү;

- арыз берүүчүнүн мамлекеттик каттоодон өткөн жерде салык органдарда катталганын тактаган документ (ИННнын көчөрмөсү же салык органдарын ИННны көрсөткөн справкасы);

- товардын келип чыгышы боюнча СТ-1 формасындагы сертификат жана анын көчүрмөсү (контролдонгон продукциянын экспорт жана импортунда), же товардын келип чыгышын тактаган документ, жана анын көчүрмөсү (контролдонгон продукцияны импорттогондо);

- лицензиялык жыйымдын төлөнүшүн тактаган документ;


- лицензияланган ишмердиктин аныкталган түрлөрүн ишке ашырууга берилген лицензиянын

көчүрмөсү, эгерде ал Кыргыз Республикасынын мыйзам-ченемдери менен алдын ала каралса ;

- акыркы кабыл алуучунун, дайындалган өлкөнүн экспорттук контроль боюнча ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген жана Кыргыз Республикасынан импорттолгон контролдонуучу продукцияны бир гана арызда айтылган максатта колдонуу милдеттенмесин, ошондой эле аны үчүнчү мамлекетке өндүргөн мамлекеттин ыйгарым укуктуу органынын уруксаты жок реэкспорттоого жол бербөө милдеттенмесин камтыган сертификатынын түп нускасы (контролдонгон продукциянын экспорт жана реэкспортунда) ;

- контролдогон продукциянын техникалык мүнөздөмөлөрү жөнүндөгү толук маалыматты камтыган документ.

Лицензиялоонун процедурасы төмөнкү сүрөттө көрсөтүлгөн.



Тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларынын контролдонгон продукцияны ташып чыгууга жана ташып кирүүгө лицензия берүү арызы орнотулган формада түзүлөт.

Лицензияны берүүгө, мамлекеттик эксперт - органдарынын, берилген товарды экспорттоо жана импорттоо мүмкүнчүлүгү жана максатка ылайыктуулугу Кыргыз Республикасынын улуттук кызыкчылыгына, улуттук жана экологиялык коопсуздугуна жооп бере тургандыгы тууралуу корутундусу негиз болот.

Берилген документтерди экспертизадан өткөрүү, продукцияны идентификалиялоо жана экспорттоо/импорттоо боюнча лицензия берүү мүмкүн экендиги тууралуу корутундуну даярдоо функциялары министрликтин Соода саясаты боюнча башкармачылыгынын тарифтик,тарифтик эмес жөнгө салуу жана экспорттук контроль боюнча бөлүмүнө жүктөлөт.

Берилген документтерди экспертизадан өткөрүүдө бөлүмдүн кызматчылары текшерет:

- мыйзам ченемдерге ылайык керектүү документтердин бардыгын;
- лицензия алуу үчүн арызда берилген маалыматтардын, берилген документтер менен туура келишин;
- берилген документтердин ишеничтүүлүгү;
- арызда берилген товардын келип чыгышы;
- чыгарылып жаткан товарга ээлик кылуу укугун тактоо;
- мыйзам ченемдерге ылайык, арызда берилген товар менен ишмердик жасоо үчүн Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан берилүүчү бардык уруксат берүүчү документтердин бар экендигин.

Документтерди экспертизадан өткөрүүнүн жыйынтыгынын негизинде, бөлүмдүн кызматчылары тарабынан экспорттук/импорттук лицензияны берүү же бербөө тууралуу эксперттик корутунду

даярдалат.

Лицензия берүү жана арызды кароо мөөнөтү, аны алууга берилген документтерди каттоодон өткөргөндөн кийин 30 жумуш күн.

Мамлекеттик эксперт - органдар корутундуну арыз түшкөн күндөн кийин 10 күндөн ашпай берет.

Лицензия бир календардык жылдан ашпаган мөөнөткө берилет.

Арыз берүүчүнүн кат жүзүндөгү кайрылуусу боюнча лицензиянын аракеттеги мөөнөтү, арыздын ээсинин тышкы экономикалык бүтүм боюнча өзүнүн милдеттенмелерин аткарууга кажеттүү мөөнөткө узартылышы мүмкүн, бирок бир календардык жылдан ашпай турган мөөнөткө.

Лицензиянын аракеттеги мөөнөтү бир эле жолу узартылат.

Лиценцзияны узартуу процедурасы анын аракеттеги убагында ишке ашырылат.

Тышкы экономикалык контракттын (келишимдин) негизги шарттары өзгөргөн учурда берилген лицензияны кайра жаңы жасоого жатат.

Жаңы лицензия берүүнү жана узартууну Экономика министрлиги арыз берилген күндөн баштап 15 жумушчу күндүн ичинде ишке ашырат.

Контролдонгон продукциянын транзитине уруксатты берүү Кыргыз Республикасынын Транспрт жана коммуникация министрлиги менен макулдашылат.

Арыз берүүчү, транзитти ишке ашыруу учурунда мүмкүн болуучу авария келтире турган зыяндын ордун, Кыргыз Республикасынын ченемдик - укуктук актылырына ылайык, толуктоо боюнча камсыздандыруу же башка финансылык кепилдиктерди берүүгө милдеттүү.

Тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучулары, контролдонуучу же Кыргыз Республикасынын мыйзам-ченемдери менен ага тиешелүү делген коркунучтуу жүк категориясындагы продукциянын транзитине уруксат алгандан кийин, берилген контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын коркунучтуу жүктөрдү коопсуз ташуу боюнча орноткон талаптарына ылайык ишке ашырат.

2.3. Кыргыз Республикасынын Экспорттук контролдоо системасындагы ыйгарым укуктуу органдар

Экспорттук контролдун Улуттук системасы, улуттук жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылууда абдан маанилүү болгон бул структурасын жөндөп жана контролдоо үчүн чакырылган мамлекеттик аткаруу бийлигинин тармакталган структурасын өзүнө камтыйт.

Бул башкаруучу вертикалга, ушул сферанын ачкычы болгон чечимдерин кабыл алган Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн катарына, республиканын министрликтери менен ведомстволорунун дагы бир катары кирет.

Экспорттук контролду ишке ашырууга төмөндөгү мамлекеттик органдар аракетке киргизилген: уруксат берүүчү документтерди (лицензияны, уруксатты, акыркы пайдалануучунун сертификатын) бергенде эксперт - уюмдар болгон Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитети, Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сакто министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жай жана сугат министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу комитети, Кыргыз Республикасынын Транспорт жана жолдор министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги жана Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы.

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги экспортту контролдоо, контролдонгон продукцияны экспорттоо, импорттоо, реэкспорттоо боюнча тышкы экономикалык операцияларды лицензиялоону ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган болот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 - жылы 27 - октябрдагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында контролдонго продукцияны экспорттук контролдоону ишке ашыруу тартиби жөнүндөгү Жобонун 2.4 п. ылайык, контролдонгон продукциянын кээ бир түрлөрү боюнча мамлекеттик орган-эксперт болушат:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын айыл чарба, тамак-аш өнөр жай жана сугат министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы - адамдын, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн ооруларын козгоочулар (патогендер), генетикалык жактан өзгөртүлгөн микроорганизмдер, токсиндер, жабдыктар жана технологиялар боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы - химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон химикаттар, жабдуулар, технологиялар боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы - ядролук материалдар, жабдыктар, атайын ядролук эмес материалдар жана тиешелүү технологиялар боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы - ядролук максатта колдонулуучу жабдыктар жана кош максаттагы материалдар, жана тиешелүү технологиялар боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер Академиясы - ракеталык куралды жаратууда колдонулушу мүмкүн болгон жабдыктар, материалдар жана технологиялар боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу комитети (жарылгыч заттар боюнча) - курал жарактарды жана аскерий техникаларды жаратууда колдонулушу мүмкүн болгон кош максаттагы материалдар, технологиялар боюнча;

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги экспорттук жана импорттук лицензияны, ошондой эле акыркы пайдалануучунун сертификатты жана уруксатты бере турган учурда көрсөтүлгөн эксперт-органдардын көрсөтмөлөрү менен жетектелет;

Ошондой эле Министрлик экспорттук контролго жаткан продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит жасоого уруксат берүү боюнча ыйгарым укуктуу орган болуп туруп, берилген товарларды республиканын ичиндеги башка тараптарга берүүгө уруксат берет, жана акыркы пайдалануучунун сертификатын берет.

Продукциянын конкреттүү түрүн транзит жасоого уруксат берүү Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги менен транзит маселеси алдын ала макулдашылгандан кийин ишке ашырылат, жана кажет болгон учурларда контролдонгон продукциянын түрүнө карата мамлекеттик бийликтин башка кызыкдар болгон органдары менен дагы макулдашылат.

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги акыркы пайдалануучунун сертификатын ТЭИ катышуучусунун кепилдик милдеттенмелерин Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитети жана башка кызыкдар органдары менен алдын ала макулдашылгандан кийин берүүнү ишке ашырат:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана сугат министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы ветеринардык жана фитосанитардык боюнча мамлекеттик инспекция менен, - адамдын, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн ооруларын козгогучтарын (патогендерди), генетикалык жактан формасы өзгөртүлгөн микроорганизмдерди, токсиндерди, жабдыктарды жана технологияларды ташып кирүүнү макулдашат;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттик менен, химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон химикаттарды, жабдыктарды жана технологияларды; ядролук материалдарды, жабдыктарды, атайын ядролук эмес материалдарды жана тиешелүү технологияларды ташып кирүүнү;

- Кыргыз Республикасынын Коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети менен, ядролук максатта колдонулуучу кош максаттагы материалдар менен жабдыктарды жана тиешелүү технологияларды; курал жарактарды жана аскерий техникаларды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон кош максаттагы товарларды жана технологияларды ташып кирүүнү макулдашат.


Кыргыз Респуликасына импорттолгон контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагында ишмердигин жасаган башка тарапка өткөрүп берүү зарылдыгы жаралганда, акыркы пайдалануучу Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин дарегине ушундай өткөрүп берүүгө уруксат берүүнү сурайт.

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги суранычты алган датадан баштап 10 жумуш күндүн ичинде продукцияны өткөрүп берүүгө уруксат берүү же андан баш тартуу тууралуу чечимин кабыл алат жана бул тууралуу арыз берген тарапты маалымдайт.

Контролдонгон продуцкциянын өзүнчө башка түрлөрү боюнча-Мамлекеттик эксперт органдары :

№	Лицензия берүү боюнча мамлекеттик ыйгарымдуу орган	Мамлекеттик - эксперт органдар
1	адамдардын, айванаттардын жана өсөмдүктөрдүн ооруларын козгогучтар (патогендер), генетикалык өзгөртүлгөн мите организмдер, уулар, жабдыктар жана технологиялар боюнча **(тиркеме 1)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо Министрлиги
		Кыргыз Республикасынын айыл чарба, тамак өнөр жай жана суу чарба Министрилиги
		Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы
2	химимялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон химикаттар, жабдыктар жана технологиялар боюнча (тиркеме **2)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо Министрлиги
		Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы айлана чөйрөнү корго жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы
3	ядролук материалдар, жабдыктар, атайын ядролук эмес материалдар жана тиешелүү технологиялар боюнча (тиркеме **3)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы айлана чөйрөнү корго жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы
4	ядролук максатта колдонулуучу эки максатта колдонулуучу материалдар, жабдыктар жана тишелүү технологиялар боюнча (тиркеме **4)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы айлана чөйрөнү корго жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы
5	ракеттик куралды жаратууга колдонулуучу материалдар, жабдыктар жана технологиялар боюнча (тиркеме **5)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети
		Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясы
6	куралдарды жана аскерий техникаларды жаратууда колдонулушу мүмкүн болгон эки максатта колдонулуучу товарлар жана технологиялар боюнча (тиркеме **6)**	
	Кыргыз Республикасынын экономика Министрлиги	Кыргыз Республикасынын коргонуу иштери боюнча мамлекеттик комитети

Кыргыз Республикасындагы экспорттук контроль системасынын структурасы



2.4. Контролдонуучу продукциянын Кыргыз Республикасыдагы Улуттук контролдоочу тизмеси жөнүндө Маалымат

Кыргыз Республикасынын «экспорттук контроль жөнүндө» - деген мыйзамынын 6 - беренесине ылайык контролдонуучу продукциянын Кыргыз Республикасындагы Улуттук контролдук Тизмесин Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекитет.

Кыргыз Республикасындагы контролдонуучу продукциянын Улуттук контролдоо тизмесин жаңылоо акыркы жаңылоонун мөөнөтүнөн эки жылдан кийин андан кем эмес убакытта экспорттук контролдун эл аралык эрежелеринин контролдоочу тизмелериндеги өзгөрүүлөргө ылайык ишке ашырылып турат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоочу тизмесине кирген контролдонуучу продукция, менчиктин формасына, жайгашкан орду жана анын өндүрүлгөн убакытына карабай экспорттук контролго жана идентификациялоого жатат. Идентификацияны жүргүзүү тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларынын милдетине кирет.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014 - жылы 2 - апрелде бекиткен № 197 - токтому менен Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоочу тизмеси аракетке кирген. Берилген контролдоочу Тизме экспорттук контролго жаткан товарлардын жана технологиялардын негизги 6 тизмелеринен турат:

2.4.1. Экспорттук контролго жаткан адамдардын, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн ооруларын козгогучтарынын (патогендердин), генетикалык өзгөртүлгөн микроорганизмдердин, токсиндердин , жабдыктардын жана технологиялардын тизмеси.

Берилген бул Тизме боюнча эмнени билүү кажет.

Тизме төмөндөгүдө бөлүктөрдөн турат:

- **1 - Бөлүк. адамдар үчүн патогендик микроорганизмдер жана токсиндер;**
- **2 - Бөлүк. жаныбарлар үчүн патогендик микроорганизмдер;**
- **3 - Бөлүк. өсүмдүктөр үчүн патогендик микроорганизмдер;**
- **4 - Бөлүк. генетикалык өзгөртүлгөн микроорганизмдердин жана генетикалык элементтер;**
- **5 - Бөлүк. Жабдуулар;**
- **6 - Бөлүк. Технологиялар;**
- **7- Бөлүк. Программалык камсыздандыруу.**

Бул тизмеде оорулардын козгогучтарынын таксономикалык ысымдары (латын тилинде жана англис тилинде) микробиологиялык коомдорунун Эл -аралык бирикмеси тарабынан бекитилген номенклатурага ылайык берилгенин белгилей кетүү кажет.

Микроорганизмдердин, токсиндердин жана жабдуулардын экспорттук контролго жаткандыгы, микроорганизмдердин, токсиндин жазылган сүрөттөмөсү же жабдуунун техникалык мүнөздөмөсү же «Наамдары» - деген графада көрсөтүлгөн техникалык мүнөздөмөгө, жана ТЭИ ТН кодуна ылайык экендигине карап аныкталат.

Конкреттүү технологиянын экспорттук контролго жаткан товарга кире тургандыгы бул технологиянын «Наамдары» - деген графада көрсөтүлгөн техникалык мүнөздөмөлөргө ылайык аныкталат.

Адамдардын, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн ооруларын козгогучтардын (патогендер), генетикалык өзгөртүлгөн микроорганизмдердин, токсиндердин, жабдыктардын жана технологияларды экспортуна, импортуна жана реэкспортуна лицензия берүү боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы - бул Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болот, эксперттик - мамлекеттик органдарына - Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл - чарба, тамак - аш жана сугат министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы кирет.

Берилген Тизмедеги кодонулган аныктамалардын маанилери төмөндөгүлөрдү билдирет:

1) коомдук сферада - программалык камсыздандырууга карата колдонулушунда, ал мындан нары таралышына чектөөсүз (автордук укук менен чектелген программалык камсыздоо коомдук сферада болгондугунан чыгарылбайт) колдонуу үчүн жасалган;

2) Вакциналар - адамдын же жаныбарлардын коргоочу иммундук жообун стимулдаштыруу үчүн

алдын ала дайындалган дары каражаттары жана дары препараттары, алар кимге же эмнелерге киргизилсе дагы, алардын ооруп калышына жол бербөө максатында;

3) бөлүнүп алынган тирүү культура – эс алган формадагы тирүү культураны же кургатылган түрүдөгү препаратты камтыйт;

иммунотоксин - токсин же токсиндин субединицасы менен бута - клеткаларга тандап таасир берген, клеткага мүнөздүү моноканалдуу антителонун тутумдашы;

колдонуу - эксплуатация, орнотуу (эксплуатацияланууучу жайга орнотууну кошо), техникалык кызмат көрсөтүү (текшерүү), ремонт, капиталдык ремонт же кайрадан куруу;

дарылоочу препараттар - колодонууга дар болгон, дозаланчуу дары каражаттары;

дарылоочу каражаттар - фармакалогиялык активдүүгү бар жана клиникалык сынакка, колдонууга же өндүргөн же колдонуучу өлкөнүн аткаруу органдары тарабынан сатууга уруксаты бар, профилактикалык максатта колдонуучу, диагностика жасоочу жана ооруну дарылоочу заттар;

абадан жеңил учуучу аппараттар – ысык аба же гелий, водород ж.б.у.с. абадан жеңил газдар менен үйлөнүп, ошонун көтөрүү күчү менен учуучу аба шарлары жана башка учуучу аппараттар;

микроорганизмдер - жакшыртылган же тирүү культура же материалдар түрүндө бөлүнүп алынган, ага кошо ушундай культуралар менен атайын инокулирование жасалган же жугузулган тирүү материалдар, модификацияланган вирустар, микоплазмалар, рикетисиялар, бактериялар, хламидиялар же жаратылыштагы грибдер;

10) микропрограмма - командалар регистрине киргизилген команда менен аткарылышы башталуучу, атайын эсте сакталган элементардык командалардын ирээти;

11) жалпыга жеткиликтүү маалымат- таркатылышына эч кандай тыюу салынбаган технологиялар (автордук укук менен байланыш болгон чек коюулар, технологиянын жалпыга жеткиликтүү болушуна тоскоол болбойт);

12) программа - аткаруу же формага өзгөртүү үчүн компьютерде аткарууга жаткан командалардын ирээти;

13) программалык камсыздоо - ар кандай түрдөгү алып жүрүүчүгө жазылган бир же андан көп программалардын же микропрограммалардын тутуму;

14) өндүрүш бул - куруу, өндүрүш технологиясы, даярдоо, жыйноо, монтаж (чогултуу), текшерүү, сыноо жана сапатты камсыздоо - деген өндүрүштүн бардык стадиялары;

15) иштеп чыгуу - продукцияны өндүрүп чыгаруунун алдындагы жумуштардын бардык стадиясы, анын ичинде: долборлоонун концепциясын иштеп чыгуу, долбоордук изилдөөлөр, долбоордук варианттарды анализдөө, долбоорлоо, жыйноо жана макеттик үлгүнү сыноо, тажрыйба түрүндөгү өндүрүштүн схемасы, конструкциялык документтер жана жабдыктарды жайгаштыруунун схемасы, конструкторлук иштеп чыгууларды конкреттүү буюмга ашыруунун операцияларынын ирээти, комплекстүү долбоорлоо;

16) токсиндин субединицасы - токсиндин структуралык жана функционалдык компоненти;

17) техникалык жардам - окутуу, квалификациясын жогорулатуу, тажырыйбалык даярдык жасап, практикалык тажырыбаны өткөрүп берүү, кеңеш берүү кызматы. Техникалык жардам техникалык берилгендерди өткөрүп берүүнү өзүнө камтыйт;

18) техникалык берилгендер - ар кандай материалдардагы алып жүрүүчүлөрдөгү чиймелер жана алардын көчүрмөлөрү, схемалар, диаграммалар, моделдер, таблицалар, техникалык мүнөздөмөлөр жана спецификациялар, пособиелер, усулдар;

19) технология - контролдоочу продукцияны иштеп чыгууга , өндүрүүгө же колдонуу үчүн кажеттүү атайын маалымат. Маалыматты өткөрүп берүү техникалык берилгендерди же техникалык жардам көрсөтүү түрүндө болушу ыктымал;

20) токсиндер - алуу жолуна көз карандысыз, атайын бөлүнүп алынган препараттар же аралашмалар түрүндөгү токсиндер катары түшүндүрүлөт; паталогиялык үлүлөр, себилген материалдар, тамактануу продуктары же урук материалдары сыяктуу микроорганизмдер менен контамирование жасалган материалдарда бар токсиндерден айрымаланат;

21) фундаменталдуу илимий изилдөөлөр - адамдын, коомдун, айлана- чөйрөнүн түзүлүшүн, функцияларынын аткарылышынын негизги мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө жаңы билимдерди алууга багытталган экспериментaлдык же теориялык изилдөө ишмердиги;

2.4.2. Химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон экспорттук контролго жаткан химикаттардын, жабдуулардын жана технологиялардын тизмеси

Бул тизме боюнча эмнени билүү кажет.

Тизме төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат:

- **1-Бөлүк. Химиялык куралды иштеп чыгууну, өндүрүүнү, жыйноону жана колдонууну тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияга химикаттар боюнча тиркемесинин 1 - тизмесине кирген химикаттар;**
- **2 - Бөлүк. Химиялык куралды иштеп чыгууну, өндүрүүнү, жыйноону жана колдонууну тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияга химикаттар боюнча тиркемесинин 2 - тизмесине кирген химикаттар;**
- **3 - Бөлүк. Химиялык куралды иштеп чыгууну, өндүрүүнү, жыйноону жана колдонууну тыюу салуу жана ыны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияга химикаттар боюнча тиркемесинин 3 - тизмесине кирген химикаттар;**
- **4 - Бөлүк. Тынчтык максатта колдонууга жасалган, бирок химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон химикаттар;**
- **5 - Бөлүк. Жабдуу;**
- **6 - Бөлүк. Программалык камсыздоо;**

Белгилей кетиш керек, берилген тизме боюнча экспорттук контроль атайын жарандык максатта колдонулуучу (тамак-аш продукциясын өндүрүүгө, целлюлозаны кайра иштетүүгө жана кагаз өндүрүүгө, сууну тазалоого) жана өзүнүн конструктивдик өзгөчөлүгү боюнча берилген Тизменин 1 - 4 - Бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн бардык контролдонуучу химикаттарды сактоого, кайра иштетүүгө, өндүрүүгө же агымын өткөрүүгө жарабаган жабдууга таркабайт.

Учурдагы Тизменин 5 - бөлүгүндө көрсөтүлгөн бир же бир нече компонентин өзүнө камтыган контролдоого жатпаган бардык жабдуунун экспорту, контролдонуучу компонент же компоненттер бул жабдуунун негизги бөлүгү болуп жана алынып же башка максатта колдонула турган болсо, анда анын контролдонуучу компоненти болгон жабдуу үчүн бекитилген тартипте экспорттук контролго жатат;

Контролдонуучу компонент же компоненттерди негизги элемент деп эсептөөгө боло тургандыгын баалоодо, аларга тиешелүү саны, баалары жана технологиялык ноу-хауга байланыш факторлорду, ошондой эле контролдонуучу компонент (компоненттер) сатылып алынып жаткан предметтин негизги элементи экенин аныктай турган башка жагдайларды дагы баалоо кажет ;

Тизменин 1 - 4 - бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн контролдонуучу химикаттар жана жабдуу менен байланышкан технологиялардын экспорту, аларды өндүрүүгө лицензияны кошо, Кыргыз Республикасынын мыйзам ченеми уруксат берген көлөмдө ишке ашырылат.

Технологияларды, буга кошуп техникалык жардамды өткөрүп берүүдө, экспорттук контроль жалпыга жеткиликтүү болгон маалыматка же фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө, ошондой эле патенттик арыз берүүгө кажеттүү минималдуу маалыматка тарабайт.

Химиялык куралды жаратууга колдонулушу мүмүкүн болгон химикаттарды, жабдууну жана технологияларды экспорттоого, импорттоо го, реэкспорттоого лицензия берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болот, Мамлекеттик эксперт - органдары Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана - чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча Мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы.

Бул берилген Тизмеде колдонулуучу аныктоолор төмөндөгүдөй маани берет:

1) токсикалык химикат - келип чыгышына жана өндүрүү ыкмасынан карабай, жашоо процесске тийгизген таасиринин эсебинен адамга же жаныбарларга өлүм алып келген же убактылуу өлүм эффектисин жараткан же туруктуу зыян алып келген бардык химикаттар;

2) прекурсор - кандай ыкма менен болсо дагы токсикалык химикатты өндүрүүнүн бардык стадиясында катышуучу, акыркы продукттун токсикалык касиеттерин аныктоодо маанилүү рол ойногон жана башка реагенттер менен бинардык же монокомпонентүү системада тез реакцияга кирген химиялык реагент;

3) түзүм - химикатты өндүрүүгө, кайра иштетүүгө же керектөөгө кажеттүү жабдуунун предметтеринин комбинациясы, реакциялык идиштерди жана алардын системасын кошо;

4) технология - химикатты өндүрүүгө, кайра иштетүүгө же керектөөгө же болбосо жабдууну иштеп чыгууга же колдонууга кажеттүү атайын маалымат. Бул маалыматты өткөрүп берүү техникалык берилгендерди же техникалык жардам көрсөтүү формасында болушу ыктымал;

5) техникалык берилгендер - чиймелер жана алардын көчүрмөлөрү, схемалар, диаграммалар, моделдер, формулалар, таблицалар, техникалык мүнөздөмөлөр жана спецификациялар, пособиелер, усулдар, жазуу жүзүндө же башка алып жүрүүчүлөргө же диск, магниттелген лента сыяктуу устройстволорго, туруктуу эстеп калуучу түзүмдөргө жазылган түрүндө;

6) техникалык жардам - усулдан өткөрүү, квалификацияны жогорулатуу, кадрларды даярдоо, тажрыйбаны өткөрүп берүү жана кеңеш берүү кызматы. Техникалык жардам өзүнө техникалык берилгендерди өткөрүп берүүнү камтышы ыктымал;

7) химикатты өндүрүү - химиялык реакция аркылуу химикаттын жаралышы;

8) химикатты кайра иштетүү - жүрүшүндө химикат башка химикатка айланбаган физикалык процесс (түзүү, экстракция, тазалоо жана башка процесстер);

9) химикатты керектөө - химиялык реакция аркылуу химикаттын башка химикаттка өзгөртүлүшү;

10) жабдууну иштеп чыгуу бул - долбоорлоо, долбоордук изилдөөлөр, долбоордук варианттарды серептөө, долбоорлоонун концепциясын иштеп чыгуу, жыйноо жана прототиптерди сыноо (моделдөө), тажрыйбадагы өндүрүштүн схемасы, техникалык документация, техникалык документацияны өткөрүп берүү процесси сыяктуу өндүрүштүн алдындагы стадиялар;

11) жабдууну өндүрүү бул - даярдоо, компановка жасоо, жыйноо (монтаждоо), көзөмөлдөө жана өндүрүштү текшерүү, сыноо жана сапатты камсыздоо боюнча иш-чаралары сыяктуу өндүрүүнүн бардык стадиялары;

12) жабдууну колдонуу - колдонуу, орнотуу (өз жайына монтаждоо), техникалык кызмат көрсөтүү жана жабдууну оңдоо;

13) жалпыга жеткиликтүү маалымат - андан ары таркатылышына эч кандай чектөө коюлбаган технологиялар (автордук укук менен байланышкан чектөөлөр аны жалпы коомчулукка жеткиликтүүлүгүнөн ажыратпайт);

14) фундаменталдуу илимий изилдөөлөр - жаңы билимдерди алуу максаттагы жана конкреттүү тажрыйбалык максатка жетүүгө же конкреттүү маселени чечүүгө багытталбай жүргүзүлүүчү эксперименталдык же теоретикалык иштер;

15) коомдук сферада - программалык камсыздоого колдонгондо, мындан нары таркатылууга тосколдуксуз жаратылганы (автордук укук салган чектөөлөр, программалык камсыздоону коомдук сферада болуудан ажыратпайт);

16) микропрограмма - командалар регистрине киргизилген коёберүүчү команда менен аткарыла баштоочу атайын эсте сакталган элементардык командалардын ирээти;

17) программа - аткаруу же формага өзгөртүү үчүн компьютерде аткарууга жаткан командалардын ирээти;

18) программалык камсыздоо - ар кандай түрдөгү алып жүрүүчүчүгө жазылган бир же андан көп программалардын же микропрограммалардын тутуму;

2.4.3. Экспорттук контролго жаткан ядролук материалдардын, жабдуунун, атайын ядролук эмес материалдардын жана тиешелүү технологиялардын тизмеси

Бул берилген Тизме боюнча эмнени билүү кажет.

Тизме төмөндөгү эки бөлүктөрдөн турат:

- **1 - бөлүк. Ядролук материалдар**
- **2 - бөлүк. Жабдуулар жана ядролук эмес материалдар**

Ядролук материалдарды, жабдууларды, атайын ядролук эмес материалдардын жана тиешелүү технологияларды экспорттоого, импорттоо го, реэкспорттоого лицензия берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлиги болот, Мамлекеттик эксперт - органдарына Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана - чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы кирет.

2.4.4. Экспорттук контролго жаткан ядролук максатта колдонулуучу жабдуулардын жана кош максаттагы материалдардын жана тиешелүү технологиялардын тизмеси

Берилген бул Тизме боюнча эмнени билүү кажет.

Тизме төмөндөгүдөй алты бөлүктөн турат:

- **1 - бөлүк. Өндүрүш жабдуулары;**
- **2 - бөлүк. Материалдар;**
- **3 - бөлүк.Урандын изотопторун бөлүп алуу үчүн жабдуу жана анын түзүүчү бөлүктөрү;**
- **4 - бөлүк. Оор сууну өндүрүүчү түзүмдөр менен байланышкан жабдуу ;**
- **5 - бөлүк. Ядролук жардыруучу түзүмдөрдү иштеп чыгуу үчүн сыноочу жана ченөөчү жабдуулар;**
- **6 - бөлүк. Ядролук жардыруучу түзүмдөр үчүн компоненттер;**

Берилген бул Тизмеде бирдиктердин Эл - аралык системасы (СИ) колдонулду.

СИ системасынын бирдиктери менен өлчөнгөн физикалык чоңдук бардык учурларда расмий сунушталган контролдук маани катары каралышы кажет.

Станоктордун СИ системасына кирбеген, алар үчүн салттуу ченөө бирдиктеринде берилген кээ бир параметрлери, өзгөчө жагдайды түзөт.

Тизмедеги контролдонгон товарлардын ичиндеги предметти өткөрүп берүүгө алынган уруксат, ошол эле акыркы керектөөчүгө экспорттолуучу предмети монтаждоо, колдонуу, кызмат көрсөтүү жана анын ремонту үчүн талап кылган технологиянын минималдык көлөмүн өткөрүп берүү деген маанини берет.

Экспорттук контроль коомдук менчиктеги же фундаменталдуу илимий изилдөөлөргө катнашы бар технологияга тарабайт.

Ядролук максатта колдонулуучу кош максаттагы материалдарды, жабдууларды жана тиешелүү технологияларды экспорттоого, импорттоо го, реэкспорттоого лицензия берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болот, Мамлекеттик эксперт - органдарына Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Айлана - чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы кирет.

Бул берилген Тизмедеги колдонулуучу аныктамалар төмөндөгүдөй мааниде:

1) коомдук ээликте - андан нары таркатылышына чек коюлбаган технологиялардын же программалык камсыздоонун аныктамасы (автордук укук менен байланышкан чектөөлөр технологияны же программалык камсыздоону коомдук ээликтеги категориядан чыгарбайт);

2) булалуу же жип сымал материалдар - үзгүлтүгү жок монониттер, ийрилген жип, пакля же тасма;

Өзгөчө пикирлер:

а) Тасма - бир багытта өрүлүп ийрилген жиптерден, биликтен же жүндөн, паклядан жана, адатта, чайыр менен алдын ала чыланган материал;

б) леска же жип – буланын эң кичине түзүүчү бөлүгү, диаметри адатта бир нече микрометр;

в) пакля - жипчелердин бир тутуму, адатта, болжол менен параллелдүү жайгашкан;

г) прядь - катарлуу жипчелериндин бир ууч тутуму (адатта 200 дөн ашуун) болжол менен параллелдүү уюштурулган;

д) пряжа – жүндөн буралган ууч тутуму;

е) билик - байланыш (адатта, 12-120) болжол менен параллелдик жиптердин катары;

з) контурдук башкаруу - кийинки берилген талаптагы абалды жана ошол жайга талаптуу ылдамдыктарды берүүчү эки же андан көп тиешелүү командалар менен санариптик программалык башкаруу. Ошол ылдамдыктар, кажеттү контурду жараткыдай болуп бири-бирин карап кезектешип алмашып турушат.

4) сызыктуулук (адатта ал сызыктуу эместиктин параметрлери аркылу ченелет)-анык мөнөздөмөлөрүнүн түз сызыктан тегиз жана максималдуу четтөөсү минималдаштыруу үчүн оң же терс жакка максималдуу четтөөсү (санактын орточо маанилеринин шкала боюнча өйдө-ылдый четтөөсү);

5) микропрограмма - командалар регистрине киргизилген коёберүүчү команда менен аткарыла баштоочу атайын эсте сакталган элементардык командалардын ирээти;

6) леска - «Була сымал же жип сымал материалдарды» кара;

7) жип - «Була сымал же жип сымал материалдарды» кара;

8) бурчтук абалдан четтөөсү - столго бекитилген бөлүктүн баштапкы абалынан бурулганынын кийинки так өлчөгөн бурчтук абалы менен реалдуу абалынын максималдуу айырмасы;

9) өлчөөнүн катасы - өлчөнүүчү өзгөрмөнүн анык мааниси өлчөнгөн манисинин айланасында кандай аралыкта жатканын 95% чындыкка жакын дэңгээлде көрсөткөн аныктоочу параметр;

10) колдонуу - эксплуатация, орнотуу (эксплуатациялануучу жайга орнотууну кошо), техникалык кызмат көрсөтүү (текшерүү), ремонт, капиталдык ремонт же кайрадан куруу;

11) программа - аткаруу же формага өзгөртүү үчүн компьютерде аткарууга жаткан командалардын ирээти;

12) программалык камсыздоо - ар кандай түрдөгү алып жүрүүчүгө жазылган бир же андан көп программалардын же микропрограммалардын тутуму;

13) өндүрүш бул - куруу, өндүрүш технологиясы, даярдоо, жыйноо, монтаж (чогултуу), текшерүү, сыноо жана сапатты камсыздоо - деген өндүрүштүн бардык стадиялары;

14) иштеп чыгуу - продукцияны өндүрүп чыгаруугун алдындагы жумуштардын бардык стадиясы, анын ичинде: долборлоонун концепциясын иштеп чыгуу, долбоордук изилдөөлөр, долбоордук вариантарды анализдөө, долбоорлоо, жыйноо жана макеттик үлгүнү сыноо, тажрыйба түрүндөгү өндүрүштүн схемасы, конструкциялык документтер жана жабдыктарды жайгаштыруунун схемасы, конструкторлук иштеп чыгууларды конкреттүү буюмга ашыруунун операцияларынын ирээти, комплекстүү долбоорлоо;

15) чечилиш - өлчөөчү түзүмдүн көрсөткүчтөрүнүн эң аз жогорулашы; санариптик аспаптардагы эң төмөнкү маанини көрсөткөн разряд;

16) техникалык жардам - усулдан өткөрүү, квалификацияны жогорулатуу, кадрларды даярдоо, тажрыйбаны өткөрүп берүү жана кеңеш берүү кызматы. Техникалык жардам өзүнө техникалык берилгендерди өткөрүп берүүнү камтышы ыктымал.

Эскертме.

Техникалык жардам техникалык берилгендерди өткөрүп берүүнү өзүнө камтышы ыктымал;

17) техникалык берилгендер - чиймелер жана алардын көчүрмөлөрү, схемалар, диаграммалар, моделдер, формулалар, таблицалар, техникалык мүнөздөмөлөр жана спецификациялар, пособиелер, усулдар, жазуу жүзүндө же башка алып жүрүүчүлөргө же диск, магниттелген лента сыяктуу устройстволорго, туруктуу эстеп калуучу түзүмдөргө жазылган түрүндө;

18) технология - химикатты өндүрүүгө, кайра иштетүүгө же керектөөгө же болбосо жабдууну иштеп чыгууга же колдонууга кажеттүү атайын маалымат. Бул маалыматты өткөрүп берүү техникалык берилгендерди же техникалык жардам көрсөтүү формасында болушу ыктымал;

19) тактык - адатта, көрсөтүлгөн чоңдуктун кабыл алынган же анык маанисинен максималдуу руксат берилген оң же терс жакка четтөөсү катары аныкталуучу ката менен ченелет;

20) фундаменталдуу илимий изилдөөлөр - башкысы болуп, негиз болуп берүүчү принциптер же байкалуучу фактылар жөнүндө жаңы билимдерди алуу максаттагы жана конкреттүү тажрыйбалык максатка жетүүгө же конкреттүү маселени чечүүгө багытталбай жүргүзүлүүчү экспериментталдык же теоретикалык иштер;

21) санариптик программалык башкаруу - адатта, аракеттин аткарылышынын жүрүшүндө киргизилүүчү, санариптик берилгендерди колдонгон түзүм менен процессти автоматтык башкаруу.

2.4.5. Экспорттук контролго жаткан ракеталык куралды жаратууда колдонулушу мүмкүн болгон жабдууларды, материалдарды жана технологиялардын тизмеси

Бул берилген Тизме боюнча эмнелерди билүү кажет.

Тизме төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат:

- **1 - бөлүк. Бүткөрүлгөн ташып жеткирүүчү каражаттар;**
- **2 - бөлүк. Бүткөрүлгөн ташып жеткирүүчү каражаттар үчүн колдонулуучу бүткөрүлгөн системалар;**

- **3 - бөлүк. Кыймылдатуучу түзүмдөрдүн элементтери жана жабдуулары;**
- **4 - бөлүк. Отундар жана химикаттар;**
- **5 - бөлүк. Отундарды өндүрүү;**
- **6 - бөлүк; Конструкциялык максатта дайындалган композиттик материалдарды өндүрүү;**
- **7 - бөлүк. Пиролитикалык катмарлоо жана калыңдоо;**
- **8 - бөлүк. Конструкциялык материалдар;**
- **9 - бөлүк. Өлчөөчү, багыттоочу жана багыт ачуучу жабдуулар жана системалар;**
- **10 - бөлүк. Учууну башкаруучу системалар;**
- **11 - бөлүк. Учактагы радиоэлектрондук аппаратура;**
- **12 - бөлүк. Баштоону камсыз кылган жабдуу;**
- **13 - бөлүк. Компьютерлер;**
- **14 - бөлүк. Аналогдук - санариптик өзгөртүүчүлөр;**
- **15 - бөлүк. Сыноочу системалар жана жабдуулар;**
- **16 - бөлүк. Окшоштуруп моделдөө жана контрукциялык компановкалоо;**
- **17 - бөлүк. Байкалып калуучу мүнөздөмөлөрүн азайтуу;**
- **18 - бөлүк. Ядролук куралдын зыяндуу факторлорунан коргонуу;**
- **19 - бөлүк. Жана башка бүткөрүлгөн ташып жеткирүүчү каражаттар;**
- **20 - бөлүк. Жана башка бүткөрүлгөн системалар;**

Ракеталык куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон жабдууларды, материалдарды жана технологияларды экспорттоого, импорттоо го, реэкспорттоого лицензия берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болот, Мамлекеттик эксперт - органдарына Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы кирет.

Бул берилген Тизмедеги колдонулуучу аныктамалар төмөндөгүдөй мааниде:

1) коомдук сферада - программалык камсыздого колдонгондо, мындан нары таркатылууга тоскоолдуксуз жаратылганы (автордук укук салган чектөөлөр, программалык камсыздоону коомдук сферада болуудан ажыратпайт);

Эскертүү:

Автордук укуктун чектөөлөрү технологияны же программалык камсыздоону коомдук сферада болушунан чыгарбайт.

2) алыстыгы - конкреттүү ракета же туруктуу учуу режиминде атмосфералык учкучсуз учуучу аппараттын учуп өтүүгө жөндөмдүү, анык траекториясынын жер кыртышындагы проекциясы боюнча ченелген максималдуу аралык;

Техникалык эскертүү:

а) алыстыгын аныктоодо, ракетанын жана учкучсуз учуучу атмосфералык аппараттын ракеталык отун менен же күйүүчү зат менен толук камсыздангандагы долбоорлонгон мүнөздөмөлөрүнө негизделген максималдуу мүмкүнчүлүктөрдү эске алуу кажет;

б) ракетанын жана учкучсуз учуучу атмосфералык аппараттын учуу алыстыгы кандайдыр бир сырткы чектөөчү факторлордон көз - карандысыз аныкталышы кажет, мисалы үчүн колдонуу (эксплуатациялоо) шарты, телеметриянын мүнөздөмөлөрү жана байланыш линиялары же башка сырткы факторлор менен.

в) ракеталардын учуу алыстыгын аныктоодо, жарандык авиациянын эл аралык уюму шамалдын нөлгө барабар учуру үчүн стандарттык атмосферанын шартында учуунун эң оптималдуу траекториясын колдонуп аныктоо кажет;

г) атмосфералык учкучсуз учуучу аппараттар үчүн, алыстыкты бир багытта, күйүүчү майды эң экономдуу короткон эрежеде учкандагы (оптималдуу ылдамдыкта жана бийиктикте) алыстыкты, жарандык авиациянын эл аралык ассоциациясынында кабыл алынган шамал нөлгө барабар болуп тургандагы стандарттык атмосферанын шартында аныкташ кажет;

3) колдонуу - эксплуатация, орнотуу (эксплуатацияланууучу жайга орнотууну кошо), техникалык кызмат көрсөтүү (текшерүү), ремонт, капиталдык ремонт же кайрадан куруу;

4) микропрограмма - командалар регистрине киргизилген коёберүүчү команда менен аткарыла баштоочу атайын эсте сакталган элементардык командалардын ирээти;

5) микросхема - ичинде бир катар пассивдүү жана/же активдүү, бүтүндөй структура менен же анын ичинде жайгашкан үзгүлтүксүз байланыш деп эсептелен элементтерден турган, схеманын функциясын аткаруучу түзүм;

6) пайдалуу жүк - конкреттүү ракета менен же учкучсуз учуучу атмосфералык аппарат менен орун которууга же ташып жеткирилген жана учууну колдоо үчүн эмес пайдаланган жалпы салмагы;

Эскертүү.

Пайдалуу жүктү өзүнө камтыгын жабдуу, каралып аткан жеткирүүчү каражаттын түрүнөн жана конфигурациясынан көз каранды.

Техникалык эскертүү:

а) баллистикалык ракеталар.

Башкы жагы бөлүнүүчү ракета үчүн пайдалуу жүк өзүнө камтыйт:

- курамына нускоочу, багыттоочу, көзөмөлдөөчү жана каршылык көрсөтүүчү жабдуу системасын өзүнө камтыган башкы ажыроочу бөлүк;

- бардык түрдөгү (мисалы жардыруучу же жардыруучу эмес) курал - жарак (согуштук жабдык);

- ракетанын структуралык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган, кармап туруучу конструкциялар жана боеголовкаларды жайгаштырган механизмдер (мисалы, боеголовкаларды бөлүнүүчү блокко бекитүүгө же андан чыгарууга же башкы бөлүктү биротоло чыгаруу үчүн колдонулган контструкциялар);

- алдын алуу, жардыргыч же жарылууну даярдаган жана жардыруу механизмдери жана аппараттары;

- ажыратуучу блоктон же башкы бөлүктү биротоло чыгаруучу блоктон бөлүнүүчү каршылык аракет көрсөтүүчү жабдуу;

- ажыратуучу блоктон же башкы бөлүктү биротоло чыгаруучу блок, багыт жасоону же модулдун бөлүнүү ылдымдыгын контролдоочу түзүм, ракетанын башка тепкичтерин башкаруу үчүн кажеттүү системаларды кошпогондо;

Башкы бөлүгү бөлүнбөөчү системалар үчүн пайдалуу жүк өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- бардык түрдөгү (жардыруучу же жардыруучу эмес) курал - жарак (согуштук жабдык) ;

- ракетанын структуралык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган, кармап туруучу конструкциялар жана уруштук дүрмөттү жайгаштырган механизмдер;

- алдын алуучу, даярдаган же жарылууну даярдаган жана жардыруу механизмдери жана аппараттары;

б) космостук алып жүрүүчү ракеталар.

Пайдалуу жүк өзүнө төмөдөгүлөрдү камтыйт:

- спутник (бир же бир нече);

- космостук спутник платформасын, эгерде, анда орбитаны же багытты сактоо системасы, апогейдик же перигейдик кыймылдаткычтар, же ушулар сыяктуу функционалдык дайындалышы боюнча окшош системалар колдонулса;

в) метеорологиялык ракеталар.

Пайдалуу жүк өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- берилгендерди жыйноочу, маселе боюнча атайын берилгендерди жазуу же жиберүү маселесин чечүү талаптарын аткаруу үчүн жабдуу;

- ракетанын структуралык бирдиктүүлүгүн бузбай алынып салынышы мүмкүн болгон, кайтып келүүчү жабдуулар (мисалы, парашюттар);

г) канаттуу ракеталар.

Пайдалуу жүк өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт:

- бардык түрдөгү уруштук бөлүк (мисалы, жардыруучу же жардыруучу эмес);

- канаттуу ракетанын структуралык бирдиктүүлүгүн бузбай алынып салынышы мүмкүн болгон, уруштук бөлүктү бекиткен конструкциялар жана аны жайгаштырган механизмдер;

- алдын алуучу, даярдаган же жарылууну даярдаган жана жардыруучу механизмдерин же аппаратураларын;

- канаттуу ракетанын конструкциялык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган, каршылык көрсөтүү жабдуусу (мисалы, ачык жайгаштыруулуучу жалган буталар, активдүү тоскоол түзүүчү

станциялары же көмүртектик диполдук чагылдыруучуларды чачкан жабдуу)

- канаттуу ракетанын конструкциялык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган, чачыроонун эффективдүү кыртышын өзгөртүүгө дайындалган жабдуу;

д) башка атмосфералык учкучсуз учуучу аппараттар.

Пайдалуу жүк өзүнө камтыйт:

- бардык түрдөгү куралдар (уруштук жабдуу) (мисалы, жардыруучу же жардыруучу эмес);

- алдын алуу, даярдаган же жарылууну даярдаган жана жардыруу механизмдери жана аппараттары;

- аппараттын конструкциялык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган каршы аракет жабдуусу (мисалы, жайылган жалган бутаалар, активдүү тоскоол жасаган станциялары же же көмүртектик диполдук чагылдыруучуларды чачкан жабдуу);

- берилгендерди жыйноо, маселе боюнча атайын берилгендерди жазуу же берүү үчүн түзүмдөр сыяктуу, талап коюлган ушундай маселени аткаруу үчүн жабдуулар;

- аппараттын конструкциялык бүтүндүгүн бузбай алынып салына турган, чачыроонун эффективдүү кыртышын өзгөртүүгө дайындалган жабдуу;

- аппараттын структуралык бирдиктүүлүгүн бузбай алынып салынышы мүмкүн болгон, кайрылып келүүчү жабдуулар (мисалы, парашюттар);

7) программалык камсыздоо - ар кандай түрдөгү алып жүрүүчүгө жазылган бир же андан көп программалардын же микропрограммалардын тутуму;

8) программа - аткаруу же формага өзгөртүү үчүн компьютерде аткарууга жаткан командалардын ирээти;

9) өндүрүштүк жабдуу - тизмеси, өндүрүштүн атайын иштелип чыккан же модификацияланган бир же бир нече стадияларын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу үчүн чектелүүчү аспаптар, шаблондор, приспособлениялар, оправкалар, формалар, штамптар, бекиткичтер, жөнгө салуу механизмдери, сыноо жабдуулары, башка машиналык жабдуулар жана анын компоненттери;

10) өндүрүштүк кабаттуулуктар - объекти же аны өндүрүүнүн бир же бир нече стадиясын иштеп чыгуу үчүн бир бүтүнгө бириктрилген өндүрүш жабдуулары жана атайын ал үчүн иштелип чыккан программалык камсыздоо;

11) өндүрүш бул - куруу, өндүрүш технологиясы, даярдоо, жыйноо, монтаж (чогултуу), текшерүү, сыноо жана сапатты камсыздоо - деген өндүрүштүн бардык стадиялары;

12) радиацияга туруктуу - 5 x 105 рад (Si) же андан жогорку радиациялык нурдануунун жалпы дозасына туура келген радиациянын деңгээлине туруштук бергенге жөндөмдүү деп бааланган же иштелип чыккан жабдуу жана анын компоненттери;

13) иштеп чыгуу - продукцияны өндүрүп чыгаруугнун алдындагы жумуштардын бардык стадиясы, анын ичинде: долборлоонун концепциясын иштеп чыгуу, долбоордук изилдөөлөр, долбоордук варианттарды анализдөө, долбоорлоо, жыйноо жана макеттик үлгүнү сыноо, тажрыйба түрүндөгү өндүрүштүн схемасы, конструкциялык документтер жана жабдыктарды жайгаштыруунун схемасы, конструкторлук иштеп чыгууларды конкреттүү буюмга ашыруунун операцияларынын ирээти, комплекстүү долбоорлоо;

14) техникалык берилгендер – чиймелер жана алардын көчүрмөлөрү, схемалар, диаграммалар, моделдер, формулалар, таблицалар, техникалык мүнөздөмөлөр жана спецификациялар, пособиелер, усулдар, жазуу жүзүндө же башка алып жүрүүчүлөргө же диск, магниттелген лента сыяктуу устройстволорго, туруктуу эстеп калуучу түзүмдөргө жазылган түрүндө;

15) техникалык жардам - усулдан өткөрүү, квалификацияны жогорулатуу, кадрларды даярдоо, тажрыйбаны өткөрүп берүү жана кеңеш берүү кызматы. Техникалык жардам өзүнө техникалык берилгендерди өткөрүп берүүнү камтышы ыктымал;

16) технология - кандайдыр бир продукцияны өндүрүүгө, кайра иштетүүгө же керектөөгө, же болбосо жабдууну иштеп чыгууга, же колдонууга кажеттүү атайын маалымат. Бул маалыматты өткөрүп берүү техникалык берилгендерди же техникалык жардам көрсөтүү формасында болушу ыктымал;

17) тактык - адатта, көрсөтүлгөн чоңдуктун кабыл алынган же анык маанисинен максималдуу уруксат берилген оң же терс жакка жантаюусу катары аныкталуучу ката менен өлчөнөт;

18) фундаменталдуу илимий изилдөөлөр - жаңы билимдерди алуу максаттагы жана конкреттүү тажрыйбалык максатка жетүүгө же конкреттүү маселени чечүүгө багытталбай жүргүзүлүүчү экспериментал дык же теоретикалык иштер;

2.4.6. Куралдарды жана аскер техникаларын өндүрүүгө колдонулушу мүмкүн болгон экспорттук контролго жаткан товарлардын, жана кош максаттагы технологиялардын Тизмеси

Бул Тизме боюнча эмнени билүү кажет.

Тизме 3 бөлүктөн турат.

- **1 - бөлүк төмөндөгүдөй категориялардан турат:**
- **Категория 1. Атайын материалдар жана алар менен байланышкан жабдуулар жана жабдыктар;**
- **Категория 2. Материалдарды кайра иштетүү**
- **Категория 3. Электроника**
- **Категория 4. Эсептөөчү техника**
- **Категория 5 (1- бөлүк. Телекоммуникации, 2- бөлүк. Маалыматты коргоо)**
- **Категория 6. Датчиктер жана лазерлер**
- **Категория 7. Багыттоо жана авиациалык электроника**
- **Категория 8. Деңиз иши**
- **Категория 9. Авиациялык-космостук өндүрүш жана кыймылдаткыч/күч түзүлүштүр**
- **2- Бөлкк. Төмөндөгү категориялардан турат:**
- **Категория 1. Атайын материалдар жана алар менен байланышкан жабдуулар жана жабдыктар**
- **Категория 2. Материалдарды кайра иштетүү**
- **Категория 3. Электроника**
- **Категория 4. Эсептөөчү техника**
- **Категория 5 (1- бөлүм. Телекоммуникация)**
- **Категория 6. Датчиктер и лазерлер**
- **Категория 7. Багытто жана авиациялык электроника**
- **Категория 8. Деңиз иши**
- **Категория 9. Авиациялык-космостук өндүрүш жана кыймылдык/күч түзүмдөрү**
- **3- Бөлүк. Төмөнкүдөй категориялардан турат:**
- **Категория 1. Атайын материалдар жана алар менен байлынышкан жабдуулар жана жабдыктар**
- **Категория 5. (Бөлүм 1. Телекоммуникации)**
- **Категория 6. Датчиктер жана лазерлер**
- **Категория 7. Багытто жана авиациялык электроника**
- **Категория 8. Деңиз иши**
- **Категория 9. Авиациялык-космостук өндүрүш жана кыймылдык/күч түзүмдөрү**

Конкреттүү товардын же технологиянын экспорттук контролдо жаткан товарлардын жана технологияларга жаткандыгы, бул товардын же технологиянын техникалык мүнөздөмөлөрү техникалык сүрөттөмөсүнө, ошондой эле товардын химия боюнча Реферативдик кызматтын (CAS) каттоо номерине ылайык аныкталат.

Бул Тизмеде келтирилген ТЭИ ТНнын коддору, тактоочу мүнөзгө ээ.

Согуштук куралды жана аскер техникасын жаратууга колдонулуушу мүмкүн болгон кош максаттагы жабдууларды, материалдарды жана технологияларды экспорттоого, импорттоо го, реэкспорттоого лицензия берүүчү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болот, Мамлекеттик эксперт - органдарына Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өндүрүш, энергетика жана жер байлыктарын колдонуу боюнча мамлекеттик комитетти кирет.

Улуттук Контролдук Тизме боюнча толугураак даана маалыматты Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин расмий сайтынын http://mineconom.gov.kg «Соода» бөлүгүнөн http://mineconom.gov.kg/ru/document/105. шилтеме аркылуу тапса болот.

2.5. Мекемелерде жана уюмдарда экспорттук контролдун ички фирмалык программасын түзүү

Экспорттук контролдоо жаатындагы улуттук саясаттын натыйжалуулугу тышкы соода менен алектенген ишканалардын жана уюмдардын деңгээлинде кабыл алынган чечимдердин сапатына көз каранды. Бул максатта, экспорттоочуга, өздөрүнүн ишканаларынын ичинде мыйзам ченемдер менен орнотулган экспорттук контролдун эрежелерин карманууга багытталган процедураларды киргизүү сунуш кылынат.

Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» -деген мыйзамына ылайык, экспорттук контролду ишке ашыруунун ыкмаларынын бири катары, Кыргыз Республикасынын коргонуу жөндөмү жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча илимий ишмердик жасаган мекемелер менен уюмдарда экспорттук контролдун ички фирмалык программасын түзүү эсептелет;

Экспорттук контролдун ички фирмалык программасы - бул, мекемелер менен уюмдардын экспорттук контролдун эрежелерин карманууу максатында ишке ашырылуучу уюштуруучулук, башкаруучулук, маалыматтык жана башка мүнөздөгү иш-чаралары.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 - жылкы 27 - октябрдагы № 257 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасында контролдонгон продукциянын үстүнөн экспорттук контроль жүргүзүү тартиби жөнүндөгү Жобо менен, мекемелерде (уюмдарда) текшерүү механизимдерин түзүү максатында, тышкы соода бүтүмдөрдүн укук ченемдүүлүгүн камсыздоо жана лицензия алууга байланышкан процедураларын жеңилдетүү үчүн чарбачылык кылган субъектер экспорттук контролдун ички фирмалык программаларын түзүшөт.

Экспорттук контролдун ички фирмалык программасын түзүүнүн пайдасы же келечеги кандай?

Өзүндө экспорттук контролдун ички фирмалык программасын киргизген мекемелер, алдыңкы этабында квалификациялуу иштеп чыгуу жана мамлекеттик органдардан кошумча мааламаттык - методикалык колдоо алуунун эсебинен эл аралык контракттардын ишке ашыруу мөөнөтүн кыскарта алышат.

Экспорттук контролдун ички фирмалык программасын ишке киргизүү (ЭКИП), эл аралык контракттарды турмушка ашырууда мекемелерге өздөрүнүн кызыкчылыктарын кыйла эффективдүү коргоого жардам берет.

Мекемелердин экспорттук контроль боюнча кызматында иштеген адистер, тышкы соода келишимдердин текстери жана экспорттук контролдун улуттук системасынын бардык нормаларын, эрежелерин карманууу предмети боюнча экспертиза өткөрүп жана сунуш бере алышат. Бул, башында финансылык жоготууларды кыскартып жана убакыт өткөндөн кийин иш кагаздарды туура эмес формалагандын эсебинен аны жокко чыгарат.

ЭКИПти түзүү үчүн эмне кажет:

- мекемеге, контролдонгон продукцияга байланыш ишмердик жасоодо, экспорттук контролдун талабын карманууу;

- мекемелерде экспорттук контролдун ченемдерин жана эрежелерин карманууга жооптуу кызматчыларды дайындоо;

- жооптуу кызматчыларды жана катардагы аткаруучуларды окутуу (анын ичинде экспорттук контроль жаатындагы мыйзам-ченемдерди бузууга жоопкерчиликке);

- экспорттук контроль боюнча талаптарды карманууу максатында буйруктарды, стандарттарды, усулдарды чыгаруу;

- мекеменин (уюмдун) жумушчуларын экспорттук контроль жаатындагы талаптарды, эрежелерди жана процедураларды камтыган керектүү ченемдик жана түзөтүүчү иш кагаздар менен камсыздоо;

- экспорттук контроль боюнча кызматтын Усулун же Жобосун бекитүү;

- мекеменин тышкы экономикалык ишмердиги боюнча иш кагаздардын эсебин жана аны сактоону алып баруу (Жобонун 12.3 п. ТЭИ катышуучулары, контролдонгон продукция менен ишмердик жасоо аяктаган 5 жылдын ичинде, экспорттун объектилери боюнча маалыматты сактоо кажет (келишим иш кагаздары, эсептер, товардык-транспорттук накладнойлор, жүктөгон иш кагаздар, бажылык декларациялар ж.б.; өндүрүштөгү оперативдик иш кагаздар; контрагент компанияларга

жана анын өкүлдөрүнө досье);

- экспорттук контролдун ар кандай аспекттерине жооптуу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен бирге аракеттешүү;

- ыйгарым укуктуу жана башка мамлекеттик органдар тарабынан суроо-талап келген учурларда, экспорттук контролдун максаттарына кажеттүү иш кагаздарды жана маалыматтарды берүү;

Экспорттук контролдун ички фирмалык программасын түзгөн уюмдарга, иш кагаздын каттодон өткөндөн кийинки 10 жумуш күндүн ичинде Лицензия берилет.

2.6. Контролдонуучу продукцияны экспорттоо, импортто жана реэкспортто, алдын ала каралган тышкы экономикалык операцияларды бажылык жөнгө салуу. Экспорттук контроль жаатындагы эл-аралык кызматташтык

Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген мыйзамына ылайык экспорттук контролду ишке ашыруунун ыкмаларынын бири болуп бажылык контроль саналат.

Бажылык контроль бул - текшерүүгө багытталган жана (же) эл аралык келишимдердин карманышын жана бажылык жөнгө салуу жаатындагы актыларды жана мүчө болгон мамлекеттердин бажылык жөнгө салуу жөнүндөгү мыйзамдарынын аткарылышын камсыз кылуучу бажы органдары тарабынан жасалуучу аракеттердин тутуму.

Кыргыз Республикасында бажылык контроль ЕАЭБнын бажы Кодекси жана Кыргыз Республикасынын «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» - деген мыйзамы менен ишке ашырылат.

Контролдонгон продукциянын өндүрүлүшү менен байланышта көрсөтүлгөн контроль жана бажылык операцияларды жүргүзүү, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009 - жылы 18 - декабрдагы №767 токтому менен бекитилген КРӨ нүн алдындагы Бажы кызматы жөнүндөгү Жобого ылайык КРӨ нүн алдындагы Бажы кызматы аркылуу ишке ашырылат.

КРнын «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө» - деген мыйзамга ылайык - бажылык жөнгө салуу бул - Евразиялык экономикалык Биримдиктин Кыргыз Республикасынын чек арасы аркылуу, же андан сырткары товарларды өткөрүү тартибин жана шарттарын бекитүүгө, алардын бажы аймакта болушу жана колдонулушуна, товардын бажылык аймакка келиши жана бажылык аймактан кетишине, бажылык операциядан өткөрүүгө, товардын убактылуу сакталышына, алардын бажылык жарыялануышына жана чыгарылышына, жана башка бажы опрерацияларына, бажылык төлөмдөрдүн аткарылыш тартибине, атайын, антидемпингдик, компенсациялык пошлиналар жана бажылык контролду жүргүзүүгө, ошондой эле бажылык аймакта же андан сырткары бажылык органдар жана ээ болуу укугун ишке ашырып жаткан тараптардын ортосундагы укуктук катнашты регламентация жасоого байланышкан катнаштарды укуктук жөнгө салуу.

Товарлар, Кодекстин 7 - беренесин жана Мыйзамдын 8 - беренесинин жоболорун эске алып, тыюу салуу жана чектөөлөрдү карманып бажылык чек ара аркылуу жана (же) бажылык процедуралардын алдында жылдырылат.

Бажылык контроль бажылык Кодекстин 311 - беренесинде аныкталган контролдун объектерине карата, бажылык контролду камсыз кылган бажылык контролдун формаларын жана (же) чараларын колдонуу менен жүргүзүлөт.

Бажылык контролду камсыз кылган бажылык контролдун формаларын жана (же) чараларын колдонгон бажылык контролдун тартиби Кодекс менен аныкталат, ал эми Кодекс менен жөнгө салынбаган бөлүгүндө же ал менен каралган учурларда - Кыргыз Республикасынын бажылык иштер сферасындагы мыйзамдырга ылайык жөнгө салынат.

Бажылык контролду жүргүзүүдө, бажылык органдар тандап алуу принцибине таянып жана бажылык контролдун эл аралык келишимдерин, жана Кыргыз Республикасынын бажылык иштер сферасындагы бажылык жөнгө салуу актыларынын, мыйзамдарынын сакталышын камсыз кылган жана ага жетиштүү болгон формалары менен чектелишет.

Бажылык контролду камсыз кылган бажылык органдар бажылык контролдоону жүргүзүүнүн формаларын жана (же) чараны тандап алууда, бажылык контролдун убагында декларанттарга, ташып өтүүчүлөргө же башка тараптарга, товарды сактоого, унаа каражаттын курулай туруп калышына, товарды чыгаруу мөөнөтүнүн узарып кетишине байланышкан, эгерде бул бажылык иштер сферасындагы олутту бузууларды айкындоо жана ага бөгөт коюу, жана алар боюнча жетиштүү толук чечим кабыл алуу менен байланыш өзгөчө жагдай болбосо, зыян келтирбеш үчүн маалыматты алдын ала серептеп, бажылык контролдун техникалык каражаттарын колдонушат,

Бажылык контролдун объектин, бажылык контролду камсыз кылган бажылык контролдоону жүргүзүүнүн формаларын жана (же) чараны тандап алууда тобокелдикти (күтүлбөгөн натыйжыларды) башкаруу системасы колдонулат.

Бажылык контроль, бажылык контролду жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу бажылык органдын кызматтагы тараптары аркылуу кызматтык милдеттерине (функцияларына) ылайык жүргүзүлөт.

Бажылык контроль Кодекстин 14 - беренесине ылайык товарлардын бажылык контролдун астында болгон мөөнөтүндө жүргүзүлөт.

Бажылык жөнгө салууну жакшыртуу жана бажылык жөнгө салуу сферасындагы эл аралык долбоорлорду, актыларды эл алдында ачык талкуулоо максатында бажылык органдар кеңешчи мүнөздөгү расмий катнаштарды колдойт жана тышкы экономикалык катнаштардын катышуучулары, ыйгарым укуктуу экономикалык операторлор, бажылык контроль сферасында ишмердик жасаган тараптар менен жана алардын ассоциациялары жана бирикмелери менен биргеликте аракеттенишет,

Кеңешчи мүнөздөгү расмий катнаштарды орнотуп жана аны алып барууга, бажылык аргандар менен тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучуларынын ортосундагы бажылык контролдун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында, ыйгарым укуктуу экономикалык операторлор, бажы органдарынын алдындагы бажы сферасында ишмердик жасаган тараптар, алардын ассоциациялары жана бирикмелер кеңешчи органдарды түзө алышат жана ушундай биргелешкен аракеттерди жөнгө салган документтерди кабыл ала алышат.

ЕАЭБ БК 7 - беренесинин 2 - бөлүгүнө ылайык тарифтик эмес жөнгө салуу чараларын карманууу, алардын ичинде бир тараптуу киргизилүүчү жана техникалык жөнгө салуу чаралары, Комиссия аныктаган же Биримдик жөнүндөгү Келишимге ылайык мүчө - өлкөнүн мыйзмадары менен аныкталган учурларда такталат, ал эми экспорттук контролдун чаралары, анын ичинде аскердик максаттагы продукцияга катнашы бар, мүчө - өлкөнүн мыйзамдарына тиешелүү, документтерди берүү жана (же) мындай чараны карманууну тактаган маалымат,

Бул ченемди карманууу ЕАЭБ БК аныктаган бажылык процедуралардын астында жайгаштырылган товарларга тиешелүү.

Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген мыйзамына ылайык контролдонгон продукцияны экспорттоо, импорттоо жана реэкспорттоону алдын ала караган тышкы экономикалык операциялар милдеттүү түрдө лицензиялоого жатат.

Ушуга байланыш, бажылык органдан экспорттук контролду берилген товардык - унаалык документтердин негизинде ишке ашырышат, ошондой эле ыйгарым укуктуу органдын лицензиялары (контролдонгон продукциянын экспортуна, импортуна жана реэкспортуна) - КР Экономика Министрлиги.

Белгилөө кажет, экспорттук контроль системасында бажылык операциялар жана бажылык контроль менен контролдонгон товарды жана технологияларды мыйзамсыз чыгарууну токтотуунун акыркы чеги катары каралат.

Евразиялык экономикалык Биримдикте (мындан нары-Биримдик)- бирдиктүү бажылык жөнгө салуу ишке ашырылат, товарлардын Биримдиктин бажылык чек арасы аркылуу өтүү тартибин жана шарттарын, алардын Биримдиктин бажылык аймагында же андан сырткары болушу, колдонулушу, товардын Биримдиктин бажылык аймагына келишине байланыш бажылык операциялардын ишке ашырылышы, алардын Биримдиктин бажылык аймагынан кетишине, товардын убактылуу сакталышына, алардын бажылык жарыяланышына жана чыгарылышына, башка бажылык операциялар, бажылык төлөмдөрдүн тартибине, атайын, антидемпингдик, компенсациялык пошлиналар жана бажылык контролду жүргүзүүгө, ошондой эле бажылык органдар менен товарга ээ болуу, колдонуу жана (же) укугун Биримдиктин бажылык аймагында же андан сырткары ишке ашырып аткан тараптар ортосунда бийликтик катнашты регламентке салуу.

Биримдикте бажылык жөнгө салуу бажылык укуктук катнаштарды жөнгө салган эл аралык келишимдердин, ЕАЭБ БК кошо (мындан нары - Кодекс), жана Биримдиктин укукгун түзгөн актылар (бажы сферасын жөндөгөн эл аралык келишимдер, актылар), ошондой эле Евразиялык экономикалык Биримдик жөнүндөгү 2014 - жылдын 29 - майдагы Келишимге ылайык.

Биримдиктин бажылык аймагы деп - мүчө - мамлекеттердин аймактары эсептелет, ошондой эле мүчө болгон мамлекеттердин өзгөчө юрисдикцияга ээ болгон чек арасынан сырткары жайгашкан аралдар, имараттар, түзүмдөр жана башка объектер.

Кодекстин 9 - беренесине ылайык Биримдиктин бажылык аймагы аркылуу товарладын жылдырылышы, Кодекске ылайык бажылык контролго жатат.

Биримдиктин бажылык аймагы аркылуу товарларды жылдыруу Биримдиктин товарларды бажылык аймагынын жылдыруу орундары аркылуу (мындан нары- пункттары) ишке ашырылат.

Биринчи кезекте белгилей кетиш керек, товарларды бажылык чек ара аркылуу жылдырган учурда, Кодекстин 11 - беренесине ылайык алдын ала долбоорлонгон жылдыдырууга товарлар жөнүндө маалыматты берүү кажет. Мындай маалыматты тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучусу (мындан нары - ТЭИ катышуучусу) бажы органга белгиленген жылдыруу убакытынан кеминде 2 саат мурда багыттап жиберүүгө милдеттүү.

Алдын ала берилүүчү маалыматтын курамы, маалыматты берүүнүн тартиби жана мөөнөттөрү, товарларды ташып жүрүүчү унаалардын түрүнө карата, Евразиялык экономикалык Комиссия тарабынан бажы органдарына маалыматты берүүгө милдеттүү же ага укугу бар тараптар анакталат, жана дагы бажы органынын мындай маалыматты колдонуу максаттары курамга кирет.

Тактоо ирээтинде:

Бажылык биримдиктин Комиссиясынын 09.12.2011 - жылдагы №899 «Бажылык Биримдиктин аймагына автоунаа менен ташылып келүүчү товарлар тууралуу милдетүү алдын ала маалымдоону киргизүү жөнүндө» - деген Чечими;

Евразиялык экономикалык Комиссиянын 17.09.2013 - жылдагы N 196 «Бажылык Биримдиктин аймагына темир жол унаасы менен ташылып келүүчү товалар тууралуу милдетүү алдын ала маалымдоону киргизүү жөнүндө» - деген Чечими;

Евразиялык экономикалык Комиссиянын 01.12.2015 жылдагы N 158 «Бажылык Биримдиктин аймагына аба жолдор унаасы менен ташылып келүүчү товарлар тууралуу милдетүү алдын ала маалымдоону киргизүү жөнүндө» - деген Чечими;

Бажылык Биримдиктин аймагына товарларды Кыргыз Республикасынын пункттары аркылуу ташылып кирүүчү товарлар тууралуу милдеттүү алдын ала маалыматты КРӨ алдындагы БКнын customs.kg. расмий сайтында берсе болот.

Товарлардын өткөрүү пунктка келиши менен ташып жүрүүчү тарап бажы органды Биримдиктин бажылык аймагына товарлардын келгени тууралу Кодекстин 89-беренесине ылайык документтерди жана маалыматты берүү жолу менен кабарлашы кажет.

Келгени тууралу маалымдоонун жыйынтыгы менен Кодекстин 83- беренесинде көрсөтүлгөн ташып келүүчү же башка тараптар, бажы органды келүү тууралуу маалымдагандан кийинки 3 сааттын ичинде, төмөндөгүлөр менен байланышкан бажылык операциялардын бирин ишке ашырууга милдеттүү:

1) товарларды убактылуу жайга сактоого жайгаштыруу менен;

2) товарлар келген (унаа менен) жайдан убактылуу сакталчу жайга ташуу менен;

3) товарларды бажылык жарыяланышы менен;

4) порттук ЭЭЗнын же логистикалык ЭЭЗнын аймагындагы эркин бажылык зонанын бажылык процедурасынын алдына товарларды жайгаштыруу менен;

5) Биримдиктин бажылык аймагынан товарларды ташып чыгуу менен.

Товарларды убактылуу сактоого жайгаштыруу Кодекстин 16 - бөлүмүнө ылайык ишке ашырылат.

Кыргыз Республикасынын автоунаа өтүүчү пунктарында товарларды убактылуу сактоочу жана жарыяларды жасоочу жайлардын жоктугун эске алып, товарлар жүктөлгөн унаа каражаттары бажылык формало жасоочу жайларга бажылык процедурага «бажылык транзит» жолу менен багытталат.

Тактоо ирээтинде:

Бажылык процедурага товарларды «бажылык транзит» жолу менен жайгаштыруунун шарттары жана тартиби Кодекстин 22 - бөлүмүндө аныкталган.

Товарлардын бажылык формалоо ордуна келип жана «бажылык транзит» - деген бажылык процедуранын аякташы менен, берилген товарларды чыгаруу менен байланышкан бажылык операцияларды жүргүзүү үчүн убактылуу сакталуучу кампага жайгаштырылат:

- товарларды бажылык процедуралардын алдына жайгаштыруу жолу менен товарларды бажылык жарыялоо;

- же болбосо товарларды убактылуу сактоого калтыруу, Кодекстин 16 - бөлүмүнө ылайык ишке

ашырылат жана ал убактылуу сактоого жайгаштырылгандан баштап 4 айдан ашык болбошу керек;

Бажылык жарыялоо деп төмөндөгүлөрдү түшүнүш кажет:

«бажылык жарыялоо» - товарларды чыгарууга кажеттүү товарлар тууралуу маалыматтарды, тандалып алынган бажылык процедура жана (же) башка маалыматтарды бажылык жарыялоо менен бажылык органга арыз берүү.

Бажылык жарыялоо Кодекстин 17- бөлүмүнө ылайык бажылык жарыя берүү жолу менен ишке ашырылат.

Бажылык жарыя деп төмөндөгүнү түшүнүш кажет:

«бажылык жарыя»- товарларды чыгарууга кажеттүү, товарлар жөнүндө маалыматты жана башка кабарларды камтыган бажылык документ.

Ошол эле учурда бажылык жарыялоо менен катар бажылык органга Кодекстин 108 - беренесинде каралган документтерди бериш кажет.

Биримдиктин бажылык аймагында товарлардын болушуна жана колдонулушуна, алардын Биримдиктин бажылык аймагынан ташып чыгарылышына жана (же) Биримдиктин бажы аймагынан сырткары жайгаштырылышына, колдонулушуна көз каранды Кодекстин 127-беренесине ылайык бажылык процедуралардын астына жайгаштырылат.

Жарыялоочу (товарга ээ же аны колдонуучу тарап) товарды бажылык жарыялоо жолу менен алар тууралуу арыз берип, Кодексте каралган бажылык процедураны тандап алууга укуктуу.

Бажылык процедуралардын маңызы жана бажылык процедуралардын колдонуу тартибин жөндөгөн жоболору, буга кошо товарлардры бажылык процедуралардын астына жайгаштыруу, мындай жайгаштыруудан кийин бажылык процедурага ылайык товалардын колдонуу шарттары жана тартиби, бажылык процедуралардын аракетинин аякташы, токтотулушу, токтотулуп турушу жана кайрадан жандандырылыш шарттары жана тартиби, ошондой эле бажылык процедуралардын астына жайгаштырылган (жайгаштырылуучу) товарларга же бажылык процедураларды колдонуунун натыйжасында алынган, даярдалган(алынган) товарларга тиешелүү бажылык пошлиналарды, салыктарды, атайын антидемпингдик, компенсациялоочу пошлиналарды төлөө милдетинин жаралыш жана токтотулуш жагдайлары, Кодекстин IV бөлүгүнүн тиешелүү бүлүмдөрү менен аныкталат.

Жарыя берүүчү бажылык жарыяны берип жаткан учурунда бажылык орган тарабынан бажылык контроль Кодекстин VI бөлүгүнө ылайык жүргүзүлөт

Чыгаруу менен байланышкан бажылык операциянын аякташы менен бажылык контролдун жыйынтыгы боюнча, бажылык органдар Кодекстин 18 - бөлүмүнө ылайык товарларды чыгарууну ишке ашырышат.

Берилген справочниктин максаттары үчүн төмөндөгү негизги түшүнүктөр колдонулат:

Тышкы экономикалык ишмердик - тышкы соода, инвестициялык, брокердик жана башка ишмердик, буга кошо чийки заттар жана материалдар, жабдыктар жана технологиялар, илимий-техникалык мааламаттар, жумуштар жана кызмат көрсөтүү менен, акыл-эс ишмердигинин натыйжалары жана анын ичинде аларга өзгөчө ээлик кылуу укугу (интеллектуалдык менчик) менен эл аралык алмашуу жаатындагы өндүрүш кооперациясын уюштуруп ишмердик жасоо;

Экспорт жана импорт - Кыргыз Республикасынын аймагына контролдонгон продукцияны ташып кирүү жана аймагына ташып чыгуу. Кыргыз Республикасынын аймагынан жана анын аймагына маалыматтык - коммуникациялык технологияларды, техникалык каражаттарды колдонуу аркылуу технологияларды өткөрүп берүү дагы экспортко (импортко) барабар деп таанылат;

Реэкспорт - мамлекеттин чегинен сырткары жакта өндөрүлгөн, Кыргыз Республикасынын аймагына мурда киргизилген жана кайра иштетилбеген контролдонгон продукцияны экспорттоо;

транзит - ташылышы (унаа менен) Кыргыз Республикасынын аймагынан башталып (Кыргыз Республикасынын аймагына конбой учуп өтүүчү эл аралык транзиттик аба кемелеринин учуусунан башка) Кыргыз Республикасынын аймагынын сыртында аякталуучу контролдонгон продукцияны Кыргыз Республикасынн аймагы аркылуу жылдыруу;

бажылык процедура - Биримдиктин бажылык аймагында же андан сырткары аймакта товарлардын колдонулуш шарттарын жана тартибин аныктоочу бажылык жөнгө салуу максаттары үчүн колдонулуучу нормалардын тутуму;

бажылык операциялар – бажылык жөнгө салуу сферасындагы эл аралык келишимдер жана актылар жана (же) мүчө - мамлекеттердин бажылык жөнгө салуу жөнүндөгү мыйзам - ченемдерине ылайык тараптар менен бажы органдары ишке ашыруучу иш - аракеттер;

Евразиялык экономикалык биримдиктин тышкы экономикалык ишмердигинин бирдиктүү товардык номенклатурасы (ТЭИТН)- таварды тарифтик жөнгө салуу максатында товарларды классификация жасоого колдонулуучу товарларды сүрөттөп жазуу жана коддоштуруу, ташып чыгаруунун бажылык пошлиналары, тыюу салуу жана чек коюу, ички базарды коргоонун чараларынын бажылык статистиканы алып балуу **системасы**.

Тышкы экономикалык ишмердиктин товардык номенклатурасынын эл аралык негизи бул - дүйнөлүк бажылык уюмунун товарларды сүрөттөп жазуу жана коддоштуруунун Шайкештирилген системасы жана көз каранды эмес Мамлекеттердин Шериктештигин тышкы экономикалык ишмердигинин Товардык номенклатурасы.

Бажы кодекси

ЕАЭБ http://www.consultant.ru/document/cons_doc_LAW_215315/

КР «Бажылык жөнгө салуу жөнүндө "- деген мыйзамы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/111908?cl0ru-ru

КРӨ алдындагы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/90414/90?modeөtekst

Эл аралык кызматташтык АКШнын Мамлекеттик департаментинин Кыргыз Республикасындагы EXBS программасы

2008 - жылы 15 - августа «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен АКШ нын өкмөтүнүнүн ортосунда ядролук жана башка радиактивдүү материалдардын мыйзамсыз соодада айлануусуна жол бербөөгө тиешелүү Меморандум» кабыл алынып ага кол коюлган.

АКШнын Мамлекеттик департаментинин «Экспорттук контроль жана чек аралардын коопсуздугу» (ЭКЧК) Программасынын Кыргыз Республикасындагы максаты, экспорттук контролдун, лицензиялоонун эффективдүү системасынын калыптанышына көмөк көрсөтүү; ички фирмалык контролдун системасын түзүү, алдыңкы куралдык технологиялар жана кош максаттагы материалдар боюнча адистерди даярдоо; чек арада ЖККны аткезчиликти ачыкка чыгаруу жана токтотуу; ЖКК менен жасалган кылмыш иштерин изилдөөнүн жана аны токтотуунун заманбап ыкмаларын окутуп үйрөтүү; «материалдык эмес» өткөрүп берүүлөрдүн системасына тыюу салуу.

Бул Меморандумдун алкагында 2010-2014 жылдары «Коргонуунун экинчи сызыгы» Программасы менен АКШнын Энергетика министрлиги тарабынан Радиациялык порталдык мониторлор төмөндөгү өткөрүү пункттарына орнотулган (мындан нары РПМ)

- «Ак-Тилек - автодорожный»;
- «Ак-Жол - автодорожный»;
- «Чалдыбар - автодорожный»;
- «Чон-Капка - автодорожный»;
- «Достук - автодорожный»;
- «Кызыл-Кия - автодорожный»;
- «Кызыл-Бель - автодорожный»;
- «Кайрагач - автодорожный»;
- «Кара-Балта» - темир жол станциясы;
- «Кызыл-Кия - темир жол станциясы»;
- «Манас» аэропорту ;
- «Ош» аэропорт ;
- Окууга - адистештирилген бажы.

Кыргыз Республикасынын ЕврАзЭС ке киришинин алкагында казак - кыргыз чек арасындагы өткөрүү пункттарындагы радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча функция Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара Кызматтына өткөрүлүп берилген.

2018 - жылда АКШнын Энергетика Министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындоо жана ага каршылык көрсөтүү Программасын ишке ашыруунун алкагында радиациялык контролду Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасындагы пункттарда ишке ашыруу үчүн аракетке киргизилген Кыргыз Республикасынын бажы жана башка мамлекеттик ведомстволорунун кызматчылары үчүн төмөндөгүдөй иш - чаралар өткөрүлгөн:

АКШнын Энергетика министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындап жана ага жол бербөө Программасынын алкагында радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча Семинарда КР мамлекеттик чек ара кызматтынын жана КРӨнын алдындагы экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча Мамлекеттик инспекциянын кызматчылары, 2018 - жылы 10 – 11 - апрелде 19 адам, 2018 - жылы 12-13 - апрелде 30 адам окутулган.

АКШнын Энергетика министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындап жана ага жол бербөө Программасынын алкагында радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча инструкторлор жана операторлордун негизги курсу, КРӨнын алдындагы ЭТБМИнин кызматчылары үчүн 2018 - жылдын 30 - апрель менен 4 - май аралыгында 15 адам окутулган;

«АКШнын Энергетика министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындап жана ага жол бербөө Программасынын алкагында Кыргыз республикасынын чек арасында радиациалык контролду ишке ашыруу үчүн аракетке киргизилген мамлекеттик органдар жана мекемелер (КР нын АСК жана ТЧ МА, ЭТБМИ, КРнын МЧАК, КРнын СМ) үчүн реакция жасоонун стандарттык операциялык процедураларын иштеп чыгуу» Семинарында 2018 - жылы 9 - июлда 10 адам окутулган;

Радиактивдүү булактардан сактануу жана физикалык коргоо жаатындагы маалыматтуулукту

жогорулатуу маселелери боюнча семинар КРнын АСК жана ТЧ МА, ЭТБМИ, КРнын МЧАК, КРнын СМ кызматчылары үчүн өткөрүлгөн семинарда 2018 - жылы 14-17 августа 10 адам окутулган;

АКШнын Энергетика министрлигинин каралашуусунун астында өткөрүлгөн Региондор аралык «Ядролук материалдарды ачыкка чыгаруу жана аткезчиликке жол бербөө» - деген семинар.Таджикистан Республикасынын, Исламдык Ирак Республикасынын кызматчылары, 2018 - жылы 11 - 14 сентябрда 10 адам окутулган;

Кыргыз Республикасынын бажы органдарынын кызматчылары өчөн тереңдетилген окутуу курсу (инструкторлор үчүн), Оперативдик бажынын негизинде радиациалык контролду ишке ашыруу боюнча 2018 - жылы 23 - 27- апрелде 9 адам окутулган;

Түштүк-батыш бажынын негизинде радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча Негизги курс, 2018 - жылы 25 – 27- апрелде19 адам окутулган;

«Нарын» бажысынын «Торугарт» ө\п негизиндеги сырт жакка чыгып окууда, 2018 - жылы 8 - 9 апрелде 8 адам окутулган.

Бул программанын алкагында 2018 - жылы 8 иш-чара өткөрүп, аларда окутулган башка мекемелердин кызматчыларынын жалпы саны - 94 адам, Кыргыз Республикасынын бажы органдарынын окутулган кызматчыларынын жалпы саны - 36 кызматчы.

Мында белгилеп кетүү кажет, 2019 - жылы төмөндөгүдөй иш - чараларды өткөрүү долбоорлонууда:

- АКШнын Энергетика министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындап жана ага жол бербөө Программасынын финансылык колдоосунун алдында Кыргыз Республикасынын бажы органдарынын кызматчылары үчүн радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча ЦСТО программасы боюнча тажрыйбалык сыртта жакка чыгып окуу;

- АКШнын Энергетика министрлигинин ядролук материалдардын аткезчилигин айкындап жана ага жол бербөө Программасынын эксперттерин тартуу менен, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасындагы өткөрүү пунктарында радиациялык контролду ишке ашыруу үчүн аракетке киргизилген башка министрликтер менен мекемелердин башка кызматчылары үчүн «Штабдык - талаалык тажрыйбалык окутуу» регионалдык иш - чараны 3 - кварталда өткөрүү.

Ошондой эле, РКӨнын 2015 - жылы 23 - марттагы №113 - р Көрсөтмөсүнүн аткарылышына, КР МБК менен АКШ Юстиция министрлигинин баңги заттар менен күрөшүү башкармалыгынын (мындан нары - DEA) ортосундагы меморандумга кол коюлган.

Башкы максаттары - баңги заттардын мыйзамсыз айланышына байланышкан маалымат менен алмашуу, аны ачыкка чыгаруу, эскертүү жана баңги заттардын мыйзамсыз айлануусуна тартылган кылмыштуу уюмдардын, топтордун же жеке тараптардын ишмердигине жол бербөө боюнча кажеттүү чараларды кабыл алууда өз ара жардамдашуу, практикалык тажрыйба менен алмашуу, конференциялар, тренингдер жана семинарлар.

БУУнун БКБ жана Дүйнөлүк бажы уюмунун контейнердик ташууну контролдоо боюнча (КТКБ) Глобалдык Программа - Борбордук Азия жана Азербайджан.

п/п	Көрсөткүчтүн аты	
1	Долбоордун аты	Бириккен Уулуттар Уюмунун Баңги заттар жана кылмыштуулук боюнча башкармалыгынын регионалдык Борбордук Азия боюнча өкүлчүлүгүнүн БУУнун БКБ жана Дүйнөлүк бажы уюмунун контейнердик ташууну контролдоо боюнча (КТКБ) - Борбордук Азия жана Азербайджан. Глобалдык программасынын алкагында
2	арыз ээсинин/аткаруучу агенттиктин аты	Кыргыз Республикасынын алдындагы Мамлекеттик бажы кызматы
3	донордун/эл аралык уюмдун аты	Бириккен Уулуттар Уюмунун Баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча Кыргыз Республикасындагы башкармалыгы
4	Долбоордун ишке ашыруу орун жайы	Борбордук Азия (Кыргызстан, Таджикистан, Узбекистан, Казахстан, Туркменистан) жана Азербайджан

5	Долбоордун жалпы наркы/компоненттер жана сарптоо категориялары боюнча	-
6	Келишимдин кол коюу датасы	2015 - жыл, декабрь
7	Долбоордун ишке ашыруу мөөнөтү	2015 - жыл, декабр - 2018 - жылдын аягы. 2022 - жылдын аягына чейин узартылган
8	Долбордун максаттары жана маселелери	- Контейнердик ташуу аркылуу ишке ашырылуучу эл аралык сооданын коопсуздугун бекемдөө, улуттар аралык уюшулган кылмыштуулуктун жана башка мыйзамсыз ишмердиктердин көрүнүштөрүнүн баңги заттарды мыйзамсыз айландыруу үчүн контейнерди колдонуусунда - ДБУ, БУУ БКБ техникалык жана башка эсперттерди тартуу жолу менен бажы органдарынын кызматчыларынын квалификациясын жогорулатуу,
9	Ченемдик укуктук актылар, анын ичинде проектин ишке ашырылышы алды ала болжолдонуучу стратегия жана программалар.	Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министрлиги менен 2015 - жылы декабрда макулдашылган БУУнун БКБнын нотасы.
10	Долбоордун компоненттери	- Бажы кызматтынын кызматчыларынан порттук контролдун эки тобун түзүү; - ПКТ жайгашкан орундарды жабдуу; - ПКТны окутуу; - Устатчылыктын жана үзгүлтүксүз окутуунун программасы; - Башка катышуучу өлкөлүрдүн ПКТлары арасында маалыма менен ыкчам алмашуу
11	Болжолдонгон иш-чаралар	- ПТК нын техникалык муктаждыгын жана жайгашкан оордуна баа берүү; - Окуу семинарларын уюштуруу (теоретикалык,практикалык, жогорулатылан деңгээлдеги жана устаттчылык программанын сунушу боюнча); - ПКТ ContainerCOMM системасынын ПКТга жеткиликтүү болушун камсыздоо; - ПКТ үчүн контейнерлерди профилдөө боюнча тиешелүү тажрыйбалары бар бажылык формалоочу орундарга жана өткөрүү пункттарына таанышуу жүрүштөрүн уюштуруу.
12	Максаттуу топтор, анын ичинде негизги пайда алуучулар	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик Бажы кызматы
13	Акыркы натыйжанын көрсөткүчтөрү	- ПКТ тобокелдикти баалоого, серептөөгө жана башка мыйзамсыз ишмердикти алдын алуунун жана токтотуунун заманбап ыкмаларын үйрөтөт; - ПКТ өз функциясын аткарып аткан өлкөлөр арасында маалыматтарды жылдыруу жана аны менен алмашууну жакшыртуу; - К+П кызматчылары тарабынан тобокелдике баа берүү сыяктуу алдыңкы заманбап технологияларды колдонуу аркылуу максатка багытталган чаралар ведомстволор аралык кызматташуу аркылу иштелип чыгарылат; - ContainerCOMM бажылык укук коргоочу түйүнүнүн жана контейнердик ташуу системасынын алкагында өздөштүрүү жана аспаптарды колдонуу жана маалыматты жыйноо жана серептөө механизмдерин ишке киргизүү.
14	Бирге каржылоо/салым кыргыз тарап	-
16	Долбоордун учурдагы абалы/ ишке ашыруунун жүрүшү	Ишке ашыруу стадиясында

2019 - жылдын 22-25- октябрында Кыргыз Республикасында, Арал айылында “Борбор Азия Республикларынын бажы жана лицензия берүүчү органдары үчүн экспорттук контроль боюнча регионалдык жолугушуу ” – болуп өттү. Жолугушуу Кыргыз Республикасы менен Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун (ЕККУ) программалык офиси тарабынан уюштурулду.

Аймактык жолугушуунун максаты экспорттук контрол жаатындагы улуттук тажырыйба, лицензиялоо жана уруксат берүү системасын ишке ашыруудагы жана чек-арадагы текшерүүдөгү(бажыдагы) эффективдүү ыкмалар менен бөлүшүштү. Жолугушууда мындан наркы чараларды аныктап, экспорттук кондролдун региондогу чараларын жакшыртууда прогрессивдүү жетишкендиктер болду.

2.7. Кыргыз Республикасында радиациялык жана ядролук коопсуздукту камсыз кылуу

Эгерде Кыргыз Ресубликасынын мыйзамдары, аракеттеги нормалары жана санитардык эрежелер менен бекитилген радиациялык коопсуздук боюнча негизги принциптер(негиздеме, оптимизациялоо, нормалоо) жана ага болгон талаптар сакталса, кызматкерлердин, элдин жана айлана-чөйрөнүн радиациялык коопсуздугу камсыздындырды деп эсептелет.

Кыргыз Ресубликасынын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу жаатындагы мыйзам ченемдери 1999 - жылдын 17 - июнда кабыл алынган №58 “Кыргыз Республикасынын жарандарынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө” -деген мыйзамдан, 2011 - жылы 29 - ноябрдагы №224 “Радиациялык коопсуздк жөнүндө” - деген Техникалык регламенттен жана башка ченемдик жана укуктук актылардан турат(КРӨ нүн 2003 - жылы 6 - июндагы №329 “Кыргыз Республикасынын санитардык - эпидемиялогилык кызматтары тарабынан элдин санитардык-эпидемиялогилык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча санитардык -эпидемиялогиялык контролдоо жөнүндө” - деген токтому, КРӨ нүн 2011 - жылы 26 - октябрдагы №674 “Кыргыз Республикасынын чек арасындагы пукттарда радиациялык котролду жүргүзүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө” - деген токтому, КРӨ нүн 2011 - жылы 16 - майдагы №225 “Кыргыз Республикасынын коомдук саламаттыкты - сактоо жаатындагы ченемдик жана укуктук актыларды бектүү жөнүндө” - деген токтому).

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө” -деген мыйзам жарандардын радиациялык коопсуздугу жаатындагы коомдук катнаштарды, алардын ден соолуктарын иондошкон нурдануунун зыяндуу таасиринен коргоо максатында радиациялык коопсуздуктун негизги принциптерин аныктайт.

«Радиациялык коопсуздук жөнүндө» - деген Техникалык регламент адамдардын ден соолуктарын, алардын жашоосун, айлана-чөйрөнү иондошкон нурлануунун зыяндуу таасиринен коргоо максатында колдонулат жана радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн анын талаптарын, иондошкон нурлануун булактарын негиздүү, пайдалуу жана коопсуз колдонууга шарт түзүү максатында орнотот.

Техникалык регламенттин аракети, Кыргыз Республикасынын аймагында ишке ашырылып жаткан радиациялык объектерди долбоорлоо, куруу жана эксплуатациядан чыгаруу процестерине, радиактивдүү заттарды жана иондошкон нурлануунун башка булактарын казып алуу, өндүрүү, сактоо, колдонуу, транспорттоо, кайра иштетүү, көмүү, жана иондошкон нурдануунун колдонгон приборлорду, түзүмдөрдү жана аппараттарды монтаждоо, ремонттоо жана орнотуу, жана иондошкон нурдануну генерация жасаган түзүмдөргө тарайт.

Кыргыз Республикасы катышуучу болгон, мыйзамдуу тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле радиациялык коопсуздук жаатындагы жалпы таанылган эл аралык укуктун принциптери жана ченемдери Кыргыз Республикасынын укуктук системасынын түзүүчү бөлүгү болуп саналат.

“Кыргыз Республикасынын жарандарынын радиациялык коопсуздугу жөнүндө” - деген Кыргыз Респуликасынын мыйзамы менен мамлекеттик органдардын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы ыйгарым укуктары аныкталган, ошондой эле иондошкон нурдануунун булактары менен иштөөдө радиациалык коопсуздуктун абалына баа берүү жана радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча жалпы талаптар бекитилген.

Иш-чараларды долбоорлоо жана аларды ишке ашыруу үчүн, ошондой эле радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эл аралык келишимдердеги милдеттенмелерди аткаруу максатында улуттук жана регионалдык программалар иштелип чыгарылат.

Көрсөтүлгөн Мыйзамга ылайык:

1. Ыйгарым укуктуу органдардын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы өзгөчө кырдаалдар боюнча компетенциясына кирет:

1) радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасында өлкөлүк программаларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу;

2) потенциалдуу радиациялык булгануу боло турган объектердин радиациялык коопсудугунун абалына эксперттик баа берүү;

3) радиациялык авария коркунучу жаралган учурда ыкчам аракеттерди уюштуруу жана аны жүргүзүү;

4) тиешелүү аймактарда радиациялык авариянын кесепеттерин жок кылуу боюнча чараларды ишке ашыруу;

5) тиешелүү аймактагы жашаган элдерге радиациялык жагдай тууралуу маалымат берүү;

6) өзгөчө абалдар боюнча ыйгарым укуктуу органдын карамагындагы таштандылар сакталган куйруктарды жана тоо урандыларын реабилитация жасоо боюнча программаларды радиациялык коопсуздуктун эл аралык критерийлери менен иштеп чыгуу;

7) радиациялык коопсуздук сферасында эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу жана эл аралык келишимдердеги милдеттенмелерди аткаруу.

2. Радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы ыйгарым укуктуу органдын саламаттыкты сактоо жаатындагы компетенциясына кирет:

1) радиациялык коопсуздукту камсыздоо сферасындагы өлкөлүк программаларды иштеп чыгууга жана аны ишке ашырууга катышуу;

2) иондошкон нурдануунун булактары менен иштөө эрежелерин жана гигиеналык ченемдердин тиешелүү ченемдик - укуктук актыларды иштеп чыгуу;

3) тиешелүү аймактардагы радиациялык авариянын кесепеттерин жок кылуу боюнча чараларды макулдашуу;

4) тиешелүү аймактардагы радиациялык жагдай менен шартталган саламаттыктын абалы менен элдерди маалымдоо;

5) тиешелүү аймактардагы радиациялык жагдайды контролдоо жана эл алган нурдануунун дозасын эсепке алуу;

6) Кыргыз Республикасынын аймагындагы таштанды сакталчу куйруктардын жана тоо урандыларынын абалын көзөмөлдөө.

3. Экология жаатындагы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы компетенциясына кирет:

1) радиациялык коопсуздукту камсыздоо сферасындагы өлкөлүк программаларды иштеп чыгууга жана аны ишке ашырууга катышуу;

2) айлана-чөйрөнүн радиактивдүү заттар менен булганышына мониторинг жасоо;

3) иондошкон нурдануунун булактарын өндүргөн, алардын ичинде коргоону маанисиндеги, жана колдонуучу, кайра иштетүүчү жана жараксыздандыруучу уюмду, мекемени тиешелүү аймагына жайгаштыруу боюнча чечим кабыл алууга катышуу;

4) тиешелүү аймактагы жашаган элди радиациялык жагдай жөнүндө маалымдоо;

4. Геология жана минералдык ресурстар жаатындагыы мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы компетенциясына кирет:

1) радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча сунуштарды ишке ашырууга көмөктөшүү;

2) долбоорлордун тоо профилиндеги иштеринин өндүрүш жана экология коопсуздугу бөлүгүнө экспертиза жасоо;

3) тиешелүү аймакка иондошкон нурдануунунн булагын кайра иштетүүчү, жараксыздандыруучу тоо-кен өндүрүш уюмун, мекемесин жайгаштыруу боюнча чечим кабыл алууга катышуу.

5. Радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасында көзөмөлгө алуу жана контролдоо боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын компетенциясына кирет:

1) радиациялык авариянын кесепетинен нурдануурга дуушар болгон элдерге жардам берүүнү контролдоо;

2) Кыргыз Республикасынын аймагында радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын аткарылышын контролдоо;

3) радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча ченемдик документтердин талаптарынын карманышын контролдоону ишке ашыруу;

4) таштандылар сакталган куйруктардын радиациялык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча иштелип чыккан иш-чаралардын аткарылышын контролдоо;

5) Кыргыз Республикасынын аймагындагы таштанда сакталчу куйруктардын жана тоо урандыларынын абалын көзөмөлдөө;

6) иондошкон нурдануунунун булактарын өндүргөн, алардын ичинде коргоонуу маанисиндеги, жана колдонуучу, кайра иштетүүчү жана жараксыздандыруучу уюмду, мекемени тиешелүү аймагына жайгаштыруу боюнча чечим кабыл алууга катышуу;

7) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар менен бирге радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасында контролду уюштуруу жана көзөмөлдөө маселелери боюнча эл аралык кызматташтыкты ишке ашыруу;

8) тиешелүү аймакка радиактивдүү материалдарды ташып кирүүнү, тиешелүү аймактан сыртка ташып чыгууну жана аны транзит жасоону контролдоо;

6. Жергиликтүү бийлик органдарынын радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу сферасындагы компетенциясына кирет:

1) радиациялык авария коркунучу келип чыккан учурда ыкчам иш-чараларды өткөрүү жана алардын кесепеттерин жоюу;

2) жеке жана юридикалык жактардын радиациялык нурлануу коопсуздугун камсыз кылуу сферасындагы ишмердигине түрткү берүү боюнча мамлекеттик саясатты ишке ашыруу;

3) ведомстволор алдындагы аймактарда радиациялык коопсудукту камсыз кылуу боюнча иш-чараларды уюштуруу;

7. Башкы иштери, сферасы боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктуу органдын компетенциясына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү аныктоочу тартипке ылайык Кыргыз Республикасынын чек арасынын өткөрүүчү пункттарында радиациялык контролду жүргүзүү кирет.

Ушинтип, коопсуздук үчүн жоопкерчиликти бир нече компетенттүү органдар көтөрүшөт жана тиешелүү мыйзамдарда ар бир органдын милдеттери жана функциялары так аныкталат жана өкмөт алардын иштерин координация жасап алардын байланыштарын камсыз кылып турат.

Берилген ыйгарым укуктар, тигил же бул тармактын ишмердигин жөндөгөн башка ченемдик актыларда конкреттелген жана өздөрүнүн уландысын тапкан.

Мына мисалга алсак, КРнын 2011 - жылы 26 - октябрдагы №674 “Кыргыз Республикасынын чек арасындагы пукттарда радиациялык контролду жүргүзүү боюнча Жобону бекитүү жөнүндө” - деген токтомуна ылайык, башкы органдары тарабынан Кыргыз Республикасынын чек арасындагы КРӨ тарабынан аныкталган жана туруктуу жабдуу - радиациялык контролдун порталдык монитору менен жабдыкталган өткөрүүчү пункттарда радиациялык контроль ишке ашырылат.

Адамдардын, товарлардын жана унаа каражаттарынын көрсөтүлгөн жабдуу менен жабдыкталбаган чек арадагы өткөрүү пункту аркылуу жылдырылса, радиациялык контролду, радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча саламаттыкты сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы, ага жүктөлгөн маселелерге ылайык ишке ашырат.

Мамлекеттик чек арадагы өткөрүү пункттар порталдык мониторлор менен жабдылышына жараша, радиациялык контролду ишке ашыруу боюнча ыйгарым укуктар, саламаттыкты сактоо жаатындагы ыйгарым укуктуу органы тарабынан, радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча бажы кызматтына, КРнын чечимине ылайык өткөрүлүп берилет.

Ошондой эле, КРнын 2003 - жылдын 6 - июндагы №329 «КР аймагында физикалык факторлордун булактарынын үстүнөн санитардык - эпидемиялогиялык контролду жүргүзүү тартиби тууралуу Жобону бекитүү жөнүндө» - деген токтомго ылайык физикалык факторлордун булактарынын үстүнөн санитардык - эпидемиялогиялык контролду Кыргыз Республикасынын мыйзамдары бекиткен тартипте аккредитацияланган орган же мекеме, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик санитардык-эпидемиялогиялык кызматы ишке ашырат.

КРнын 20.02.12 №136 - Токтому менен КРнын алдындагы Экология жана техникалык коопсуздук боюнча Мамлекеттик инспекция, өрт жана радиациялык, өндүрүштүк коопсуздукту, ошондой эле айлана - чөйрөнү жана токой чарбасын сактоону контролдоо жана көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн

(саламаттыкты сактоо секторундагы радиациялык коопсуздуктан башка).

Жогорудагы көрсөтүлгөн ченемдик жана укуктук актыларга ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары, КРнын аймагында жашаган чет элдик жарандар жана жарандыгы жок тараптар, радиациялык коопсуздукту камсыздандыруучу талаптарды карманууга жана радиациялык коопсуздукту камсыздандуруу сферасындагы ыйгарым укуктуу органдардын талаптарын аткарууга милдеттүү.

Радиациялык коопсуздуктун талаптарын аткарбаганга жана бузганга күнөөлүү тараптар КР нын мыйзамдары менен бекитилген административдик, жазыктык жана материалдык жоопкерчиликке тартылышат.

2.8. Кыргыз Республикасында биологиялык жана химиялык коопсуздукту камсыз кылуу

2.8.1. Кыргыз Республикасынын биологиялык коопсуздугунун негиздери

Биологиялык коопсуздукту камсыздоо -биологиялык жаратылыштагы агенттердин тамга таасиринин тобокелчилигин төмөндөтүүгө, укуктук ченемдерди карманууга, санитардык - гигиеналык эрежелерди, технологиялык жана уюштуруучулук – техникалык талаптарды карманууга багытталган чаралардын комплекси, ошондой эле адамдардын, үй- жаныбарларынын жана өсүмдүктөрдүн инфекциялык оорулар менен жугузулушуна жол бербөө, төмөндөтүү, азайтуу жана жок кылууга багытталган тиешелүү укуктук, санидардык - гигиеналык, санитардык - эпидемиялогиялык, уюштуруучулук- техникалык чаралардын комплексин өткөрүү.

Жоопкерчиликтүү мекемелер булар болушат: Улуттук Илимдер Академиясынын бардык институттары (Химия институту, Биотехнология Институтунун, КР ССМ алдындагы ИИИ (молекулярдык биология институту жана башка), КР Билим берүү жана илим министрлигинин департаментинин алдындагы ИИИ(КНИИВ жана башка), ЖОЖдор алдындагы тиешелүү лабораториялар кимдин карамагында экенинен көз карандысыз, КРнын алдындагы Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча Мамлекттик Инспекциянын түштүк жана түндүк региондору боюнча Ветеринардык диагностика жана экспертиза борборлорунун алдындагы бөлүмдөр жана лабораториялар, КР ССМ алдындагы Мамлекеттик көзөмөл департаментинин жана карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялар боюнча республикалык Борборунун тиешелүү бөлүмдөрү жана лабораториялары, «Алтын тамыр» ЖАКтын биофабрикасынын лабораториялары.

КР Саламаттыкты сактоо министрлигинин, КР Айыл чарба, кайра иштетүү өндүрүшү жана сугат министрлигинин, КРнын алдындагы Ветеринардык жана фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциянын тиешелүү буйруктарында адамдын жана жаныбарлардын өзгөчө коркунучтуу инфекциялары менен күрөшүү жана профилактика боюнча инструкциялар, жоболор, көрсөтмөлөр жана кеңештер, конкреттүү суроолор.

Биологиялык коркунучтарынын\коопсуздуктарынын маселелери эл чарбачылыгынын бардык аймактары үчүн актуалдуу:

- дары каражаттарынын коопсуздугу (химиялык жана биологиялык булгануу, фальсификация);
- тамак - аш продуктуларынын коопсуздугу (ПБА, ГМО);
- микробиологиялык лабораториялардын жана өндүрүштүн коопсуздугу;
- экологиялык коопсуздук (биологиялык көп түрдүүлүктүн өзгөрүшү, экологиялык теңдештүүлүктүн бузулушу, инфекциялардын жаңы резервуарларынын жаралышы);
- эпидемиялык коопсуздук;
- согуштук коопсуздук;
- биологиялык терроризмге каршылык.

Биологиялык коопсуздук - иштеген персоналды, элди жана айлана - чөйрөнү патогендик биологиялык агенттердин таасиринен коргоого багытталган медико -биологиялык, уюштуруучулук жана инженердик - техникалык иш - чаралардын жана каражаттардын системасы.

Биологиялык коркунуч - биологиялык жаратылыштагы агенттердин адамдардын\жаныбарлардын денсоолугуна жана өмүрүнө жасаган таасирине байланышкан коркунуч.

Б**иологиялык коргонуу** - микробиологиялык козгогучтарды жоготуудан, алардын уурдалышынан, максатсыз же атайын туура эмес колдонулушунан коргонуу.

Биологиялык агент - адамдардын, жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн инфекциясын, аллергиялык же токсикалык реакцияны жараткан бардык микроорганизмдер, генетикалык модификацияланган организмдерди кошо, клеткалык культуралар жана эндопаразиттер.

Коопсуздуктун маселелери:

- жарандарды (элдерди) жана айлана - чөйрөнү коргоо;

- персоналды коргоо;

- продукцияны коргоо (сапаты).

Биокоопсуздуктун, ошондой эле биокоркунучтун бурчка коюлуучу ташы бул- тобокелдиктерди баалоо.

Тобокелдиктерди баалоо - биокоопсуздуктун тажрыйбасынын негизи. Ошондуктан биокоопсуздук - бул, объекттин биотобокелдиктин таасиринен корголушунун деңгээли.

Тобокелдиктерди баалоонун негизги түзүүчүлөрү:

- эксперимент жүргүзүлө турган организмдердин өзгөчөлөнгөн мүнөздөмөлөрү;

- колдонуучу жабдуулар жана процедуралар;

- изоляциялаган жабдуулар жана каражаттар.

Биотобокелдикти эсепке алуунун негизинде биокоопсуздукту камсыздоонун этаптары :

- биотобокелдиктерди айкындоо;

- биотобокелдиктерди баалоо;

- биотобокелдиктерди башкаруу.

Республикада, учурда, глобалдык түшүнүүгө төмөнкүлөр кажеттүү :

- биокоопсуздук жаатындагы коркунучтарга жана тобокелдиктерге каршы турууга жалпы стратегияны иштеп чыгуу;

- ишеним чараларын бекемдөө процессинде, критикалык маанилүү элемент катары, биокоопсуздуктун бирдиктүү түшүнүгүн иштеп чыгуу;

- лицензиялоо, экспорттук контроль жана жаза укугунун маселелерин кошо, биокоопсуздук боюнча улуттук мыйзам ченемдерин айкалыштырууну жүргүзүү;

- биообъектерди, алардын ичинде коркунучтуу биопатогендердин музейдик культураларына ээ болгон уюмдарды кошо, физикалык коргоону жогорулатуу боюнча чараларды иштеп чыгуу;

- жаңы белгилүү жана жаңы пайда болуп аткан инфекциялык ооруларды глобалдык мониторинг жасаган системасын иштеп чыгуу;

- дүйнөлүк экономиканын мындан ары глобалдашуусуна жана биотехнологянын жана гендик инженериянын өнүгүүсүнө байланыш азыркы жана келечектеги кынтыксыз боло турган биокоркунучтарга каршы туруунун чараларын иштеп чыгуу жана жакшыртуу боюнча биргелешкен долбоорлордун санын көбөйтүү жана ага инвестиция тартуу;

- биокоопсуздук жаатындагы эл аралык кызматташтыктын, ишенимди бекемдөө жана айкындыкты камсыздоонун стратегиясын иштеп чыгуу максатында ар-кандай өлкөлөрдүн илимий институттарынын арасындагы байланыштарды кеңейтүү;

Жогоруда көрсөтүлгөндөрдүн негизинде, республикадагы орун алган, жок кылууну талап кылган кээ бир маселелерди чечүү кажет, ички лабораториялык жугузууну жана анын контаминацияларын кошо;

- биокоопсуздуктун үчүнчү жана төртүнчү деңгээлиндеги лабораторияларын уюштуруу кажетүүлүгү;

- кажеттүү диагностикумдарды, тест-системаларды, реактивдерди, материалдарды, атайын кийимдерди, алардын ичинде өзгөчө чукул окуяларда (өзгөчө коркунучтуу оорулардын чукул башталышы: чымчык же чочколордун сасык тумоосу, Эболл титиреги жана башка)

- бийик деңгээлдеги илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн заманбап лабораторлук жабдууларды сатып алуу, анын жарактуулугун текшерүү, колдоо жана калибирлөө;

- ветеринардык жана медициналык адистерди, лабораторлук жумушчуларды окутуу, аын квалификациясын жогорулатуу.

Учурда Кыргызстанда BSL-2 деңгээлде эле лабораториялар бар жана 2013 - жылы кана немис өкмөтүнүн колдоосу менен кургак учук оорусуна диагноз жасаган BSL-3 үчүнчү деңгээлдеги лаборатория ачылган.

Дүйнөлүк Банктын жана Канаданын Өкмөтүнүн колдоосу менен ветеринариялык Кыргыз илимий - изилдөө институтунда жана Республикалык ветеринардык диаганостика лабораториясында ремонт жасалган, шамалдатып тазалоочу түзүлүшүн жана HEPA фильтрлерин кошо ремонттогон-

дуктан лабораториялар BSL-2 статусун алышкан.

Лабораторияларда бир нече деңгээлдеги коопсуздук деңгээлдери бар: биринчиси - имараттын чыгышында, экинчиси - лабораторияларга кире бериште, кээ бирде бөлмөлөрдүн кээ бирине кирүү чектелгендиктен биокоопсуздуктун эрежеси боюнча, дүйнөнүн алдыңкы лабораторияларында кабыл алынгандай жетиштүү эмес.

Лабораторияларда молекулярдык деңгээлде илим - изилдөө иштерин жүргүзүүгө, ар кандай ыкмалар менен диагоностика жасоого кажеттүү жабдуулар жана биологиялык коргонуунун каражаттары бар.

Инфекциялык ооруларды өз убагында диагноз жасаган жана турукту микроорганизмдердин таркап кетишин токтотуп турууга, «КРнын ооруканаларынында инфекциялык контрол» долбоорунун (Швейцариянын кызыл айкашы) колдоосу астында «Жаңы башталгыч бактериологдор үчүн клиникалык бактериологиянын негиздери боюнча атлас» иштелип чыгып жана тиражы көбөйтүлүп чыгарылган.

КР ССМ координациялык медициналык кеңеши тарабынан «Жакшы лабораториялар - жакшы сапат» (ДССУ өлкөлүк офиси) долбоорунун колдоосу астында «КРнын саламаттыкты сактоо уюмдарында биоматериалдарды жана лабораторлук изилдөөлөр үчүн үлгүлөрдү ташуу» жана «Менеджмент системасын киргизүү боюнча иштерди уюштуруу жана медициналык лабораторияларды аккредитациялоого\лицензиялоого» методикалык кеңештер иштелип чыгып, тираждалган.

Биокоопсуздукка жана биокоргонууга ылайык ченемдик - укукту айкалыштыруу максатында КРнын планына «КР биокоопсуздугу жөнүндө» - деген Мыйзамды иштеп чыгу киргизилди.

Мекемелер аралык жумушчу комиссия түзүлдү (КР ССМинин 2019 – жылы 22 - майдагы № 617 - буйругу). Биринчи отурумунда структурасы, мыйзамдын долбоорун иштеп чыгуу мөөнөттөрү талкууланды жана мыйзамдын 1 - 4 -беренелерин жакшылап иштеп чыгуу чечими кабыл алынды.

2019 - жылы 2 - июлда 2 отурум өткөрүлүп жана каралган беренелер тууралуу толуктоолор жана өзгөртүүлөр талкууланды .

«Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо жөнүндө» - деген Мыйзамы (№ - 248, 24.07.2009 жылы.) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202630 рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/202630 кырг;

Кыргыз Республикасынын «Ветеринария жөнүндө» - деген Мыйзам (№ - 175, 30.12.2014 жылы) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205396 рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/205396 кырг;

Кыргыз Республикасынын «Өсүмдүктөрдүн карантини жөнүндө» - деген Мыйзамы (№-2, 12.01.2015 ж.) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205424 рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/205424/10?cleky-kg&modeetekst кырг;

Кыргыз Республикасынын «Жашаган элдердин санитардык-эпидемиологиялык коопсуздугу жөнүндө» - деген Мыйзамы (№ 60 от 26.07.2001 г. (в редакции Закона КР № 151 от 15.07.2003 г. и № 126 от 17.04.2009 г.)) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/467?cleru-ru;

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын бактериологиялык (биологиялык) жана токсиндик куралды иштеп чыгууга, жасап даярдоого жана жыйноого тыюу салуу жана аны жок кылуу боюнча Конвенцияга кошулушу жөнүндө» - деген Мыйзамы, 10.04.1972 ж. Москвада, Лондондо, Вашингтондо кол коюлган (№ - 144, 17.08.2004 ж.) http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17425?cleru-ru рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/17425/10?cleky-kg&modeetekst кырг;

КРнын аймагын карантиндик инфекцияларды киргизүүдөн жана анын жайылып кетишинен санитардык коргоо боюнча эпидемияга каршы чаралардын Комплекстүү планы , 2009-2013 жж. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/11660 рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/11660/10?cleky-kg&modeetekst кырг;

КРнын мамлекеттик чек арасы аркылуу өтүүчү жеке инсандардын, унаа каражаттарынын, товарлардын жана жүктөрдүн үстүнөн санитардык – эпидемиялогиялык көзөмөлдү (контролду) ишке ашыруу тартиби жөнүндө Жобо http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/97031 рус, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/97031/10?cleky-kg&modeetekst кырг.

2.8.2. Кыргыз Республикасында химиялык коопсуздукту камсыз кылуу

Өндүрүштүн химия тармагынын, жаңы технологиялардын жана аны менен бирге экстремистик мүнөздөгү коркунучтардын өнүгүүсү менен, өлкөнүн химиялык коопсуздугунун маселеси абдан курч турат. Тажрыйбада химиялык заттар ишмердиктин замандагы баардак сферасында колодонулушат, жана кеңири жайылууда. Ошондуктан, сферанын мындан нары да өнүгүшүнө, технологиялык процессти жүргүзүүнүн коопсуздугун өз убагында камсыздоо кажет, мамалекеттин кийлигишүүсүн жана жөндөөсүн, ошондой эле тиешелүү мыйзам ченемдерин тузүүнү дагы.

Химиялык коопсуздук - укуктук ченемдердин жана санитардык - гигиеналык эрежелерди карманууу, технологиялык жана инженердик - техникалык талаптарды аткаруу, ошондой эле тиешелүү уюштуруучулук жана атайын чараларды өткөрүү менен адамдардын, айыл чарба айбанаттарынын жана өсүмдүктөрдүн химиялык жугузулуусу же жараланууусуна, химиялык авария болгон учурда айлана - чөйрөнүн коркунучтуу заттар менен булганышына жол берилбей турган чаралардын комплекси.

Химиялык коопсуздукту камсыздандыруу - бул химиялык авария болгон учурда адамдардын, айыл - чарба айбанаттарынын организмдерине жана өсүмдүктөргө химиялык жугузуунун зыяндуу таасирине жол бербөө же аны азайтуу, айлана - чөйрөнүн коркунучтуу заттар менен булганышына жол бербөөгө багытталган уюштуруучулук, техникалык жана атайын чаралардын комплекси.

Мындай чараларды жүргүзүү химиялык заттын экологияга жана адамга болгон зыяндуу таасирине толугу менен жол бербөө же аны максималдуу түрдө төмөндөтүү деп түшүнүлөт.

Кыргыз Республикасында химиялык коопсуздуктун маселелери Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кабыл алган ар кандай мыйзам - ченем актыларына негизделет.

Химиялык заттарды коопсуз башкаруу, элдин ден соолугун жана айлана -чөйрөнү химиялык заттардын жана алардын аралашмаларынын зыяндуу таасиринен коргоо, мыйзамсыз соодада айлануусун токтотуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасы бир тарабы болгон химиялык продукциялардын айлануусу жаатындагы эл аралык келишимдердин жоболорун эске алуу менен, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015 - жылы 9 - февралда № 43 токтому менен «Химиялык заттардын\аралашмаларынын коркунучтарынын системасы жана коркунуч тууралуу маалыматтын элементтерине талаптарды: Маркировкалоо жана Коркунучтун Паспорту жөнүндө Жобо» бекитилген.

Бул, химиялык заттардын\аралашмаларынын коркунучтарынын классификациялоо системасы жана коркунуч тууралуу маалыматтын элементтерине талаптарды: маркировкалоо жана Коркунучтун Паспорту жөнүндө Жобо химиялык заттардын\аралашмаларынын коркунучтарынын классификациялоо системасынын жана коркунуч тууралуу маалыматтын элементтерине талаптарды: маркировкалоо жана Коркунучтун Паспорту боюнча бирдиктүү системасын орнотот.

Бул Жобонун талаптары Кыргыз Республикасынын аймагында химиялык заттарды\аралашмаларын өндүрүү (жасоо) жана анын айлануусу, соода тармагында химиялык продукция менен кызмат көрсөтүү ишмердигин жасаган бардык юридикалык жана физикалык тараптар үчүн аткарылууга милдеттүү.

Ошондой эле, КРнын 2003 - жылы 6 - июндагы №329 - токтому менен «Кыргыз Республикасынын аймагында физикалык факторлордун булактарынын үстүнөн санитардык - эпидемиялогиялык контроль жүгүзүүнүн тартиби жөнүндө Жобо» бекитилген.

Физикалык факторлордун булактарынын үстүнөн санитардык - эпидемиялогиялык контролду Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдери бекиткен тартипте аккредитацияланган Кыргыз Республикасынын санитардык - эпидемиялогиялык кызматтынын органы же мекемеси ишке ашырат, жана физикалык факторлорунун булактары менен эмгектенүүнүн шартында, адамдын организмине алардын зыяндуу таасирин жок кылуу максатында коопсуздукту жана зыянсыздыкты камсыз кылуунун маанилүү бөлүгү болуп эсептелет

Физикалык факторлор - адамдын жумуш жөндөмдүүлүгүн төмөндөткөнгө, ар кандай оору-

лардын пайда болушун, адамдын организимине жергиликтүү же өзүнчө жаман таасирдин ар кандай жалпы түрүлөрүн (ызы - чуу, титирөө, электромагниттик, лазердик жана башка нурдануунун түрлөрү, микроклимат жана бир катар башка факторлор) жаратууга жөндөмдүү.

Көрсөтүлгөн Жобо синтетикалык материалдардын, кездемелердин, тиричилик электрдик - приборлорунун, электростатикалык талаа жараткан курулуш материалдарынын үстүнөн санитардык - эпидемиологиялык коопсуздугун жана зыянсыздыгын уюштуруу жана жүргүзүүгө, ошондой эле иштетип жаткан жабдууну, аппаратураны (оюн автоматтары, жеке компьютерлер) жана алардын түзүүчү бөлүктөрүн, кабыл алуучу - берүүчү радиоаппаратуранын объектилеринин жайгашкан орундарына жалпы талаптарды жоболойт.

Учурда, 1993 - жылы 13 - январдагы химиялык куралды иштеп чыгуугуга, өндүрүүгө, жыйноого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенциянын талаптарын аткаруу максатында 1993 - жылы 13 - январдагы химиялык куралды иштеп чыгуугу, өндүрүүгө, жыйноого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияны ишке ашыруунун Жобосунун долбоору иштелип чыккан. Мамлекеттик органдар менен макулдашылгандан кийин Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратына бекитүүгө жиберилет.

Ошондой эле Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин координациялык лабараториялык кеңешинин «Жакшы лабораториялар - жакшы сапат» долбоорунун колдоосу менен «Биологиялык материалдарды жана үлгүлөрдү КРнын саламаттыкты сактоо боюнча уюмдарга лабораториялык изилдөөлөр үчүн ташып жеткирүү боюнча жетектеме» - деген жана «Менеджмент боюнча системаны ишке киргизүү иштерин уюштуруу жана медициналык лабораторияларды аккредитациялоо\лицензиялоо» - деген эмне иштелип чыгып жана көбөйтүлүп, басылып чыгарылган.

Жоопкерчилик:

1. 2017 - жылы 2 - февралда кабыл алынган № - 19 «Кыргыз Республикасынын жазык Кодекси», 284 бет. «Экологиялык коркунучтуу заттардын жана таштандылардын айлануусун эрежесинин бузулушу»:

- радиактивдүү, бактериологиялык, химиялык заттарды ташуу, көмүү же керектен чыгарууда бир кыйла зыян келтирүү менен атайын же кокусунан бекитилген эрежелерди бузуу, ошого барабар эле экологиялык жапа тарткан же өзгөчө экологиялык жагдайлуу зонага көмүү же керектен чыгаруу, аныкталган кызматтарды аткаруу укугунан четтетилет же болбосо IV - категориядагы аныкталган ишмердик менен алек болуудан четтетилет, же V - категориядагы штраф, I - категориядагы эркиндиктен ажыратуу менен жазаланат.

2. Кыргыз Республиккасынын «Бузуулар жөнүндө Кодекси, 2017 - жылы 4 - апрел, № - 58:

- 130 - берененин, 2- пункту. «Коркунучтуу жүктөрдү ташуунун эрежесин бузуу»;

- 140 - берене. «Пестициддер жана агрохимикаттар мене ниш аракеттерди ишке ашырууда экологиялык коопсуздуктун талаптарын бузуу»;

- 151 - берене. «Химиялык заттар менен материалдардын айлануусунда техникалык регламенттин, санитардык эрежелердин, гигиеналык ченемдердин жана башка ченемдик укуктук актылардын талаптарын бузуу».

- 284 бет. «Экологиялык коркунучтуу заттардын жана таштандылардын айлануусунун эрежесинин бузулушу»:

- радиактивдүү, бактериологиялык, химиялык заттарды ташуу, көмүү же керектен чыгарууда бикыйла зыян келтирүү менен атайын же кокусунан бекитилген эрежелерди бузуу, ошого барабар эле экологиялык жапа тарткан же өзгөчө экологиялык жагдайлуу зонага көмүү же керектен чыгаруу,

аныкталган кызматтарды аткаруу укукунан четтетилет же болбосо IV - категориядагы аныкталган ишмердик менен алек болуудан четтетилет, же V - категориядагы штраф, I - категориядагы эркиндиктен ажыратуу менен жазаланат.

- 2. ошол эле иштер, этияттык жасабагандыктан оор зыян -

VI - категоридагя штраф же же II- категориядагы эркинен ажыратуу, белигилүү кызматты аткаруудан четтетүү же болбосо белигилүү ишмердик менен алек болууда 2 жылга чейн укуктан ажыратуу менен жазаланат

Кыргыз Республикасынын «Коомдук саламаттыкты сактоо жөнүндө»- деген Мыйзамы,

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын жарандарынын саламаттыгын сактоо жөнүндө» - деген Мыйзамы,

Кыргыз Республикасынын «Радиациялык коопсуздук жөнүндө» - деген Техникалык регламенти.

Кыргыз Республикасынын «Атмосфералык абаны сактоо жөнүндө» - деген 1999 - жылы 12 - июндагы №51 - Мыйзамы (28 - Берене. Потенциалдуу токсикалык химиялык заттарды өндүрүү, колдонуу, зыяндылуугунан ажыратуу жана сактоо);

КРӨнүн 2015 - жылы 9 - февралдагы №43 – токтому :« Коркунучтуу химиялык заттарды\аралашмаларын классификацилоо системасы жана коркунучту маалымдоо элементтерине: Маркировкага жана Коркунучтун Паспортуна талаптар жөнүндө Жобо»;

КРӨнүн 2003 - жылы 6 - июндагы №329 - токтому : «КРнын аймагында физикалык факторлордук булактарынын үстүнөн санитардык- эпидемиялогияляк контроль жүргүзүү тартиби жөнүндө Жобо».

Кыргыз Республикасынын саламаттыкты сактоо министрлигинин, 2017 - жылы 14 - августтагы №713 - буйругу.

2.9. Кыргыз Республикасынын Экспорттук контрол боюнча мыйзам ченемдеринин бузулгандагы үчүн жоопкерчилик

Экспорттук контроль боюнча Мыйзам ченемдерин бузууларынын классификациясы Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген мыйзамынын «Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдардын бузулушуна жоопкерчилик» - деген Бөлүмүнүн 14 - беренесиде түшүндүрүлүп берилген.

14 - берене. Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдарды бузуу.

Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдардын бузуу - бул:

- контролдонгон продукция менен экспорт, импорт, реэкспорттоо боюнча тышкы экономикалык бутүмдөрдү ишке ашыруу, ошондой эле тиешелүү уруксаты жок Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит жасоо жана кызмат көрсөтүү;

- контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык кыймылдарды жасоо үчүн мамлекеттик башкаруу органдарга жалган документтерди же туура эмес маалыматты камтыган документтерди берүү;

-ыйгарым укуктуу органдардын көрсөтмөлөрүн аткарбоо же толук эмес аткаруу;

- ыйгарым укуктуу органдардын кызматтагы өкүлдөрүнө экспорттук контроль жаатындагы өздүрүнүн функцияларын аткарууга тоскоолдуктарды жаратуу;

- ыйгарым укуктуу органдарынын экспорттук контроль жасоо максаттары үчүн талап кылган маалыматты бергенден негизсиз баш тартуу, же аны атайын бурмалоо же жашыруу;

- контролдонгон продукция менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү эсепке алуу боюнча орнотулган тартибин бузуу;

- Кыргыз Респуликасы катышкан, тиешелүү тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин талабына туура келбеген ишмердик менен алек болуу;

Бул Мыйзамдын 15 - беренесине ылайык: «Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген Мыйзамын бузганга күнөөлүү болгон тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучулары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат».

Төмөнкү таблицада экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдары бузулганда жогоруда белгиленген бузуулардын ар бир категориясы боюнча жоопкерчиликтер көрсөтүлгөн

Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген мыйзамында орнотулган мыйзам ченемдерди бузгандык үчүн жоопкерчилик	Кыргыз Республикасынын Жаза Кодекси жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси менен ортнотулган жоопкерчилик

Контролдонгон продукцияны уруксат берилбеген тышкы экономикалык бүтүм менен экспорттоо, импорттоо жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу реэкспорт жасоону тиешелүү уруксаты жок ишке ашыруу;	223 - берене.Экономикалык аткезчилик (Жаза кодекси) 1. Аткезчилик, демек Евразиялык экономикалык биримдиктин бажылык чек арасы аркылуу товарларды же чоң көлөмдөгү башка буюмдарды, бажылык контролдон жашыруун ишке ашыруу, же документтерди же бажылык идентификациялоону алдамчылык менен колдонуу менен, же жарыялоосуз же жалган жарыялоо менен аткарылса- IV категоридагы тарбиялоо иштери же V категориядагы штраф менен, же I категориядагы белгиленген кызматта иштөө укугунан ажыратуу же 2 жылга тыюу салуу жана I категориядагы штраф менен жазаланат. 2. Ошол эле иштер: 1) өзгөчө чоң көлөмдө жасалганда; 2) кызматтагы тараптын өзүнүн кызмат абалы пайдаланып жасалганда; 3) бажы контролун жасаган кызматтагы тарапка анын өмүрүнө коркунуч келтирбеген зомбулук күч колдонуу менен жасалганда; 4) топко уюшкан тараптар же алардын алдын ала сүйлөшүп алуулары менен жасалганда, VI категориядагы штраф менен же II категориядагы эркинен ажыратуу жана аныкталган кызматты ээлөөгө тыюу салуу же аныкталган кызматты ээлөөгө 2 жылга тыюу салуу жана II категориядагы штраф менен жазаланат. Эскертме. Бул берене менен алдын ала белгиленген кылмыш иштери, - эгерде кыймылдагы товардын наркы кылмыш жасалган убакта Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы бекитилген көрсөткүч беш миң эсеге ашса чоң көлөмдө деп, ал эми он миң эсеге ашса өзгөчө чоң көлөмдө деп таанылат. Бул беренеде алдын ала каралган жаза жоопкерчиликтеринен, эгер тарап бул кылмыш ишин биринчи жолу жасап аткан болсо жана өз эрки менен тиешелүү бажылык төлөмдөрдү штрафы жана пенялары менен төлөп берсе, жана аны аткезчиликтин предмети болгон товарды жана башка буюмдардын бажылык документтерин формалап жасоо менен аткарса. 270 - берене. Кыргыз Республикасынын бажылык чек арасы аркылуу өткөрүүдө атайын эрежелер бекитилген буюмдарды аккезчили жасоо (Жаза кодекси) 1. Кыргыз Республикасынын бажылык чек арасы аркылуу наркотик каражаттарды, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду; күчтүү таасир берүүчү, уулуу, ууландыруучу, радиактивдүү же жарылуучу заттарды; куралдарды, жардыруучу түзүмдөрдү, мынтыктар же ок-дарылар; ядролук, химиялык, биологиялык жана массалык кыйратуучу куралдын башка түрлөрү; Кыргыз Республикасынын бажылык чек арасы аркылуу аларды өткөрүүдө атайын эреже орнотулган жана массалык кыйратуучу куралды жаратууга колдонулушу мүмкүн болгон материалдар, технологиялар, илимий-техникалык маалыматтар жана жабдыктар; Кыргыз Республикасынын бажылык чек арасы аркылуу өткөрүүдө атайын эреже орнотулган стратегиялык маанилүү чийки заттар жана маданий баалуулуктар, - эгерде бул кылмыш ишти бажылык контролдон жашыруун ишке ашыруу, же документтерди же бажылык идентификациялоону алдамчылык менен колдонуу менен, же жарыялоосуз, же жалган жарыялоо менен аткарылса VI категориадагы штраф же II категориядагы эркинен ажыратуу менен жазаланат. 2. Бул берененин 1 - бөлүгү менен алдын ала көрсөтүлгөн кылмыш иш: 1) кызматтагы тараптын өз кызмат абылын колдонуусу менен жасалса; 2) бажылык контролду ишке ашырып аткан тарапка анын өмүрүнө, ден соолугуна коркунучсуз зомбулук күч колдонуу менен жасалса; 3) уюшкан топ же алардын алдын ала сүйлөшүп алуулары менен жасалганда, III категориядагы эркинен ажыратуу жана белгиленген кызматтарга иштөө укугунан ажыратуу же белгиленген кызматтарда иштөөгө 3 жылга чейин тыюу салуу менен жазаланат.
Мамлекеттик башкаруу органдарына контролдонуучу продукция менен тышкы экономикалык операцияларды ишке ашырууга жасалма документтерди же туура эмес маалыматтарды камтыган документтерди берүү ;	

ыйгарым укуктуу органдардын көрсөтмөлөрүн аткарбоо же туура эмес аткаруу	293 - берене. Ыйгарым укуктуу органдын чечимдеринин, көрсөтмөлөрүнүн, тапшырмаларынын же талаптарынын аткарылышынын укуктук эрежелерин бузуу (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси) Ыйгарым укуктуу органдын мыйзамдуу чечимдерин, көрсөтмөлөрүн, тапшырмаларын же талаптар аткарбоо же туура эмес аткаруу, 2- категориядагы штраф салуу менен жазаланат.
Ыйгарым укуктуу органдын кызматтагы тарапка экспорттук контроль жаатындагы өздөрүнүн функцияларын аткаруусуна тоскоолдук жаратуу	262 - берене. Кыргыз Республикасынын бажы органынын кызматтагы тарбынын бажылык текшерүүнү (досмотр жасоого) жүргүзүүсүнө тоскоолдук көрсөтүү. (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси) Кыргыз Республикасынын бажы органынын кызматтагы тарабынын бажылык текшерүүнү (досмотр жасоого) жүргүзүүсүнө тоскоолдук көрсөтүлгөнү үчүн,- эскертүү берилет же 1 - категориядагы штрафты тартат. 293 - берене. Ыйгарым укукутуу органдын чечимдеринин, көрсөтмөлөрүнүн, тапшырмаларынын же талаптарынын аткаруу тартибин бузуу. (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси) Ыйгарым укуктуу органдын мыйзамдуу чечимдерин, көрсөтмөлөрүн, тапшырмаларын же талаптарын аткарбаган же туура эмес аткаруусу үчүн - 2 - категориядагы штрафты тартат. 295 - берене. Ыйгарым укуктуу органга тоосколдук түзүү (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси) Ыйгарым укуктуу органдын инспекциялык текшерүүнү ишке ашыруу убагында тосколдук түзүү үчүн- 2 - категориядагы штрафты тартат.
Ыйгарым укуктуу органдын эскпорттук контролдун максатында сураган маалыматты берүүдөн негизсиз баш тартуу же атайын өзгөртүлгөн маалымат берүү же жашыруу.	294-Берене. Ыйгарым укуктуу органга маалыматты, кабарды, отчётту берүү тартибин бузуу (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси) Ыйгарым укуктуу органга маалыматты, кабарды, отчётту бербей коюу же кечиктирүү, же чындыкка туура келбеген маалыматты, кабарды, отчёттун берилиши үчүн,- 2 - категорядагы штрафты тартат.

Контролдонгон продукция менен болгон тышкы экономикалык бүтүмдөрдү эсепке алуунун бекитилген тартибин бузуу.	25 - берене. Бажылык операцияларды жүргүзүүнүн тартибин бузуу (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси). Бажылык процедураларга жайгаштырууга байланышкан бажылык операцияларды жүргүзүүнүн тартибин бузуу, демек, аны өткөрүү оруну, убактысы жана аны өткөрүү боюнча кыймыл аракеттерге байланышкан бажылык операциялардын башталышы жана бүтүрүү жөнүндөгү бекитилген талаптардын аткарылбаганы үчүн, эскертүү берилет же 1 - категориядагы штрафты тартат. 258 - берене. Бажылык чек ара аркылуу товарлардын өткөрүлүшүндө чек салуу тартибин бузуу (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси). Экономикалык жөндөө чарасы же башка чектөөлөр колдонулган, Евразиялык экономикалык биримдиктин бажылык чек арасы аркылуу товарды жана унаа каражатын өткөрүү, бул бөлүмдүн башка беренелеринде алдын ала каралган чектөөлөрдү колдонуу тартибин бузуу менен болсо, 1 - категориядагы штрафты тартат. 259 - берене. Товарды же транспорт каражатын мыйзамсыз жылдыруу (Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси). 1. Товарды же унаа каражатын Евразиялык экономикалык биримдиктин бажылык чек арасы аркылуу жылдыруу: а) бажылык контролду кыя, демек, бажылык органдар аныктаган орундардан сырткары же бекитилген бажылык формало убакытынан сырткары; б) бажылык контролдон жашыруун, демек, жашыруун жайларды колдонуу менен же товарды көрүп байкоого мүмкүн болбогон ыкмаларды колдонуп, же бир товарга башка товардын көрүнүшүн ыйгаруу менен. в) бажылык органдарга бажылык максатта керектүү документ катары жасалма, же жараксыз, же мыйзамсыз алынган, же туура эмес маалыматтарды камтыган, же башка товарларга, же унаа каражатына тиешелүү документтерди, ошондой эле жасалмалуу идентификациялоо каражаттарын колдонуу менен, же башка товарларга, же унаа каражатына таандык анык идентификациялык каражатты колдонуу менен жасалган документтерди берүү менен; г) бажылык чек ара аркылуу ташылып өтүүчү товарды же жылдырылган унаа каражатын жарыялабоо, же туура эмес жарыялоо, демек, же бажылык максатта кажеттүү болгон товар же унаа каражаты жөнүндө так маалыматтарды бажылык процедураларда бекитилген формада жарыялабоо менен байланышкан бузуу, 4 - категориядагы штраф салууну тартат. 2. Кыргыз Республикасында чыгарылган же сатылып алынган товарды же унаа каражатын Евразиялык бажылык биримдиктин Кыргыз Республикасындагы аймагынан ташып чыгууга тиешелүү жасалган ошол эле кылмыш иштер, эгерде аларды ташып чыгууга экспорттук бажылык пошлинага тыюу салуу же тыюу салуу каралбаган учурда, 3 - категориядагы штрафты тартат.
Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдер күчүнө киргенде мыйзамдуу турдө орнотулган талаптарга туура келбеген ишмердик менен алек болуу.	211-Берене. Мыйзамсыз ишкердик жасоо же мыйзамсыз банк ишмердигин жасоо (Кыргыз Республикасынын Жаза Кодекси). 1. ишкердикти же банк ишмердигин же банк операцияларын каттоодон өтпөй же атайын лицензиясы жок ишке ашыруу жана (же) уруксатсыз жасоо, ушундай лицензия жана (же) милдеттүү түрдө кажет учурларда, же лицензиянын шарттарын бузуу менен, эгер бул кылмыш иш чоң көлөмдөгү киреше табуу менен байланыш болгондо, 1 - категориядагы коомдук иштер менен жазаланат же 1 - категориядагы штраф салынат. 2. Ошол эле кылмыш иштер, өзгөчө чоң киреше табуу менен байланыш болгон учурда,- II - категориядагы коомдук иштер менен же 1 - категориядагы белгиленген кызматты ээлөө укугунан ажыратуу же 1 -категориядагы тарбиялоо иштери же II категориядагы штраф менен жазаланат. 205 - берене. Ишкердикти лицензиясыз ишке ашыруу(Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө Кодекси). Лицензия алуу кажеттүүлүгү мыйзам менен каралган ишкердикти лицензиясыз ишке ашыруу (уруксатсыз),- 4 - категориядагы штрафты тартат.

Ушул учурда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017 - жылдын 24 -июлдагы № 443 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын БУУ Коопсуздук Кеңешинин №154 резолюциясын аткаруу боюнча 2017 - 2018 -жылдарга пландалаган аракеттеринин 1 - пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон массалык кыйратуучу куралды таркатпоо жаатындагы эл -аралык келишимдердин талаптарына Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын туура келтирүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жазык кодексине жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар боюнча кодексине толуктоону алдын ала караган мыйзам долбоору иштелип чыгарылууда.

2.10. Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин № 1540 Корутундусун Кыргыз Республикасынын аткарышы боюнча маалымат.

Кыргыз Республикасы, ядролук, химиялык жана биологиялык куралга жана аларды ташып жеткирүүчү каражатка ээ болбой туруп, Бириккен Улуттар Уюмунун Корутундусуна ылайык, экспорттук контролдун улуттук системасын бекемдөөгө багытталган жана МКК иштеп чыгуу жана аны жасоого көмөк береген материалдар менен жабдыктардын жылдырылышын контролдогон чараларды ишке ашырат

БУУ КК 1540 - Корутундусун ишке ашырууга тартылган бардык мамлекеттик органдардын эффективдүү биргелешип аракеттениши, жана Корутундусун толук көлөмдө аткарылышынын максатында, Кыргыз Республикасынын БУУ КК 1540 - Корутундусун аткаруу боюнча иш Планы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013 - жылы 22 - марттагы № 144 токтому менен иштелип чыгып бекитилген. Азыркы учурда берилген план Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017 - жылкы 24 - июльдагы №443 «Кыргыз Республикасынын БУУ КК 1540 - Корутундусун аткаруу боюнча 2017-2019 жылдарга иш Планын бекитүү жөнүндө» - деген токтому менен жаңыланган жана бекитилген.

Бул иш Планга, Корутундунун 2,3,4,5,6,7 жана 8 - беренелерин аткаруу боюнча конкреттүү иш-чаралар жана практикалык аракеттер киргизилген жана аларды аткарууга жооптуу мамлекеттик органдар аныкталган.

Бул иш Планга ылайык, ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын жана аларды жеткирүүчү каражаттардын тарап кетишине жол бербөө максатында, анын ичинде аларга тиешелүү материалдарды дагы тиешелүү контролдоого алуу менен дагы, улуттук мыйзам ченемдерди «Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана анын камын сактап жыйууга жана аларды жок кылуу жөнүндө» - деген жана «Бактериялогиялык (биологиялык) жана токсиндик куралдын камын сактап жыюуга жана аларды жок кылуу жөнүндө» - деген Конвенциялардын Жоболоруна ылайык келтирүү боюнча долбоорлор иштелип чыгарылат.

Ошондой эле, экспорттук контролдун ички фирмалык программасын жана өкмөттүн идентификациялык борборду түзүү боюнча чечиминин долбоорун иштеп чыгуу жана аларды бекитүү долбоорлонгон. Экспорттук контроль жатындагы мыйзам ченемдерди бузуулар үчүн жазыктык жана административдик жоопкерчиликтерди бекитүү максатында ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун иштеп чыгуу каралат.

Андан тышкары, бул План менен, өткөрүүчү пункттарды жабдуу жана бекемдөө жана мамлекеттик чек аранын физикалык корголушун модернизациялоо боюнча тажрыйбалык аракеттерди иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу каралат.

Ошондой эле, радиациялык булактарды эсепке алуу, контролдоо, чек ара жана бажы кызматтарынын кызматчыларын окутуу жана БУУ КК 1540 - Корутундусу боюнча регулярдуу отчёту боюнча бир катар иш-чаралар.

Учурда, Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелеринин аткарылышын камсыз кылуу максатында, мамлекеттик органдар тарабынан жогоруда көрсөтүлгөн иш-чараларды аткаруу боюнча иштер жүргүзүлүүдө.

Жарым жылдыктын жана жылдын жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратына иш Пландын аткарылышынын жүрүшү боюнча жалпы маалыматты багыттайт жана берет.

БУУ КК №1540 - Корутундусунун 2,6,8 беренелерин аткарууда, Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы мыйзам ченемдеринин бузулушу үчүн, жазыктык жана административдик жоопкерчиликтерди бекитүү бөлүгүндө, Кыргыз Республикасынын мыйзам ченемдерин МКК таркатпоо жаатындагы Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдердин талабына ылайык келтирүү максатында, Министрлик тарабынан Кыргыз Республикасынан 1997 - жылкы жана 2017 - жылкы Жазык Кодекстерине салыштырмалуу анализ жүргүзүлгөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын 1998 - жылкы административдик жоопкерчилик Кодексин жана 2017 - жылдын 1 - февралындагы КР «Проступкалар жөнүндө» - деген №18 - Кодексин жана 2017 - жылдын 13 - апрелиндеги «Бузуулар жөнүндө » - деген №58 - Кодексин дагы.

Анализдин жыйындыгы 2018 - жылы 3 - июлда КР мамлекеттик органдарынын, эл аралык жана улуттук эксперттердин катышуусу менен өткөн Тегерек столдо презентацияланган. Анализдин жыйынтыгы катышкан эксперттер тарабынан талкууланган жана алар берген сунуштар жана эскертүүлөр Рекомендацияларда көрсөтүлгөн.

Ошондой эле УКМК нын 2013 - жылкы демилгеси боюнча, мынтык куралы, ок-дарылар, жардыруучу түзүмдөр, жарылуучу, уу, ууландыруучу, радиактивдүү заттар менен же ядролук, химиялык, биологиялык жана башка МКК менен жасалган кылмыш иштери, курал менен жасалган кылмыштын квалификациялык белгиси катары киргизилген жана аларды жазалоо боюнча санкция күчөтүлгөн КР Жазык Кодексинин 226 - беренесине (террорчулук) жана 232 -беренесине (аба жана суу унаасын уурдап качуу же темир жол унаасынын кыймылдуу курамын) өзгөртүүлөр киргизилген.

БУУ КК №1540 - Корутундусунун көрсөтүлгөн беренелерин аткарууга Экономика министрилиги тарабынан Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасын согушта думчуктуруучу, уу жана башка окшош газдарды жана бактериялогиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндөгү 1925 - жылы 17 - июнда кол коюлган Женева Протоколуна кошулуу жөнүндө» - деген Мыйзамынын долбоору иштелип чыккан жана азыркы учурда бул Мыйзам кабыл алынган.

Ушинтип, Кыргыз Республикасы 2019 - жылдын 20 - марттагы № 36 Мыйзам менен согушта думчуктуруучу, уу жана башка окшош газдарды жана бактериялогиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндөгү 1925 - жылы 17 - июнда кол коюлган Женева Протоколуна кошулду.

Мындан тышкары, көрсөтүлгөн беренени ишке ашырууда иштелип чыгып жана кабыл алынды:

- КРнын «Кыргыз Республикасынын кээ бир мыйзам ченемдик актыларына (КРнын «Экспорттук контроль жөнүндө» - деген, «Кыргыз Республикасынын лицензиялык- уруксат берүү системасы жөнүндө» - деген) өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» - деген Мыйзамдын долбоору. Учурда бул мыйзам кабыл алынган (№51 2019 - жылы 24 - апрелдеги №51 мыйзам);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «КРӨнын 2010 - жылкы 27 - октябрдагы № 257 «Кыргыз Республикасынын Экспорттук контролдун Улуттук системасын жакшыртуу боюнча мындан наркы чаралары жөнүндө» - деген токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» - деген токтомунун долбоору КРӨнын 2017- жылкы 17- ноябрдагы №748 токтому менен бекитилген;

1993 - жылдын 13 - январдагы Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, анын камтыгын сактап жыюуга, химиялык куралды колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү Конвенцияны ишке ашыруу боюнча Жобонун долбоору. Учурда долбоордун жөндөөчү таасирин анализдөө (ЖТА) иштелип чыгарылууда. Мамлекеттик органдар менен макулдашылгандан кийин Министрлик тарабынан бекитилген тартипте өкмөттүн аппаратына кароого сунушталган.

БУУ КК №1540 - Корутундусунун 3 - беренесин ишке ашырууга Кыргыз Республикасы, МКК таркап кетишине жол бербөөгө контролду бекемдөө максатында эффективдүү чараларды кабыл алууда.

КРнын ӨЧК көмүлгөн пунктарды (сакталган жайларды), иондошкон нурдануунун булактарын, радиактивдүү материалдарды жаап-жашыруу, айлана-чөйрөдө керектөөдөн чыгаруу боюнча регулярдуу иш-чараларды жүргүзөт.

Саламаттыкты сактоо министрилиги, радиактвдүү булактарды контролдоо жана ташып кирүүгө көзөмөл салууну, жайгаштыруу, колдонуу, жылдыруу жана жашырып көмүүнү камсыз кылуу максатында иондошкон нурдануунун булактарын инвентаризация жасаган жана иондошкон нурдануунун булактарынын Улуттук реестрин түзгөн, ал Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин ДПЗ жана ГСЭН базасында түзүлгөн.

Андан тышкары, мамлекеттик чек аранын өткөрүү пункттарын жабдуу жана бекемдөө жана физикалык коргоону модернизациялоо боюнча тажрыйбалык иштер жасалууда. Кыргыз Республикасынын чек ара жана бажы кызматтарынын кызматчылары такай окуудан даядалып өткөрүлүүдө, ал эми посттор бүгүнкү күндүн талабына ылайык модернизацияланууда.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек ара кызматы тарабынан Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын кыргыз-өзбөк, кыргыз-тажик жана кыргыз-казак бөлүктөрүндөгү техникалык модернизациялоого муктаж райондорду аныкто иштерин жүргүзгөн. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынын кыргыз-өзбөк, кыргыз-тажик жана кыргыз-казак бөлүктөрүн жабдуу боюнча инженердик - курулуш иштерин жүргүзгөн (темир тосмолорду орнотуу, темир байкоочу секилер, аңдарды казуу).

«Манас» - аба апортун реконструкция жасоонун алкагында, Мамалекеттик бажы кызматы ВМФ

групп менен биргелешип учуп келүү жанан учуп кетүү залдарындагы РПМ ордуна башка жайга жылдырууну ишке ашырган.

«Коргонунун экинчи сызыгы» программасы тарабынан финансылык колдоосунун алдында, «ВИФ групп» ЖЧКнын күчү менен 2019 - жылдын 19 - апрелинде «Кара-Балта» станциясында орнотулган РПМди демонтаж жасаган жана аны КР МБКнын убактылуу сактап туруучу бириктирилген базасына жеткирген. Бул учурда, мурда берилген жабдуу КРӨнын алдындагы МБКнын балансында болгондугуна байланыш, аны КРнын МЧАКтын балансына өткөрүлүп берилген.

Ошондой эле, Саламаттыкты сактоо министрлиги тарабынан КРнын аймагындагы радиактивдүү булактар инвентаризация жасалган, ал 2007 - жылы башталган. Берилгендердин базасына ылайык, 24 уюмда иондошкон нурдануунун 305 булагы катталган, жана ар бир булакка АЭЭАнин класификациясына ылайык коркунуч категориясы ыйгарылган.

Инспекциянын жүрүшүндө иондошкон нурдануунун булактарынын сакталып турган шарттарынын Кыргыз Республикасынын физикалык коопсуздуктун улуттук ченемдеринин талабына ылайыкташтыруу жүргүзүлгөн, изотоптук курамды идентификациялоо менен ар бир булактын активдүүлүгү өлчөнгөн. Ар бир булакка идентификациялык номер ыйгарылган.

1540 - Корутундунун 6 - беренесинин талабын аткаруу максатында Кыргыз Республикасынын контролдонгон продукциясынын Улуттук контролдоочу тизмеси иштелип чыгып жана кабыл алынган (КРӨнүн 02.04.2014 ж. №197 токтому менен).

Бул тизме таркатпоонун эл аралык эрежелеринин контролдоочу негизги тизмелерин бардык өзгөрүүлөрүнүн жана толуктоолорун эске алуу менен иштелип чыгарылган.

Андан тышкары, эл аралык эксперттер менен биргеликте, мыйзам ченемдериндеги мүчүлүштөрдү издеп таап, аларды эл аралык стандарттарын ыңгайлаштыруу максатында, экспорттук контроль жаатындагы жөндөөчү ченемдик укуктук актылар серептелген.

Корутундунун 7 - беренесин аткарууда, Кыргыз Республикасынын БУУ КК №1540 - Корутундусун аткаруу боюнча иш Планында камтылган иш-чараларды аткарыш үчүн эксперттик жана техникалык жардамды тартуу боюнча такай иштер жүргүзүлүүдө (Иш Планда камтылган эксперттик жана техникалык жардамды көрсөтүү үчүн донордук жардамды тартуу маселеси боюнча ОБСЭ, ОЗХО, АЭЭА жана КБТО женен жолугушуулар уюштурулган).

Кыргызстанга көрсөтүлгөн уюмдар тарабынан турукту жардамдар берилүүдө, жана алардын ичинде БУУ КК 1540 - Комитети дагы бар.

Бул көрсөтүлгөн уюмдар тарабынан Кыргыз Республикасынын чек ара коопсуздугун камсыз кылууда тиешелүү мекемелерге материалдык - техникалык каражаттар менен жардам беришүүдө.

Кыргыз Республикасынын эксперттик уюмдардын катышуусу менен бир нече жумушчу жолугушуулар, тегерек столдор уюштурулган, ошондой эле эксперттик уюмдардын кызматчыларын лицензиялоо жаатында окутуу, бажылык жана чек ара кызматтары үчүн регионалдык тренингдер өткөрүлгөн.

Андан тышкары, Министрлик жана АЧСМА жыл сайын багышташат:

- ОЗХОнун Техникалык Катчылыгына экспорт жана импорт боюнча отчёт (формасы RCA 1.0 b RCA 2.0), ошондой эле, ХКК X -беренесине ылайык химиялык куралдан коргонуунун Улуттук программалары жөнүндө маалымат;

- бактериялогиялык (биологиялык) жана токсиндик куралды иштеп чыгуу, өндүрүү жана камтыгын жыйноого тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү 1972 - жылы 10 - апрелде Москвда, Лондондо жана Вашингтондо кол коюлган Конвенциянын Катчылыгына ишенимди бекемдөө боюнча чаралар тууралуу отчёт;

- АЭЭАга экспорт жана импорт боюнча отчёт (ядролук куралды таркатпоо Келишимине байланыш КР менен АЭЭА ортосундагы кепилдикти колдонуу жөнүндүгү Келишимдин 33-беренеси боюнча)

- КР менен АЭЭАнын ортосундагы ядролук куралды таркатпоо Келишимине байланыш КР менен АЭЭА ортосундагы кепилдикти коолдонуу жөнүндөгү Келишимге Кошумча протоколдун 2 - жана 3 -беренесин боюнча ар бир квартал сайын отчёт;

- КР менен АЭЭАнын ортосундагы ядролук куралды таркатпоо Келишимине байланыш КР менен АЭЭА ортосундагы кепилдикти коолдонуу жөнүндөгү Келишимге Кошумча протоколдун 2.a(i), 2.a(iii), 2.a(iv), 2.a(v), 2.a(vi)(a), 2.a(vii), 2.a(x), 2.b(i) беренелери боюнча жыл ар сайын берилүүчү отчёт.

III. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ ЖААТЫНДАГЫ УЛУТТУК МЫЙЗАМ ЧЕНЕМДЕРИ

Көңүл буруңуздар! КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамы менен киргизилген өзгөртүүлөр берилген Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет

3.1. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек шаары, 2003-жылдын 23-январы N 30

Экспорттук контроль жөнүндө

(КР 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 73, 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161, 2019-жылдын 29-мартындагы N 40, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык).

Ушул Мыйзам экспорттук контролго алынуучу продукцияны контроль жаатындагы мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруунун принциптерин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын иш-аракеттеринин жана тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларынын укуктук негиздерин белгилейт, ошондой эле алардын бул багыттагы укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

1-глава. Жалпы жоболор

1-берене. Негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамдын максаттары үчүн төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

тышкы экономикалык иш-аракеттер - чийки заттарды жана материалдарды, жабдууларды жана технологияларды, илимий-техникалык маалыматтарды, иштерди жана кызмат көрсөтүүлөрдү, интеллектуалдык иш-аракеттердин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды (интеллектуалдык менчик) эл аралык алмашуу жаатындагы өндүрүштүк кооперацияны камтыган тышкы соодалык инвестициялык, брокердик жана башка иш-аракеттер;

контролго алынуучу продукция - Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесине киргизилген массалык кыйратуучу куралдарды, аны жеткирүү каражаттарын, куралдардын жана аскердик техниканын башка түрлөрүн жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон чийки заттардын жана материалдардын, жабдуулардын жана технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, кош багыттуу продукциялардын жана интеллектуалдык иш-аракеттердин натыйжаларынын түрлөрү;

кош багыттагы продукция - тынчтык максатына багытталган, бирок массалык кыйратуучу ядролук, химиялык жана бактериологиялык (биологиялык) куралдарды, аны жеткирүү каражаттарын, куралдардын жана аскердик техниканын башка түрлөрүн жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон продукция, технологияларды жана программалык камсыз кылууну кошо алганда, же товарлар;

экспорт жана импорт - контролго алынуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгаруу жана аймагына ташып кирүү. Маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен техникалык каражаттардын жардамы аркылуу технологияларды Кыргыз Республикасынын аймагынан жана аймагына өткөрүү да экспортко (импортко) теңештирилет;

реэкспорт - өлкөнүн чегинен тышкары өндүрүлгөн, мурда Кыргыз Республикасынын аймагына ташып кирилген жана кайра иштетүүгө дуушар болбогон контролго алынуучу продукцияны экспорттоо;

транзит - ташыла (транспорттоло) баштаган жана Кыргыз Республикасынын аймагынын чегинен тышкары жакта аякташы керек болгон контролго алынуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу өткөрүү (Кыргыз Республикасынын аймагына конбогон аба кемелеринин эл аралык транзиттик учууларын кошпогондо);

ядролук жана атайы ядролук эмес материалдар - ядролук куралдарды жайылтпоо жөнүндө эл аралык ченемдердин жана эрежелердин талаптарына ылайык ушундайча аныкталган материалдар;

экспорттук контроль - контролго алынуучу продукцияларга карата тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруунун ушул Мыйзамда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген тартипте ишке ашырууну камсыздоочу иш-чаралар комплекси;

тышкы экономикалык иш-аракеттердин катышуучулары - белгиленген тартипте катталган Кыргыз Республикасынын юридикалык, жеке жактары, ошондой эле жарандык укук жөндөмдүүлүгү чет мамлекеттин укуктары боюнча аныкталган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруучу чет өлкөлүк юридикалык, жеке жактар;

экспорттук контролдун фирмалык ички программасы - экспорттук контролдун эрежелерин сактоо максатында ишканалар жана уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу уюштуруучулук, администрациялык, маалыматтык жана башка мүнөздөгү иш-чаралар;

массалык кыйратуучу куралдар - ядролук, химиялык жана бактериологиялык (биологиялык) куралдар;

жеткирүү каражаттары - массалык кыйратуучу куралдарды жеткирүүгө жөндөмдүү учуучу ракеталар жана учкучсуз учуучу аппараттар, зениттик-ракеталык комплекстер жана артиллериялык тутумдар;

ыйгарым укуктуу орган - экспорттук контроль жаатында тиешелүү ыйгарым укуктары бар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органы;

мамлекеттик экспертиза - Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине, анын мамлекеттик таламдарына жана экологиялык коопсуздуктун талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо максатында тышкы экономикалык бүтүмдөргө тиешеси бар документтерди жана маалыматтарды текшерүү, талдоо боюнча чаралар комплекси;

брокердик иш - контролго алынуучу продукцияны сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүн жасоо, жеткирүү боюнча, ошондой эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, контракттарды даярдоо же финансылык жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү кошо алганда, контролго алынуучу продукцияны өткөрүп берүүнү уюштуруу боюнча кызматтарды көрсөтүү;

кызмат көрсөтүүлөр - үчүнчү жактардын муктаждыктарын, брокердик иш-аракетти, техникалык жардамды жана контролго алынуучу продукцияны транспорттоону кошо алганда канааттандырууга багытталган иш-аракет;

идентификациялоо - контролго алынуучу продукцияга карата товарлардын, маалыматтардын, иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн, интеллектуалдык иш-аракеттин натыйжаларынын таандыктыгын (ылайыктуулугун) белгилөө;

техникалык жардам - контролго алынуучу продукция жана технологиялар менен байланышкан техникалык колдоо көрсөтүү;

технология - илимий-техникалык маалымат жана интеллектуалдык иш-аракеттин (аларга укуктардын) моделдер, прототиптер, чиймелер, диаграммалар, долбоорлор, нускамалар, программалык өнүмдөр формасында же болбосо көзгө көрүнбөгөн формада - товарды иштеп чыгуу, өндүрүү же пайдалануу үчүн керек болгон окутуу, техникалык камсыз кылуу (тейлөө) түрүндө берилген башка натыйжалары;

ядролук, химиялык жана биологиялык куралга жана аны жеткирүү каражаттарына тиешелүү материалдар - тиешелүү көп тараптуу (эл аралык) келишимдердин жана макулдашуулардын (жалпыга кыргын салуучу куралдарды жайылтпоо жаатындагы) аракетине туш келүүчү же ядролук, химиялык жана биологиялык куралдарды жана аны жеткирүү каражаттарын долбоорлоо, иштеп чыгуу, өндүрүү же колдонуу үчүн пайдалануга мүмкүн болгон улуттук контролдук тизмеге киргизилген материалдар, жабдуулар жана технологиялар.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

2-берене. Ушул Мыйзамды колдонуунун чөйрөсү

Ушул Мыйзам экспорттук контролду жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын жана тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларынын мамиле-

лерин жөнгө салат.

Ушул Мыйзамдын аракети Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында контролго алынуучу продукцияга карата тышкы экономикалык иш-аракеттерге жайылтылат.

Согуштук максаттагы продукция болуп саналган куралдарга жана аскердик техникаларга, ошондой эле илимий-техникалык маалыматтарга, иштерге жана кызмат көрсөтүүлөргө, интеллектуалдык иш-аракеттердин натыйжаларына, анын ичинде ага болгон өзгөчө укуктарга (интеллектуалдык менчикке) карата экспорттук контроль аскердик-техникалык кызматташтык жаатындагы мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башка ченемдик укуктук актыларына ылайык жүзөгө ашырылат.

Ушул Мыйзам мамлекеттик органдар жана уюмдар, юридикалык жана жеке жактар тарабынан Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жасалган (түзүлгөн) аракеттер (макулдашуулар) массалык кыйратуучу куралды, аны жеткирүү каражаттарын, массалык кыйратуучу куралдарды түзүү технологияларын жана аларды жеткирүү каражаттарын жайылтууга түрткү бере турган же Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугуна зыян келтире турган учурларда да колдонулат.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

3-берене. Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Экспорттук контроль жаатындагы мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан, Кыргыз Республикасынын башка ыыйзамдарынан жана аларга ылайык кабыл алынуучу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук башка актыларынан турат.

Экспорттук контролду камсыздоо маселелери Кыргыз Республикасынын өзгөчө башкаруусунда болот.

4-берене. Экспорттук контролдун максаттары

Экспорттук контролдун негизги максаттары төмөнкүлөр болуп саналат:

Кыргыз Республикасынын таламдарын коргоо;

массалык кыйратуучу куралдарды, аны жеткирүү каражаттарын жайылтпоо жаатында, ошондой эле контролго алынуучу продукциянын экспортун, импортун, реэкспортун жана транзитин контролдоо жаатында Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин талаптарын ишке ашыруу;

Кыргыз Республикасынын экономикасын дүйнөлүк экономикага интеграциялоо үчүн шарттарды түзүү.

5-берене. Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын принциптери

Экспорттук контроль жаатындагы мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын ички жана тышкы саясатынын бөлүгү болуп саналат жана жалаң гана мамлекеттин коопсуздугун анын саясий, экономикалык жана аскердик таламдарын камсыздоо максатында жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы мамлекеттик саясаты төмөнкүдөй негизги принциптерге ылайык түзүлөт:

экспорттук контроль маселелери боюнча маалыматтардын мыйзамдуулугу, айкындыгы жана жеткиликтүүлүгү, ошондой эле экспорттук контроль тутумунун иштөө тартиби, эрежелери, максаттары, милдеттери жана принциптери жөнүндөгү жана экспорттук контроль тууралуу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик чаралары жөнүндөгү маалыматтар;

экспорттук контролду жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын улуттук таламдарынын жана коопсуздугунун артыкчылыгын камсыз кылуу;

массалык кыйратуучу куралдарды, аны жеткирүү каражаттарын жайылтпоо жаатында, ошондой эле контролго алынуучу продукциянын экспортун, импортун, реэкспортун жана транзитин контролдоо жаатында Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруудагы актиеттүүлүк;

контролго алынуучу продукцияларды Кыргыз Республикасынын аймагында жана мамлекеттик чек ара аркылуу ордун которуштурууга мамлекеттик контроль жүргүзүү;

экспорттук контроль жаатында массалык кыйратуучу куралдарды жана аны жеткирүү кара-

жаттарын жайылтуунун алдын алуу жана эл аралык коопсуздукту жана турукташууну чыңдоо максатында эл аралык уюмдар жана чет мамлекеттер менен өз ара аракеттенүү;

экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун жол-жоболорун жана усулдарын жалпы таанылган эл аралык ченемдерге жана тажрыйбага шайкештөө;

экспорттук контролду анын максаттарына жетүүгө зарыл болгон өлчөмдө гана жүзөгө ашыруу.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-берене. Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмеси

Кыргыз Республикасынын контролго алынуучу продукциясынын Улуттук контролдоо тизмеси Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын контролго алынуучу продукциясынын Улуттук контролдоо тизмесин жаңылоо акыркы жаңыланган мезгилден тартып эки жылдын ичинде бир жолудан кем эмес жана экспорттук контролдун эл аралык режимдеринин контролдук тизмелериндеги өзгөрүүлөргө ылайык жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесине кирген контролго алынуучу продукция менчигинин түрүнө, чыгарылган жерине жана аны өндүргөн мезгилине карабастан, экспорттук контролго алынууга жана идентификацияланууга тийиш. Идентификацияны жүргүзүү тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларынын милдети болуп саналат.

Тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучусу контролго алынуучу продукцияны идентификациялоо боюнча иш-аракеттерди жүзөгө ашырууга Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленген тартипте атайын уруксат алган уюмга тиешелүү келишим түзүү аркылуу контролго алынуучу продукцияга идентификация жүргүзүүнү тапшырууга укуктуу. Бул учурда контролго алынуучу продукцияны идентификациялоонун натыйжаларынын тууралыгы жана негиздүүлүгү үчүн жоопкерчиликти эксперттик уюм тартат.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Караңыз:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 2-апрелиндеги N 197 «Контролдонуучу продукциялар боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесин бекитүү жөнүндө» токтому

7-берене. Экспорттук контролду жүзөгө ашыруу усулдары

Кыргыз Республикасында экспорттук контроль тышкы экономикалык иш-аракеттерди укуктук жөнгө салуу аркылуу жүзөгө ашырылат жана ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

тышкы экономикалык операциялардын объекттери болуп эсептелген конкреттүү продукция түрлөрүнүн чийки заттардын жана материалдардын, жабдуулардын жана технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын, иштердин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн, кош багыттагы продукциялардын жана интеллектуалдык иш-аракеттердин натыйжаларынын Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесине киргизилген продукция түрлөрүнө туура келүүсүн (идентификациясын) аныктоо;

лицензиялоону же аны мамлекеттик жөнгө салуунун башка түрүн белгилеген контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык операцияларды жүзөгө ашыруунун уруксат берүүчү тартиби;

контролдонуучу продукцияны экспорттоодо, импорттоо до, реэкспорттоодо жана транзиттөөдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бажы операцияларын жүргүзүү;

контролго алынуучу продукция менен жасалуучу тышкы экономикалык операцияларга валюта контролун жүргүзүү, анын ичинде ыйгарым укуктуу банктардын эсебине валюталык акчанын өз учурунда жана толук түшүшүн валюталык контролдоо;

ушул Мыйзамда, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары менен ченемдик укуктук актыларында белгиленген контролго алынуучу продукцияга карата тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруунун тартибин бузган же андай иштерди жасоого аракет кылган жактарга карата мамлекеттик мажбурлоо чараларын (санкцияларды) колдонуу;

Кыргыз Республикасынын коргонуу жөндөмдүүлүгүнүн жана коопсуздугун камсыздоо боюнча илимий жана өндүрүштүк иш-аракеттерди ишке ашыруучу ишканаларда жана мекемелерде фирма ичинде экспорттук контроль программасын түзүү;

чет мамлекеттердин экспорттук контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органдары жана эл аралык уюмдар менен маалымат алмашуу жана башка өз ара аракеттенүү;

Контролго алынуучу продукциянын жана товарлардын (иштердин, кызмат көрсөтүүлөрдүн) Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмесин эл аралык укуктун жана тажрыйбанын жалпыга таанылган ченемдерин эске алуу менен жаңылоо;

Кыргыз Республикасына импорттолуучу контролго алынуучу продукцияны пайдаланууга карата мамлекеттик кепилдиктерди, анын ичинде акыркы пайдалануучунун сертификаты түрүндө берүү;

баарын камтуучу контроль;

(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

Караңыз:

Кыргыз Республикасында контролдонуучу продукцияга экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-октябрындагы N 257 токтому менен бекитилген)

2-глава. Экспорттук контролду уюштуруунун укуктук негиздери

8-берене. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана мамлекеттик башкаруу органдарынын экспорттук контроль жаатындагы ыйгарым укуктары

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

экспорттук контроль жаатында, анын ичинде экспорттук контролдун эл аралык режимдерине карата мамлекеттик саясатты ишке ашырууну уюштурат;

ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн башка ченемдик укуктук актыларына ылайык контролго алынуучу продукцияларга карата тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүзөгө ашыруу жана эсепке алуу тартибин аныктайт;

өз компетенциясынын чегинде экспорттук контроль жаатында сүйлөшүүлөрдү өткөрүү жана эл аралык, өкмөттөр аралык келишимдерге кол коюу жөнүндө чечимдерди кабыл алат жана алардын жүзөгө ашырылышына контролдук кылат;

экспорттук контроль жана санкцияланган транзитти жүзөгө ашыруу үчүн жооптуу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарынын иш-аракеттерин аныктайт жана аларга жетекчилик кылат;

контролго алынуучу продукциясынын Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук Тизмегин жана бул продукцияларды экспорттоого тыюу салынган же чектелген өлкөлөрдүн тизмесин бекитет, ошондой эле контролго алынуучу продукцияны экспорттоонун, импорттоо нун жана реэкспорттоонун санын чектөөнү белгилейт;

контролго алынуучу продукцияга идентификация жүргүзүү тартибин белгилейт;

экспорттук контроль боюнча ведомстволор аралык комиссияны түзөт, ал жөнүндө жобону жана анын курамын бекитет;

импорттолгон (экспорттолгон) өзгөчө товарларды (иштерди, кызмат көрсөтүүлөрдү) пайдалануу боюнча милдеттенмелердин аткарылышына билдирилген максаттарда мамлекеттик контролду уюштуруу тартибин белгилейт;

өзүнүн компетенциясынын чегинде экспорттук контроль жаатында башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Мамлекеттик башкаруу органдары:

экспорттук контроль жаатында ушул Мыйзамдын, башка мыйзамдардын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларынын жана экспорттук контролго карата эл аралык милдеттенмелердин аткарылышын камсыз кылат;

Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесин, аны жаңылоо, контролго алынуучу продукциянын экспортуна, импортуна жана реэкспортуна, ошондой эле бул продукциянын экспортуна тыюу же чектөө салынган Өлкөлөрдүн тизмеси боюнча сунуштарды иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;

контролго алынуучу продукцияга идентификация жүргүзүү тартибин иштеп чыгат жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кароосуна киргизет;

контролго алынуучу продукциянын транзитине корутунду даярдайт, текшерүү жүргүзүп, ага уруксат берет, ошондой эле контролго алынуучу продукция Кыргыз Республикасынын аймагынан жүктөп жөнөтүлүп жаткан учурда текшерүүнү жүзөгө ашырат;

контролго алынуучу продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагында мыйзамсыз орун которуштуруусун жана мамлекеттик чек арасы аркылуу алынып өтүшүн токтотот;

тышкы экономикалык ишке катышуучулардан, кабыл алынган милдеттенмелерге ылайык, мурда жасалган бүтүмдөр боюнча алынган контролго алынуучу продукциянын пайдаланылышы тууралуу маалыматты сурап алат;

эл аралык уюмдар, чет мамлекеттердин мамлекеттик органдары жана мамлекеттик эмес уюмдары менен өз ара аракеттенүүнү жүзөгө ашырат, ошондой эле экспорттук контроль жаатында Кыргыз Республикасынын коомдук уюмдары менен чет өлкөлүк өкмөттүк эмес уюмдардын ортосундагы байланыштардын өнүгүшүнө жана маалымат алмашуусуна көмөк көрсөтөт;

өз компетенциясынын чегинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тышкы экономикалык иштин катышуучуларына көзөмөл жана текшерүү жүргүзүүнү жүзөгө ашырат;

өз компетенциясынын чегинде экспорттук контроль жаатында башка ыйгарым укуктарды да жүзөгө ашырат.

(КР 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 73, 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-берене. Маалымат берүү боюнча тышкы экономикалык иштин катышуучуларынын жана берилген маалыматка карата ыйгарым укуктуу органдардын милдеттери

Тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары:

Контролго алынуучу продукция менен жасалуучу тышкы экономикалык бүтүмдөрдүн эсебин жүргүзүүгө жана ыйгарым укуктуу органдардын талабы боюнча ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн экспорттук контролго карата башка ченемдик укуктук актыларында каралган иш-милдеттерди аткаруу үчүн зарыл болгон документтерди, түшүндүрмөлөрдү жана башка маалыматтарды берүүгө милдеттүү;

экспорттук контролдун максаттары үчүн ыйгарым укуктуу органдарга берилүүчү маалыматтын тактыгы үчүн жоопкерчиликтүү болот.

Тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары берген маалымат ыйгарым укуктуу органдар тарабынан экспорттук контроль үчүн гана пайдаланылат.

Мамлекеттик, коммерциялык жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан корголуучу башка сырларды түзүүчү маалыматты, ошондой эле жашырын маалыматты ыйгарым укуктуу органдардын кызмат адамдары ачыкка чыгарбоого жана жеке максаттарда пайдаланбоого, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, үчүнчү жактарга бербөөгө тийиш.

Баарын камтуучу контроль:

тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларына, эгерде бул продукция жана интеллектуалдык иш-аракеттин, иштин, кызмат көрсөтүүнүн натыйжалары чет элдик мамлекеттер же чет элдик юридикалык жактар, жеке жактар тарабынан жалпыга кыргын салуучу куралдарды жана аны жеткирүү каражаттарын түзүү, өндүрүү же пайдалануу максатында же террористтик актыларды даярдоо жана (же) жасоо үчүн пайдалана тургандыгы белгилүү болгон учурда, товарлар, технологиялар, программалык камсыз кылуу, интеллектуалдык иш-аракеттин натыйжалары, иштер, кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү түзүүгө же аларга кандай гана түрдө болбосун катышууга тыюу салынат;

тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары ушул Мыйзамдын 6-беренесинин колдонулушуна туш болбогон товарлар, технологиялар, программалык камсыз кылуу, интеллектуалдык иш-аракеттин натыйжалары, иштер, кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу органдын лицензиясын жана (же) уруксатын төмөнкү белгиленген тартипте алууга милдеттүү:

- тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары ыйгарым укуктуу орган же Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органы тарабынан ушул продукция жана интеллектуалдык иш-аракеттин натыйжалары жалпыга кыргын салуучу куралдарды жана (же) аны жеткирүү каражаттарын түзүү максаттарында пайдаланыла тургандыгы жөнүндө маалымдалса;

- тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары ушул продукция жана интеллектуалдык иш-аракеттин натыйжалары жалпыга кыргын салуучу куралдарды жана (же) аны жеткирүү каражаттарын түзүү максаттарында пайдаланылышы мүмкүн экендигин баамдаса.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

10-берене. Контролго алынуучу продукция менен болгон тышкы экономикалык бүтүмдөргө коюлуучу талаптар

Контролго алынуучу продукцияны чет өлкөлүк жакка өткөрүп берүүнү белгилеген тышкы экономикалык бүтүмдөр, соңку пайдалануучунун сертификаты жана чет өлкөлүк жактын бул продукция массалык кыйратуучу куралды жана аны жеткирүү каражаттарын жасоо максатында пайдаланылбайт деген жазуу жүзүндөгү милдеттенмеси болгон учурда гана жасалат.

Тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларына, эгерде бул продукция чет мамлекет же чет өлкөлүк жак тарабынан массалык кыйратуучу куралды жана аны жеткирүү каражаттарын жасоо максатында пайдаланылары анык белгилүү болсо, контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү ишке ашырууга тыюу салынат.

Эгерде чет мамлекеттер Кыргыз Республикасына берген милдеттенмелерин аткарууну бузса, улуттук кызыкчылыктарды коргоо жана алардын Кыргыз Республикасындагы эл аралык милдеттенмелерин аткартуу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасы өзү кирген эл аралык уюмдардын чечимдерине ылайык тышкы экономикалык иш-аракеттеги контролго алынуучу продукцияга карата ошол чет мамлекеттерге тыюу салууларды жана чектөөлөрдү коюуга, эмбарго салууга чейин барууга болот.

Коопсуздукту камсыз кылуу максатынан улам айрым мамлекеттерге контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык иш-аракеттерге белгиленүүчү тыюу салуулар жана чектөөлөр Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен киргизилет.

Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине ылайык белгиленген контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык иш-аракеттерге тыюу салуулар жана чектөөлөр Кыргыз Республикасынын Президентинин Указы менен киргизилет.

Массалык кыйратуучу куралды жана аны жеткирүү каражаттарын жайылтпоо принциптери менен туура келбеген иш-аракеттерди жасаган айрым чет өлкөлүк жактарга карата контролго алынуучу продукция менен болгон тышкы экономикалык иш-аракеттерге тыюу салуулар жана чектөөлөр Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору менен киргизилет.

Республика ичинде субъекттер ортосунда контролго алынуучу продукцияны өткөрүп берүүгө ыйгарым укуктуу орган тарабынан берилген тиешелүү уруксат болгондо жол берилет.

Республика ичинде субъекттер ортосунда контролго алынуучу продукцияны өткөрүп берүүгө уруксат берүү тартиби жана шарттары Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен Кыргыз Республикасында контролго алынуучу продукцияга экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун тартибине ылайык аныкталат.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

11-берене. Контролго алынуучу продукция менен болгон тышкы экономикалык операцияларды жүргүзүүгө лицензия берүү

Контролго алынуучу продукциянын экспортун, импортун жана реэкспортун белгилеген тышкы экономикалык операциялар милдеттүү түрдө лицензияланууга тийиш.

Бул операцияларды лицензиялоо, анын принциптери жана тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырылат.

12-берене. Тышкы экономикалык бүтүмдөрдүн мамлекеттик экспертизасы

Контролго алынуучу продукциянын экспортун, импортун жана реэкспортун белгилеген тышкы экономикалык бүтүмдөр ыйгарым укуктуу органдар жүргүзүүчү мамлекеттик экспертизадан өткөрүлүүгө тийиш.

Мамлекеттик экспертизаны жүргүзүүнүн тартиби жана шарттары мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленет.

3-глава. Экспорттук контроль жаатындагы эл аралык кызматташтык

13-берене. Экспорттук контроль жаатындагы эл аралык кызматташтыктын максаттары жана формалары

Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын эл аралык кызматташтыгы төмөнкүдөй максаттарда жүзөгө ашырылат:

массалык кыйратуучу куралдарды, аны жеткирүү каражаттарын, ошондой эле аларды жасоо боюнча технологияларды жайылтууну алдын алуу боюнча чет мамлекеттер менен аракеттерди шайкеш келтирүү жана өз ара аракеттешип иштөө;

эл аралык мамилелердин турукташтыруу жана коопсуз тутумун түзүүгө жардам көрсөтүү;

тең укуктуу жана өз ара пайдалуу негизде Кыргыз Республикасынын экономикасын дүйнөлүк экономикага интеграциялоо үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;

контролго алынуучу продукциянын бардык түрлөрү менен эл аралык алмашууларга Кыргыз Республикасынын катышуусун күчөтүү жана тышкы экономикалык иш-аракеттерге катышуучулардын дүйнөлүк рынокко кирүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;

экспорттук контролдун эл аралык жана мамлекет ичиндеги механизмдерин өркүндөтүү, экспорттук контроль жаатында Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын бузуу фактыларын, ошондой эле мындай бузууларга жол берген ишканаларды, уюмдарды жана тышкы экономикалык иш-аракеттердин катышуучуларын аныктоо.

Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жаатындагы эл аралык кызматташтыгы, анын экспорттук контролдун эл аралык режимдерине жана эл аралык форумдарына, ошондой эле чет мамлекеттер менен сүйлөшүүлөрдү, консультацияларды өткөрүүгө, маалыматтар менен өз ара алмашууга жана биргелешкен программалар менен эки тараптуу жана көп тараптуу негизде экспорттук контроль жаатындагы башка иш-чараларды ишке ашырууга катышуусу менен жүзөгө ашырылат.

Бир өлкөгө же бир катар өлкөлөргө карата экспорттук контролго байланыштуу эл аралык санкцияларга Кыргыз Республикасынын катышуусу жана ал санкциялардын жүзөгө ашырылышы эл аралык укук ченемдеринин негизинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат. Айрым учурларда мындай санкциялар Кыргыз Республикасы тарабынан бир жактуу кабыл алынышы мүмкүн.

Эл аралык санкция жарыяланган учурдан баштап Кыргыз Республикасы тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучуларына тарткан зыяндарынын ордун толтуруп бербейт.

4-глава. Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

14-берене. Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын бузулушу

Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу болуп төмөнкүлөр саналат:

контролго алынуучу продукцияны экспорттоо, импорттоо , реэкспорттоо боюнча санкцияланбаган тышкы экономикалык бүтүмдөрдү жүзөгө ашыруу, ошондой эле анын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзити жана тиешелүү уруксаты жок кызмат көрсөтүү;

контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык операцияны жүзөгө ашырууда мамлекеттик башкаруу органдарына жасалма документтерди же жалган маалыматтарды камтыган документтерди берүү;

ыйгарым укуктуу органдардын жазма буйруктарын аткарбагандык же толук аткарбагандык;

экспорттук контроль жаатындагы ыйгарым укуктуу органдардын кызмат адамдарынын өз ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылуу;

экспорттук контролдоо максатында ыйгарым укуктуу органдар сураган маалыматтарды берүүдөн негизсиз баш тартуу, аны атайы бурмалоо же жашыруу;

контролго алынуучу продукция менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдүн эсебин алуунун белгиленген тартибин бузуу;

Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдеринин талаптары менен туура келбеген иш-аракеттер менен алектенүү.

(КР 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

15-берене. Экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

«Экспорттук контроль жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын бузулушуна күнөөлүү тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

15-1-берене. Экспорттук контроль жаатында ыйгарым укугун жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын жана уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын чечимдерине, аракеттерине (аракетсиздигине) даттануу.

Тышкы экономикалык иш-аракеттин катышуучулары экспорттук контроль жаатында ыйгарым укугун жүзөгө ашыруучу мамлекеттик органдардын жана уюмдардын жана алардын кызмат адамдарынын экспорттук контроль жаатында ыйгарым укугун жүзөгө ашырууда алардын укуктарын жана мыйзамдуу таламдарын бузган аракеттерин (аракетсиздигин), чечимдерин Кыргыз Республикасынын административдик иштин жана административдик жол-жоболордун негиздери жөнүндө мыйзамдарында каралган тартипте даттанууга укуктуу.

(КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-берене. Ушул Мыйзамдын күчүнө кириши тууралуу

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн 30 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү эки айлык мөөнөттө:

Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине сунуш киргизсин;

өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

2002-жылдын 27-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин
Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

3.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Бишкек шаары, 2010-жылдын 27-октябры N 257

Кыргыз Республикасында экспорттук контролдун улуттук тутумун өркүндөтүү боюнча андан аркы чаралары жөнүндө

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15, 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

«Экспорттук контроль жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, ченемдик укуктук актыларды эл аралык талаптарга ылайык келтирүү жана экспорттук контролдун кыйла натыйжалуу тутумун түзүү максаттарында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

1. Тиркелген Кыргыз Республикасында контролдонуучу продукцияга экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө жобо бекитилсин.

2. 2004-жылдын 4-майындагы N 330 «Кыргыз Республикасында экспорттук контролдун улуттук тутумун киргизүү боюнча чаралар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

- 1-пункттун үчүнчү абзацы күчүн жоготту деп табылсын;

- жогоруда аталган токтом} менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу экспорттук контролдоого тийиш болгон продукциянын транзитине уруксат берүүнүн тартибинде:

- 1.3-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«транзит - бажы контролу астында Кыргыз Республикасынын бажы аймагы боюнча чет өлкөлүк товарлар Кыргыз Республикасынын бажы аймагында баруучу жер менен ал аймактан кетүүчү жердин ортосунда бажы контролу астында бажы алымдарын, салыктарды төлөбөстөн, ошондой эле тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары колдонулбастан ары-бери жөнөтүүдөгү бажы режими;»;

- 1.4-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1.4. Контролдонуучу продукциянын транзитине уруксат берүү укугу Кыргыз Республикасынын Экономикалык тескөө министрлигине жүктөлөт.

Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча ары-бери жөнөтүүдө аны башка транспорттук каражатка жүктөгөн учурда контролдонуучу продукцияны текшерип кароо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жана зарыл болгондо компетенттүү мамлекеттик органдар менен эксперт ведомстволордун өкүлдөрүнүн катышуусу менен жүргүзүлөт.

Продукциянын айкын түрүнө транзитке уруксат берүү транзит жөнүндө маселе Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлиги менен жана зарыл болгондо контролдонуучу продукциянын түрүнө жараша ишке тиешеси бар башка башка органдар менен алдын ала макулдашылгандан кийин жүзөгө ашырылат.»;

- 1.8-пункт «жүктүн мүнөзү,» деген сөздөрдөн кийин «ташууда коопсуздук техникасы» деген сөздөр менен толукталсын;

- I бөлүм төмөнкү мазмундагы 1.10 жана 1.11-пункттар менен толукталсын:

«1.10. Контролдонуучу продукциянын санкция берилбеген транзитинин учурунда тышкы экономикалык иштин катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

1.11. Контролдонуучу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен кооптуу жүктөрдүн категориясына таандык кылынгандардын транзитине уруксат алгандан кийин тышкы экономикалык иштин катышуучулары бул контролдонуучу продукцияны ары-бери жөнөтүүнү кооптуу жүктөрдү ташуунун коопсуздугу жаатындагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын белгиленген талаптарына так ылайык жүзөгө ашырат;»;

- 2.2-пунктта:

төртүнчү жана алтынчы абзацтардагы «1.9 жана 1.8» цифралары тиешелүүлүгүнө жараша «1.8 жана 1.7» цифралары менен алмаштырылсын;

он биринчи абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- Кыргыз Республикасынын бажы чек арасынан өткөрүү пункттары аркылуу кыймылдын мөөнөттөрү жана маршруту, транспорттун түрү Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги; зарыл болгондо билдирилген транзиттик ташууну жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматы жана Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги менен макулдашылгандыгын ырастоочу документтер.»;

төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Транзиттин мөөнөттөрү жана баруучу маршруту макулдашылгандан, уруксат берилгенден кийин Кыргыз Республикасынын Экономикалык тескөө министрлиги бардык ишке тиешеси бар Кыргыз Республикасынын министрликтери менен ведомстволоруна, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук кызматтына токтоосуз кабарлайт.»;

- 2.3-пункттун экинчи абзацындагы «а» жана «б» пунктчаларындагы» деген сөздөр «экинчи жана үчүнчү абзацтарындагы» деген сөздөр менен алмаштырылсын.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жүктөлсүн.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 30 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасында 2010-жылдын 2-ноябрында N 102 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Президенти Р.Отунбаева

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-октябрындагыN 257

ТОКТОМУ
менен бекитилген Кыргыз Республикасында контролдонуучу продукцияга экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө ЖОБО

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15, 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

1. Жалпы жоболор

1.1. «Экспорттук контроль жөнүндө» жана «Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыккан ушул жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасында экспорттук контролду жүзөгө ашыруунун тартиби жөнүндө Улуттук контролдук тизмеге (мындан ары - контролдонуучу продукция) киргизилген продукцияны экспорттоого, импорттоо го жана реэкспорттоого лицензияны жол-жоболоштурууда жана берүүдө контролдун бирдей шарттарын жана талаптарын жүзөгө ашыруунун жалпы тартибин аныктайт жана мамлекеттик башкаруу органдары менен чарбакер субъекттердин ортосундагы мамилелерди жөнгө салат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

1.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана эл аралык келишимдер менен каралган учурларды албаганда, ушул Жобонун талаптары бардык тышкы экономикалык иштердин (мындан ары - ТЭИ), анын ичинде брокердик иштердин жана контролдонуучу продукцияны ташууга байланышкан иштердин катышуучулары, контролдонуучу продукцияга тиешеси бар мамлекеттик бийлик органдарынын аткарышы үчүн милдеттүү болот.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

1.3. Мамлекеттик жашыруун сырды түзгөн маалыматтарды камтыган контролдонуучу продукцияны экспорттоо жана импорттоо Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жашыруун сыр жөнүндө мыйзамдары менен ушул Жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

1.4. Ушул Жободо алдын ала айтылбаган, экспорттук контролдоонун жасалган же жасалуучу жол-жоболору жөнүндө үчүнчү жакка маалымат берүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана коммерциялык жашыруун сырлар жаатындагы колдонуудагы мыйзамдары менен жөнгө салынат.

1.5. Контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагына жана Мамлекеттик чек арасы аркылуу өткөрүүдө Кыргыз Республикасынын экспорттук контроль жөнүндө мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык мамлекеттик контролго алынууга тийиш.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

1.6. Аскердик-техникалык кызматташуу жана экспорттук контроль боюнча комиссия (мындан ары - АТК жана ЭК) экспорттук контроль жаатындагы Кыргыз Республикасынын координациялоочу органы болуп эсептелет.

1.7. Ушул Жободо төмөнкү түшүнүктөр колдонулат:

импорт - кайра алып кетүү жөнүндө милдеттенмеси жок чет өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына контролдонуучу товарларды, жумуштарды, кызматтарды, интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга карата өзгөчө укуктарды ташып келүү;

экспорт - кайра ташып кетүү жөнүндө милдеттенмеси жок чет өлкөгө Кыргыз Республикасынын аймагынан контролдонуучу товарларды, жумуштарды, кызматтарды, интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга карата өзгөчө укуктарды ташып чыгуу. Экспорт фактысы товар Кыргыз Республикасынын чек арасы аркылуу өткөндө, интеллектуалдык иштин натыйжаларына укуктарды берүүдө белгиленет. Кыргыз Республикасынын аймагынан чет жакка ташылып чыкпаган айрым коммерциялык операциялар, атап айтканда чет өлкөлүк адамдын Кыргыз Республикасынын жаранынан кайра иштетилген товарды чет жакка кайра иштетүү жана кийин ташып кетүү үчүн Кыргыз Республикасынын башка жаранына өткөрүп берүүсү товарды экспорттоого теңештирилет. Ошондой эле экспортко Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары маалыматтык-коммуникациялык технологияларды пайдалануу менен техникалык каражаттардын жардамы аркылуу технологияларды өткөрүп берүү теңештирилет;

реэкспорт - Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары өндүрүлгөн жана мурда Кыргыз

Республикасынын аймагына ташып келинген контролдонуучу продукцияны ташып чыгуу;

акыркы пайдалануучу - контролдонуучу продукцияларды сатып алуу-сатуу келишиминин (контракттын) же берүүнүн башка түрлөрүнүн тараптары болуп эсептелген, аларды Кыргыз Республикасынын аймагында жана анын чегинен тышкары пайдалануучу Кыргыз Республикасынын жана чет өлкөлүк мамлекеттердин юридикалык жана жеке жактары;

акыркы пайдалануучунун кепилдик милдеттенмеси - акыркы пайдалануучунун контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасына импорттоо жөнүндө, контролдонуучу продукцияны билдирилген максаттарда пайдалануу жөнүндө, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин уруксатысыз Кыргыз Республикасынын аймагындагы чарбалык иштин башка субъектисине берүүгө жана/же таризделген, аны үчүнчү өлкөлөргө реэкспорттоого жол бербөө жөнүндө белгиленген тартипте күбөлөндүрүүсү;

арызда билдирилген максат - ТЭИнин катышуучусу же акыркы пайдалануучу тарабынан контролдонуучу продукцияны экспорттоого (реэкспорттоого) жана импорттоо го берилген документтерде көрсөтүлгөн контролдонуучу продукцияны пайдалануу максаты;

акыркы пайдалануучунун сертификаты - алынып келинген контролдонуучу продукция билдирилген максаттарга гана пайдаланыла тургандыгы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин уруксатысыз үчүнчү өлкөлөргө реэкспорттолбой тургандыгы жөнүндө кыргыз импорттоо чусунун милдеттенмесин ырастаган, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги берген документ;

жеткирүүнү ырастаган сертификат - контролдонуучу продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагына жеткирилгендигин ырастоочу бажылык жол-жоболоштуруу органы тарабынан берилген жол-жоболоштурулган документ;

- **контролдонуучу продукцияны өткөрүп берүү** - акыркы пайдалануучунун контролдонуучу продукцияны башка акыркы пайдалануучуга тапшыруусу, мында контролдонуучу продукция ошол эле бажы аймагында калат;

брокердик иш - сатып алуу-сатуу бүтүмдөрүн жасоо, контролдонуучу продукцияны жеткирүү, ошондой эле сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү, контракттарды даярдоо же финансы жана транспорттук кызмат көрсөтүүлөрдү кошо алганда контролдонуучу товарларды өткөрүп берүүнү уюштуруу боюнча кызматтарды көрсөтүү;

- **ташуу** - контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча жана анын чегинен тышкары да жеткирүү кызматтарын көрсөтүү;

экспорттук контролдун фирмалык ички программасы - экспорттук контролдун эрежелерин сактоо максатында ишканалар жана уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылуучу уюштуруучулук, административдик, маалыматтык жана башка мүнөздөгү иш-чаралар;

кызмат көрсөтүүлөр - брокердик ишти, техникалык жардамды жана транспорттоону кошо алганда башка адамдардын муктаждыктарын канааттандырууга багытталган иш;

техникалык жардам - контролдонуучу товарларга жана технологияларга байланышкан техникалык колдоону көрсөтүү;

технология - илимий-техникалык маалымат жана интеллектуалдык иштин башка натыйжалары (аларга карата укуктар), ал моделдер, прототиптер, чиймелер, диаграммалар, долбоорлор, инструкциялар, программалык продуктулар же сезилбеген формада - окутуу, техникалык камсыз кылуу (тейлөө) формасында берилет жана товарларды иштеп чыгуу, өндүрүү же пайдалануу үчүн талап кылынат.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15, 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

2. Кыргыз Республикасынын Контролдоонун улуттук тизмесине киргизилген контролдонуучу продукциялар менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата жалпы талаптар

2.1. Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндө» Мыйзамына ылайык контролдонуучу продукцияны импорттоо ну, экспорттоону жана реэкспорттоону алдын ала караган тышкы экономикалык операциялар белгиленген тартипте милдеттүү лицензиялануга тийиш.

2.2. Ташылып келинген контролдонуучу продукцияларды Кыргыз Республикасынан реэкспорттоо контролдонуучу продукцияны экспорттоо үчүн белгиленген тартипте, продукция чыгарылган өлкөнүн ыйгарым укуктуу органынын уруксаты болгондо жүзөгө ашырылат.

2.3. Контролдонуучу продукцияны экспорттоого, импорттоо го жана реэкспорттоого лицензия

берүү боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги болуп эсептелет.

2.4. Контролдонуучу продукциялардын айрым түрлөрү боюнча эксперт мамлекеттик органдар төмөнкүлөр болуп эсептелет:

- адамдын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн, генетикасы өзгөртүлгөн микроорганизмдердин дарт (патогендери) козгогучтары, ошондой эле токсиндер, жабдуулар жана технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

- химиялык курал жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон химикаттар, жабдуулар жана технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

- ядролук материалдар, жабдуулар, атайын ядролук эмес материалдар жана тиешелүү технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

- ядролук максаттарда колдонулуучу кош багыттуу жабдуулар менен материалдар жана тиешелүү технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарба мамлекеттик агенттиги, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

- ракеталык курал жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон жабдуулар, материалдар жана технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы;

- куралдарды жана аскер техникасын жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон кош багыттагы товарлар жана технологиялар боюнча - Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер казынасын пайдалануу мамлекеттик комитети (жардыргыч заттар боюнча).

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15, 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

2.5. ТЭИнин катышуучулары тарабынан контролдонуучу продукцияларды ташып келүүгө (ташып кетүүгө) лицензия берүүгө арыз белгиленген үлгү (1-тиркеме) боюнча жол-жоболоштурулат.

Арызда көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгына арыз ээси жоопкерчилик тартат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.6. Экспортту, импортту жана реэкспортту бажылык жол-жоболоштуруу Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан берилген лицензиянын негизинде жүргүзүлөт.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

2.7. Лицензияны жол-жоболоштуруу үчүн арыз берүүчү Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине төмөнкү документтерди берет:

- келишимге өзгөртүүлөрдү жана/же толуктоолорду, юридикалык жак үчүн арыз берүүчүнүн (юридикалык жак үчүн) жетекчисинин койгон колу менен ырасталган жана мөөр басылган көчүрмөлөрүн жана котормосун тиркөө менен товарларды (жумуштарды жана кызматтарды) экспорттук-импорттук операцияга келишимдин түп нускасын;

- тышкы соода бүтүмүнүн катышуучусу товардын (жумуштардын жана кызматтардын) өндүрүүчүсү болуп эсептелбесе, жогоруда белгиленген тартипте ырасталган сатып алуу-сатуу келишиминин көчүрмөсүн;

- Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин органдарында (юридикалык жактар үчүн), мамлекеттик статистика органдарында (жеке жактар үчүн), тиешелүү мамлекетте (Кыргыз Республикасында юридикалык жак же жеке ишкер катары катталбаган чет өлкөлүк жеке же юридикалык жактар үчүн) мамлекеттик каттоону ырастоочу документтин көчүрмөсүн;

- лицензиялык жыйымдын төлөнгөндүгүн ырастоочу документ;

- арыз берүүчүнүн мамлекеттик катталган жери боюнча салык органдарында катталууну ырас-

тоочу документти (ЖСНнын көчүрмөсү же ЖСНны көрсөтүү менен салык органдарынан справка);

- СТ-1 түрү боюнча товардын чыккан жеринин сертификатын жана анын көчүрмөсүн (контролдонуучу продукцияны экспорттоодо же реэкспорттоодо) же товардын чыккан жерин ырастоочу документти жана анын көчүрмөсүн (контролдонуучу продукцияны импорттоо до);

- эгерде мындай Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралса, лицензиялоочу иштин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашыруу укугуна лицензиянын көчүрмөсүн;

- баруучу өлкөнүн экспорттук контроль боюнча ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген жана алуучунун Кыргыз Республикасынан импорттолуучу контролдонуучу продукциянын арызда билдирилген максаттарда гана пайдаланылышы жөнүндө, ошондой эле аны контролдонуучу продукция чыккан өлкөнүн ыйгарым укуктуу органынын уруксатысыз үчүнчү өлкөлөргө реэкспорттоонун жол берилбестиги тууралуу милдеттенмесин камтыган акыркы пайдалануучунун сертификатынын (контролдонуучу продукцияны экспорттоодон жана реэкспорттоодо) түп нускасын;

- контролдонуучу продукциясын техникалык мүнөздөмөсү жөнүндө толук маалыматтарды камтыган документи.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

2.8. (КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

2.9. Берилген документтердин көчүрмөлөрү контролдонуучу продукцияны экспорттоочунун (импорттоо нун) мөөрү менен ырасталууга тийиш. Чет тилдеги документтер экспортоочу же импорттоо чу тарабынан белгиленген тартипте ырасталган орус тилиндеги көчүрмөсүн тиркөө менен берилет.

2.10. Лицензияны берүүдөн баш тартуу үчүн төмөнкүлөр негиз болушу мүмкүн:

- аларды жүзөгө ашырууга лицензиясы бар арыз берүүчүгө карата соттун ага товарларды (жумуштарды жана кызматтарды) экспорттоонун, импорттоо нун үстүндө иштөөгө тыюу салган чечиминин болушу;

- ушул Жобого ылайык 2.7-пунктта көрсөтүлгөн документтерди бербегендик же аларды туура эмес жол-жоболоштургандык;

- лицензиялык жыйымды төлөбөгөндүк;

- арыз берүүчү тарабынан жүргүзүлүп жаткан товарларды (жумуштарды жана кызматтарды) экспорттук-импорттук операция жөнүндө анык эмес маалыматтарды кабарлагандык;

- жалпыга кыргын салуучу куралдарды, аларды жеткирүү каражаттарын таркатпоо боюнча, экспорттук контролдоо жаатында Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине, ошондой эле БУУнун Коопсуздук кеңеши кабыл алган санкцияларга каршы келген жагдайлардын болушу;

- Кыргыз Республикасынын тышкы саясат, улуттук коргонуу жана коопсуздук кызыкчылыгына каршы келген жагдайлардын болушу;

- товарларды (жумуштарды жана кызматтарды) экспортоонун же импорттоо нун мүмкүндүгү жана максатка ылайыктуулугу жөнүндө адистешкен уюмдун;

- эксперттин корутундусунун жоктугу;

- эл аралык коопсуздукка, региондук стабилдүүлүккө коркунуч келтирген же террористтик актыларга көмөк көрсөткөн товарларга (жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө) жүргүзүлүүчү экспорттук-импорттук операциялар;

- ошол өлкөдөгү чыңалууну жогорулатууга жана куралдуу чыр-чатакка көмөк көрсөткөн товарларга (жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө) жүргүзүлүүчү экспорттук-импорттук операциялар;

- ыйгарым укуктуу эмес акыркы колдонуучуга же акыркы колдонуучу үчүн контролдонуучу товарлардын дарегин кайра өзгөртүүнүн жогорку тобокелдиги менен мүнөздөлгөн товарларга (жумуштарга жана кызмат көрсөтүүлөргө) жүргүзүлүүчү экспорттук-импорттук операциялар;

- бүтүм жасоого жаткан контролго алынуучу товарлар алып салынган же арестте турган болуп эсептелсе;

- арыз берүүчүнүн соңку беш жылда экспорттук контроль чөйрөсүндөгү, ошондой эле улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылуусу;

- арыз ээсине карата экспорттук контроль чөйрөсүндөгү мыйзамдарды, ошондой эле улуттук коопсуздук чөйрөсүндөгү мыйзамдарды бузгандыгына байланыштуу кылмыш иликтөө иштери

жүргүзүлүп жатса;

- товарларды жана жумуштарды жана кызматтарды экспортоого же импорттоо го мамлекеттик монополиянын белгилениши.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15, 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

2.10-1. «Экспорттук контроль жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык контролго алынуучу продукциянын экспортун, импортун жана реэкспортун караган тышкы экономикалык бүтүмдөр ушул Жобонун 2.3 жана 2.4-пункттарында аталган ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жүргүзүүчү мамлекеттик экспертизадан өткөрүлүүгө тийиш.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-2. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине, анын мамлекеттик таламдарына жана экологиялык коопсуздуктун талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо максатында тышкы экономикалык бүтүмдөргө тиешеси бар документтерди жана маалыматтарды текшерүү, талдоо боюнча чаралардын комплексин жүзөгө ашырышат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-3. Мамлекеттик экспертиза жүргүзүүдө төмөнкүлөр текшерилет:

- экспорттук контроль чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык арыз ээси берген документтердин болушу;

- лицензияны алуу үчүн билдирилген маалыматтардын берилген документтер менен шайкеш келүүсү;

- берилген документтердин тууралыгы;

- билдирилген товардын даярдалышы;

- ташып чыгуучу товарга менчик укугун ырастоо;

- лицензиялык-уруксат берүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык билдирилген продукция менен иш жүргүзүү укугуна (ташып келинген/ташып чыгарылган продукциянын түрүнө карата) ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан берилүүчү бардык уруксат берүү документтеринин болушу.

Зарылдыкка жараша берилген документтерге мамлекеттик экспертиза жүргүзүүгө көз карандысыз эксперттер, Кыргыз Республикасынын тармактык мамлекеттик органдарынын адистери тартылат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги жана эксперт-мамлекеттик органдар өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында ушул Жобонун 2.10-3-пунктунун талаптарына ылайык тышкы экономикалык бүтүмдөргө мамлекеттик экспертиза жүргүзүшөт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-5. Документтерге жүргүзүлгөн мамлекеттик экспертизанын жыйынтыктарынын негизинде эксперт-мамлекеттик органдар товарды (ишти же кызмат көрсөтүүнү) экспорттоо, импорттоо же реэкспорттоо мүмкүндүгү жөнүндө корутундуну Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүшөт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-6. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги контролдонуучу товарлардын экспортуна же импортуна лицензия берүү мүмкүндүгү жөнүндө чечим кабыл алууда документтерге жүргүзүлгөн мамлекеттик экспертизалардын жыйынтыктарын жана эксперт-мамлекеттик органдардын корутундуларын жетекчиликке алат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-7. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги лицензияны берүү же берүүдөн баш тартуу тууралуу чечимди аны алуу үчүн бардык документтерди каттаган күндөн тартып 30 иш күндөн кечиктирбестен кабыл алат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-8. Эксперт-мамлекеттик органдар арыз келип түшкөн күндөн тартып 10 иш күндөн кечиктирбестен корутунду беришет.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-9. Лицензия бир календардык жылдан ашпаган мөөнөткө берилет. Бир жолку лицензиянын колдонулуу мөөнөтү тышкы соода контрагынын (келишиминин) же лицензия берүү үчүн негиз болгон документтин колдонуу мөөнөтү менен чектелет.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-10. Арыз ээсинин кат жүзүндөгү кайрылуусу боюнча лицензиянын колдонулуу мөөнөтү арыз ээсинин тышкы экономикалык бүтүм боюнча бардык милдеттенмелерин аткарууну аякташы үчүн зарыл болгон мөөнөткө, бирок бир календардык жылдан ашпаган мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

Лицензиянын колдонулуу мөөнөтү бир жолкудан ашык узартылбайт. Лицензиянын мөөнөтүн узартуу жол-жобосу аны колдонуу мезгилинде жүзөгө ашырылат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-11. Лицензиянын мөөнөтүн узартуу жөнүндө арыз Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине арыз ээси тарабынан эркин формада төмөнкүдөй документтерди тиркөө менен берилет:

- тышкы соода контрактынын (келишимдин) көчүрмөсүн же тараптардын ниетин ырастоочу башка документтин көчүрмөсүн;

- товардык-транспорттук накладнойлордун, жүктөө документтеринин жана бажы декларацияларынын көчүрмөлөрүн;

- товар менен тышкы соода операцияларын аткаруунун мөөнөтүн узартуу жөнүндө маалымат (зарыл болсо).

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-12. Берилген лицензия тышкы соода контрагынын (келишимдин) негизги шарттарын жана жагдайларын өзгөртүүдө лицензия берген мамлекеттик орган аркылуу кайра тариздөлүүгө тийиш.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.10-13. Лицензияны кайра тариздөө же узартуу лицензия берген мамлекеттик орган тарабынан арыз берген күндөн тартып 15 иш күндүн ичинде жүзөгө ашырылат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.11. Кыргыз Республикасынын аймагына ташылып келинген контролдонуучу продукция ал чыгарылган өлкөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жазуу жүзүндөгү уруксатынын негизинде гана үчүнчү өлкөгө реэкспорттолушу мүмкүн.

2.12. Тышкы экономикалык иштин катышуучулары контролдонуучу продукцияны жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен кооптуу жүктөрдүн категориясына таандык кылынгандарды экспорттоого, импорттоо го жана реэкспорттоого лицензия алгандан кийин ал контролдонуучу продукцияны кооптуу жүктөрдү ташуу жаатында Кыргыз Республикасы тарабынан белгиленген талаптарга так ылайык ташууну жүзөгө ашырат.

2.13. Ишканаларда (уюмдарда) тышкы соода бүтүмдөрүнүн мыйзамдуулугун камсыздоо жана лицензия алууга байланышкан жол-жоболорду аткарууну жеңилдетүү үчүн текшерүү механизмин түзүү максатында чарбакер субъекттер экспорттук контролдун ички фирмалык программаларын түзүшөт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

2.14. Экспорттук контролдун ички фирмалык программаларын түзгөн уюмдарга лицензияны алуу үчүн бардык керектүү документтерди каттаган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде лицензия берилет.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

3. Адамдын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн, генетикасы өзгөртүлгөн микроорганизмдердин дартын (патогендерин) козгогучтардын, ошондой эле токсиндердин, жабдуулардын жана технологиялардын экспорттук контролдонууга тийиш болгон тизмесине киргизилген контролдонуучу продукция менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар

Жогоруда белгиленген категориядагы контролдонуучу продукцияны берүү Бактериологиялык (биологиялык) жана уулуу куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана алардын корун топтоого тыюу салуу менен жок кылуу жөнүндө конвенцияга ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

4. Химиялык куралды жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон химикаттардын, жабдуулардын жана технологиялардын экспорттук контролдонууга тийиш болгон тизмесине киргизилген контролдонуучу продукция менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар.

Жогоруда белгиленген категориядагы контролдонуучу продукцияларды берүү Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого тыюу салуу жана аларды жок кылуу жөнүндө конвенцияга ылайык жүзөгө ашырылууга тийиш.

5. Ядролук материалдардын, жабдуулардын, ядролук эмес атайын материалдардын жана тиешелүү технологиялардын экспорттук контролдонууга тийиш болгон тизмесине киргизилген контролдонуучу продукция менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар.

Ядролук куралы жок мамлекетке контролдонуучу продукцияны берүү алынган продукция, ошондой эле анын негизинде же аны пайдалануунун натыйжасында өндүрүлгөн ядролук жана ядролук эмес атайын материалдар, түзүлмөлөр жана жабдуулар алардын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан төмөнкүлөр жөнүндө ынандырылганда жүзөгө ашырылат:

- ядролук куралды жана башка ядролук жардыруучу түзүлмөлөр чыгарууга же кандайдыр бир согуштук максаттарга жетишүү үчүн пайдаланылбай тургандыгына;

- АТЭЭАГ (МАГАТЭ) тарабынан сунуш кылган деңгээлден төмөн болбогон деңгээлден күчтүү коргонуу чаралары менен камсыз кылына тургандыгына;

- жогоруда көрсөтүлгөн шарттарда гана алуучу мамлекеттин юрисдикциясы астында башка мамлекеттерге реэкспорттоло тургандыгына же бериле тургандыгына.

Ядролук куралы жок алуучу мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы жөнөтүүчү мамлекеттин ыйгарым укуктуу органынын жазуу жүзүндөгү уруксатсыз төмөнкүлөр жүзөгө ашырылбастыгы жөнүндө ынандырууга тийиш:

- нурлануурга дуушар болгон отунду химиялык кайра иштетүү, уранды изотоптук байытуу жана оор сууну, алардын негизинде өндүрүлгөн алардын негизги компоненттери менен шаймандарынын, ошондой эле уранды, плутонийди жана оор сууну 20 пайызга жана андан да жогору байытуу менен өндүрүү үчүн түзүлмөлөрдү андан ары кандай гана болбосун берүү;

- 20 пайыздан жогору байытуу менен уранды өндүрүү үчүн берилүүчү түзүлмөлөрдү жана же уранды изотоптук байытуу үчүн технологияларды, ошондой эле андай технологияга негизделген үчүн кандай гана болбосун башка түзүлмөлөрдү пайдалануу же долбоорлоо үчүн.

Нурланган отунду химиялык кайра иштетүү, уранды изотоптук байытуу, оор сууну, алардын негизги компоненттерин, 20 жана андан да жогору пайызга байытуу менен уранды, плутонийди жана оор сууну өндүрүү үчүн түзүлмөлөрдү жана технологияларды ядролук куралы бар мамлекетке берүү алардын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан экспорттон алынуучу шаймандар жана анын негизинде өндүрүлгөн шаймандар төмөнкүлөр жөнүндө ынандырылганда жана жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

- ядролук куралды жана башка ядролук жарылуучу түзүлмөлөрдү өндүрүү үчүн же кайсы бир согуштук максаттарга жетишүү үчүн пайдаланылбастыгына;

- АТЭЭАГ тарабынан сунуш кылган деңгээлден төмөн болбогон деңгээлдеги күчтүк коргонуу чаралары менен камсыз кылынгандыгына;

- кайсы гана болбосун башка мамлекетке алуучу мамлекеттин юрисдикциясы астында жөнөтүүчү мамлекеттин ыйгарым укуктуу органынын жазуу жүзүндөгү алдын ала уруксаты болгондо реэкспортоолоруна жана берилерине.

6. Экспорттук контролдонууга тийиш болгон ядролук жабдуулар менен ядролук максаттарда колдонулуучу кош багыттагы тиешелүү технологиялардын тизмесине киргизилген контролдонуучу продукция менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар

Ядролук куралы жок мамлекетке контролдонуучу продукцияларды берүүдө, акыркы пайдалануучунун өзү алган продукция же анын кайра жасалма көчүрмөсү ядролук отун цикли жаатындагы АТЭЭАГдын кепилдиги астына коюлбаган иштерге колдонулбай тургандыгы жөнүндө милдеттенме берилүүгө тийиш.

Кандай гана болбосун ядролук жарылгыч түзүлмөнүн, андай түзүлмөнүн түзүмчөсүн же анын компоненттерин илимий изилдөө, иштеп чыгуу, долбоорлоо, жасап чыгаруу, сыноо, пайдалануу же техникалык тейлөө ядролук жарылгыч түзүлмөлөрдү жасоо боюнча иштер деп түшүнүлөт.

Эгерде мындай милдеттенме сакталбаса, аларга карата АТЭЭАГдын кепилдигин кабыл алуу милдеттенмеси болбогон ар кандай реакторду, кооптуу жыйноону, конверсиялык түзүлмөнү, ажыратуучу ядролук отундарды даярдоо же кайра иштетүү боюнча түзүлмөлөрдү, баштапкы изотопторду же бири-биринен атайын материалдарды бөлүү боюнча түзүлмөлөрдү же аларды сактоо үчүн өзүнчө түзүлмөнү илимий изилдөөлөр, иштеп чыгуу, долбоорлоо, жасоо, сыноо, эксплуатациялоо же техникалык тейлөө АТЭЭАГдын кепилдиги астына коюлбаган ядролук отун цикли жаатындагы иштер деп түшүндүрүлөт.

Ядролук жөнөтүүчүлөр тобунун катышуучулары болуп эсептелбеген мамлекетке контролдонуучу продукцияларды берүүдө акыркы пайдалануучунун милдеттенмеси анын өлкөсүнүн ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген документ менен ырасталууга тийиш.

7. Экспорттук контролдонууга тийиш болгон тизмеге киргизилген контролдонуучу продукция, ракеталык курал жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон жабдуулар, материалдар жана тиешелүү технологиялар менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар

7.1. Ракеталык куралы жок өлкөгө ракеталык техниканы жасоодо колдонулуучу жабдууларды, материалдарды, технологияларды жана компоненттерди экспорттоо, реэкспорттоо ал өлкөлөр эл аралык ракеталык технологияларды контролдоонун режимине (мындан ары - РТКР) мүчө болгон шартта, ал өлкөлөрдүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан алынган экспорттук нерселер төмөнкүлөр жөнүндө жазуу жүзүндөгү ынандыруу болгондо гана жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

- кеминде 500 кг пайдалуу жүктү 300 километрге жана андан да ашык аралыкка же анын компоненттерин жеткирүүгө жөндөмдүү жеткирүү каражаттарын түзүү үчүн пайдаланылбастыгы;

- алуучу мамлекет тарабынан иш жүзүндө пайдалануунун бардык мөөнөтүнүн ичинде РТКРдын тескөөчү принциптерине ылайык контролдун астында болоору;

- алардын жоголушун, уурдалышын ж.б. болтурбоо үчүн күч менен коргоонун зарыл жана жетиштүү чаралары менен камсыз кылынаары;

- алуучу мамлекеттен ушул пункттун шарттарында жана кыргыз тараптын жазуу жүзүндөгү уруксаатынын негизинде гана экспорттоло жана реэкспорттоло тургандыгы.

8. Экспорттук контролдонууга тийиш болгон тизмеге киргизилген контролдонуучу продукция, куралдануу жана согуштук техниканы жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон кош багыттагы товарлар жана технологиялар менен жүргүзүлүүчү тышкы экономикалык операцияларга карата талаптар

Контролдонуучу продукцияларды берүү жөнүндө маселени кароодо мындай берүү алуучу мамлекеттин аскердик дараметин өнүктүрүүгө жана жогорулатууга көмөк көрсөтпөй тургандыгын камсыз кылуу үчүн региондук жана эл аралык коопсуздук менен туруктуулукту начарлатууга алып келүүчү акыркы пайдалануга карата тиешелүү факторлор көңүлгө алынууга тийиш.

9. Акыркы пайдалануучунун сертификатынын жана жеткирилгендиги ырасталган сертификатты берүүнүн тартиби

9.1. Контролдонуучу продукциянын акыркы пайдалануучунун сертификаты белгиленген түрдө (4-тиркеме) ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан эки нускада берилген, биринчиси, экспортчу мамлекеттин мамлекеттик органына көрсөтүү үчүн импорттоо чуга берилип, экинчиси, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинде сакталат.

9.2. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик улуттук коопсуздук комитети жана Кыргыз Республикасынын төмөнкү кызыкдар мамлекеттик органдары менен:

- Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана мелиорация министрлиги, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Ветеринариялык жана фитосанитариялык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекциясы менен - адамдын, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн ооруларын козгоочуларды (патогендерди), микроорганизмдердин генетикалык өзгөрүлгөн түрлөрүн, уулуу заттарды, жабдууларды жана технологияларды алып келүүнү;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Курчап турган чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы мамлекеттик агенттиги менен - химиялык куралды жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон химикаттарды, жабдууларды жана технологияларды; ядролук материалдарды, жабдууларды, атайын ядролук эмес материалдарды жана тийиштүү технологияларды алып келүүнү;

- Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети менен - ядролук

максатта колдонулуучу кош багыттагы жабдууларды, материалдарды жана тиешелүү технологияларды; ракеталык куралды жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон жабдууларды, материалдарды жана технологияларды; курал-жарактты жана аскердик техниканы жасоодо колдонулушу мүмкүн болгон кош багыттагы товарларды жана технологияларды алып келүүнү ТЭИ катышуучуларынын кепилдик милдеттенмелерин алдын ала макулдашкандан кийин акыркы пайдалануучунун сертификатын берүүнү жүзөгө ашырат.

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

9.3. Акыркы пайдалануучунун сертификатын алуу үчүн ТЭИнин катышуучусу Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине төмөнкү документтерди берет:

- акыркы пайдалануучунун импорттук сертификатын алууга арызын;

- импорттоо чунун - акыркы пайдалануучунун кепилдик милдеттенмелерин (3-тиркеме);

- экспорттоочу жана/же акыркы пайдалануучу менен түзүлгөн контрактын көчүрмөсүн жана аларды салыштыруу үчүн түп нусканы;

- контролдонуучу продукциянын техникалык мүнөздөмөсү жөнүндө маалыматты.

9.4. Акыркы пайдалануучунун сертификаты контролдонуучу продукциянын санына жана номенклатурасына карабастан бир гана тышкы экономикалык операцияга берилет.

9.5. Акыркы пайдалануучунун сертификатын берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин ишке тиешеси бар мамлекеттик органдарынан корутунду алган күндөн тартып 10 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тарабынан кабыл алынат.

9.6. Эгерде акыркы пайдалануучунун сертификатын алгандан кийин контрактка өзгөртүүлөр жана/же толуктоолор киргизилсе, импорттоочу бул жөнүндө Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине токтоосуз маалымдоого милдеттүү.

9.7. Акыркы пайдалануучунун сертификатында чагылдырылган контракттын шарттары өзгөргөндө сертификат жокко чыгарылат жана/же кайра жол-жоболоштурулууга тийиш.

9.8. Акыркы пайдалануучунун сертификаты жоголуп кеткен же жок кылынган учурда, эгерде сертификаттын түп нускасы табылып калса, импорттоо чу аны же дубликатын Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине кайтарып берүүгө милдеттенме алууну ырастаган арызды (сертификаттын жоголгон же жок кылынган жагдайын түшүндүргөн) жөнөткөндөн кийин импорттоо чу тарабынан анын дубликаты алынышы мүмкүн.

9.9. Эгерде импорттолгон товарларды билдирилген максаттарда пайдаланууга карата башка мамлекеттин кепилдиктери же милдеттенмелери кыргыз тарабынын жол-жоболоштурулуусу Кыргыз Республикасына товарларды жөнөтүүнүн шарты болуп эсептелсе, мындай кепилдиктер же милдеттенмелер акыркы пайдалануучунун сертификатына толуктоо катары же айрым документ катары жол-жоболоштурулушу мүмкүн.

9.10. Жеткирилгендигин ырастоочу сертификат (5-тиркеме) Кыргыз Республикасынын аймагына контролдонуучу продукция импорттолгон учурда Кыргыз Республикасынын бажы органдары тарабынан жол-жоболоштурулуу менен бажы контролу жана жол-жоболоштуруу жөрөлгөлөрү аяктагандан кийин 10 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине жөнөтүлөт.

10. Кыргыз Республикасына импорттолуучу контролдонуучу продукцияны республиканын ичинде башка жактарга берүүнүн тартиби

10.1. Контролдонуучу продукцияны республика ичинде башка жактарга берүүгө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары сакталганда Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин уруксаты болгондо жол берилет.

10.2. Кыргыз Республикасына импорттолгон контролдонуучу продукциянын ишин Кыргыз Республикасынын аймагында жүзөгө ашырып жаткан башка жакка берүү зарыл болгондо акыркы пайдалануучу мындай берүүгө уруксат алуу үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине суроо-талап жөнөтөт.

10.3. Суроо-талапта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

- продукциянын толук аталышы жана кеңири баяндамасы, ТЭКнын ТНсы (Товардык номенклатура) жана контролдук тизме боюнча коду;

- берилүүгө тиешелүү болгон продукциянын саны;

- продукцияны Кыргыз Республикасына жөнөткөн экспорттоочунун аталышы жана дареги;

- тиешелүү акыркы пайдалануучунун сертификатынын номери жана берилген датасы;

- берүүнүн зарылдыгына пайда кылган себептер;

- ал продукцияны берүү пландаштырылган башка жактын аталышы жана дареги;

- экспортоочу өлкөнүн тиешелүү мамлекеттик органынын продукцияны берүүгө макулдугун ырастаган документ;

- ал продукцияны берүү жөнүндө келишимдин көчүрмөсү жана аларды салыштыруу үчүн түп нускасы.

10.4. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги суроо-талапты алган күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде продукцияны өткөрүүгө уруксат берүү же баш тартуу тууралуу чечим чыгарат жана бул жөнүндө арыз ээсине маалымдайт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

10.5. Продукция берүүгө уруксат берилген учурда тиешелүү келишимдин тараптары Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине продукция иш жүзүндө берилген (алынган) күндөн тартып 10 иш күндүн ичинде продукция берилгендиги (алынгандыгы) жөнүндө маалымдайт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

10.6. Контролдонуучу товарларды өлкөнүн ичинде өткөрүп берген уюм аларды ала турган уюмга бул товарлар мамлекеттик контролго алынууга тийиш экендиги жөнүндө маалымдайт жана бул уюмга экспорттук контролдун аталган объекттерине тийиштүү документтерди берет.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

11. Контролдонуучу продукцияны акыркы пайдалануунун ички контролунун тартиби

11.1. Импорттоо чулар (акыркы пайдалануучулар) тарабынан кепилдик милдеттенмелердин аткарылышына мамлекеттик контролду камсыз кылуу үчүн Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги текшерүүнү компетенттүү органдардын эксперттерин тартуу менен жүзөгө ашырат.

Акыркы пайдалануучу Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигине контролдонуучу продукцияны пайдалануу боюнча бардык зарыл маалыматтарды жана документтерди берүүгө жана анын ишине көмөк көрсөтүүгө милдеттүү.

Текшерүүнүн натыйжасы тиешелүү акт менен жол-жоболоштурулат.

Контролдонуучу продукцияны пайдалануунун талаптары бузулгандыгы табылган учурда Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги текшерүүнүн материалдарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык тиешелүү чараларды көрүү үчүн Кыргыз Республикасынын компетенттүү органдарына жөнөтөт.

11.2. Импорттоо чу (акыркы пайдалануучу) өзүнүн кепилдик милдеттенмелерин аткарбагандык жана/же толук аткарбагандык үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

12. Контролдонуучу продукцияны эсепке алуунун жана отчеттуулукту уюштуруунун тартиби

12.1. Контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасынан экспорттогон учурда ТЭИнин катышуучулары ыйгарым укуктуу органга төмөнкүлөрдү берүүгө милдеттүү:

- жүктүн бажылык декларациясынын көчүрмөлөрүн - продукциянын ар бир партиясын алуу же түшүрүп алуу жүзөгө ашырылгандан кийин 3 күндүк мөөнөттө;

- импорттоочуга (акыркы пайдалануучуга) продукциянын жеткирилгендиги жөнүндө маалыматты.

12.2. Ушул Жобого ылайык Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги өзүнө берилген документтердин негизинде контролдонуучу продукциянын экспорттолушу жана импорттолушу жөнүндө маалыматтар банкын жүргүзөт.

13. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу органдарынын жана ведомстволорунун экспорттук контроль жаатындагы милдеттери

13.1. Контролдонуучу продукцияларга карата экспорттук контроль менен байланышкан иш-чараларды аткарууну камсыз кылуу үчүн:

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги Кыргыз Республикасынын чек арасы аркылуу өткөрүүгө байланышкан контролдонуучу продукцияга берилген лицензиялардын, башка документтердин аткарылышын эсепке алат жана контролдойт.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги:

- тышкы экономикалык иштин чет өлкөлүк катышуучуларынын контролдонуучу продукцияларды билдирилген максаттарда акыркы пайдалануучунун сертификатына ылайык пайдаланып жаткандыгы жөнүндө маалыматты дипломаттык каналдар боюнча суратып алат жана анын түп нуска экендигин текшерет;

- чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактар тарабынан экспорттук контролдоо жаатындагы мыйзамдарды бузуу фактыларын табуу маселелеринде Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарына көмөк көрсөтөт;

- контролдонуучу товарларга тиешелүү маселелер боюнча чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен коммуникацияларды түзүү жаатында Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдарына көмөк көрсөтөт (зарылдыгына жараша);

- Кыргыз Республикасына контролдонуучу продукцияны экспорттук ташып келүүнүн коопсуздугун талдоо жана жалпысынан алганда региондук стабилдүүлүк боюнча сунуштарды даярдайт (зарылдыгына жараша).

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети:

- Кыргыз Республикасынын чарбакер жана тышкы экономикалык иштин субъекттери менен чет өлкөлүк юридикалык жана жеке жактардын тышкы экономикалык ишти жүзөгө ашыруу процессинде улуттук кызыкчылыктарды жана мамлекеттин коопсуздугун коргоону мамлекеттик жөнгө салат;

- тышкы экономикалык ишти жүзөгө ашырууда купуялуулук режиминин сакталышын жана маалыматтык коопсуздукту камсыздоо боюнча талаптардын сакталышын контролдойт;

- ТЭИ ишке ашырууда кызмат көрсөтүүлөргө жана контролдонуучу программалык камсыз кылууну жана технологияларды электрондук берүүгө байланышкан тартип бузууларды иликтөөдө оперативдүү-издөө иш-аракеттерин жетектейт жана координациялайт;

- улуттук коопсуздукка тиешелүү сунушталган бүтүмдөрдүн аспекттерин талдоодо сунуштарды киргизет;

- ыйгарым укуктуу эмес акыркы колдонуучуларга товарларды өткөрүп берүүгө байланышкан тобокелдиктерге экспертиза жүргүзөт жана баалайт;

- уюмдар тарабынан экспорттук контроль эрежелеринин сакталышын текшерүүгө катышат (зарылдыгына жараша).

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасы аркылуу контролдонуучу продукцияны санкциясыз өткөрүүчү же контролдонуучу кызматтарды көрсөтүүчү жеке адамдардын алып өтүүсүнө бөгөт коюуну Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик чек ара кызматы камсыздайт.

Кыргыз Республикасынын Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитети төмөнкүлөрдү ишке ашырат:

- коргоо чөйрөсүндөгү шарттарды, кырдаалдарды жана бүтүмдөрдү сунуштаган тараптарды талдоодо сунуштарын киргизет;

- адаттагы куралдануу же аскердик максатта пайдалануу предметине контролдонуучу продукциянын аталыштарын классификациялоого жардам берет;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесине киргизилбеген, аскердик максаттарда жана кайрадан өндүрүүдө колдонулуучу товарлардын тобокелдиктерине экспертиза жүргүзүүгө жана баалоого көмөк көрсөтөт;

- уюмдар тарабынан экспорттук контролдоо эрежелеринин сакталышын текшерүүгө катышат (зарыл болсо).

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы бажы иши чөйрөсүндөгү мыйзамдарга ылайык бажылык контролду жана товарларды (контролдонуучу продукцияларды) чыгарууга байланышкан бажылык операцияларды ишке ашырат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

13.2. Контролдонуучу продукциялардын айрым түрлөрү боюнча эксперт болуп эсептелген эксперт мамлекеттик органдар ушул Жобонун 2.4.-пунктуна ылайык контролдонуучу товарларды экспорттоо, импорттоо жана реэкспорттоо максатка ылайыктуулугу жөнүндө эксперттик корутундуларды даярдоо сунушталган товарлардын Улуттук контролдук тизмеге киргизилген продукцияларга ылайык экендигине салыштыруу өз компетенциясынын чегинде жүзөгө ашырат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

13.3. Контролдонуучу продукцияны экспорттоо, импорттоо жана реэкспорттоо Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги (2-тиркеме) тарабынан ТЭИнин катышуучуларынын арыздарынын жана мамлекеттик органдардын эксперттик корутундуларынын (ал органдар өз компетенциясынын чегинде койгон талаптарды арызданууучу сактаган жана аткарган шартта, жогоруда көрсөтүлгөн операцияларды жүзөгө ашыруу максатка ылайыктуулугунун жана ага макулдугунун жүйөсүнө) негизинде жүзөгө ашырылат.

14. Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмесине өзгөртүүлөрдү киргизүү.

(Глава КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык))

14.1. Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмеси экспорттук контролдун эл аралык режимдеринин контролдук тизмесиндеги өзгөртүүлөргө ылайык жаңыланып турат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

14.2. Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмеси зарылдыгына жараша, бирок акыркы жаңылоодон кийинки эки жылдын ичинде бир жолудан кем эмес жаңыланат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

14.3. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги экспорттук контролдоонун эл аралык режимдеринин контролдук тизмесиндеги өзгөртүүлөр тууралуу маалыматты туруктуу түрдө топтойт, ага ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмесин жаңылоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн чечиминин долбоорун белгиленген тартипте демилгелейт.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

15. Баарын камтуучу контроль

(Глава КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык))

15.1. Тышкы экономикалык иштин катышуучуларына эгерде бул продукция жана интеллектуалдык чыгармачыл иштин, жумуштун, кызмат көрсөтүүнүн натыйжалары чет элдик мамлекеттер же чет элдик юридикалык жактар, жеке жактар тарабынан жалпыга кыргын салуучу куралды же жеткирүү каражаттарын түзүү, өндүрүү же пайдалануу максатында жана террористтик актыларды даярдоо жана ишке ашыруу үчүн пайдалана тургандыгы белгилүү болсо, анда товарлар, технологиялар, программалык камсыздоолор, интеллектуалдык чыгармачыл иштин натыйжалары, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү түзүүгө же аларга кандай гана түрдө болбосун катышууга тыюу салынат.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

15.2. Тышкы экономикалык иштин катышуучулары ушул Жобонун 1.1 жана 1.7-пункттарынын аракеттерине туш болбогон товарлар, технологиялар, программалык камсыздоо, интеллектуалдык чыгармачыл иштин натыйжалары, жумуштар, кызмат көрсөтүүлөр менен тышкы экономикалык бүтүмдөрдү ишке ашырууга Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин лицензиясын жана/же уруксатын белгиленген тартипте алууга милдеттүү, алар төмөнкүдөй учурларда:

- алар Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги же Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органы тарабынан ушул продукция же интеллектуалдык чыгармачыл иштин натыйжалары ушул Жобонун 15.1-пунктунда аталган максаттарда пайдаланыла тургандыгы жөнүндө маалымдалса;

- аларда ушул продукциянын жана интеллектуалдык чыгармачыл иштин натыйжалары ушул Жобонун 15.1-пунктунда аталган максаттарда пайдаланылышы мүмкүн деп болжолдоого негиздер болсо.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

16. Маалыматка жетүү укугу

(Глава КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык))

Экспорттук контроль жаатында ыйгарым укуктарын ишке ашырган мамлекеттик органдар экспорттук контролдун максаттары үчүн зарыл болгон документтерди жана маалыматты суратууга жана алууга укуктуу.

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 17-ноябрындагы № 748 токтомунун редакциясына ылайык)

1-тиркеме

Лицензиардын аталышы

_____

(юридикалык жактын аталышы)

АРЫЗ

_____ экспорттоого/импорттоо го башкы, бир жолку лицензия берүүнү өтүнөм

_____

(алдын сызып коюңуз)

Арыздануучу жөнүндө маалымат:

Юридикалык жактын мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө _____

_____ сериясы N күбөлүк

(качан жана ким тарабынан берилген)

Турган жери _____

Жекелештирилген салык номери (ЖСН) _____

Уюштуруучулук-укуктук түрү: _____

ИУЖК(*) коду _____

Башка маалыматтар _____

_____

(билдирмени кароо үчүн зарыл маалыматтар көрсөтүлөт)

Жеке ишкер үчүн паспорттук маалымат N _____ серия _____

_____ берилген

(качан жана ким тарабынан берилген)

Дареги, телефону _____

Жекелештирилген салык коду (ЖСК) _____

Башка маалыматтар _____

(арызды кароо үчүн маалыматтар көрсөтүлөт)

Продукциянын аталышы _____

Продукциянын ТЭИ ТН коду _____

Продукциянын контролдук тизме боюнча коду _____

Саны _____

Жалпы нарк миңде, төлөө валютасы (сом, АКШ доллары, Евро) _____

_____

Лицензия берүү мөөнөтү _____

Бажы пункту _____

Импорттоо чу, анын дареги _____

Импорттоо чу өлкөнүн аталышы анын цифралык коду _____

Экспорттоочу, анын дареги _____

Экспорттоочу өлкөнүн аталышы, анын цифралык коду _____

Продукцияга арналган өлкө _____

Продукция арналып чыккан өлкө _____

Пайдалануу максаты _____

Өндүрүүчү, анын дареги _____

Контракт (N жана түзүлгөн дата) _____

Импорттоо чунун (акыркы керектөөчүнүн) кепилдик милдеттенмелери _____

_____

Акыркы керектөөчү, анын дареги _____

Арызга тиркелет: _____

_____

_____

20__-жылдын «__» _____ _____

_____

(юридикалык жактын же жеке ишкердин Ф.А.А., колу, М.О.)

(*) ишканалардын жана уюмдардын жалпы классификациясы

2-тиркеме

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

<table>
<tr><td colspan="5">КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА МИНИСТРЛИГИ</td></tr>
<tr><td colspan="2" rowspan="3">1. Арыздануучу (аталышы жана дареги)
3. Лицензия түрү
башкы/бир жолку
4. Лицензиянын колдонулуу мөөнөтү</td><td colspan="3">2. N Лицензия</td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td></td></tr>
<tr><td>экспорт/импорт</td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td>5. Сатып алуучу/сатуучу (аталышы жана дареги)</td><td></td><td colspan="3">6. Контракт (келишим) N</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">7. Чыккан өлкө</td><td></td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">8. Сатып алуучу/сатуучу өлкө</td><td></td></tr>
<tr><td>9. Акыркы пайдалануучу (аталышы жана дареги)</td><td></td><td colspan="3">10. Акыркы пайдалануучу өлкө</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="3">11. Транзит өлкөсү (өлкөлөрү)</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2" rowspan="3">12. Продукциянын аталышы жана мүнөздөмөсү
16. Өлчөө бирдиги
18. Төлөө валютасы</td><td>13. ТЭИ ТН коду</td><td>14. Тизме коду</td><td>15. Тизменин позициясы</td></tr>
<tr><td colspan="2">17. Саны</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">19. Наркы</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5">20. Продукцияны акыркы пайдалануу</td></tr>
<tr><td colspan="5">21. Лицензия берүү үчүн негиз</td></tr>
<tr><td colspan="5">22. Контролдоо максатында кошумча маалымат</td></tr>
<tr><td colspan="2">23. Эксперт уюм</td><td colspan="3">24. Лицензия берген ыйгарым укуктуу жак</td></tr>
<tr><td colspan="2">Аты-жөнү</td><td colspan="3">Аты-жөнү</td></tr>
<tr><td colspan="2">Кызматы</td><td colspan="3" rowspan="2">Кызматы</td></tr>
<tr><td>Колу жана мөөрү</td><td>Датасы</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

3-тиркеме

Импорттоо чунун (акыркы пайдалануучунун) КЕПИЛДИК МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

<table>
<tr><td colspan="6">N Сертификат</td></tr>
<tr><td colspan="2">1. Импорттоо чу, анын дареги
телефону</td><td></td><td colspan="2">2. Импорттоо чунун өлкөсү</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">3. Экспорттоочу, анын дареги
телефону</td><td></td><td colspan="2">4. Экспорттоочунун өлкөсү</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">5. Акыркы керектөөчү, анын дареги, телефону жана иштөө жааты</td><td></td><td colspan="2">6. Алган лицензиялары жөнүндө маалымат</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="2">7. Бекитүү орду жана (же) продукцияны керектөө</td><td></td><td colspan="2">8. Акыркы пайдалануу</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3" rowspan="5">9. Продукциянын аталышы жана анын толук мүнөздөмөсү
11. Продукциянын контролдоо тизмеси боюнча коду
Сом
АКШ доллары</td><td colspan="2">10. Продукциянын ТЭИ ТН боюнча коду</td><td colspan="2" rowspan="2">12. Жалпы наркы (миң) төлөө валютасы</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
<tr><td colspan="5"></td></tr>
</table>

13. Сертификат суратуу	14. Өлчөө бирдиги	15. Саны үчүн негиздер
16. Импорттоо чу (акыркы пайдалануучу) 9-пунктта көрсөтүлгөн продукцияны Кыргыз Республикасына импорттоо го, аны 8-пунктта көрсөтүлгөн максаттарда пайдалануу га, Кыргыз Республикасынын аймагындагы чарбалык иштин башка субъектисине бербөөгө жана аны Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин уруксатысыз реэкспорттообоого милдеттенет		
17. Макулдашуу		

18. Импорттоо чу			19. Акыркы пайдалануучу					
Аты-жөнү			Аты-жөнү					
Кызматы			Кызматы					
Колу	М.О.	датасы	Колу		М.О.	датасы		

4-тиркеме

(КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 10-январындагы N 15 токтомунун редакциясына ылайык)

N акыркы пайдалануучунун сертификаты				
1. Импорттоо чу, анын дареги телефону	ИУЖК коду	2. Импорт өлкөсү		ИУЖК коду
3. Экспорттоочу, анын дареги телефону	ИУЖК коду	4. Экспорт өлкөсү		ИУЖК коду
5. Акыркы керектөөчү, анын дареги, телефону жана ишинин жааты				
6. Продукциянын аталышы жана мүнөздөмөсү 8 Продукциянын контролдоо тизмеси боюнча коду Сом АКШ доллары		7. Продукциялардын ТЭИ ТН боюнча коду	9. Жалпы наркы (миң) төлөө валютасы	
10. Суратуу үчүн негиз	11. Өлчөө бирдиги	12. Саны		
13. 6-пункта көрсөтүлгөн продукция өлкөнүн муктаждыгы үчүн гана пайдаланылары жана импорттоо чу өлкөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын уруксаатысыз кайра реэкспорттолбой тургандыгы ушуну менен ырасталат.				
14. Ушул документ ага кол коюлган күндөн тартып алты айдын ичинде экспорттоочу өлкөнүн ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына берилүүгө тийиш.				
15. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги				
Аты-жөнү				
Кызматы				
Колу	М.О.	датасы		

5-тиркеме

Контролдонуучу продукцияны Кыргыз Республикасына жеткирилгендигин ырастоо СЕРТИФИКАТЫ

<table>
<tr><td colspan="8">N сертификат датасы</td></tr>
<tr><td colspan="3">1. Импорттоо чу, анын дареги телефону</td><td></td><td colspan="3">2. Импорттоо чу өлкө</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="3">3. Экспорттоочу, анын дареги телефону</td><td></td><td colspan="3">4. Экспорттоочу өлкө</td><td></td></tr>
<tr><td colspan="4">5. Акыркы пайдалануучунун сертификаты N датасы</td><td colspan="4">6. Бажылык жүк декларациясы N датасы</td></tr>
<tr><td colspan="4" rowspan="4">7. Продукциянын аталышы жана толук мүнөздөмөсү
9. Продукциянын контролдук тизме боюнча коду
Сом
АКШ доллары
10. Өлчөө бирдиги
12. Саны</td><td colspan="2">8. Продукциянын ТЭИ ТН боюнча коду</td><td colspan="2">11. Жалпы наркы (миң) төлөө валютасы</td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td colspan="2"></td><td colspan="2"></td></tr>
<tr><td colspan="8">13. 7-пунктта көрсөтүлгөн продукция Кыргыз Республикасына импорттолгондугу ушуну менен ырасталат</td></tr>
<tr><td colspan="8">14. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик бажы кызматы</td></tr>
<tr><td colspan="8">Аты-жөнү</td></tr>
<tr><td colspan="8">Кызматы:</td></tr>
<tr><td>колу</td><td>М.О.</td><td colspan="6">датасы</td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td colspan="2"></td><td colspan="2"></td></tr>
</table>

Көңүл буруңуздар!
КР 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамы менен киргизилген өзгөртүүлөр берилген Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып алты ай өткөндөн кийин күчүнө кирет

3.3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек шаары, 2013-жылдын 19-октябры N 195

Кыргыз Республикасындагы лицензиялык-уруксат берүү тутуму жөнүндө

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179, 2015-жылдын 8-апрелиндеги N 74, 2015-жылдын 30-апрелиндеги N 91, 2015-жылдын 21-майындагы N 109, 2015-жылдын 28-майындагы N 122, 2016-жылдын 28-июнундагы N 91, 2017-жылдын 4-майындагы N 75, 2017-жылдын 10-майындагы N 79, 2017-жылдын 23-майындагы N 84, 2017-жылдын 2-августундагы N 167, 2018-жылдын 14-мартындагы N 29, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

1-глава. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзамдын максаттары

Иштин, аракеттердин жана операциялардын айрым түрлөрүн лицензиялоо адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, менчикке, коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтирүүнүн алдын алуу, ошондой эле чектелген мамлекеттик ресурстарды башкаруу максатында жүзөгө ашырылат.

2-берене. Ушул Мыйзамды колдонуу чөйрөсү

1. Ушул Мыйзам иштин, аракеттердин, операциялардын айрым түрлөрүн, анын ичинде чектелген мамлекеттик ресурстарды пайдалануу боюнча (мындан ары - иш) лицензиялоону жүзөгө ашыруу менен байланышкан аткаруу бийлик органдарынын, жеке жана юридикалык жактардын ортосунда келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салат.

2. Ушул Мыйзам лицензиялардын жана уруксаттардын толук тизмегин белгилейт.

3. Ушул Мыйзамдын колдонулушу төмөмкүлөргө жайылтылбайт:

1) жеке жана (же) юридикалык жактардын ортосунда түзүлгөн келишимдердин алкактарында лицензияларды жана уруксаттарды берүү менен байланыштуу жарандык-укуктук мамилелерге;

2) мамлекеттик каттоо тутумуна;

3) квалификацияны жана кесипкөйлүк көндүмдөрдү баалоо тутумуна;

4) техникалык жөнгө салуу чөйрөсүндө ылайыктуулукту баалоо жаатына.

4. Ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн иштин түрлөрүн лицензиялоонун тартиби ушул Мыйзамга жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын ага карама-каршы келбеген бөлүгүнө ылайык жүзөгө ашырылат.

Банктардын, каржы-кредиттик мекемелердин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жөнгө салынуучу башка жактардын ишин лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү банктар жана банк иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ошондой эле төлөм, микрокаржылык иш, кредиттик маалымат алмашуу жөнүндө жана кредиттик союздардын иши жөнүндө мыйзамдарга ылайык белгиленет.

Лицензияларды берүү, узартуу, токтотуп туруу, токтотуу, өткөрүп берүү тартибин, ошондой эле лицензиялоо, лицензиялык контролдоо, жыйымдарды жана төлөмдөрдү алып коюу шарттарын кошуп алганда, жер казынасын пайдалануу укуктарын лицензиялоонун тартиби Кыргыз Республикасынын жер казынасын пайдалануу чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Тышкы соода чөйрөсүндөгү ишти лицензиялоонун өзгөчөлүктөрү тышкы соода ишин жөнгө салуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Евразия экономикалык бирлигинин лицензиялоо чөйрөсүндөгү укугун түзүүчү эл аралык келишимдерге жана актыларга

ылайык белгиленет.

Радиожыштык спектрин пайдаланууга лицензиялоо, радиоэлектрондук каражаттарды пайдалануу укугуна жыштык ыйгаруу тартиби, анын ичинде лицензияларды берүү, узартуу, токтотуп туруу, токтотуу, ажыратуу тартиби, ошондой эле лицензиялык талаптар, лицензиялык контролдоо, лицензиялык жыйымдарды жана төлөмдөрдү алуу Кыргыз Республикасынын электр байланышы чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

Жумуш берүүчүлөрдүн арыздары боюнча чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга берилүүчү жумушка уруксаттарды жана Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары эмгекке орноштурууга уруксаттарды берүүнүн, узартуунун, токтотуп туруунун, жокко чыгаруунун, колдонулушун токтотуунун өзгөчөлүктөрү жана тартиби, ошондой эле уруксатты алуунун, төлөмдөрдү алууга контролду жүзөгө ашыруунун шарттары Кыргыз Республикасынын тышкы эмгек миграциясы чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен жөнгө салынат.

5. Евразия экономикалык коомдоштугунун алкагында үчүнчү мамлекеттер менен соодада Евразия экономикалык бирлигинин катышуучу-мамлекеттери тарабынан ташып келүүгө же ташып кетүүгө тыюу салуулар же чектөөлөр колдонулган товарлардын бирдиктүү тизмегине киргизилген товарларды ташып келүүгө, ташып кетүүгө, транзитине карата Евразия экономикалык бирлигинин укугун түзүүчү эл аралык келишимдерге жана актыларга ылайык, тарифтик эмес жөнгө салуу чаралары жана чектөөлөр колдонулат.

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179, 2015-жылдын 30-апрелиндеги N 91, 2016-жылдын 28-июнундагы N 91, 2017-жылдын 4-майындагы N 75, 2018-жылдын 14-мартындагы N 29 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-берене. Лицензиялоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары

Лицензиялоо жөнүндө мыйзамдар Кыргыз Республикасынын Конституциясына негизделет жана ушул Мыйзамдан жана лицензиялоо чөйрөсүн жөнгө салуучу башка ченемдик укуктук актылардан турат.

4-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу негизги түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй негизги түшүнүктөр колдонулат:

арыз ээси - ушул Мыйзамга ылайык лицензия жана (же) уруксат алуу үчүн лицензиялоочу органга кайрылган жеке же юридикалык жак;

лицензиялоо - лицензияларды жана (же) уруксаттарды берүү, кайрадан жол-жоболоштуруу, токтотуп коюу, кайра жаңылоо жана жокко чыгаруу менен байланышкан процесс;

лицензия - ушул Мыйзамга ылайык аларга карата мамлекеттик лицензиялоо киргизилген ишти жүзөгө ашыруу укугун ырастоочу документ;

лицензия берүүчү - ушул Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан лицензиялоону жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген орган;

лицензия алуучу - лицензия жана (же) уруксат алган жеке же юридикалык жак;

лицензиялык контроль - иштин лицензияланууну түрүнүн чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын лицензиялык талаптардын сакталышын текшерүү боюнча иши;

чектелген мамлекеттик ресурстар - мамлекетке таандык болгон ресурстар, анын ичинде айкын мүнөздөмөлөргө ээ, сан жагынан өлчөнүшү жана акчалай бааланышы мүмкүн болгон, чектелген же ордуна келбей турган жаныбарлар, өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттери, радиожыштык спектри;

уруксат - иш процессинде айрым аракеттерди жүзөгө ашыруу укугун ырастоочу, мамлекеттик орган (Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан ыйгарым укук берилген кандай болбосун башка юридикалык жак) тарабынан берилүүчү документ;

лицензиялардын жана уруксаттардын реестри - кагаз жүзүндө жана электрондук форматта лицензиялоо жүзөгө ашырылуучу иштин түрлөрү боюнча лицензиялар жана уруксаттар жөнүндө маалыматтарды камтыган маалыматтар базасы;

тобокелдик - адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, менчикке зыян келтирүүчү, коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка коркунуч келтирүүчү жагымсыз окуянын келип чыгуу ыктымалдыгы;

өзүн-өзү жөнгө салуучу уюм - тармагынын же өндүрүлүүчү товарлар (жумуштар, кызмат көр-

сөтүүлөр) рыногунун бирдей сыпаттары боюнча ишкердик иштин субъекттерин бириктирүүчү, же бир түрдүү кесиптик иштердин субъекттерин бириктирүүчү, ишкердик ишти өзүн-өзү жөнгө салуу максатында түзүлгөн коммерциялык эмес уюм;

электрондук лицензия жана (же) уруксат - кагаз жүзүндөгү лицензияга жана (же) уруксатка мааниси бирдей, маалыматтык технологияларды пайдалануу менен жол-жоболоштурулуучу жана берилүүчү электрондук документ формасындагы лицензия жана (же) уруксат.

5-берене. Лицензиялоонун принциптери

1. Лицензиялоону киргизүүнүн принциптери:

1) лицензиялоону киргизүүнүн далилдүүлүгү;

2) лицензия же уруксат берилүүчү бирдиктүү ажырагыс процесске кирген аракеттин айрым түрлөрүнө же операцияларга лицензияларды же уруксаттарды берүүгө тыюу салуу.

2. Лицензиялоонун принциптери төмөнкүлөр болуп саналат:

1) лицензиялоо жол-жоболорунун ачыктыгы, айкындуулугу;

2) менчигинин түрүнө карабастан, бардык жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде чет өлкөлүк жеке жана юридикалык жактар үчүн лицензия жана (же) уруксат берүүнүн бирдей негиздери жана шарттары;

3) ушул Мыйзамда аныкталган иштин түрлөрүн гана лицензиялоо;

4) лицензия берүүчүлөргө ушул Мыйзамга ылайык лицензиялоого тийиш болгон ишке байланыштуу кошумча лицензияларды жана (же) уруксаттарды берүүгө тыюу салуу;

5) эгер башкасы далилденбесе жана документтер менен негизделбесе, лицензия берүүчүнүн ак ниеттүүлүгүн таануу;

6) рынокто монополизмдин күчөшүн же лицензиялоодо ишкердик иштин эркиндигин чектөөнү болтурбоо;

7) эл аралык келишимдерге ылайык келген шарттарда башка мамлекеттерден алынган же бир тараптуу тартипте таанылган Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган лицензияларды жана (же) уруксаттарды таануу;

8) ушул Мыйзамдын 6-беренесинин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунда каралган учурларды албаганда, кабыл алынган техникалык регламенттин жөнгө салуу чөйрөсүнө кирген иштин түрүн лицензиялоо техникалык регламент күчүнө кирген учурдан тартып жокко чыгарылат;

9) лицензияланууучу иштин белгилүү бир түрүнүн жарандык жоопкерчилигинин милдеттүү камсыздандыруусун киргизүүдө лицензияны жокко чыгаруу;

10) ченемдик укуктук базаны оптималдаштыруу жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык лицензиялоонун натыйжалуулугун мезгилдүү (ар бир беш жылда) баалоо;

11) лицензиялык контролду республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен гана жүзөгө ашыруу. Лицензия берүүчүлөргө лицензиялык контролдоону (мониторингди) лицензия алуучунун каражаттарынын жана мүлкүнүн эсебинен жүзөгө ашырууга тыюу салуу;

12) автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү (жеңил таксилерден тышкары) жана эл аралык жүк ташууларды жүзөгө ашыруу боюнча иштерди албаганда, лицензия алуучу менен эмгек келишиминин негизинде иштеген жеке жактар үчүн өз алдынча лицензия алууга талаптардын жол берилбестиги.

6-берене. Лицензияланууга тийиш болгон иштин түрлөрүн аныктоонун критерийлери

1. Лицензиялоо төмөнкү учурларда киргизилет:

1) эгерде Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тобокелдиктерди баалоо методикасынын негизинде ишти мамлекеттик жөнгө салуунун башка ыкмалары, бул ишти жүзөгө ашырууда адамдардын өмүрүнө, ден соолугуна, айлана-чөйрөгө, менчикке, коомдук жана мамлекеттик коопсуздукка зыян келтирүү тобокелдигинин жол берилген чектүү деңгээлин төмөндөтпөй тургандыгы далилденсе;

2) чектелген мамлекеттик ресурстарды сарамжал башкаруу үчүн.

2. Лицензиялык жөнгө салууну киргизүү зарылчылыгынын негизделиши ушул беренеде аныкталган критерийлер менен түздөн-түз байланышта болууга тийиш.

7-берене. Лицензиялоону киргизүүнүн тартиби

1. Иштин айрым түрлөрүнө лицензиялоону киргизүү, же алып салуу ушул Мыйзамда каралган лицензиялоо киргизилген иштин түрлөрүнүн тизмегине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жолу менен гана мүмкүн.

2. Иштин айрым түрлөрү үчүн лицензиялоону киргизүү ушул Мыйзамдын 5 жана 6-беренелеринде каралган принциптердин жана критерийлердин негизинде гана мүмкүн.

3. Эл аралык милдеттенмелерди аткарууга байланыштуу иштин түрлөрүн албаганда, иштин белгилүү бир түрлөрүнө лицензиялоону киргизүүгө багытталган ченемдик укуктук актылардын долбоорлорунун жөнгө салуу таасири Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген методикага ылайык милдеттүү талдануу жатат.

8-берене. Жалпы лицензиялык талаптар

1. Лицензиялык талаптардын баяндалышы алардын мазмунунун бир түрдүү түшүнүүсүн камсыз кылышы керек. Талаптарды түшүнүүдөгү бардык күмөндөр лицензия алуучунун пайдасына чечмеленет.

2. Лицензиялык талаптарга экспорттук контролдоо боюнча талаптардан тышкары, иштин тийиштүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын сактоо жөнүндө жалпы талаптар бүтүндөй киргизилбейт.

3. Иштин лицензиялануучу түрлөрү боюнча лицензиялык талаптардын толук тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан белгиленет.

(КР 2015-жылдын 21-майындагы N 109 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

9-берене. Лицензиялардын жана уруксаттардын типтери

Лицензиялар жана уруксаттар төмөнкү белгилер боюнча айырмаланат:

1) колдонуу убактысы боюнча:

а) мөөнөтсүз - колдонуу мөөнөтү чектөөсүз берилүүчү;

б) убактылуу - белгилүү бир мөөнөткө берилүүчү. Лицензияны колдонуу мөөнөтүн чектөө чектелген мамлекеттик ресурстарды пайдалануу жана тышкы соода ишин жүзөгө ашыруу лицензияларына карата, ошондой эле ушул Мыйзамдын 15-беренесинин 33-35-пункттарында каралган лицензияларга жана 17-беренесинин 2, 12-14, 26, 27-1, 29 жана 31-пункттарында каралган уруксаттарга карата гана берилет.

2) колдонуунун аймактык чөйрөсү боюнча:

а) колдонулушу Кыргыз Республикасынын бардык аймагына, ошондой эле эл аралык келишимдердин негизинде республиканын чегинен тышкары жайылтылат;

б) колдонулушу Кыргыз Республикасынын белгилүү аймагы менен чектелген жана чектелген мамлекеттик ресурстарды пайдалануу лицензияларына гана, ошондой эле ушул Мыйзамдын 17-беренесинин 12, 35 жана 36-пункттарында каралган лицензияларга карата киргизилген.

3) ээликтен ажыратуу боюнча:

а) ээликтен ажыратылбагандар:

б) ээликтен ажыратылгандар (чектелген мамлекеттик ресурстарды пайдалануу лицензияларына гана карата киргизилет).

4) формасы боюнча:

а) кагаз жүзүндө жол-жоболоштурулган лицензия;

б) электрондук лицензия - электрондук документ түрүндө жол-жоболоштурулган лицензия.

5) иштин көлөмү жана укуктардын жыйындысы боюнча (товарларды экспорттоодо жана импорттоо до):

а) башкы лицензиялар;

б) бир жолку лицензиялар;

в) өзгөчө лицензиялар.

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179, 2015-жылдын 21-майындагы N 109, 2017-жылдын 4-майындагы N 75 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

10-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу

1. Ишти жүзөгө ашыруу үчүн лицензияларды жана (же) уруксаттарды башка жакка берүүгө тыюу салынат.

2. Ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн учурларды албаганда, жүзөгө ашырылышы үчүн лицензиясы жана (же) уруксаты бар иш Кыргыз Республикасынын бардык аймагында жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган учурларда, Кыргыз Республикасынын аймагында берилген лицензияларды жана (же) уруксаттарды колдонуу башка мамлекеттердин аймактарына жайылтылат, ал эми башка өлкөлөрдүн аймагында берилген лицензияларды жана (же) уруксаттарды колдонуу Кыргыз Республикасынын аймагына жайылтылат.

Ушул Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасы бир тараптуу тартипте Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк лицензияларды жана (же) уруксаттарды колдонууну таанышы мүмкүн. Убактылуу лицензияны колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин ал лицензия алуучунун арызы боюнча узартылышы мүмкүн.

11-берене. Лицензиянын жана (же) уруксаттын мазмуну

1. Лицензияда жана (же) уруксатта төмөнкүлөр көрсөтүлөт:

1) лицензиялоочу органдын аталышы;

2) юридикалык жактын толук жана кыскартылган (эгерде бар болгон учурда) аталышы, анын ичинде фирмалык аталышы жана уюштуруучулук-укуктук формасы, юридикалык жакты, филиалды (өкүлчүлүктү) мамлекеттик каттоо (кайра каттоо) жөнүндө күбөлүктүн номери;

3) жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын инсандыгын ырастоочу документтин маалыматтары, жеке ишкерлер үчүн - жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жазманын каттоо номери;

4) иштин лицензияланууучу түрү;

5) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтү (эгер белгиленген болсо);

6) ишти жүзөгө ашыруу аймагы (эгерде аймак чектелген болсо);

7) лицензия жана (же) уруксат берилген дата жана каттоо номери;

8) салык төлөөчүнүн идентификациялык номери.

2. Лицензия жана (же) уруксат лицензия берүүчү тарабынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү бекиткен формада, кагаз жүзүндө жана электрондук форматта жол-жоболоштурулат.

3. Арыз жана ага тиркелген документтер, лицензияны жана (же) уруксатты берүү жөнүндө, лицензияны жана (же) уруксатты берүүдөн баш тартуу жөнүндө, лицензияны жана (же) уруксатты кайрадан жол-жоболоштуруу, токтотуп коюу, кайра жаңыртуу же колдонууну токтотуу жөнүндө лицензия берүүчүнүн актылары жана башка документтер арыз ээсинин же лицензия алуучунун лицензиялык ишин түзөт жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилеген тартипте лицензия берүүчү тарабынан сакталууга тийиш.

12-берене. Лицензиялардын жана уруксаттардын реестрлери

1. Лицензиялар жана уруксаттар лицензиялардын жана уруксаттардын реестрлерине (мындан ары - реестр) киргизилет. Реестрлерди түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Реестрлер берилген лицензиялардын жана уруксаттардын бар экендигин жана алардын укуктук статусун ырастоочу жалгыз расмий булак болуп саналат.

3. Лицензия берүүчүлөр иштин түрлөрү боюнча реестрлерди жүргүзүшөт, алар лицензиялоону кагаз жүзүндө же электрондук форматта жүзөгө ашырышат.

4. Реестрде төмөнкү маалыматтар көрсөтүлөт:

1) юридикалык жактын толук жана кыскартылган (эгерде бар болгон учурда) аталышы, анын ичинде фирмалык аталышы жана уюштуруучулук-укуктук формасы, юридикалык дареги;

2) жеке жактын фамилиясы, аты, атасынын аты, анын жашаган жери, анын инсандыгын ырастоочу документтин маалыматтары, жеке ишкерлер үчүн - жеке ишкерди мамлекеттик каттоо жөнүндө жазманын каттоо номери;

3) иштин лицензияланууучу түрү;

4) ишти жүзөгө ашыруу аймагы (эгерде аймак чектелген болсо);

5) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтү;

6) салык төлөөчүнүн идентификациялык номери;

7) лицензия жана (же) уруксат берилген дата жана каттоо номери;

8) лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуп коюунун жана кайра жаңылоонун негизи жана мөөнөтү;

9) лицензияны жана (же) уруксатты токтотуунун негизи жана датасы.

5. Реестр лицензия берүүчүлөрдүн расмий сайтына милдеттүү түрдө жайгаштырылууга тийиш жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жеткиликтүүлүккө тыюу салынган маалыматтарды албаганда, анда камтылган маалыматтарга кызыкдар болгон жактардын таанышуусу үчүн ачык жана жеткиликтүү болуп саналат.

13-берене. Лицензиялоо жөнүндө маалыматтардын ачыктыгы

Лицензия берүүчүлөрдүн расмий сайттарында ачык жеткиликтүүлүк үчүн төмөнкүлөр жайгаштырылат:

1) лицензиялоо маселелерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын тексттери;

2) лицензияларды жана уруксаттарды берүү, кайра жол-жоболоштуруу, токтотуу жөнүндө арыздардын формалары;

3) лицензия алуу арызына тиркеле турган документтердин тизмеси жөнүндө, арыздарды кароо мөөнөттөрү, арыздарды кароону аткаруучулар (фамилиясы, аты, атасынын аты, иш телефону, электрондук дареги), лицензиялоочу органдын иш убактысы жана анын аймактык бөлүмдөрү тууралуу жетишээрлик маалыматтар;

4) лицензиялардын жана уруксаттардын реестрлери.

14-берене. Лицензиялоо чөйрөсүндөгү лицензиялоонун субъекттери

1. Лицензиялоо чөйрөсүндөгү субъекттер:

1) лицензия берүүчү:

а) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан лицензиялоону ушул Мыйзамга ылайык жүзөгө ашырууга ыйгарым укук берилген орган;

б) өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдар (лицензиялоо боюнча ыйгарым укук берилген учурда);

2) лицензия алуучулар (менчигинин түрүнө карабастан, жеке жана юридикалык жактар, анын ичинде чет өлкөлүктөр).

2. Лицензиялар жана (же) уруксаттар лицензия берүүчүлөрдүн борбордук органдары же аймактык бөлүмдөрү тарабынан берилиши мүмкүн.

Өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдар лицензияларды жана (же) уруксаттарды башкаруунун борбордук органында гана берүүгө укуктуу.

2-глава. Лицензиялануугa тийиш болгон иштин түрлөрү

15-берене. Лицензиялануугa тийиш болгон иштин түрлөрү

Иштин төмөнкү түрлөрү лицензиялануугa тийиш:

1) электр энергиясын өндүрүү, берүү, бөлүштүрүү, сатуу, экспорттоо жана импорттоо (энергиянын жаңыланып туруучу булактарын пайдалануунун натыйжасында алынган электр энергиясын өндүрүүнү, ошондой эле 1000 кВт чейин кубаттуулукта жеке пайдалануу үчүн энергиянын кандай болбосун булактарынан электр энергиясын өндүрүүнү албаганда);

2) жылуулук энергиясын өндүрүү, берүү, бөлүштүрүү жана сатуу (энергиянын жаңыланып туруучу булактарын пайдалануунун натыйжасында алынган электр энергиясын өндүрүүнү, ошондой эле жеке пайдалануу үчүн энергиянын кандай болбосун булактарынан жылуулук энергиясын өндүрүүнү албаганда);

3) өсүмдүктүн чийки затынан биоэтанолду өндүрүштүк көлөмдө өндүрүүнү жана аны сатууну албаганда, мунайды жана жаратылыш газын кайра иштетүү;

4) жаратылыш газын өндүрүү, берүү, бөлүштүрүү жана сатуу;

5) этил спиртин өндүрүү жана жүгүртүү;

6) алкоголдук продукцияны өндүрүү жана жүгүртүү (өндүрүү же сатуу максатында сактоо, дүң жана чекене сатуу);

7) жеке медициналык мекемелер жана жеке ишкерлер тарабынан жүзөгө ашырылуучу медициналык иш (жеке медициналык мекемелерде же болбосо жеке ишкерлерде жалданып же эмгек келишими боюнча иштеген медицина кызматкерлеринин ишин албаганда);

8) фармацевттик иш;

9) ветеринария жаатындагы адистештирилген ишканаларда вакциналарды жана сыворотка-ларды даярдоо жана сатуу;

10) патогендиктин II тобундагы микроорганизмдер менен иштөө;

11) электр байланышы жаатындагы иш (ички же жабык тармактардын операторлорун жана кызматтарын кошпогондо);

12) почта байланышы жаатындагы иш;

13) маалыматтарды берүү жаатындагы иш (буга ички же жабык тармактардын операторлорун жана кызматтары кирбейт);

14) (КР 2017-жылдын 4-майындагы N 75 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

15) шаар куруу, турак жай, коомдук жана өндүрүштүк имараттардын жана курулуштардын (I, II, III категориядагы объекттердин) долбоордук-изилдөө иштери;

16) жеке турак үйлөрдү (I, II, III категориядагы объекттерди) куруудан тышкары курулуш-куроо иштери;

17) автомобиль транспорту менен жүргүнчүлөрдү ташуу (жеңил таксилерди албаганда);

18) автомобиль транспорту менен эл аралык жүк ташуулар;

19) аба транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана (же) жүктөрдү ташуу;

20) аба кемелерин техникалык тейлөөнү жана (же) оңдоону албаганда, учуп келүүдө же учуп кетүүдө аэропорттордо (аэродромдордо) аба кемелерин жер үстүндө тейлөө;

21) суу транспорту менен жүргүнчүлөрдү жана (же) жүктөрдү ташуу;

22) ушул Мыйзамдын 2-беренесинин 4-бөлүгүнүн экинчи абзацына ылайык банктык операция-ларды жүргүзүү;

23) кредиттик союздардын иши;

24) микрокаржылык компаниялардын иши;

25) күрөөканалардын иши;

26) чет өлкөлүк накталай валюта менен алмашуу операцияларын жүргүзүү;

26-1) кредиттик бюронун иши;

27) маалыматтык технологияларга жана электрондук каражаттарга жана төлөмдөрдү жүргүзүү ыкмаларына негизделген төлөм тутумдары аркылуу өзүнүн ишинин натыйжасы болуп саналбаган товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү үчүнчү жактардын пайдасына кабыл алуу жана эсептерди жүргүзүү боюнча кызматтарды көрсөтүү;

28) бул процессингдик, клирингдик борбордун төлөм тутумунун катышуучуларына үчүнчү жак-тардын төлөмдөрү жана эсептери боюнча каржылык маалыматты (процессинг, клиринг) кабыл алуу, иштетүү жана берүү боюнча кызматтарды көрсөтүү;

29) (КР 2015-жылдын 8-апрелиндеги N 74 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

30) кесиптик лотереяны уюштуруу боюнча иш;

31) уулуу заттардын (анын ичинде чек аралык) өндүрүш калдыктарын, анын ичинде радиоак-тивдүү заттардын өндүрүш калдыктарын ташуу;

32) аскердик багыттагы продукцияларды иштеп чыгуу, өндүрүү жана сатуу (курал-жарак, аскердик техника, аскердик-техникалык мүлк, документтер, интеллектуалдык иштин натыйжа-лары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен аскердик багыттагы продукцияларга кир-ген аскердик-техника жаатындагы маалыматтар) жана аскердик багыттагы кызмат көрсөтүүлөр (курал-жарактарды, аскердик техниканы оңдоо, модернизациялоо, утилизациялоо, ошондой эле аларды ташуу, берүү жана сактоо боюнча иштер);

33) өнөр жай багытындагы жарылуучу материалдарды өндүрүү, колдонуу, жок кылуу;

34) жарылуучу заттарды жана буюмдарды (анын ичинде пиротехникалык) сатуу;

35) куралдарды жана ок-дарыларды жасап чыгаруу, оңдоо, сатуу;

36) баңги заттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду иштеп чыгаруу, өндүрүү, даярдоо, кайра иштетүү, сактоо, берүү, сатуу, сатып алуу, пайдалануу, соода жүргүзүү жана бөлүштүрүү;

37) адвокаттык иш;

38) жеке нотариалдык иш;

39) камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу өмүрдү ыктыярдуу топтомо менен камсыздандыруу;

40) камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу өзүн ыктыярдуу камсыздандыруу;

41) камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу мүлктү ыктыярдуу камсыздандыруу;

42) камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу жоопкерчиликти ыктыярдуу камсыздандыруу;

43) камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу камсыздандыруунун милдеттүү түрлөрү;

44) кайра камсыздандыруучу уюм тарабынан жүзөгө ашырылуучу камсыздандыруунун милдеттүү жана ыктыярдуу түрлөрү боюнча кайра камсыздандырууга киргүчүлөр;

45) мамлекеттик эмес пенсиялык фонддун иши;

46) баалуу кагаздар рыногунда соода уюштуруу;

47) баалуу кагаздар рыногундагы брокердик иш;

48) баалуу кагаздарды кармоочулардын реестрин жүргүзүү;

49) баалуу кагаздардын рыногундагы депозитардык иш;

50) баалуу кагаздар рыногундагы дилердик иш;

51) инвестициялык фонддун иши;

52) инвестициялык активдерди ишенимдүү башкаруу;

53) аудитордук иш;

54) банкроттук процессинин жол-жоболорун жүзөгө ашыруучу администраторлордун иши;

55) өрткө каршы автоматика каражаттарын долбоорлоо, куроо, жөндөө жана оңдоо; жыгач конструкцияларды жана күйө турган театралдык экспозициялык жабдууларды оттон коргоо;

56) билим берүү иши (мектепке чейинки, жалпы баштапкы, жалпы негизги жана жалпы орто билим берүү, мектептен тышкаркы билим берүү программаларын жүзөгө ашыруучу мамлекеттик жана муниципалдык билим берүү уюмдарынан башка);

57) тизмеги Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү куралдардын жана аскер техникасынын, ошондой эле аскердик багыттагы башка продукциялардын импорту, экспорту;

58) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү, Кыргыз Республикасынын контролдонуучу продукциясынын улуттук контролдук тизмесине киргизилген товарлардын импорту, экспорту, реэкспорту;

59) камсыздандыруу брокеринин иши;

60) актуардык иш.

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179, 2015-жылдын 8-апрелиндеги N 74, 2015-жылдын 28-майындагы N 122, 2016-жылдын 28-июнундагы N 91, 2017-жылдын 4-майындагы N 75, 2017-жылдын 10-майындагы N 79, 2017-жылдын 23-майындагы N 84, 2017-жылдын 2-августундагы N 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

16-берене. Лицензиялануучу тийиш болгон чектелген мамлекеттик ресурстарды пайдалануу боюнча иштин түрлөрү

Иштин төмөнкү түрлөрү лицензияланууга тийиш.

1) радиожыштык спектрин пайдалануу (өндүрүштүк коммерциялык эмес максаттар үчүн радиожыштык спектрин пайдаланган жеке жана (же) юридикалык жактарды кошпогондо);

2) токой фондуна караштуу жерлерде даректын сөңгөктөрүн алып салуу (жыгач кыюу билети,

жыгачты аз-аздан кое берүү ордери);

3) өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин коммерциялык максаттарда алып салуу (өсүмдүктөр дүйнөсүнүн объекттерин алып салууга уруксат алуу жана токой билети);

4) уулуу материалдардын жана заттардын, анын ичинде радиоактивдүү заттардын калдыктарын утилизациялоо, сактоо, көмүү, жок кылуу;

5) жер казынасын пайдалануу укугуна байланыштуу иш (геологиялык-издөө иштерин жүргүзүүгө жер казынасын пайдалануу укугу, геологиялык чалгындоо иштерин жүргүзүүгө жер казынасын пайдалануу укугу, пайдалуу кендер чыккан жерлерди иштеп чыгуу үчүн жер казынасын пайдалануу укугу, жер астындагы сууларды алууну жана пайдаланууну, геологиялык картага түшүрүүнү жана региондук геологиялык, геофизикалык жана башка илимий изилдөөлөрдү, пайдалуу кендерди иштеп чыгууга байланышпаган жер астындагы курулмаларды курууну жана эксплуатациялоону, коммерциялык максаттар үчүн минералогиялык, полеонтологиялык коллекцияларды жыйноону, декоративдик максаттар үчүн таш материалын жыйноону жана кооздук таштары жана курулуш материалдары катарында пайдаланууну, ошондой эле жер казынасын геологиялык изилдөө жана пайдалуу кендер чыккан жерлерди иштеп чыгуу менен байланышпаган жер казынасын пайдалануу укугун кошуп алганда);

6) жарылып кете турган кооптуу аралашманы (баллондорду кысылган жана суюк абалга айландырылган газдар менен толтуруу станциялары) пайда кылууга жарамдуу заттарды алуу, пайдалануу, кайра иштетүү, түзүү, сактоо, жок кылуу;

7) таасири күчтүү уулуу заттарды алуу, түзүү, сактоо, пайдалануу, жок кылуу.

(КР 2015-жылдын 21-майындагы N 109, 2017-жылдын 4-майындагы N 75 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

17-берене. Иш процессинде аракеттердин түрлөрүнө карата уруксаттардын тизмеги

Уруксаттарды алууну талап кылган колдонуунун түрлөрү:

1) (КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту);

2) жардыруу иштерин жүргүзүү укугу;

3) тоо жумуштарын жүргүзүү;

4) аналитикалык изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн руданын жана тоо-тектердин үлгүлөрүн, концентраттарды, өндүрүш калдыктарын жана лабораториялык үлгүлөрдү Кыргыз Республикасына ташып келүү жана анын чегинен ташып чыгаруу;

5) жылмаланган алтынды жана алтын камтыган аралашманы сатып алуу;

Караңыз:

КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 29-декабрындагы N 894 «Кыргыз Республикасында кум түрүндөгү алтынды жана алтын камтыган концентратты сатып алууга уруксаттарды берүүнүн тартиби жөнүндө убактылуу жобону бекитүү тууралуу» токтому

6) өсүмдүктөрдөн жасалуучу карантин коюлган товарларды Кыргыз Республикасына ташып келүү;

7) (КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту);

8) Кыргыз Республикасынын аймагында жумуш берүүчүлөрдүн арыздары боюнча чет өлкөлүк жарандарга жана жарандыгы жок адамдарга жалпы квотанын негизинде берилүүчү жумушка уруксат;

9) Кыргыз Республикасынын жарандарын анын чегинен тышкары жерлерде жумушка орноштуруу;

10) Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу курал-жарактын жана аскердик техниканын транзити;

11) Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу баңги каражаттарын, психотроптук заттарды жана прекурсорлорду ташып келүү, ташып чыгаруу, транзиттөө;

12) жарандык жана кызматтык куралдарды жана аларга ок-дарыларды сатып алуу, сактоо, ташуу, алып жүрүү, коллекциялоо, көргөзмөгө коюу;

13) таасири күчтүү уулуу заттарды сатып алуу жана сатуу;

14) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген атайын каражаттарды сатып

алуу, сатуу, сактоо, ташуу, алып жүрүү, ташып келүү, ташып чыгаруу;

15) балыктарды илимий максаттар үчүн контролдук кармоону жүргүзүү;

16) (КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту);

17) (КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту);

18) айлана-чөйрөгө калдыктарды жайгаштыруу;

19) булгоочу заттарды айлана-чөйрөгө агызып чыгаруу;

20) булгоонун стационардык булактары менен булгоочу заттарды атмосферага чыгаруу;

21) эл аралык автомобилдик жүк ташууларды жүзөгө ашырууда чет мамлекеттин аймагына кирүү жана андан чыгуу;

22) эл аралык автомобилдик жүк ташууларды жүзөгө ашырууда чет мамлекеттин аймагынан транзиттик өтүү;

23) эл аралык автомобилдик жүк ташууларды жүзөгө ашыруу;

24) эл аралык автомобилдик жүк ташууларды жүзөгө ашырууда үчүнчү өлкөлөргө (үчүнчү өлкөлөрдөн) жүктөрдү ташуу;

25) эл аралык жүргүнчүлөрдү ташуулар (үзгүлтүксүз жана үзгүлтүктүү);

26) кооптуу жүктөрдү ташуу;

27) өнөр жай багытындагы жарылуучу материалдарды сактоо укугу;

27-1) пиротехникалык буюмдарды сактоо укугу;

28) Кыргыз Республикасынын аймагына пиротехникалык буюмдарды ташып келүү;

29) жарылуучу материалдарды сатып алуу укугу;

30) радиоэлектрондук каражаттарды (РЭК) жана жогорку жыштыктагы каражаттарды (ЖЖК), радиожыштыкта нур берүүчү же жогорку жыштыктагы электрмагниттик толкундардын булагы болуп саналган башка техникалык каражаттарды Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келүүгө жол берүү;

31) радиоэлектрондук каражаттарды эксплуатациялоо укугуна жыштыктарды ыйгаруу;

32) мамлекеттик ветеринардык көзөмөл контролундагы жүктөрдү (товарларды) Кыргыз Республикасына ташып келүү жана Кыргыз Республикасынан ташып чыгаруу;

33) мамлекеттик ветеринардык көзөмөл контролундагы жүктөргө (товарларга) карата транзиттик өлкөлөргө уруксат суратуу жана Кыргыз Республикасынын аймагы боюнча транзити;

34) контролдонуучу продукцияга идентификация жүргүзүү укугу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү контролдонуучу продукциянын Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдук тизмесине киргизилген товарлардын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзити, ошондой эле товарларды республиканын ичинде өткөрүп берүү;

35) Маалыматтарды жашыруун алуу үчүн арналган атайын техникалык каражаттарды иштеп чыгуу, өндүрүү, сатуу, сатып алуу, сактоо, ташуу;

36) (КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту).

37) аналогдук берүүдө жана (же) санариптик берүү пакетинде колдонуудагы технологияларга карабастан теле-, радиоканалын жайгаштыруу;

37) мамлекеттик же кызыктыруучу лотереяны өткөрүү.

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179, 2015-жылдын 21-майындагы N 109, 2017-жылдын 4-майындагы N 75, 2017-жылдын 10-майындагы N 79, 2019-жылдын 24-апрелиндеги N 51 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-глава. Лицензиялоо жүргүзүүнүн тартиби

18-берене. Лицензия жана (же) уруксат алуу үчүн зарыл документтер

1. Лицензия жана (же) уруксат алуу үчүн арыз ээси тийиштүү лицензия берүүчүгө төмөнкүлөрдү көрсөтөт же маалыматтык технологиялар аркылуу жөнөтөт:

1) белгиленген формадагы арызды;

2) жеке жак үчүн - инсандыгын ырастоочу документтин көчүрмөсүн;

3) юридикалык жак жана жеке ишкер үчүн - мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн көчүр-

мөсүн;

4) арызды кароо жана лицензия жана (же) уруксат берүү үчүн лицензиялык жыйымды төлөгөндүгүн ырастаган документтин көчүрмөсүн;

5) Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жободо каралган документтердин көчүрмөлөрүн.

2. Арыз ээси лицензия жана (же) уруксат алуу үчүн маалыматтык технологиялар аркылуу кайрылган учурда, арыз ээси лицензия берүүчүнүн сайтында белгиленген формадагы арызды толтурат жана ошол эле убакта ушул беренеде каралган документтердин сканерден өткөрүлгөн түп нускаларын электрондук форматта тиркейт. Бул учурда, арыз ээси арызды жана электрондук форматта берилген документтердин тизмегин кабыл алуу датасын көрсөтүү менен документтердин кабыл алынгандыгы жөнүндө ырастоону алат.

3. Арыз ээси лицензия берүүчүгө электрондук лицензияны жана (же) уруксатты берүү жөнүндө бул тууралуу арызда көрсөтүү менен кайрыла алат.

4. Лицензия берүүчү тарабынан ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында каралбаган документтерди аларга каршы келбеген бөлүгүндө көрсөтүүнү арыз ээсинен талап кылууга тыюу салынат.

19-берене. Лицензиялык жыйымдар

1. Лицензия жана (же) уруксат берүүдө, кайра жол-жоболоштурууда жана лицензиянын жана (же) уруксаттын дубликатын берүүдө салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык бир жолку лицензиялык жыйым алынат. Кыргыз Республикасынын аймагында чет өлкөлүк мамлекеттин лицензия берүүчүсү тарабынан берилген лицензияны өз ара таануу жана бир тараптуу тартипте таануу жол-жобосу үчүн салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө мыйзамдарга ылайык лицензиялык жыйым алынат.

2. Арыз ээлеринен жана лицензия алуучулардан ушул Мыйзамда каралбаган башка жыйымдарды алууга тыюу салынат.

3. Лицензиялык жыйымдардын бардык түрлөрү түздөн-түз республикалык бюджетке жөнөтүлөт.

20-берене. Арыздарды кароонун жана лицензия жана (же) уруксат берүүнүн мөөнөттөрү

1. Лицензия берүүчү Кыргыз Республикасына чектеш өлкөлөр менен эл аралык макулдашууну талап кылуучу радиожыштык спектрин пайдалануу укугуна лицензия берүүчү учурларды албаганда, бардык зарыл документтер менен арызды берген күндөн тартып отуз календардык күндөн кечиктирбестен лицензия жана (же) уруксат берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алат.

2. Лицензия жана (же) уруксат берүү же аларды берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечим лицензия берүүчүнүн тийиштүү актысы менен жол-жоболоштурулат.

3. Лицензиялоочу орган лицензия жана (же) уруксат берүү үчүн белгиленген мөөнөттө лицензия жана (же) уруксат берүү же берүүдөн баш тартуу жөнүндө чечимдин кабыл алынгандыгы тууралуу арыз ээсине кабарлоого милдеттүү.

Лицензия жана (же) уруксат берүү же берүүдөн баш тартуу тууралуу кабар арыз ээсине жазуу жүзүндө жөнөтүлөт (тапшырылат).

4. Берилген лицензиялар жана (же) уруксаттар жөнүндө маалыматтар лицензия берүүчү тарабынан лицензияларды жана (же) уруксаттарды берүү жөнүндө тийиштүү чечимдин негизинде реестрге киргизилүүгө тийиш. Лицензия жана (же) уруксат ал жөнүндө маалыматтар реестрге киргизилген күндөн тартып расмий берилген болуп эсептелет. Лицензия берүүчү лицензия берген күнү лицензияны жана (же) уруксатты берүү жөнүндө маалыматты реестрге киргизет.

5. Ушул Мыйзамдын 15-беренесинин 36-пункту жана 17-беренесинин 11-пункту менен каралган лицензияларды жана уруксаттарды кошпогондо, эгерде лицензия берүүчү ушул берененин 1-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөрдө арыз ээсине лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартылгандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлабаса, анда лицензия жана (же) уруксат берилди деп эсептелинет. Лицензия берүүчү лицензияны жана (же) уруксатты берүү үчүн мөөнөт аяктаган датадан кийинки күндөн кечиктирбестен лицензия жана (же) уруксат берүү жөнүндө маалыматтарды реестрге киргизүүгө жана арыз ээсине суралып жаткан лицензияны жана (же) уруксатты берүүгө милдеттүү.

6. Арыз ээси белгиленген мөөнөттөрдө лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартууну же лицензиянын жана (же) уруксаттын өзүн албаган учурда, лицензия берүү үчүн белгиленген мөөнөт аяктаган датадан тартып отуз календардык күндүн ичинде лицензия берүүчүгө өзү билдирген иштин түрүн жүзөгө ашырууну баштагандыгы жөнүндө жазуу жүзүндө кабарлайт.

(КР 2014-жылдын 31-декабрындагы N 179 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

21-берене. Лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартуу

1. Лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартууга төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

1) субъекттердин бул категориясы үчүн иштин белгилүү бир түрүн жүзөгө ашырууга мыйзамда каралган тыюу салуу болсо;

2) арыз ээсине иштин ушул түрү менен алектенүүгө тыюу салган соттун чечими болсо;

3) арыз ээси тарабынан так эмес же толук эмес маалымат берилсе;

4) эгерде арыз ээси берген документтер ушул Мыйзамда жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга ылайык келбесе;

5) лицензияны жана (же) уруксатты кароо жана берүү үчүн лицензиялык жыйымдын төлөнбөшү.

2. Лицензия берүүчү баш тартуунун толук негиздерин баяндоо менен бир жолу гана жазуу жүзүндө баш тартуу берүү укугуна ээ.

3. Ушул берененин биринчи бөлүгүнүн 3-5-пункттарында көрсөтүлгөн баш тартуунун негиздери жокко чыгарылган учурда, арыз кайрадан каралууга тийиш. Мында арызды кароонун жана лицензияны жана (же) уруксатты берүүнүн мөөнөтү кайрадан кароого арыз берилген күндөн тартып эсептеле баштайт.

Арыз берүүчүнүн мурда каралган документтери боюнча баш тартууга жол берилбейт.

4. Ушул беренеде каралбаган башка негиздер боюнча лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартууга тыюу салынат.

5. Лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартылган учурда лицензия берүүчү лицензия жана (же) уруксат берүү үчүн белгиленген мөөнөттөрдө баш тартуунун себептерин көрсөтүү менен кабыл алынган чечим жөнүндө жазуу жүзүндө лицензия жана (же) уруксат алуучуга кабарлоого милдеттүү.

22-берене. Лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартууга жана негизсиз баш тартуунун айынан келип чыккан чыгымдардын ордун толтурууга даттануу

1. Арыз ээси лицензия берүүчүнүн лицензия жана (же) уруксат берүүдөн баш тартуусуна Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

2. Лицензия берүүдөн негизсиз баш тартуудан жана лицензия алуучунун укуктарын бузуудан келип чыккан чыгымдардын ордун толтуруу жарандык мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

23-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу

1. Лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

1) юридикалык жакты кайра уюштуруу;

2) юридикалык жактын аталышынын өзгөрүүсү;

3) жеке жактын фамилиясынын, атынын, атасынын атынын өзгөрүүсү;

4) лицензиянын ээликтен ажыратылышы;

5) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтүнүн узартылышы.

2. Лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу үчүн негиздер пайда болгондо лицензия алуучу арыз менен кайрылууга милдеттүү.

3. Тийиштүү өзгөртүүлөрдү ырастоочу документтерди тиркөө, кайра жол-жоболоштуруунун негиздерин жана жаңы маалыматтарды көрсөтүү менен лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу жөнүндө арыз лицензия берүүчүгө лицензия алуучу тарабынан кайра жол-жоболоштуруу үчүн негиздер пайда болгон күндөн тартып он беш жумушчу күндөн кечиктирилбестен берилет.

4. Лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу лицензия берүүчү тарабынан тийиштүү арыз кабыл алынган күндөн тартып беш жумушчу күндүн ичинде жүзөгө ашырылат. Лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштурууда лицензия берүүчү реестрге тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизет.

5. Эгерде лицензия убактылуу болсо кайра жол-жоболоштурулган лицензиянын мөөнөтү мурдагы лицензияда көрсөтүлгөн колдонуу мөөнөтүнөн ашпашы керек.

24-берене. Лицензия жана (же) уруксат берүү жөнүндө арызга тиркелүүчү документтерде көрсөтүлгөн маалыматтарды өзгөртүү

1. Лицензия алуучу ушул Мыйзамдын 23-беренесинде каралган лицензияны жана (же) уруксатты кайра жол-жоболоштуруу үчүн негиз болуп саналбаган, лицензияны жана (же) уруксатты берүү жөнүндө арызга тиркелүүчү документтерде көрсөтүлгөн маалыматтардын бардык өзгөрүүлөрү тууралуу лицензия берүүчүгө кабарлоого милдеттүү.

2. Кабарлоо өзгөрүүлөр пайда болгондон кийин көрсөтүлгөн өзгөрүүлөрдү тастыктоочу документтердин түп нускалары же алардын көчүрмөлөрү менен (текшерүү үчүн алардын түп нускаларын берүү менен) бирге он жумушчу күндүн ичинде жазуу жүзүндө берилет.

3. Лицензия берүүчү кабарлоо келип түшкөн датадан тартып үч жумушчу күндүн ичинде реестрге тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизет.

25-берене. Убактылуу лицензияны колдонуу мөөнөтүн узартуу

1. Убактылуу лицензияны колдонуу мөөнөтү узартылышы мүмкүн.

2. Убактылуу лицензияларды узартуунун негиздери жана тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү Иштин айрым түрлөрүн лицензиялоо жөнүндө жобо менен белгиленет.

3. Лицензияны колдонуу мөөнөтүн узартуудан баш тартылганда лицензия алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

26-берене. Лицензиянын жана (же) уруксаттын дубликатын берүү

1. Лицензияны жана (же) уруксатты жоготкондо, бузуп алганда лицензия алуучу лицензия берүүчүгө жөнөтүлүүчү жазуу жүзүндөгү арыздын негизинде лицензиянын жана (же) уруксаттын дубликатын алууга укуктуу. Лицензияны жана (же) уруксатты бузуп алган учурда арызга лицензиянын жана (же) уруксаттын бузулган бланкы да тиркелет.

2. Лицензиянын жана (же) уруксаттын жоголгон, бузулган бланкалары лицензия алуучу тарабынан арыз берилген күндөн тартып жараксыз деп эсептелет.

3. Лицензия берүүчү арыз берилген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде жогорку оң жагындагы бурчунда «Дубликат» деген жазуусу бар лицензиянын жана (же) уруксаттын дубликатын берет.

4. Лицензиянын жана (же) уруксаттын дубликатын берүүдөн баш тартуусу тууралуу лицензия берүүчүнүн чечимине лицензия алуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

27-берене. Чет мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан берилген лицензияларды таануу

1. Чет мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан берилген лицензияларды Кыргыз Республикасынын аймагында таануу лицензияларды өз ара таануу тартибинде, эл аралык макулдашуулардын негизинде лицензияларды автоматтуу түрдө таануу тартибинде, ошондой эле бир тараптуу тартипте жүзөгө ашырылат.

2. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык чет мамлекеттердин ыйгарым укуктуу органдары тарабынан иштин айрым түрлөрүнө берилген лицензиялар лицензиялоонун кошумча жол-жоболорун жүргүзүүсүз жана улуттук лицензия берүүсүз (банк чөйрөсүндөгү мыйзамдарда каралган учурларды албаганда) лицензия берүүчү тарабынан бул тууралуу маалыматтарды реестрге киргизүү жолу менен Кыргыз Республикасынын аймагында колдонууга жарактуу деп таанылат.

3. Чет мамлекетте берилген лицензиялар бул лицензияларды Кыргыз Республикасынын аймагында бир тараптуу тартипте таанылуучу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү лицензиялардын тизмегине кирген шартта бир тараптуу тартипте таанылат.

Чет мамлекеттердин лицензия берүүчүлөрү тарабынан берилген, лицензиялык талаптары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген талаптарга окшош же жогору болгон лицензиялар гана Кыргыз Республикасынын аймагында бир тараптуу тартипте таанылуучу лицензиялардын тизмегине киргизилет. Кыргыз Республикасынын аймагында бир тараптуу тартипте таанылуучу лицензиялардын тизмегинде лицензиялардын жана бул лицензияларды берген мамлекеттердин аталыштары камтылууга тийиш.

Чет мамлекеттин лицензия берүүчүсү тарабынан берилген лицензияны бир тараптуу тааныу ушул беренеде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

4. Лицензияны тааныу жол-жобосу берилген лицензиялардын жана документтердин аныктыгын текшерүү жана лицензияны тааныу жөнүндө маалыматтарды реестрге киргизүү жол-жобосуна негизделет.

5. Чет мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген лицензияны колдонууну Кыргыз Республикасынын аймагында тааныу жөнүндө маалыматтардын реестрине киргизүү үчүн лицензия алуучу төмөнкү документтерди берүү менен лицензияны тааныу жөнүндө арыз менен тийиштүү лицензия берүүчүгө кайрылат:

1) чет мамлекеттин ыйгарым укуктуу адамы тарабынан берилген лицензиянын түп нускасын жана көчүрмөсүн;

2) субъекттин ишинин мыйзамдуулугун ырастоочу документтерди (келип чыккан өлкөдөгү мамлекеттик каттоо).

Көрсөтүлгөн документтер мамлекеттик жана расмий тилдеги котормосу менен чет өлкөлүк расмий документтерди консулдук легалдаштыруу талаптарына ылайык күбөлөндүрүлүүгө тийиш же апостиль коюлушу керек.

6. Лицензия берүүчү берилген документтерди текшерүүнү үч жумушчу күндүн ичинде жүзөгө ашырат жана Кыргыз Республикасынын аймагында көрсөтүлгөн лицензиянын колдонулушун тааныу жөнүндө маалыматты реестрге киргизет.

7. Эгерде чет мамлекеттин ыйгарым укуктуу органы тарабынан берилген лицензияны колдонуу мөөнөтү чектелген учурда, Кыргыз Республикасынын аймагында таанылган лицензияны колдонуу чет мамлекет тарабынан берилген лицензияны колдонуу мөөнөтүнө жараша чектелүүгө жатат.

8. Анын лицензиясы белгиленген тартипте таанылган лицензия алуучу тарабынан жөнгө салынууга жаткан иштин тийиштүү түрүн жүзөгө ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген лицензиялык талаптар бузулган учурда, лицензия берүүчү ушул Мыйзамга ылайык көрсөтүлгөн лицензияны Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулушун өз чечими менен токтото турушу же болбосо алар боюнча лицензия алуучу лицензиянын колдонулушун токтото турган себептер белгиленбеген учурда лицензия берүүчүнүн кайрылуусунун негизинде сот тартибинде жокко чыгарылышы мүмкүн.

9. Лицензия алуучу таанылган лицензияны колдонулушун токтотуп коюу жөнүндө лицензия берүүчүнүн чечимине сот тартибинде даттанууга укуктуу.

4-глава. Лицензиялык контроль

28-берене. Лицензиялык контроль

1. Лицензиялык контроль ушул Мыйзамда жана иштин айрым түрлөрүн жөнгө салган ченемдик укуктук актыларда белгиленген лицензиялык талаптардын лицензия алуучу тарабынан сактылышын текшерүү максатында тийиштүү лицензия берүүчү тарабынан жүргүзүлөт. Лицензиялык контроль жүргүзүүнүн тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилет.

2. Лицензиялык контроль лицензия алуучу тарабынан лицензиялык талаптарды сактоосун лицензиялык текшерүү формасында жүргүзүлөт.

3. Лицензиялык текшерүүлөр лицензия берүүчү тарабынан бекитилген планга ылайык жүзөгө ашырылат.

4. Лицензия алуучу тарабынан лицензиялык талаптардын аткарылышын текшерүү, мурдагы текшерүүлөрдүн жүрүшүндө табылган талаптарды бузуулардын лицензия алуучу тарабынан жоюлушун текшерүү лицензиялык текшерүү жүргүзүүнүн предмети болуп саналат.

5. Лицензиялык талаптар аткарылбаган учурда лицензия берүүчү лицензия алуучуга төмөнкүдөй таасир этүү чараларын колдонушу мүмкүн:

1) эскертүү;

2) айып;

3) лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуп коюу;

4) лицензияны жана (же) уруксатты жокко чыгаруу тууралуу маселени кароо үчүн сот органдарына доо арыз берүү.

6. Лицензиялык талаптарды бир жолу бузгандыгы үчүн лицензия берүүчү эскертүү берүү түрүндөгү таасир этүү чарасын колдонууга укуктуу.

7. Лицензиялык талаптарды экинчи жолу бузгандыгы үчүн лицензия берүүчү айып салуу түрүндөгү таасир этүү чарасын колдонууга укуктуу.

Айып салуу түрүндөгү таасир этүү чараларын колдонуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

Айып салуудан түшкөн каражаттар түздөн-түз республикалык бюджетке жиберилет.

29-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуп коюу

1. Лицензиялык талаптарды үчүнчү жолу бузгандыгы үчүн лицензия берүүчү мурда эскертүү алган же айып салынган субъекттин лицензиясын жана (же) уруксатын колдонууну үч айга чейинки мөөнөткө токтотуп коюуга укуктуу.

2. Лицензия алуучу лицензияны жана (же) уруксатты токтотуп коюуга алып келген лицензиялык талаптарды бузуулар алар тарабынан жоюлгандыгы жөнүндө лицензия берүүчүгө жазуу жүзүндө кабарлоого милдеттүү.

3. Лицензияны колдонуу мөөнөтү аны колдонуу токтотулуп турган мезгилге узартылбайт.

4. Эгерде белгиленген мөөнөттө лицензия алуучу лицензияны жана (же) уруксатты токтотуп коюуга алып келген лицензиялык талап бузууларды жойбосо, лицензия жана (же) уруксат ушул Мыйзамдын 31-беренесинде каралган тартипте жокко чыгарылат.

5. Лицензия алуучу лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуп коюу жөнүндө чечимге соттук тартипте даттанууга укуктуу.

30-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну кайра жаңылоо

1. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу лицензия алуучу тарабынан лицензиялык талаптарды бузуулар жоюлган шартта лицензия жана (же) уруксатты колдонуу токтотулган мөөнөт аяктаган күндөн кийинки күндөн тартып же болбосо лицензия алуучу тарабынан лицензиялык талаптарды бузуулар мөөнөтүнөн мурда жоюлган учурда, лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу токтотулган белгиленген мөөнөт аяктаганга чейин лицензия берүүчү тарабынан кайра жаңыланат.

2. Табылган лицензиялык талаптарды бузуулар мөөнөтүнөн мурда жоюлган учурда лицензия алуучу бул жөнүндө лицензия берүүчүгө жазуу жүзүндө кабарлайт жана лицензиялык текшерүүнү демилгелейт.

3. Лицензия берүүчү табылган бузуулардын жоюлушуна лицензиялык текшерүүнү лицензия алуучунун бузууларды мөөнөтүнөн мурда жоюу жөнүндө билдирүүсүн алган күндөн тартып отуз күндүк мөөнөттө же болбосо беш жумушчу күндөн кечиктирбестен жүргүзөт жана текшерүүнүн натыйжалары боюнча лицензия алуучуга лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну кайра жаңылоо, же болбосо тийиштүү негиздеме менен аны кайра жаңылоодон баш тартуу жөнүндө чечимин жазуу жүзүндө жиберет жана тийиштүү маалыматтарды реестрге киргизет.

4. Лицензияны же (жана) уруксатты колдонуу бул тууралуу маалыматтар реестрге киргизилген күндөн тартып кайра жаңыланган болуп эсептелет.

5. Лицензия алуучу лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну кайра жаңылоодон баш тартуу жөнүндө лицензия берүүчүнүн чечимине Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте даттанууга укуктуу.

5-глава. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуу

31-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуу

1. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу төмөнкү учурларда токтотулат:

1) жеке жак тарабынан жеке ишкер катарында иш токтотулганда;

2) юридикалык жак жоюлганда;

3) лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу мөөнөтү аяктаганда;

4) берилген лицензияны жана (же) уруксатты жүзөгө ашырууга аракеттери, операциялар толук көлөмдө жасалганда;

5) лицензия алуучу тарабынан иштин лицензияланууучу түрүн жүзөгө ашыруу ыктыярдуу токтотулган учурда, лицензия алуучунун (лицензия алуучунун укугун мурастоочунун) арызы берилгенде;

6) иштин лицензияланууучу түрлөрүнүн тизмегинен иштин айрым бир түрү алынып салынганда;

7) лицензияны жана (же) уруксатты жокко чыгаруу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

8) жеке жак каза болгондо.

2. Лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу токтотулганда лицензия берүүчү лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуу жөнүндө маалыматты реестрге киргизет. Маалыматтар реестрге киргизилген датадан тартып лицензияны жана (же) уруксатты колдонуу токтотулду деп таанылат.

Лицензия алуучунун колундагы кагаз жүзүндөгү лицензиясы жана (же) уруксаты лицензияны жана (же) уруксатты колдонууну токтотуу жөнүндө маалыматтары реестрге киргизилген күндөн тартып жараксыз деп эсептелет.

32-берене. Лицензияны жана (же) уруксатты жокко чыгаруу

Лицензия берүүчү лицензияны колдонууну токтотуп койгон себептер жоюлбаган учурда лицензия берүүчүнүн арызын кароонун негизинде соттун чечими менен лицензия жана (же) уруксат жокко чыгарылат.

6-глава. Корутунду жана өтмө жоболор

33-берене. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү тартиби

1. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып 15 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2013-жылдын 29-октябрында N 87 жарыяланды

5-берененин 2-бөлүгүнүн 11-пункту 2015-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет.

14-берененин 1-бөлүгүнүн 1-пунктунун «б» пунктчасы өзүн-өзү жөнгө салуучу уюмдар жөнүндө ченемдик укуктук акты кабыл алынгандан кийин күчүнө кирет.

2. Ушул Мыйзам күчүнө кирген күндөн тартып төмөнкүлөр күчүн жоготту деп таанылсын:

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 3-мартындагы N 12 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1997-ж., N 3, 126-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолор киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 14-февралындагы N 13 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., N 3, 74-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 24-апрелиндеги N 53 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., N 8, 249-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралу» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 7-июлундагы N 87 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1998-ж., N 12, 496-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 12-сентябрындагы N 121 Мыйзамынын 2-беренесы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., N 3, 83-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесын чечмелөө тууралу» Кыргыз Республикасынын 1998-жылдын 3-декабрындагы N 150 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1999-ж., N 3, 100-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 27-ноябрындагы N 131 Мыйзамынын 7-беренесы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., N 4, 171-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр жана толуктоо-

лор киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 18-январындагы N 13 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2000-ж., N 11, 687-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2001-жылдын 12-июндагы N 48 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2001-ж., N 6, 183-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 17-февралындагы N 36 Мыйзамынын 3-беренесы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., N 4, 189-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 18-февралындагы N 41 Мыйзамынын 3-беренесы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., N 4, 192-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 10-мартындагы N 59 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., N 5, 225-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 11-июндагы N 95 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., N 9, 355-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 1-августундагы N 165 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2003-ж., N 11, 506-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоо жана өзгөртүү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 24-декабрындагы N 239 Мыйзамынын 1-беренесы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2004-ж., N 3, 134-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2004-жылдын 13-августундагы N 129 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2005-ж., N 1, 8-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 27-январындагы N 21 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2006-ж., N 1, 23-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 28-апрелиндеги N 45 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2007-ж., N 4, 348-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 19-апрелиндеги N 62 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 4, 344-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 28-апрелиндеги N 73 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 4, 355-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 2-июндагы N 105 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 6/2, 569-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 12-июндагы N 118 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 6/2, 582-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо жана өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 23-июндагы N 126 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 6/2, 590-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 23-октябрындагы N 232 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 8, 924-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2008-жылдын 20-ноябрындагы N 241 Мыйзамы (Кыргыз Республика-

сынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2008-ж., N 9, 1014-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөр киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 31-июлундагы N 258 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., N 7, 768-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү жана толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 13-октябрындагы N 270 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., N 9, 857-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161 Мыйзамынын 2-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2011-ж., N 9, 1261-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 21-декабрындагы N 242 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., N 11, 1682-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 6-октябрындагы N 169 Мыйзамынын 4-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., N 9, 2861-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 10-октябрындагы N 170 Мыйзамынын 19-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., N 9, 2862-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 11-октябрындагы N 171 Мыйзамынын 4-беренеси (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., N 9, 2863-ст.);

- «Лицензиялоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 14-ноябрындагы N 182 Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2012-ж., N 10, 2981-ст.);

- «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2013-жылдын 24-июлундагы N 156 Мыйзамынын 2-беренеси («Эркин Тоо» газетасы, 2013-жылдын 2-августу, N 65).

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү алты айлык мөөнөттө:

1) өзүнүн ченемдик укуктук актыларын ушул Мыйзамга ылайык келтирсин;

2) мыйзамдарды ушул Мыйзамга ылайык келтирүү жөнүндө сунушту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

3) ушул Мыйзамдан келип чыккан каржылык, уюштуруучулук жана башка маселелерди чечсин.

4. Ушул Мыйзамды Кыргыз Республикасынын аймагына киргизүү менен ушул Мыйзамда каралбаган иштин түрлөрүн, аракеттерди, операцияларды лицензиялык жөнгө салуу жокко чыгарылат.

5. Ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин берилген лицензиялар өзүнүн юридикалык күчүн сактайт.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев

2013-жылдын 3-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

3.4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек шаары, 1997-жылдын 2-июлу N 41

Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө

(КР 2003-жылдын 24-декабрындагы N 239, 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161, 2011-жылдын 4-ноябрындагы N 201, 2015-жылдын 10-июнундагы N 128, 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

Ушул Мыйзам тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуунун негиздерин, анын Кыргыз Республикасынын жактары жана чет өлкөлүк жактар тарабынан жүзөгө ашырылышынын тартибин, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бийлик органдарынын тышкы соода иши жаатындагы укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчилигин аныктайт.

I бөлүм. Жалпы жоболор

1-берене. Ушул Мыйзамдын максаттары

Кыргыз Республикасынын экономикалык эгемендүүлүгүн коргоо, экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, тышкы соода ишин өнүктүрүүгө түрткү берүү жана Кыргыз Республикасынын экономикасынын натыйжалуу алакалаштыруу шарттарын камсыз кылуу ушул Мыйзамдын максаты болуп эсептелет.

2-берене. Ушул Мыйзамда пайдаланылган түшүнүктөр

Ушул Мыйзамда төмөндөгүдөй түшүнүктөр колдонулат:

Тышкы соода иши - товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, маалыматтарды, ошондой эле интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды (интеллектуалдык менчик) эл аралык алмашуу жагындагы ээлик кылуу иши;

Товарлардын тышкы соодасы - товарлардын импорту жана (же) экспорту;

Товар - делип ар кандай кыймылдуу мүлк (энергиянын бардык түрлөрүн кошкондо) жана кыймылсыз мүлккө таандык кылынган, тышкы соода ишинин заты болуп эсептелген аба, деңиз кемелери эл аралык жүк ташуу келишиминде пайдаланылуучу транспорттук каражаттар товар болуп эсептелбейт;

Эки жактуу колдонулуучу товар - күнүмдүк чөйрөдө пайдаланууга багытталган, бирок куралдарды жана аскердик техниканы түзүүдө пайдаланылышы мүмкүн болгон сырьелор, материалдар, жабдуулар, технологиялар жана илимий-техникалык маалыматтар, кызмат көрсөтүүлөр;

Кызмат көрсөтүүлөр - эмгектик укуктук мамилелердин негизинде жүзөгө ашырылуучу иштен башка, экинчи жактардын керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган ээлик кылуу иши;

Интеллектуалдык иштин натыйжаларына болгон өзгөчө укук (интеллектуалдык менчик) - мыйзам тарабынан корголо турган адабий, көркөм жана илимий чыгармаларга, электрондук-эсептөө машиналарынын программаларына жана маалымат базаларына; эриш-аркак укуктарга; ойлоп табууларга, өнөр жайлык үлгүлөргө, пайдалуу моделдерге, ошондой эле интеллектуалдык иштин натыйжаларына теңештирилген юридикалык жактын жекече өзгөчөлөнгөн каражаттарына (фирмалык аталыштарга, товардык белгилерге, тейлөө белгилерине) жана интеллектуалдык иштин башка натыйжаларына жана жекече өзгөчөлөнгөн каражаттарга болгон өзгөчө укук;

Экспорт - Кыргыз Республикасынын аймагынан кайра алып келүүгө милдеттенбестен товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды чет өлкөгө алып кетүү. Экспорттоо фактысы интеллектуалдык иштин натыйжаларына укук берилген товар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өтүп жаткан учурда белгиленет. Кыргыз Республикасынын аймагынан чыгарылбаган айрым коммерциялык иш-аракеттер, атап айтканда Кыргыз Республикасынын жагынан чет өлкөлүк жактын товарды Кыргыз Республикасынын экинчи жагына кайра иштетүү жана иштетилген товарды кийин чет өлкөгө алып кетүү үчүн сатып алышы товарларды экспорттоого теңештирилет;

Импорт - товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, интеллектуалдык иштин натыйжа-

ларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды кайра алып кетүү жөнүндө милдеттенме албастан чет өлкөдөн Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүү. Импорт фактысы кызмат көрсөтүлгөн жана интеллектуалдык иштин натыйжаларына укук алынган товар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик чек арасынан өткөн учурда белгиленет;

Тышкы соода ишин жүзөгө ашырууга лицензия - белгилүү сандагы товарлардын айрым өзгөчө түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го укукту ырастаган документ;

Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го байкоо жүргүзүү - товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоонун жана (же) импорттоо нун динамикасынын мониторинги максатында белгиленүүчү убактылуу чара;

Тышкы соода ишинин кыргыз катышуучулары (Кыргыз Республикасынын жактары) - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн, анын аймагында туруктуу жайгашкан юридикалык жактар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу же такай жашаган жана жеке ээлик кылуучулар катарында катталган Кыргыз Республикасынын граждаңы болуп эсептелген жеке адамдар;

Тышкы соода ишинин чет өлкөлүк катышуучулары (чет өлкөлүк жактар) - граждандык укукка ээ экендиги алар уюштурулган чет мамлекеттин укугу боюнча аныкталган юридикалык жактар же укуктук түрү башка болгон уюмдар; граждандык укукка ээ экендиги жана аракетке жөндөмдүүлүгү алар граждаңы болуп эсептелген чет мамлекеттин укугу боюнча аныкталган жеке адамдар -чет өлкөлүк граждандар жана граждандык аракетке жөндөмдүүлүгү алар туруктуу жашаган чет мамлекеттин укугу боюнча аныкталган граждандыгы жок адамдар;

Экспорттук контроль тутуму - аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдары тарабынан ушул Мыйзамда, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарында жана мыйзам актыларында белгиленген Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары куралдарды жана аскердик техниканы, ошондой эле куралдарды жана аскердик техниканы (мындан ары - эки жактуу колдонулуучу товарлар) түзүүдө пайдаланылышы мүмкүн болгон сырьенун айрым түрлөрүн, материалдарды, жабдууларды, технологияларды жана илимий-техникалык маалыматтарды сатып өткөрүү жана массалык кыргындоо куралдарын жана куралдар менен технологиялардын башка түрлөрүн алып кетүүгө жол бербөө боюнча иш-чаралардын жыйындысы, ошондой эле ушул сыяктуу тартип бузууларды аныктоо, алдын алуу жана бөгөт коюу боюнча иш-чаралар;

Экономикалык коопсуздук - экономиканын Кыргыз Республикасынын социалдык, саясий жана коргоо мүмкүнчүлүгүнүн жетиштүү деңгээлин жана өндүрүмдүү өнүгүшүн, анын экономикалык таламдарынын мүмкүн болуучу тышкы жана ички коркунучтарга жана таасирлерге моюбастыгын жана көз карандысыздыгын камсыз кыла турган абалы.

(КР 2015-жылдын 10-июнундагы N 128, 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

3-берене. Тышкы соода иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдары Кыргыз Республикасынын тышкы соода иши Кыргыз Республикасынын Конституциясы, ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдары жана укук актылары, ошондой эле Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдери тарабынан жөнгө салынат.

4-берене. Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуунун принциптери

Төмөндөгүлөр:

1) тышкы соода саясатынын Кыргыз Республикасынын тышкы саясаты менен анын курамдык бөлүгү катары бирдиктүүлүгү;

2) тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жана аны жүзөгө ашырууга контролдук жүргүзүү тутумунун бирдиктүүлүгү;

3) улуттук коопсуздукту, саясий экономикалык жана аскердик таламдарды камсыз кылуунун мамлекеттик милдеттерин ишке ашыруу, ошондой эле массалык кыргындоо куралдарын жана куралдын башка түрлөрүн алып кетүүгө жол бербөө боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу максатында экспорттук контроль саясатынын бирдиктүүлүгү;

4) (КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)

5) тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуунун экономикалык чараларынын артыкчылыгы;

6) тышкы соода ишинин катышуучуларынын теңдиги жана алардын басмырланбашы;

7) тышкы соода ишине катышуучулардын укуктарынын жана мыйзамдуу таламдарынын мамлекет тарабынан корголушу;

8) мамлекеттин жана анын органдарынын тышкы соода ишине туура эмес кийлигишүүсүн, анын катышуучуларына жана Кыргыз Республикасынын жалпы экономикасына зыян келтирүүнү жокко чыгаруу Кыргыз Республикасынын тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуунун негизги принциптери болуп эсептелет.

(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

5-берене. Кыргыз Республикасынын тышкы соода саясаты

Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен тышкы соода жагындагы мамилелер Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринен келип чыгуучу милдеттенмелерди сактоонун негизинде түзүлөт.

Кыргыз Республикасынын экономикасын дүйнөлүк экономикага алакалаштыруу максатында Кыргыз Республикасы бул бирликтерге катышкан өлкөлөрдүн жана эркин соода зоналарында иш жүргүзүүгө катышкан мамлекеттердин ортосунда бажылык-тарифтик чараларды жана сооданы тарифсиз жөнгө салууга негизделген бирдиктүү бажылык аймакты түзүүгө негизделген бажы бирликтери жана эркин соода зоналары жөнүндө эл аралык келишимдерге катышат. Мында, эгерде мамлекеттер аралык бажы макулдашууларында башкача каралбаса, бажы бирликтерине катышкан өлкөлөрдө үчүнчү өлкөлөр менен соода жүргүзүүгө карата бирдиктүү бажы тарифи белгиленет.

(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

6-берене. Тышкы соода иши жагындагы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын ыйгарым укуктары

Төмөндөгүлөр:

1) Кыргыз Республикасынын тышкы соода байланыштарынын багытын жана өнүгүшүнүн түпкү максатын, тышкы соода саясатынын негизги принциптерин калыптандыруу;

2) Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу, экономикалык эгемендүүлүгүн, экономикалык таламдарын коргоо;

3) тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу, анын ичинде мыйзамдарда, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерде каралган учурларда, бажы-тарифтик жана тарифтик эмес жөнгө салуу, ошондой эле товарларды Кыргыз Республикасына алып келүүгө жана аларды Кыргыз Республикасынан алып кетүүгө байланыштуу милдеттүү талаптарга товарлардын ылайыктуулугун ырастоо жаатындагы ишти мамлекеттик жөнгө салуу;

4) товарларды алып келүүдө стандарттарды жана адам үчүн коопсуз жана (же) зыянсыз болгон критерийлерди жана аларга контролдук кылуунун Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү болгон эрежелерин белгилөө;

5) куралдарды, аскердик техниканы жана аскердик-техникалык багыттагы мүлктү алып келүүнүн жана алып кетүүнүн, чет өлкөдө аскердик объектилерди түзүүгө техникалык көмөк көрсөтүүнүн, техникалык документтерди берүүнүн, лицензиялык өндүрүштү уюштуруунун, аскердик техниканы жаңылоонун жана оңдоонун, ошондой эле аскердик-техникалык кызматташтык жагында башка кызматтарды көрсөтүүнүн тартибин аныктоо;

6) бөлүнүүчү материалдарды, ууландыруучу, жарылуучу, уулуу, психотроптук заттарды, күчтүү таасир тийгизүүчү баңгилик каражаттарды, биологиялык активдүү каражаттарды, (донордук канды, ички органдарды жана башка материалдарды), генетикалык активдүү материалдарды (козу карындардын түрлөрүн, бактерияларды, вирустарды, малдын жана адамдын тукумдук материалдарын жана башка материалдарды) жоголуп кетүү коркунучу алдында турган жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү, алардын бөлүктөрүн жана дериваттарын экспорттоонун жана импорттоо нун тартибин, ошондой эле аларды пайдалануунун тартибин аныктоо;

7) коркунучтуу таштандыларды алып келүүнүн жана алып кетүүнүн, ошондой эле аларды пайдалануунун тартибин аныктоо;

8) куралдарды жана аскердик техниканы, ошондой эле алардын жөн-жай мүнөздө болгон, бирок ядролук, химиялык жана массалык кыргындоо куралынын башка түрлөрүн жана аларды жеткирүүнүн ракеталык каражаттарын түзүүдө колдонула турган сырьелордун айрым түрлөрүн, ма-

териалдарды, жабдууларды, технологияларды, илимий техникалык маалыматтарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алып келүүнүн тартибин аныктоо;

9) Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттерин аткарууга байланыштуу стратегиялык маанилүү сырьелук товарлардын айрым түрлөрүн алып кетүүнүн, Кыргыз Республикасынын бажылык аймагында кайра иштетүү үчүн сырьелорду алып келүүнүн жана аны иштеткенден кийинки продуктыларды алып кетүүнүн тартибин аныктоо;

10) Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык баалуу металлдарды, асыл таштарды, алардан жасалган буюмдарды, баалуу металлдардын жана асыл таштардын сыныктарын, аларды иштетүүнүн калдыктарын жана баалуу металлдарды камтыган химиялык кошулмаларды алып келүүнүн жана алып кетүүнүн тартибин аныктоо;

11) Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагында милдеттүү болгон тышкы соода ишинин статистикалык отчеттуулугунун көрсөткүчтөрүн аныктоо;

12) чет мамлекеттерге, алардын юридикалык жактарына жана эл аралык уюмдарга мамлекеттик кредиттерди жана башка экономикалык жардамдарды берүү, Кыргыз Республикасынын сырттан карыз алышы жана чет мамлекеттер тарабынан Кыргыз Республикасына берилген мамлекеттик кредиттер жөнүндө эл аралык келишимдерди түзүү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кредиттеринин, Кыргыз Республикасынын сырттан карыз алышынын чектелген өлчөмдөрүн белгилөө;

13) Кыргыз Республикасынын расмий алтын-валюталык резервдерин түзүү жана пайдалануу;

14) Кыргыз Республикасынын төлөм балансын иштеп чыгуу;

15) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдигиндеги мамлекеттик, банктык жана коммерциялык кредиттерди ишке тартуу, алардын пайдаланылышына контролдук жүргүзүү;

16) Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы карызынын чегин белгилөө жана бул карызды иштетүү, чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасына болгон карыздарын тындыруу боюнча ишти уюштуруу;

17) Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык байланыштар жагындагы эл аралык келишимдерин түзүү;

18) эл аралык экономикалык жана илимий-техникалык уюмдардын ишине катышуу, бул уюмдар тарабынан кабыл алынган чечимдерди ишке ашыруу;

19) чет өлкөдө Кыргыз Республикасынын соода өкүлчүлүктөрүн, ошондой эле эл аралык экономикалык жана илимий-техникалык уюмдардын алдында Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүктөрүн түзүү жана аларды иштетүү;

20) Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү мамлекеттик менчигине ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын карамагында болот.

(КР 2015-жылдын 10-июндагы N 128 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

II бөлүм. Тышкы соода ишинин катышуучулары

7-берене. Кыргыз Республикасынын жактары жана чет өлкөлүк жактар тышкы соода ишинин катышуучулары катары

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан башка учурларда, Кыргыз Республикасындагы бардык жактары тышкы соода ишин жүзөгө ашыруу укугуна ээ болушат. Чет өлкөлүк жактар Кыргыз Республикасындагы тышкы соода ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүзөгө ашырат.

8-берене. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тышкы соода ишин түздөн-түз жүзөгө ашырууга катышуусу

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тышкы соода ишин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, нормативдик укуктук актыларында белгиленген учурларда гана түздөн-түз жүзөгө ашырат.

III бөлүм. Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндө негизги жоболор

9-берене. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуу үчүн жооптуу органдары

Мамлекеттик тышкы соода саясаты ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына жана нормативдик укуктук актыларына ылайык экономикалык жана административдик жөнгө салууну колдонуу аркылуу жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү:

1) Кыргыз Республикасында бирдиктүү тышкы соода саясатын жүргүзүүнү камсыз кылат жана аны ишке ашыруу боюнча чараларды жүзөгө ашырат, тиешелүү чечимдерди кабыл алат жана алардын аткарылышын камсыз кылат;

2) тышкы соода ишин өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгат;

3) мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоо боюнча чараларды көрөт;

4) мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык, ташып чыгуу бажы алымдарынын ставкасын белгилейт;

5) мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык экспортко жана импортко сандык чектөө киргизет;

6) өз кызматтык укуктарынын чектеринде сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерине кол коюу жөнүндө чечимдерди кабыл алат;

7) Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү менчигин башкарууну жүзөгө ашырат;

8) Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин тышкы соода ишин мамлекеттик башкаруу жагындагы указдары тарабынан өзүнө жүктөлгөн башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырат.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тышкы соода саясаты, тышкы соода ишин жана анын катышуучуларын жөнгө салуу, Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдерин түзүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан тышкы соода ишин ыңгайлаштыруу жана жөнгө салуу тикелей жүктөлгөн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы тарабынан жүзөгө ашырылат.

Ушул статьянын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы Кыргыз Республикасынын экономикалык таламдарын коргоо боюнча мамлекеттик сыртқы соода саясатынын милдеттерин түздөн-түз ишке ашырууну, ошондой эле тышкы соода ишин жөнгө салууга байланыштуу чараларды иштеп чыгууну жана өткөрүүнү камсыз кылат.

Сандык чектөөлөр белгиленген же уруксат берүү тартиби киргизилген товарлардын экспортун жана (же) импортун лицензиялоону жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу органдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

(КР 2015-жылдын 10-июндагы N 128, 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

10-берене. Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салуунун усулдары

Мамлекеттик тышкы соода саясаты Евразия экономикалык бирлигинин укугун түзүүчү эл аралык келишимдерге жана актыларга, ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарына жана башка укуктук актыларына ылайык, тышкы соода ишин бажылык-тарифтик жөнгө салуу (ташып кирүү жана ташып чыгуу бажы алымдарын колдонуу) жана тарифтик эмес жөнгө салуу (анын ичинде, квоталоо жана лицензиялоо жолу менен) аркылуу жүзөгө ашырылат.

Тышкы соода ишин мамлекеттик жөнгө салууда Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын кийлигишүүсү же ар кандай чектөөлөрдү белгилеши сыяктуу башка ыкмаларына жол берилбейт.

Тышкы экономикалык иштин башка түрлөрүн, атап айтканда эл аралык инвестициялык кызматташтыкты, өндүрүштүк кооперацияны, валюталык жана каржылык-кредиттик иш-аракеттерди жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдары жана башка укук актылары тарабынан жүзөгө ашырылат.

(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

11-берене. Тышкы соода ишин бажылык-тарифтик жөнгө салуу

Импорт жана экспорт боюнча иш-аракеттерди жөнгө салуу, анын ичинде Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоо жана Кыргыз Республикасынын экономикасындагы оң натыйжалуу түзүлүштүк өзгөрүүлөргө түрткү берүү максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерине ылайык импорттук жана экспорттук бажылык жыйымдар киргизилет.

11-1-берене. Тышкы соода ишин жүзөгө ашырууда лицензиялоо

Товарларды экспорттоону жана (же) импорттоо ну лицензиялоо аларды аткаруу үчүн киргизилген чектөөлөрдүн максаттарына караганда товарларды экспорттоонун же импорттоо нун ашыкча чектелген же бурмаланган таасирине ээ болбошу керек.

Экспортко жана (же) импортко лицензия жана уруксат берүүнүн тартиби жана шарттары мыйзамдар жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер менен жөнгө салынат.

Лицензияларды берүү үчүн Кыргыз Республикасынын экономикалык кызыкчылыктарына, улуттук жана экономикалык коопсуздугунан келип чыккан товардын экспортунун жана (же) импортунун мүмкүндүгү жана максатка ылайыктуулугу жөнүндө адистештирилген эксперт-уюмдун корутундусу негиз болуп саналат.

Сандык чектөөлөр белгиленген же уруксат берүү тартиби киргизилген товарларды экспорттоого жана (же) импорттоо го лицензияларды берүү жөнүндө чечимди макулдашууну жүзөгө ашыруучу адистештирилген эксперт-уюмдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат.

(КР 2015-жылдын 10-июнундагы N 128 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

Караңыз:

КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 24-мартындагы N 142 «Үчүнчү өлкөлөр менен соода жагында тарифтик эмес жөнгө салуунун чаралары колдонула турган, Товарлардын бирдиктүү тизмегине киргизилген спецификалуу товарлардын экспортун жана импортун лицензиялоо боюнча уюм-эксперттердин жана лицензиарлардын тизмегин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерине толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому

12-берене. Экспортко жана импортко сандык чектөө

Экспортко жана импортко сандык чектөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан өзгөчө учурларда:

1) Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу;

2) Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин ички товардык рыноктун абалын эске алуу менен аткаруу;

3) ушул Мыйзамдын 15-беренесина ылайык Кыргыз Республикасынын ички рыногун коргоо максатында киргизилиши мүмкүн.

Сандык чектөөлөрдү белгилөөдө квоталарды бөлүштүрүү жана лицензияларды берүү мыйзамдарга ылайык, эреже катары, конкурс же аукцион өткөрүү аркылуу же ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн аткаруу бийлигинин органы тарабынан даярдоочу-уюмга артыкчылык укугун берүү менен квотаны суммалап аткарууга чейин экспорт жана (же) импорт боюнча иш-аракеттерди иш жүзүндө жүргүзүү тартибинде жүзөгө ашырылат.

Конкурсту же аукционду өткөрүүдө мындай конкурска же аукционго катышуучулардын санын чектөөгө же менчигинин түрү, катталган жери, рыноктогу абалы боюнча аларды басмырлоого жол берилбейт.

13-берене. Экспорттук контроль

Куралдар, аскердик техника жана эки жактуу пайдаланылуучу товарлар жагындагы тышкы соода ишин жүзөгө ашырууда Кыргыз Республикасынын улуттук таламдарын коргоо, ошондой эле Кыргыз Республикасында массалык кыргындоо куралдарын жана куралдардын башка түрлөрүн, алардын технологияларын түзүүнү жайылтпоо боюнча Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин сактоо максатында экспорттук контролдоо тутуму иш жүргүзөт.

Экспорттук контролдоого алына турган куралдардын, аскердик техниканын, массалык кыргындоо куралдарынын, аларды жеткирүүчү ракеталык каражаттардын жана башка куралдардын түрлөрүн түзүүдө колдонула турган же колдонулушу мүмкүн болгон сырьелордун айрым түрлөрүнүн, материалдардын, жабдуулардын, технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын жана

кызмат көрсөтүүлөрдүн номенклатурасы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин профилдик комитети менен макулдашуу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилүүчү тизмелер жана тизмектер тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасы өлкөнүн коопсуздугун, анын саясий, экономикалык жана аскердик таламдарын камсыз кылуунун негизинде гана аныкталуучу экспорттук контролдоонун бирдиктүү саясатын жүргүзөт.

Ушул берененин биринчи бөлүгүнө ылайык контролдоого алына турган экспорттук товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды алып кетүү Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталуучу тартипте жүзөгө ашырылат.

(КР 2003-жылдын 24-декабрындагы N 239, 2011-жылдын 5-октябрындагы N 161 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)

14-берене. Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го мамлекеттик монополия

Экспорттоого жана (же) импорттоо го мамлекеттик монополия белгиленген товарлардын айрым түрлөрүнүн тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан аныкталат.

Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го мамлекеттик монополия товарларды экспорттоо жана (же) импорттоо боюнча ишти лицензиялоонун негизинде жүзөгө ашырылат. Бул ишти жүзөгө ашырууга лицензия ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн аткаруу бийлигинин органы тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык басмырлабоонун жана ак ниет соода-сатыктык тажрыйбанын принциптеринин негизинде экспорт жана (же) импорт боюнча бүтүмдөрдү жасоого милдеттүү болгон мамлекеттик ишканаларга гана берилет.

Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоо жана (же) импорттоо боюнча мамлекеттик монополияны бузуу менен жасалган бүтүмдөр негизсиз деп эсептелет.

Ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде каралган тартипте негизсиз бүтүмдүн жараксыздыгынын натыйжаларын колдонуу жөнүндө талап коюуга укуктуу.

15-берене. Импорттук товарларга карата коргоо чаралары

Мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн экономикалык кызыкчылыктарын коргоо үчүн товарларды импорттоо до атайын коргоо чаралары, демпингге каршы чаралар жана компенсациялык чаралар киргизилиши мүмкүн.

(КР 2015-жылдын 10-июндагы N 128 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

16-берене. Улуттук таламдардан улам экспортко жана (же) импортко тыюу салуулар жана чектөөлөр

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасында улуттук таламдардан улам товарды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле интеллектуалдык иштин натыйжаларын, анын ичинде аларга болгон өзгөчө укуктарды экспорттоого жана (же) импорттоо го тыюу салуулар жана чектөөлөр белгилениши мүмкүн, аларга:

1) коомдук адепти жана укук тартибин сактоо;

2) адамдардын өмүрүн жана саламаттыгын коргоо, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүн жана жалпы эле курчап турган чөйрөнү коргоо;

3) Кыргыз Республикасынын элдеринин маданий мурастарын сактоо;

4) маданий баалуулуктарды мыйзамсыз алып кетүүдөн, алып келүүдөн жана аларга болгон менчик укугун өткөрүп берүүдөн коргоо;

5) эгерде жаратылыш ресурстарынын орду толгус коромжуга учурашын болтурбай коюу менен байланышкан чаралар тиешелүү ички өндүрүүгө жана керектөөгө чектөөлөр менен бир мезгилде жүргүзүлсө, анын коромжуга учурашын болтурбай коюунун зарылдыгы;

6) Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу;

7) Кыргыз Республикасынын тышкы финансылык абалын коргоо жана төлөө балансын колдоо;

8) Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерин аткаруу кирет.

Улуттук таламдардан улам кабыл алынган экспортко жана (же) импортко тыюу салуулар жана чектөөлөр жөнүндө мыйзамдар алар расмий түрдө жарыяланган күндөн тартып 15 күндөн кийин күчүнө кирет.

(КР 2011-жылдын 4-ноябрындагы N 201 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-берене. Алынып келинүүчү товарларга карата техникалык, фармакологиялык, санитардык, ветеринардык, фитосанитардык жана экологиялык стандарттар жана талаптар, алардын сапатын контролдоо

Кыргыз Республикасынын аймагына алынып келинүүчү товарлар Кыргыз Республикасында белгиленген техникалык, фармакологиялык, санитардык, ветеринардык, фитосанитардык жана экологиялык стандарттарга жана талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

Алынып келинүүчү товарларды сертификациялоонун тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана Кыргыз Республикасынын башка нормативдик укуктук актылары тарабынан жөнгө салынат.

Экологиялык жактан коркунучтуу продукцияны алып келүү учурунда, бул продукция Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка укуктук актыларында аныкталган тартипте атайын контролдуктан өткөрүлүүгө тийиш.

Төмөндөгү:

1) ушул берененин биринчи бөлүгүндө көрсөтүлгөн стандарттарга жана талаптарга жооп бербеген;

2) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана башка укук актыларында көрсөтүлгөндөй сертификаты, маркировкасы же ылайык келүү белгиси болбогон;

3) керектөөгө коркунучтуу товарлар катары пайдалануу тыюу салынган;

4) керектөөчүлөр үчүн коркунуч келтирүүчү бузуктары бар товарларды Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүүгө тыюу салынат.

Көрсөтүлгөн товарлар бажы иши чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталуучу тартипте Кыргыз Республикасынын Соода-өнөр жай палатасынын көз карандысыз эксперттери тарабынан түзүлгөн актынын негизинде кайра алынып кетүүгө же жок кылынууга тийиш.

(КР 2019-жылдын 29-мартындагы N 40 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

17-1-берене. Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го байкоо жүргүзүү

Товарлардын айрым түрлөрүн экспорттоого жана (же) импорттоо го байкоо жүргүзүү Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык уруксаттарды берүү аркылуу жүзөгө ашырылат.

(КР 2015-жылдын 10-июнундагы N 128 Мыйзамынын редакциясына ылайык)

18-берене. Кыргыз Республикасынын эл аралык экономикалык санкцияларга катышуусу

Кыргыз Республикасынын бир мамлекетке же бир нече мамлекетке карата эл аралык санкцияларга катышуусу жана бул санкцияларды колдонууга киргизүү Кыргыз Республикасынын Президентинин указдары тарабынан аныкталат.

Кыргыз Республикасынын жактары Кыргыз Республикасынын эл аралык экономикалык санкцияларга катышуусуна байланыштуу тарткан зыяндарынын ордун сот тартибинде республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен толтуртуп алууга укуктуу.

IV бөлүм. Тышкы соода ишинин айрым түрлөрүн жүзөгө ашыруунун өзгөчө режими

19-берене. Эркин экономикалык зоналар

Эркин экономикалык зоналардагы чарбалык, анын ичинде тышкы соода ишинин өзгөчө тартиби Кыргыз Республикасынын эркин экономикалык зоналар жөнүндө мыйзамы, башка мыйзамдары жана укук актылары тарабынан белгиленет.

V бөлүм. Тышкы соода ишин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү жана ага түрткү берүү

20-берене. Тышкы соода ишин өнүктүрүү программалары

Улуттук экономиканын өсүшүнө түрткү берүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тышкы соода ишин өнүктүрүүгө, анын ичинде тышкы соода ишин өнүктүрүүнүн республикалык, региондук программаларын жүзөгө ашыруу аркылуу көмөк көрсөтөт.

Тышкы соода ишин өнүктүрүүнүн республикалык программасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жыл сайын республикалык бюджеттин долбоору менен бир мезгилде иштелип чыгат.

Аталган республикалык программада:

1) Кыргыз Республикасынын төлөм балансынын курамдык бөлүгү катары болгон болжолдуу соода балансы;

2) Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен соода-экономикалык мамилелеринин азыркы кездеги абалына жана анын проблемаларына баа берүү;

3) Кыргыз Республикасынын сырттан алган карыздарынын жана чет өлкөлүк кредиттерди максаттуу пайдалануну ар тараптан баяндаган планы;

4) республикалык бюджеттин каражаттарын пайдалануу менен же Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн кепилдиги алдында берилген экспорттук кредиттердин планы;

5) Кыргыз Республикасынын тышкы карызын тейлөөнүн планы;

6) чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасына болгон карыздарын тейлөөдөн түшкөн каражаттардын планы;

7) тиешелүү жылда көрүлгөн же белгиленген тышкы сооданы мамлекеттик жөнгө салуу чараларынын тизмеги, бажы тарифинин жыйымдарынын өлчөмдөрү жана алардын мүмкүн болуучу өзгөрүүлөрүнүн чектери, экспортту жана импортту сандык чектөө, ошондой эле ички рынокту коргоо жана валюталык жөнгө салуу боюнча чаралардын тизмеги;

8) тиешелүү жылга өнөр жайлык экспортко түрткү берүүчү чаралардын тизмеги;

9) айрым мамлекеттердин рынокторунда кыргыз ишкерлерине карата жол берилген басмырлоо, эки тараптуу жана көп тараптуу милдеттенмелердин бузулган учурларынын реестри, Кыргыз Республикасынын мыйзамдуу соода-экономикалык таламдарын коргоо боюнча көрүлгөн же белгиленип жаткан чаралардын тизмеги камтылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн аткаруу бийлигинин органы менен биргелешип, кызмат укуктарынын чектеринде өз аймагында тышкы соода ишин өнүктүрүүнүн программасын иштеп чыгат.

21-берене. Тышкы соода ишин маалымат менен камсыздоо

Кыргыз Республикасынын аймагында тышкы соода ишин өнүктүрүү жана анын натыйжалуулугун жогорулатуу максатында республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланууучу жана ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы тарабынан башкарылган тышкы соода маалыматынын тутуму иш жүргүзөт.

Тышкы соода маалыматында:

1) тышкы соода ишин өнүктүрүүнүн республикалык жана региондук программалары;

2) Кыргыз Республикасынын рыногунда тышкы соода ишин жүзөгө ашырып жаткан кыргыз жана чет өлкөлүк жактар жөнүндө;

3) квоталарды жана лицензияларды алган кыргыз жана чет өлкөлүк жактар жөнүндө;

4) тышкы соода чөйрөсүндөгү кыргыз жана чет өлкөлүк мыйзамдар жөнүндө;

5) Кыргыз Республикасынын чет өлкөдөгү соода өкүлчүлүктөрүнүн иши жөнүндө;

6) мамлекеттик адистештирилген кыргыз экспорттук-импорттук банктын жана тышкы соода иши жагында кредиттөө жана камсыздандыруу боюнча кызмат көрсөткөн башка уюмдардын иши жөнүндө;

7) Кыргыз Республикасындагы бажы статистикасы жөнүндө;

8) негизги товардык топтор боюнча чет өлкөлүк рыноктордогу кырдаалдар жөнүндө;

9) стандартташтыруу жана сертификациялоо боюнча Кыргыз Республикасынын укук актылары жөнүндө;

10) тышкы соода ишинин чөйрөсүндөгү укук бузуулар жөнүндө;

11) Кыргыз Республикасынын аймагына алып келүүгө жана анын аймагынан алып кетүүгө тыюу салынган товарлардын тизмеги жөнүндө;

12) тышкы соода ишин жүргүзүү үчүн пайдалуу болгон башка маалыматтар камтылат.

Ушул Мыйзамдын 9-беренесынын үчүнчү бөлүгүндө көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин органы акы алуу менен ылайыктуу мөөнөттө тышкы соода ишине катышкан кыргыз же чет өлкөлүк жакка зарыл болгон тышкы соода маалыматын берүүгө укуктуу.

22-берене. Тышкы соода ишин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү иш-чара лар

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өзүнүн кызматтык укуктарынын чектеринде жана өзү укук берген органдын атынан Кыргыз Республикасынын эл аралык милдеттенмелерине ылайык иш-чараларды, анын ичинде аларды тышкы соода ишин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү боюнча зарыл каржылоону, анын ичинде:

1) ушул Мыйзамдын каралган тышкы соода ишин

өнүктүрүү программасын иштеп чыгууну;

2) тышкы соода ишине катышуучуларды кредит менен камсыз кылууну;

3) экспорттук кредиттердин кепилдиктеринин жана камсыздандыруу тутумдарынын иштешин камсыз кылууну;

4) соода көргөзмөлөрүн жана жарманкелерди, атайын симпозиумдарды жана конференцияларды уюштурууну жана аларга катышууну;

5) жарнамалык өнөктүктөрдү, товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү экспорттоону өнүктүрүү боюнча иш-чараларды өткөрүүнү;

6) тышкы соода маалыматынын тутумун жана маалымдоочу консультативдик кызматтарды түзүүнү, ошондой эле тышкы соода ишине түрткү берүүнүн жана колдоонун башка түрлөрүн жүзөгө ашырат.

23-берене. Тышкы соода ишиндеги камсыздандыруу

Кыргыз Республикасынын аймагындагы тышкы соода ишиндеги камсыздандыруу боюнча кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын камсыздандыруу иши жөнүндө мыйзамга ылайык жүзөгө ашырылат.

Мамлекет экспортко түрткү берүү максатында экспорттук кредит берүүнү камсыздандыруу тутумуна катышышы мүмкүн.

Тышкы соода ишиндеги соода-сатык тобокелдигинин алдын алуу ыктыярдуу негизде кыргыз же чет өлкөлүк камсыздандыруучулар (юридикалык жактар) тарабынан камсыздандыруу келишими боюнча жүзөгө ашырылат.

24-берене. Тышкы соода статистикасы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен биргелешип, статистикалык маалыматтардын эл аралык деңгээлде салыштырыла турган бирдиктүү усулдары боюнча статистикалык отчеттуулуктун, аларды жыйноонун жана иштеп чыгуунун тутумун түзүүнү камсыз кылышат:

1) Кыргыз Республикасынын тышкы соодасы боюнча мамлекеттик статистикалык отчеттуулуктун жана Кыргыз Республикасынын бажы статистикасынын, анын ичинде Кыргыз Республикасынын соода балансынын отчеттуулугунун негизинде;

2) Кыргыз Республикасынын төлөм балансы боюнча, анын ичинде товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү, капиталды, баалуу кагаздарды, кредиттерди алып келүүнү жана алып кетүүнү тейлөөнү камсыз кылат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен биргелешип, ушул берененин биринчи бөлүгүнүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн айлык, кварталдык жана жылдык статистикалык маалыматтарды расмий жарыялоону камсыз кылышат.

25-берене. Тышкы соода ишин өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүчү бирикмелер

Тышкы соода ишине катышкан Кыргыз Республикасынын юридикалык жактары ыктыярдуу негизде тармактык, аймактык же башка принциптер боюнча ассоциацияларга жана башка кошундарга бириге алышат.

Тышкы соода ишине катышкан Кыргыз Республикасынын юридикалык жактарынын бирикмелери алардын таламдарын билдирген бирикменин мүчөлөрүнүн жалпы таламдарын коргоону, экспорттун жана импорттун натыйжалуулугун жана тартипке салынышын жогорулатууну, кара ниет атаандаштыкты болтурбай коюуну, чет өлкөлүк жактар жана алардын бирикмелери менен тышкы соода байланыштарын өнүктүрүүнү жана чыңдоону камсыз кылуу үчүн түзүлөт.

Бирикмелерди монополиялаштыруу жана ички рынокту бөлүп-жаруу, аларга кирбеген тышкы соода ишинин катышуучулары үчүн атаандаштык шарттарын чектөө, бирикмелерге катышкандыгына жараша кыргыз жана чет өлкөлүк жактарды ар кандай түрдө басмырлоо, ошондой эле мындай бирикмелерди тышкы рыноктогу ишкердүү тажрыйбаны чектөө үчүн пайдаланууга жол берилбейт.

Көрсөтүлгөн бирикмелерди түзүү жана алардын иши Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

26-берене. Чет өлкөлүк юридикалык жактардын Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрү

Чет өлкөлүк юридикалык жактар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын жана башка укук актыларын сактоо менен ушул юридикалык жактардын гана атынан тышкы соода ишин жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында өкүлчүлүктөрдү ачууга укуктуу.

VI бөлүм Тышкы соода иши жагындагы мамлекеттик аралык мамилелер

27-берене. Тышкы соода рыногуна чыгуу үчүн ыңгайлуу шарттарды камсыз кылуу

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү кыргыз ишкерлеринин башка мамлекеттердин рыногуна чыгышы үчүн жагымдуу шарттарды түзүү боюнча чараларды көрөт, атап айтканда бул максаттарда кош тараптуу келишимдерге кирет, ошондой эле Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен соода-экономикалык байланыштарын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүгө чакырылган эл аралык уюмдарды жана өкмөттөр аралык комиссияларды түзүүгө жана алардын ишине катышат.

28-берене. Соода-экономика маселелери боюнча чет мамлекеттердеги Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүктөрү

Соода-экономика маселелери боюнча чет мамлекеттердеги Кыргыз Республикасынын өкүлчүлүктөрү (мындан ары - Кыргыз Республикасынын соода өкүлчүлүктөрү) Кыргыз Республикасынын эл аралык келишимдеринин негизинде иш жүргүзөт.

Кыргыз Республикасынын соода өкүлчүлүктөрү өздөрү иштеген өлкөлөрдө тышкы соода маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын таламдарын билдирген жана алардын корголушун камсыз кылган мамлекеттик органдар болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасынын соода өкүлчүлүгү тарабынан тышкы соода ишинин кыргыз катышуучуларына атап айтканда, менчигинин түрүнө, катталган жерине, уставдык капиталынын өлчөмдөрүнө шылтоолоп маалымат берүүдөн жана консультациялык кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

29-берене. Соода-экономика маселелери боюнча чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрү

Соода-экономика маселелери боюнча чет мамлекеттердин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүктөрү Кыргыз Республикасынын тиешелүү чет мамлекеттер менен түзүлгөн эл аралык келишимдеринин негизинде түзүлөт.

VII бөлүм Кыргыз Республикасынын, жергиликтүү түзүлүштөрдүн жана Кыргыз Республикасынын жактарынын тышкы соода иши жагындагы экономикалык таламдарын коргоо

30-берене. Кыргыз Республикасынын, жергиликтүү түзүлүштөрдүн жана Кыргыз Республикасынын жактарынын тышкы соода иши жагындагы экономикалык таламдарын коргоо боюнча жооп иретиндеги чаралар

Чет мамлекет тарабынан Кыргыз Республикасынын, таламдарын, жергиликтүү түзүлүштөрдүн же Кыргыз Республикасынын жактарынын экономикалык таламдарын, же болбосо Кыргыз Республикасынын саясий таламдарын бузган чаралар көрүлгөндө, ошондой эле бул мамлекеттер

тарабынан кабыл алынган эл аралык келишимдер боюнча Кыргыз Республикасынын алдындагы милдеттенмелери аткарылбаган учурларда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тышкы соода жагында Кыргыз Республикасынын, жергиликтүү түзүлүштөрдүн жана Кыргыз Республикасынын жактарынын экономикалык таламдарын натыйжалуу коргоо үчүн зарыл болгон чектерде жооп иретиндеги чараларды киргизүүгө укуктуу.

VIII бөлүм Тышкы соода ишин жүзөгө ашырууга контролдук, тышкы соода иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарын бузуу үчүн жоопкерчилик

31-берене. Тышкы соода ишин жүзөгө ашырууга контролдук

Тышкы соода ишин жүзөгө ашырууга контролдук Кыргыз Республикасынын тиешелүү мамлекеттик бийлик органдары тарабынан ушул Мыйзамдын, Кыргыз Республикасынын башка мыйзамдарынын жана нормативдик укуктук актыларынын тышкы соода иши жөнүндө жоболорун сактоо, Кыргыз Республикасынын экономикалык жана саясий таламдарын камсыз кылуу жана коргоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жергиликтүү түзүлүштөрүнүн экономикалык таламдарын коргоо максатында өз кызмат укуктарынын чектеринде жүргүзүлөт.

32-берене. Тышкы соода иши жөнүндө мыйзамдарды бузууда күнөөлүү болгон адамдардын жоопкерчилиги

Тышкы соода иши жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузууда күнөөлүү болгон адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык граждандык, укуктук, административдик же кылмыш жоопкерчилигине тартылат.

33-берене. Ушул Мыйзамды колдонууга киргизүү жөнүндө

1. Ушул Мыйзам жарыяланган учурдан тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

2. «Кыргыз Республикасынын тышкы экономикалык ишинин жалпы башталыштары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы (Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин Ведомосттору, 1991-ж., N 8, 251-ст.) күчүн жоготту деп табылсын.

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү өз чечимдерин ушул Мыйзамга ылайык келтирсин.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

1997-жылдын 24-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү

2003-жылдын 14-августу ПЖ N 265

3.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНИН ЖАРЛЫГЫ

Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү жана экспорттук контролдоонун улуттук тутумун киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү жана аскердик жана кош багыттагы продукцияны, чийки заттардын, жабдуулардын жана технологиялардын, илимий-техникалык маалыматтардын жана кызматтардын айрым түрлөрүн (мындан ары - контролго алынуучу продукция) экспорттук контролдоонун улуттук тутумун киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын «Экспорттук контроль жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык токтом кылам:

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 23-январындагы «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын тартипке келтирүү жана өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндөгү» N 17 Указы менен түзүлгөн Аскер-техникалык жактан кызматташтык боюнча комиссия Аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контролдоо боюнча комиссияга өзгөртүп түзүлсүн (мындан ары - АТК жана ЭК комиссиясы).

2. Төмөнкүлөр аныкталсын:

- АТК жана ЭК комиссиясынын курамына кызмат орду боюнча төмөнкүлөр кирет:

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри - Комиссиянын төрагасы.

Комиссиянын мүчөлөрү:

Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчысы

Кыргыз Республикасынын коргоо министри

Кыргыз Республикасынын тышкы соода жана өнөр жай министри

Кыргыз Республикасынын тышкы иштер министри

Кыргыз Республикасынын финансы министри

Кыргыз Республикасынын экология жана өзгөчө кырдаалдар министри

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук кызматтынын төрагасы

Кыргыз Республикасынын Чек ара кызматтынын төрагасы

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Кирешелер боюнча комитеттин Бажы кызматы департаментинин директору;

- АТК жана ЭК комиссиясынын жумушчу органы болуп Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги эсептелет.

3. АТК жана ЭК комиссиясынын иш-аракетинин негизги багыттары төмөнкүлөр экендиги белгиленсин:

- Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү, экспорттук контролдоонун улуттук тутумун киргизүү жана бул жааттарда ченемдик укуктук базаны өркүндөтүү;

- мамлекеттик башкаруу органдарынын, тышкы экономикалык иштердин катышуучуларынын жана аскердик-техникалык кызматташтык субъекттеринин аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контролдоо маселелери боюнча иш-аракеттерин координациялоо;

- аскердик арналыштагы продукцияны чыгаруучу жана сатуучу аскердик-техникалык кызматташтык субъекттерине аларды тышкы рынокко киргизүү максатында мамлекеттик колдоо

көрсөтүүнү камсыз кылуу боюнча бирдиктүү аскердик-экономикалык саясатты иштеп чыгуу;

- аскердик арналыштагы продукцияны жана кызматтарды өндүрүүнү жана сатууну кеңейтүү жана бул продукциянын ата-мекендик өндүрүшүн дүйнөлүк экономиканын тийиштүү тармагына бириктирүү үчүн шарт түзүү боюнча сунуштарды даярдоо;

- Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин аскердик-техникалык кызматташтык субъекттеринин биргелешкен иш-аракеттерин уюштуруу;

- Кыргыз Республикасынын жалпы жабыркатуучу куралдарды жана аларды жеткирүү каражаттарын жайылтпоо жаатындагы келишимдеринин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экспорттук коптролдоо жана контролго алынуучу продукцияга карата тышкы экономикалык иш-аракеттерди жүргүзүү боюнча ченемдик укуктук актыларынын аткарылышын контролдоо;

- Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесине киргизилген продукциянын экспорту, импорту, кайрадан экспорту жана транзити боюнча маселелерди чечүү.

4. Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөт ичинде:

-«Экспорттук контролдоо жөнүндөгү»,«Лицензиялоо жөнүндөгү»жана«Кыргыз Республикасында тышкы экономикалык иш-аракеттерди мамлекеттик жөнгө салуу жөнүндөгү» мыйзамдарды бири бирине шайкеш келтирүүнү белгиленген Кыргыз Республикасынын мыйзамынын долбоорун даярдап, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине киргизсин;

- өз чечимдерин ушул Жарлыкка ылайык келтирсин.

5. «Кыргыз Республикасынын Президентинин 2000-жылдын 23-январындагы «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскер-техникалык жактан кызматташтыгын тартипке келтирүү жана өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндөгү» Указына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» 2002-жылдын 15-мартындагы N 61 Указы күчүн жоготту деп табылсын.

6. Бул Жарлыктын аткарылышына контролдук кылуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын коргонуу жана коопсуздук иштери боюнча бөлүмүнө жүктөлсүн.

7. Бул Жарлык кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

3.6. Кыргыз республикасынын өкмөтүнүн токтому

Бишкек ш, өкмөт Үйү , 2004 - жылдын 4 - майы № 330

Кыргыз Республикасында экспортту контролдоонун Улуттук түзүмүн ишке киргизүү чаралары жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2007 -жылдын 27 -августагы №377, 2007 -жылдын 9 - ноябрдагы №539, 2010 -жылдын 27 -октябрдагы №257 , 2013 -жылдын 1 -июльдагы №395, 2015 -жылдын 12 -марттагы №115 токтомдоруна киргизилген түзөтүүлөр менен)

Кыргыз Республикасынын «Экспортту контролдоо жөнүндө» мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташуусун андан ары өнүктүрүү жана экспорттук контролдоонун Улуттук системасын ишке киргизүү жөнүндө» деген 2003 -жылдын 14 -августагы Жарлыгын ишке ашыруу, экспорттук контролдоо жаатында ченемдик-укуктук баазаларды андан ары өнүктүрүү жана массалык кыргын салуучу куралдарды түзүү, аны ташып келүү каражаттары жана курал-жарактар менен аскердик техниканын башка түрлөрү үчүн пайдаланылышы мүмкүн болгон контролдонуучу продукцияларга (мындан ары - контролдонуучу продукция) карата экспорттук контролдун Улуттук системасын Кыргыз Республикасында ишке киргизүү максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Төмөнкү тиркемелер бекитилсин:

- «Аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча комиссия жөнүндө» жобо;

- (КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-октябрындагы N 257 токтомуна ылайык күчүн жоготту);

- экспорттук контролдоого тийиш продукциялардын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзитине уруксат берүү тартиби.

(КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 27-октябрындагы N 257 токтомунун редакциясына ылайык)

2. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги экспорттук контролдоого тийиш продукциялардын экспорту, импорту жана реэкспорту боюнча экспорттук контролду ишке ашыруу, тышкы экономикалык операцияларды лицензиялоо жана Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу анын транзитине уруксат берүү боюнча Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органы болуп аныкталсын.

(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 27-августундагы N 377, 2013-жылдын 1-июлундагы N 395 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

3. Экспорттук контроль жаатында ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган, контролдонуучу продукциялардын түрлөрү боюнча эксперттер катары аныкталган Кыргыз Республикасынын министрликтери жана ведомстволору ушул токтомдон келип чыгуучу талаптарды аткаруу жана «Экспортту контролдоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2003-жылдын 14-августундагы «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү жана экспорттук контролдун улуттук системасын ишке киргизүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын аткаруу боюнча чараларды көрүшсүн.

4. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы аскердик-техникалык кызматташтык жөнүндө макулдашууну ишке ашыруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-октябрындагы N 607 токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«3. Аскердик багыттагы продукцияны, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу, өндүрүү жана сатуу, курал-жарактарга, аскер техникасына карата экспорттук контроль, ошондой эле илимий-техникалык маалыматтар, жумуштар жана кызмат көрсөтүүлөр, интеллектуалдык иш-аракеттердин натыйжалары, анын ичинде аскердик багыттагы продукция болуп эсептелүүчү аларга (интеллектуалдык менчик) өзгөчө укук боюнча иштерди лицензиялоо мыйзамда

белгиленген тартипке ылайык ишке ашырылат;

- 4-пункттун экинчи абзацы жана 5-пункттун төртүнчү абзацы алып салынсын;

- «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгы боюнча комиссия жөнүндө» Жобо күчүн жоготту деп табылсын;

-жогоруда аталган токтом менен бекитилген, «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтык жүргүзүү тартиби жөнүндө» Жобого төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

-Жобонун бүткүл тексти боюнча «Аскердик-техникалык кызматташтык боюнча комиссия» деген сөздөр «Аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча комиссия» деген сөздөр менен тиешелүү жөндөмөдө алмаштырылсын;

2-пункттун биринчи абзацы төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«Мурда түзүлгөн контракттар (келишимдер) боюнча аскердик багыттагы продукцияларды экспорттоого, импорттоо го лицензия берүү үчүн зарыл шарт болуп Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте берилүүчү аскердик багыттагы продукцияларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү иштеп чыгуу, өндүрүү, сатуу боюнча иш-аракеттер укугуна лицензиянын болушу эсептелет. Бул учурда төмөнкүлөр белгиленет:»;

- Кыргыз Республикасынын уюмдарына жогоруда аталган токтом менен бекитилген аскердик багыттагы продукцияларга карата тышкы соода иш-аракетин жүргүзүү укугун берүү жөнүндө жобого төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

2-пункт төмөнкүдөй редакцияда берилсин:

«2. Аскердик багыттагы продукцияларды экспорттоону, импорттоо ну лицензиялоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипке ылайык жүргүзүлөт.»;

Жобонун бүткүл тексти боюнча «Аскердик-техникалык кызматташтык боюнча комиссия» деген сөздөр «Аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча комиссия» деген сөздөр менен тиешелүү жөндөмөдө алмаштырылсын;

15-пункт күчүн жоготту деп табылсын.

5. (КР Өкмөтүнүн 2015-жылдын 12-мартындагы № 115 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

6. «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Россия Федерациясынын Өкмөтүнүн ортосундагы аскердик-техникалык кызматташтык жөнүндө» макулдашууну ишке ашыруу тууралуу» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 3-октябрындагы N 607 токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 19-июнундагы N 383 токтому күчүн жоготту деп табылсын.

7. «Кыргыз Республикасынын Президентинин «Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын андан ары өнүктүрүү жана экспорттук контролдун улуттук системасын ишке киргизүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгынын долбоору жактырылсын жана белгиленген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына киргизилсин.

8. (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-июлундагы N 395 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Н.Танаев

Бекитилди Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2004 -жылдын 4 -майдагы N330 токтому менен бекитилди

3.7. Жобо аскердик - техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча Комиссия жөнүндө

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2007 -жылдын 27 -августундагы N 377, 2007 -жылдын 9 -ноябрындагы N 539, 2013 -жылдын 1 -июлундагы N 395 токтомдорунун редакциясында)

Аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча Комиссия (мындан нары-АТК жана ЭК боюнча Комиссия) аскердик-техникалык кызматташтыктын субъектеринин чет мамлекеттер менен жасаган кызматташтык иштерин контролдоо маселелери боюнча жана контролго жаткан продукцияны экспорттук контролдоодо, мамлекеттик башкарууну жүргүзгөн мамлекеттик органдардын иштерин координациялоону камсыз кылган, ошондой эле аларды мамлекеттик-укуктук колдоо менен камсыз кулуучу кеңеш органы болуп эсептелет.

1. АТК жана ЭК боюнча Комиссия өзүнүн ишмердигин, Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыктары, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн токтомдору, эл аралык келишимдер жана ушул Жобонун жетекчилиги менен жүргүзөт.

АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын иш органы болуп эсептелет:

- Кыргыз Республикикасынын Коргоо министрлиги – аскердик-техникалык кызматташтык маселелери боюнча;

- Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги – экспорттук контролдоо маселелери боюнча.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнөн 2013 -жылдын 1 -июлундагы N 395 токтомунун редакциясында)

2. АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын негизги маселелери:

- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн экспорттук контролго жаткан продукциянын экспорт-импорту, реэкспорту жана транзити боюнча токтомдорунун жана чечимдеринин мамлекетик башкаруу органдары тарабынан так аткарышын уюштуруусун контролдоо;

- Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо системасын жакшыртуу боюнча сунуштарды даярдоо, анын ичинда өзөктүк материлдар жана эки максатта колдонулган продукцияны мамлекеттик контролго алууну ишке ашыруу боюнча жана Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо боюнча мыйзам- ченемдерин жакшыртуу боюнча, Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо боюнча эл аралык режимдерге катышуусу жөнүндө сунуштарды даярдоо дагы бар.

- Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо түзүмүнүн процедураларын жана эрежелерин эл аралык режимдердин процедуралары, эрежелери менен гармонизациялоо;

- Кыргыз Республикасынын чет мамлекеттер менен аскердик-техникалык кызматташтыгын анда нары жакшыртуу, экспорттук контролдун улуттук түзүмүн турмушка ашыруу жана бул областар боюнча укуктук-ченемдердин негизин жакшыртуу;

- мамлекеттик башкаруу органдарынын жана аскердик-техникалык кызматташтыктын субъектеринин аскердик-техникалык кызматташтык боюнча жасаган кыймыл-аракеттерин координациялоо;

- экспорттук контролго жаткан продукцияны экспорт-импорт, реэкспорт жана транзит жасоо боюнча чарбачылык иштерди аткарган субъектерге кеңештерди даярдоо;

- тышкы базарга чыгаруу максатында аскердик багыттагы продукцияны чыгарып жана саткан, аскердик-кызматташтыктыктын субъектери үчүн бирдиктүү аскердик-экономикалык саясатты иштеп чыгуу, аскердик-техникалык жаатгагы кызматташтыкты мамлекеттик жөнгө салуу;

- жапырт кыйратуучу куралдарды жана аны ташып жеткирген каражатты жайылтпоо, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экспорттук контролдоо боюнча жана конторолдого жаткан продукцияга карата тышкы экономикалык ишмердикти ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларынын аткарылышын контролдоо;

- Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контроль боюнча жаңы эл аралык, өкмөттөр аралык келишимдер боюнча сүйлөшүү жүргүзүү жана келишимдерге кол коюу боюнча сунуштарды даярдоо, ошондой эле бул сферадагы Кыргыз

Республикасынын кошумча милдеттенмелери боюнча сунуштар;

- министрликтердин, мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын аскердик багыттагы продукцияны чыгарууну кеңейтүү жана сатуу жана аскердик багыттагы кызмат көрсөтүү жана ата-мекендик өндүрүштү дүйнөлүк экономиканын тиешелүү секторуна интеграциялоого шарттарды түзүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аскердик-техникалык кызматташтык субъектеринин чет мамлекеттер менен биргелешкен ишмердигин уюштуруу боюнча сунуштарын кабыл алып кароо;

- контролдоого жаткан продукциянын экспорту, импорту, реэкспорту жана транзити боюнча маселелерди чечүү жана Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө контролдоого жаткан продукцияга тийиш тышкы экономикалык сделкалардын саны жана экспрот тыюу салынган же чектелген өлкөлөрдүн Тизмеси (№1 тизме) боюнча сунуштарды даярдоо.

3. АТК жана ЭК боюнча Комиссия укуктуу:

- Кыргыз Республикасынын аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контролдоо боюнча укуктук-ченемдик актыларына өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүү боюнча Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө сунуштарды алып кирүүгө;

- малекеттик башкаруу органдарынын жана аскердик-техникалык кызматташтыктын субъектеринин чет мамлекеттер менен экспорттук контролдоо жаатындагы жана аскердик-техникалык маселелри боюнча дагы кызматташтыгы боюнча ишмердиктерин координациялоого;

- аскердик колдонуучу продукция чет мамлекеттерге берүүгө уруксат берилген Тизмеге кошулбаган учурда, же өлкө, аскердик колдонуучу продукцияны өткөрүп берүүгө уруксат берилген №1 тизмеге кошулбаган учурда, экспорт(реэкспорт) жана импорт боюнча чечим кабыл алууга;

- чарбачылык жүргүзгөн субъектерге аскердик колдонулган продукцияны, кызматтарды өндүрүүнү кеңейтүү жана сатуу боюнча, бул продукцияларды өндүрүүдө ата-мекендик өндүрүштү дүйнөлүк экономиканын тиешелүү секторуна интеграциялоого шарт түзүүгө жана Кыргыз Республикасынын аскердик-техникалык кызматташтыгынын субъектеринине чет мамлекеттер менен биргелешкен ишмердиктерин уюштурууга көмөк көрсөтүүгө;

- күч структураларынын куралдарды жана аскердик техниканы, комплектеген жана ага запас бөлүктөрдү, жана башка Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтүрүнүн колдонуудан алынып аткан аскердик-техникалык мүлктү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аскердик-өндүрүштүк комплексинин мекемелеринин негизги өндүрүштүк фонддорун жана башка жабдыктарын сатуу боюнча сунуштарын макулдашууга;

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын отурумдарында министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын кызматчыларынын Кыргыз Республикасынын укуктук-ченемдик актыларын жанан АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттук контролдоо боюнча чечимдеринин аткарылышы тууралуу отчетун угууга;

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын ишинде, бекитилген тартипте, каралып аткан маселелерге түз тиешеси бар Кыргыз Республикасынын министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик мекемелердин, ишканалардын жана уюмдардын жетекчилерин катыштырууга;

- аскердик-техникалык кызматташтык жана экспорттк контролдоо жаатындагы укуктук-ченемдик баазаны андан нары өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо жана экспертизадан өткөрүү үчүн жумушчу топторду, эксперттик комиссияларды түзүү;

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын алдында турган максаттарга жетүү жана маселелерин чечүү үчүн жана башка аракеттерди ишке ашырууга.

4. Комиссиянын ишин уюштуруу.

АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын түзүмүнө төрага жана комиссиянын мүчөлөрү кирет.

Комиссиянын ишин Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн башчысы жетектейт жана ал Комиссиянын төрагасы болуп эсептелет.

АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын күнүмдүк иштерин уюштуруу, кабыл алган чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө үчүн жана иш кагаздарды алып барыш үчүн Кыргыз Республикасынын экономика министрлиги менен Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин биргелешкен буйругу менен АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын аткаруучу катчысы дайындалат.

АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын анын компетенциясынын чегинде кабыл алган чечимдери Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруу жана контролдоо органдары, укуктук-уюштуручулук формасына карабай юридикалык жана физикалык тараптарга аткарууга милдеттүү.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнөн 2007 -жылдын 9 -ноябрдагы №539, 2013 жылдын 1 июлундагы N 395 токтомдорунун редакциясында)

5. АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын төрагасы:

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын күн тартибин аныктайт жана отурумун алып барат;

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын чечимдерин бекитет, отурумдун протоколуна жан тапшырмаларына кол коёт;

- эксперттик комиссиялардын жана аскердик-техникалык кызматташтык жанан экспорттук контролдоо жаатындагы укуктук-ченемдик базаны андан нары өнүктүрүү боюнча сунуштарды даярдоо боюнча жумушчу топтордун иштерин уюштурат жана аларды АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын карап чыгышына киргизет.

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын ишмердигине байланышкан дагы башка функцияларды аткарат.

6. АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын аткаруучу катчысы:

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын отурумунда каралуучу иш кагаздарды, материалдарды даярдайт жана отурумдардын протоколун алып барат;

- Комиссиянын кабыл алган чечимдеринин аткарылышын контролдойт;

- АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын күнүмдүк иштерин уюштурат жана анын иштерине байланышкан дагы башка функцияларды аткарат.

7. АТК жана ЭК боюнча Комиссиянын өзүнүн иштерин, бекитилген регламентке, жылдык жана кварталдык пландарына ылайык уюштурат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн

2004 -жылдын 4 -майдага N330 токтому менен бекитилди

3.8. Экспорттук контролго жаткан продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзитине уруксат берүү тартиби

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2007 -жылдын 27 -августагы №377, 2010 -жылдын 27 -октябрдагы №257, 2013 -жылдын 1 -июльдагы токтомдоруна киргизилген түзөтүүлөрү менен)

I. Жалпы жоболор

1.1. Кыргыз Республикасынын «Экспортту контролдоо жөнүндө» 2003 -жылдын 23 -январындагы № 30 мыйзамына ылайык Улуттук контролдоо тизмесине киргизилген продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзити (мындан нары - контролго алынган продукция) формасы боюнча жобого туура келген Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу малекеттик органынын уруксатынын негизинде Кыргыз Республикасынын бажы мыйзам-ченеми бекиткен талаптарды карманууу жана экспорттук контролго жаткан продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзитине уруксат берууучү Тартип (мындан нары - Тартип) менен ишке ашырылат.

1.2. Тартип, массалык кыргын жасоочу куралдарды жана аны ташып жеткирүүчү каражаттарды жайылтпоо максатында, контролдоого жаткан продукциянын транзитине уруксат берүүгө керектүү келишим жана башка иш кагаздарын даярдоонун нормаларын аныктайт.

1.3. Тартиптин максаттарына, жогорудагы Мыйзамда келтирилген башка дагы, төмөнкүдөй түшүнүктөр колдонулат:

транзит – чет мамлекеттик товарлар Кыргыз Республикасынын бажы аймагы аркылуу бажылык контролдун астында, Кыргыз Республикасынын бажылык аймагындагы келе турган орун менен алардын бул аймактан чыккан ордунун арасында, бажылык, салык төлөмдөрсүз, ошондой эле Кыргыз Республикасынын сырткы соода ишмердикти мамлекеттик жөнгө салуу мыйзам ченемине ылайык аларды тарифтик эмес чараларды колдонбой тейлөөгө алуу бажылык режими;

санкция берилген транзит – Контролдоого алынган продукциянын Экспортту контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органынын уруксаты менен Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу бир орундан башка орунга жылышы;

Санкция берилбеген транзит – Контролдоого алынган продукциянын Экспортту контролдоо боюнча ыйгарым укуктуу органынын уруксаты жок Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу бир орундан башка орунга жылышы;

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257 токтомунун редакциясы)

1.4. Контролдоого алынган продукциянын транзитине уруксат берүү укугу Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигне дайындалат.

Контролго алынган продукцияны, Кыргыз Республикасынын аймагында бир орундан башка орунга ташыган учурунда аны башка транспорттук каражатка кайра жуктөгөндө кошумча текшерүү, Кыргыз Республикасынын мыйзам ченеминин негизинде жүргүзүлөт, жана керек учурда мамлекеттик компетенттүү органдар менен эксперттик-мекемелердин өкүлдөрүнүн катышуусу менен. Кошумча текшерүүнүн негизинде контролго алынган продукцияны кайра жүктөө боюнча биргелешкен акт түзүлөт.

Продукциянын конкреттүү түрүнүн транзитине уруксат берүү, бул маселени Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникация министрлиги менен алдын ала макулдашылгандан кийин кана ишке ашырылат, жана керек учурда, контролдоого алынган продукциянын түрүнө карап, башка дагы кызыкдар болгон мамлекеттик бийликтин органдары менен макулдашылат.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257, 2013 -жылдын 1 -июлдагы №395 Токтомдорунун редакциясында)

1.5. Бул Тартип менен орнотулган талаптар бардык юридикалык тараптар үчүн, укуктук уюштуруу формасына карабай, ошондой эле физикалык тараптар үчүн, буга кошо контролдоого жаткан продукциянын транзитине байланыш чет мамлекеттик физикалык тарап болсо дагы (мындан нары - арыз берген), аткарууга сөзсүз милдеттүү.

1.6. Эгерде, азыркы Тартип менен каралгандан башка, Кыргыз Республикасынын ратификаци-

ядан өткөн эл аралык келишимдер менен орнотулган ченемдер болсо, анда эл аралык келишимдердин ченемдери аткарууга колдонулат.

1.7. Контролдоого жаткан продукциянын Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу тринзитине уруксат, арыз берген тараптын камсыздандыруу жана финансылык кепилдик же болбосо транзит убагында болуп кетүүчү аварилардын келтирген зыянын калыптандыруу жөнүндө башка милдеттенмелер берилгенден кийин, Кыргыз Республикасынын мыйзам-ченемдик актыларына ылайык берилет

1.8. Арыз берген өлкөнүн ыйгарым укуктуу органы, Кыргыз Республикасынын ыйгарым укукту органдарын, контролдоого жаткан продукциянын транзити, жүктун мүнөзү тууралу, техникалык коопсуздук, ташуунун максаты, койуучу жана кэректөөчү тараптар тууралуу маалымат берүү менен (номенклатурасы, саны жана упаковкасы, жуктөлүп жаткан продукциянын түрлөрү, датасы жана ташуу ыкмасы, өндүрүүчүнүн, экспорттоочунун/импортоочунун жана ташуучунун аты, жол жүрүү маршруту, контролдоого жаткан продукцияны экспорттоого уруксат(лицензия), анын акыркы колдонуучусу жана акыркы колдонулганы тууралуу) алдын ала кабарлайт.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257 Токтомунун редакциясында)

1.9. Арыз берүүчү тарап конторолдоого жаткан продукциянын транзити тууралуу мурдагы берилген маалыматтын бардык өзгөрүүлөрү тууралуу Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органын алдын ала кабарлоого милдеттүү.

1.10. Контролдоого жаткан продукцияны уруксатсыз транзит жасалган учурда тышкы соода ишмердиктин бардык катышуучулары Кыргыз Республикасынын мыйзам-ченемдерине ылайык жоопкерчиликти көтөрөт.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257 Токтомунун редакциясында)

1.11. Тышкы соода ишмердиктин катышуучулары, Кыргыз Республикасынын мыйзам-ченемдерине ылайык коркунучтуу заттардын категориясына кошулган контролдоого жаткан продукцияга транзитке уруксат алгандан кийин, Кыргыз Республикасынын коркунучтуу заттарды коопсуз ташуу жаатындагы орнотулган талаптарга кана ылайык контролдоого жаткан ушул продкуцияны ташууну ишке ашырат.

(Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257 Токтомунун редакциясында)

II. Арыз берүү, чечим кабыл алуу Тартиби жана уруксат алууга керектүү иш кагаздар (документтер)

2.1. Арыз берүүчүү-өлкөнүн расмий органы тарабынан Кыргыз Республикасынын ыйгарым укутуу органындарына берилет.

2.2. Арызга тиркелиши керек:

- арыз берүүчү уюмдун мамлекеттик каттоодон өткөнү жөнүндө күбөлүктун күбөлөндүрүлгөн нускасы;

- Арыз берүүчүнүн аракеттеги мамлекеттик мыйзам-ченемге ылайык, экспорттук контролго жаткан продукцияны контролдоого байланышкан ишмердик менен алек болуу укугу каттодон өткөндүгү тууралуу тактама;

- ушул Тартиптин 1.8 пуктуна ылайык маалыматтар;

- контролдогон продукцияны коюп берүү жөнүндө түзүлгөн келишимдин түп нускасы жана анын күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү:

- ушул Тартиптин 1.7 пуктуна ылайык арыз берген өлкөнүн компетенттүү расмий органынын кепили;

- арыз берүүчүнүн Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит менен ташылып өтүүчү өзөктүк материалды жана жабдыкты, өзөктүк эмес атайын материалдарды жана жабдыктарды, өзөктүк ишмердикке катышы бар эки максатта колдонулган материалдарды жана жабдыктарды, радиактивдүү материалдарды, жарылгыч заттарды жана ууларды физикалык коргоо жоопкерчилигин аныктаган, атомдук энергиянын эл аралык агенттигинин сунушунан кем эмес документтер(АЭЭА);

- эгерде, жүк кабыл алуучу тарапка ага көз каранды эмес себептерден жүктү өткөрүп берүү мүм-

күн болбой калса, жүктү жиберген өлкөнүн, контролго жаткан продукцияны кайра артка кабыл алуу макулдугун кепилдеген документтер;

- үчүнчү тарапка келтирилген зыянга жана чыгашага жарандык-укуктук жоопкерчиликти финансылык жактан камсыздандырууну бекемдеген документтер;

- арыз берүүчү өлкө тарабынан, ташуунун анык шарттарын текшерүүгө, ошондой эле убактылуу жайда сактоо мүмүкүндүгүнө байланышкан, кайра артка ташуу, экспертиза жана Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзам- ченемдеринин бузулганы аныкталган учурда, анын ичинде Кыргыз Республикасынын өзөктүк жана радиациялык коопсуздугу боюнча компетенттүү органдын берген уруксатынын шарттары дагы бар, ошондой эле далилденген кетирилген кемчиликтерди мыйзамдуу нукка келтирүүгө байланышкан жана/жэ жүктү экспорттогон өлкөгө кайра кайрууга жана башкаруучу органдын дагы башка керектүү аракеттерине байланыш чыгашаларды калыптандырууну тактаган кепилдик документтер;

- керек учурда, Кыргыз Республикасынын Бажылык чек арасынын өткөрүүчү пункттары аркылуу жарыяланган транзиттик ташууну ишке ашурууда, кыймыл убакытын жана маршрутун макулдашкан, транспорттун түрүн, Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетинин, Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаал министрлигинин макулдугун тактаган документтер.

Уруксат берилгенден кийин жана транзиттин убакытын жана маршрутун макулдашканда Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги тез аранын ичинде Кыргыз Республикасынын бардык кызыкдар министриликтерин жанан мекемелерин, алардын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук комитетине дагы кабарлайт.

(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257, 2013 -жылдын 1 -июлдагы №395 токтомдорунун редакциясында)

2.3. Чет мамлекеттин органы арыз берүүчү болгон учурда:

-бул Тартиптин 2.2. пунктунун экинчи жана үчүнчү абзацтарындагы көрсөтүлгөн документтер талап кылынбайт;

-келишим жок болгон учурда, контролдогон продукцияны коюп берүүнүн кажеттүүлүгүн негиздеген башка документтер берилет;

(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010 -жылдын 27 -октябрдагы N 257 токтомунун редакциясында)

2.4. Ыйгарым укуктуу орган тарабынан, уруксат берүү маселесин кароо үчүн керектүү башка документтер талап кылынышы мүмкүн;

2.5. Ыйгарым укуктуу орган, документти кабыл алган күндөн баштап бир жумалык аралыктын ичинде, транзит жасоого мүмкүн экени тууралуу тыянак алуу үчүн аларды макулдашуу максатында тийиштүү мамлекеттик органдарга багыттап жиберет.

Транзит жасоого мүмкүн экени тууралуу тыянак алуу мөөнөтү, документтерди алган күндөн баштап 15 күндөн ашпашы керек.

2.6. Тиешелүү органдардан тыянак чыккандан кийин ыйгарым укуктуу орган 10 күндүн ичинде транзитке уруксат берүү чечимин кабыл алат.

Контролдогон продукцияны транзит жасоого уруксатка документерди берүүгө байланыш талаш жагдайлар жана суроолор чыккан учурда, ыйгарым укуктуу орган тарабынан, Аскер-техникалык жана экспорттук контроль боюнча комиссиянын сунушунун жана тыянагынын негизинде чечим кабыл алынат.

III. Уруксат берүүдөн баш тартуу

3.1. Контролдонгон продукцияны Кыргыз Республикасынын аймагы аркылуу транзит жасоого уруксат берилбейт, эгерде:

- уруксат берүү үчүн талап кылынган документтер толук берилбген учурда;

- арыз берген тараптын, Кыргыз Республикасынын алдында аткарбай койгон милдеттери бар тууралуу маалымат болгон учурда, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышкан эл аралык келишимдерге ылайык;

3.2.Уруксат берүүдөн баш тартуу болгон учурда, арыз берүүчүгө 20 күндүк мөөнөттүн ичинде себептери негизделген жазуу жүзүндөгү жооп берилет.

3.9. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2006-жылдын 24-августу N 613

Химиялык куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө 1993-жылдын 13-январындагы Конвенцияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын аткаруучу органы тууралуу

(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 9-ноябрындагы N 539, 2013-жылдын 1-июлундагы N 395 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

Химиялык куралдарга тыюу салуу боюнча Уюм жана Конвенциянын катышуучу мамлекеттери менен үзүрдүү байланыш түзүү үчүн Эл аралык кызматташтыкты андан аары өнүктүрүү жана химиялык куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө 1993-жылдын 13-январындагы Конвенцияны ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги химиялык куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү 1993-жылдын 13-январындагы Конвенцияны аткаруу боюнча Кыргыз Республикасынын аткаруучу органы болуп аныкталсын.

(КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 9-ноябрындагы N 539, 2013-жылдын 1-июлундагы N 395 токтомдорунун редакцияларына ылайык)

2. Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги химиялык куралга тыюу салуу боюнча Уюмга химиялык куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндөгү 1993-жылдын 13-январындагы Конвенцияны ишке ашыруу боюнча аткаруучу органды дайындоо жөнүндө билдирүүнү жөнөтсүн.

3. (КР Өкмөтүнүн 2013-жылдын 1-июлундагы N 395 токтомуна ылайык күчүн жоготту)

Кыргыз Республикасынын Премьер-министри Ф.Кулов

3.10. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому

Бишкек шаары, 2014-жылдын 2-апрели № 197

Контролдонуучу продукциялар боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмесин бекитүү жөнүндө

(КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-сентябрындагы № 597 токтомунун редакциясына ылайык)

Экспорттук контролдоо жаатындагы ченемдик укуктук базаны андан ары өркүндөтүү максатында, «Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине жана «Экспорттук контроль жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 6-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Расмий тилде тиркелген Контролдонуучу продукциялар боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук контролдоо тизмеси бекитилсин.

2. Күчүн жоготту деп табылсын:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1996-жылдын 6-февралындагы № 55 «Химиялык, ракеталык жана ядролук куралдарды жасоодо колдонулуучу материалдарды жана технологияларды экспорттоо жана импорттоо тартиби жөнүндө жоболорду бекитүү тууралуу» токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 5-июнундагы № 365 «Кыргыз Республикасынын контролго алынуучу продукциясынын улуттук контролдоо тизмеси жөнүндө» токтому.

3. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2014-жылдын 11-апрелинде № 26-27 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Биринчи вице-премьер-министринин милдетин аткаруучу, Премьер министринин милдетин аткаруучу Дж.Оторбаев

IV. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ КАТЫШУУЧУ БОЛГОН ЭЛ АРАЛЫК КЕЛИШИМДЕР

Бишкек шаары, 1994-жылдын 12-январы N 1415-XII

4.1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин токтому Ядролук куралды жайылтпоо жөнүндөгү эл аралык Келишимге кошулуу тууралу

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши токтом кылат:

Кыргыз Республикасы ядролук куралды жайылтпоо жөнүндөгү 1968-жылдын 1-июлунда Москва, Вашингтон жана Лондон шаарларында кол коюлган эл аралык Келишимге кошулсун.

Кыргыз Республикасынын Жогорку

Кеңешинин Төрагасы М.Шеримкулов

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2003-жылдын 15-июлу N 134

4.2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

Нью-Йорк шаарында 1996-жылдын 8-октябрында кол коюлган ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө Келишимди (ЯСБТК) ратификациялоо тууралуу

1-берене.

Нью-Йорк шаарында 1996-жылдын 8-октябрында кол коюлган ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө Келишим (ЯСБТК) ратификациялансын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги ушул Келишимди ратификациялоо жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына депонирлесин.

3-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Кыргыз Республика-

сынын ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө Келишим боюнча Улуттук уюму жана ушул Келишимге катышкан мамлекеттер менен байланыш боюнча органы болуп дайындалсын.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

2003-жылдын 24-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан каралган эмес

1996-жылдын 16-февралындагы

N 1 «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү», 1998-жылдын 21-октябрындагы N 134 «Кыргыз Республикасынын Конституциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндөгү», 2001-жылдын 24-декабрындагы N 112 «Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 5-беренесина өзгөртүүлөрдү киргизүү

жөнүндөгү» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакциясындагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 59-беренесынын 4-пунктуна ылайык жактырылган

Нью-Йорк шаары 1996-жылдын 19-ноябры

Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин уюмунун даярдоо комиссиясын түзүү тууралуу РЕЗОЛЮЦИЯ

1996-жылдын 19-ноябрында кабыл алынган

(Нью-Йорк, 1996-жылдын 19-ноябры) (CTBT/MSS/RES/1)

Түп нускадагы тексти англис тилинде түзүлдү

Нью-Йоркто 1996-жылдын 10-сентябрында Башкы Ассамблея тарабынан кабыл алынган Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимге кол коюшкан мамлекеттер,

Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин келечектеги Уюмун түзүүнү тезинен жана эффективдүү камсыз кылуу үчүн бардык керектүү чараларды кабыл алууну токтом кылышып,

ушул максатта Даярдоо комиссиясын түзүүнү токтом кылышып,

1. Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюмунун Даярдоо комиссиясын түзүү жөнүндө бул резолюцияга тиркелген текстти бекитишет;

2. Башкы Ассамблеянын Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө Келишим тууралуу 1996-жылдын 10-сентябрындагы 50/215 резолюциясына ылайык Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысынан Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюмунун Даярдоо комиссиясынын ишин, анын ичинде кол койгон мамлекеттердин жыйынын жана Даярдоо комиссиясынын биринчи сессиясын баштоо үчүн керектүү кызматтарды көрсөтүшүн сурашат.

ТИРКЕМЕ
Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюмунун Даярдоо комиссиясын түзүү жөнүндө

1. Муну менен Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимди эффективдүү ишке ашырууга керектүү даярдыктарды жүргүзүү максатында жана бул Келишимдин мүчө-мамлекеттеринин Конференциясынын биринчи сессиясына даярдануу максатында Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюмунун Даярдоо комиссиясы (мындан ары «Комиссия» деп аталуучу) түзүлөт.

2. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы Келишимге 50 мамлекет кол койгондон кийин мүмкүн болушунча тезирээк, бирок 60 күндөн кеч эмес Комиссияны анын биринчи сессиясына чакырат.

3. Комиссиянын турган жери болуп Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин келечектеги Уюмунун турган жери саналат.

4. Комиссия Келишимге кол койгон бардык мамлекеттерден турат. Ар бир кол койгон мамлекеттин Комиссияда бирден өкүлү болот, анын орун басарлары жана кеңешчилери болушу мүмкүн.

5. a) Комиссияга жана анын иштерине кеткен чыгымдарды, анын ичинде убактылуу Техникалык секретариаттын чыгымдарын ар жыл сайын бардык кол койгон мамлекеттер Бириккен Улуттар Уюмунун мүчөлөрүнүн курамы менен кол койгон мамлекеттердин курамынын ортосундагы айырмачылыктарды, ошондой эле кол койгон мөөнөттөрдү эске алып түзөтүлгөн Бириккен Улуттар Уюмунун төгүмдөр көрсөткүчүнө ылайык төлөшөт. Комиссия жана убактылуу Техникалык секретариат өз эркинче төгүмдөрдү пайдаланышы дагы мүмкүн;

b) төгүм баракчасын алгандан кийин 365 күндүн ичинде Комиссиянын алдында өзүнүн

финансылык милдеттенмелерин толугу менен аткарбаган кол койгон мамлекет мындай төлөм алынганга чейин Комиссияда добуш берүү укугуна ээ болбойт. Комиссия буга карабастан, төлөм бул мүчөгө байланышпаган шарттар боюнча жасалбай калгандыгына көзү жетсе, мындай мүчөнүн добуш берүүгө катышуусуна уруксат бериши мүмкүн;

c) Келишим кол коюу үчүн ачык болгондон тартып мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын алгачкы сессиясы аяктаганга чейинки мөөнөттө Комиссия анын функцияларынан жана максаттарынан келип чыгуучу керектүү чыгымдарды, анын ичинде Келишимде каралган Эл аралык маалыматтар борборун жана Эл аралык мониторинг системасынын түйүндөрүн түзүү жана алар расмий ишке киргизилгенге чейин керек болгон учурда убактылуу пайдалануу үчүн капиталдык салымдарды жана пайдаланууга жана тейлөөгө кеткен чыгымдарды төлөө үчүн кол койгон мамлекеттер бөлүп берген каражаттарды колдонот. Комиссия тарабынан каржылоо Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюму менен Комиссиянын ортосунда уюштуруу иштеринде айырмачылыктарды эске алып түзөтүлгөн Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин жоболоруна ылайык жөнгө салынат. Даярдоо комиссиясы Келишимде камтылбаган учурлар үчүн каржылоо процедураларын иштеп чыгат.

6. Комиссиянын бардык чечимдери бир пикирде кабыл алынууга тийиш. Эгерде өкүлдөрдүн бир пикирге келүү үчүн жумшаган күч-аракеттерине карабастан, проблема добуш берүүгө коюлса, анда Комиссиянын Төрагасы добуш берүүнү 24 саатка узартат жана бул узартылган мөөнөттүн ичинде бир пикирге жетишүүгө көмөктөшүү үчүн бардык күч-аракетин жумшайт жана мындай мөөнөт аяктаганга чейин Комиссияга доклад берет. Эгерде 24 саат өткөндөн кийин бир пикирге келишпесе, Комиссия добуш берүүгө келген жана катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк бөлүгү менен процедуралык маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат. Негизги маселелер боюнча чечимдер добуш берүүгө келген жана катышкан мүчөлөрдүн көпчүлүк үчтөн эки бөлүгү менен кабыл алынат. Кандайдыр бир маселе негизги маселе экендиги жөнүндө чатак пайда болгон учурда, Комиссия негизги маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн талап кылынган көпчүлүк добуш менен башкача чечим кабыл албаса, бул маселе негизги маселе болуп саналат.

7. Комиссия эл аралык уюм статусуна, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана макулдашууларды түзүү укугуна жана өзүнүн функцияларын жүргүзүү жана максаттарын ишке ашыруу үчүн керектүү болгон башка укуктарга ээ болот.

8. Комиссия:

a) өзүнүн Төрагасын жана башка кызматчы адамдарын шайлайт, өзүнүн процедуралык эрежелерин кабыл алат, керек болгон сайын чогулуп турат жана өзү максатка ылайыктуу деп эсептеген комитеттерди түзөт;

Ь) өзүнүн Аткаруучу катчысын дайындайт;

c) Комиссиянын иш-аракеттерине көмөктөшүү жана Комиссия аныктай ала турган функцияларды аткаруу үчүн убактылуу Техникалык секретариатты түзөт жана Келишимдин II статьясынын 50-пунктуна ылайык Техникалык секретариаттын кызматкерлери үчүн белгиленген принциптерге ылайык керектүү кызматкерлерди дайындайт. Кол койгон мамлекеттердин граждандары гана убактылуу Техникалык секретариатка дайындалышат;

d) өзүнүн жеке чыгымдары жана эсептери боюнча административдик жана финансылык эрежелерди аныктайт, алар төмөнкүлөр:

i) Комиссиянын тийиштүү финансылык контролдошу жана эсебин алышы;

ii) Комиссиянын финансылык отчетторду мезгил-мезгили менен даярдашы жана бекитиши;

iii) Комиссиянын финансылык отчетторун өз алдынча ревизиялоо;

iv) кол койгон мамлекеттердин пленардык курамынын кезектеги сессиясына ревизияланган финансылык отчетторду расмий кабыл алууга ар жыл сайын көрсөтүү.

9. Комиссия мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын алгачкы сессиясын, анын ичинде күн тартибинин долбоорун жана процедуралык эрежелердин долбоорун даярдоону уюштурат.

10. Комиссия Техникалык секретариатты уюштурууга жана анын иштешине тийиштүү жана Келишим күчүнө киргенден кийин түздөн-түз көңүл бөлүүнү талап кылган төмөнкүдөй милдеттерди дагы аткарат:

a) Техникалык секретариаттын толук штаттык расписаниесин түзүү, анын ичинде укуктарды ыйгаруу жана чечимдерди кабыл алуу процесси;

Ь) кадрга болгон керектөөгө баа берүү;

c) кызматкерлерди алуу жана алардын иштөө шарттары боюнча кадрдык эрежелерди иштеп чыгуу;

d) техникалык жана жардамчы кызматкерлерди алуу жана даярдоо;

e) кеңсе жана административдик кызматтарды уюштуруу.

11. Комиссия Келишим күчүнө киргенден кийин түздөн-түз көңүл бөлүүнү талап кылган Уюмдун проблемаларына тийиштүү төмөнкүдөй милдеттерди дагы аткарат:

a) Уюмдун биринчи жылда иштөө программасын жана бюджетин даярдоо;

Ь) Уюмдун толук бюджеттик жоболорун даярдоо;

c) Уюмга финансылык төгүмдөр көрсөткүчүн даярдоо;

d) Уюмдун административдик жана финансылык эрежелерин даярдоо, алар төмөнкүлөр:

i) Уюмдун тийиштүү финансылык контролдошу жана эсебин алышы;

ii) Уюмдун мезгил-мезгилдүү финансылык отчетторду даярдашы жана бекитиши;

iii) Уюмдун финансылык отчетторун өз алдынча ревизиялоо;

iv) мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын кезектеги сессиясына ревизияланган финансылык отчетторду расмий кабыл алууга ар жыл сайын көрсөтүү;

e) Аткаруу кеңешинин биринчи шайлоосуна карата Келишимдин II статьясынын 29-пунктуна ылайык талапкерлерди көрсөтүүгө жана аларды шайлоого көмөктөшүү максатында процедураларды иштеп чыгуу.

12. Комиссия Келишимге жана Протоколго ылайык мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын жактырышы үчүн төмөнкүдөй макулдашуулардын, келишимдердин жана жетекчилик принциптеринин долбоорлорун дагы иштеп чыгат:

a) келечектеги Уюм мүчө-мамлекеттер, башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен ылайыктуу жерлерде түзө турган стандарттык типтүү макулдашуулар же келишимдер;

Ь) тиешелүү мамлекеттер, өзгөчө алардын ичинен келечекте Эл аралык мониторинг системасындагы объектилерди өзүндө кабыл ала тургандары же башкача түрдө алар үчүн жооп бере тургандары менен сүйлөшүүлөрдүн негизинде жогоруда аталган типтүү үлгүлөргө ылайык убактылуу Техникалык секретариат тарабынан түзүлүүчү макулдашуулар же келишимдер;

c) Келишимдин II статьясынын 5б-пунктуна ылайык кабыл алып жаткан өлкө менен штаб-квартира жөнүндө макулдашуу.

13. Комиссия IV берененин 1-пунктуна ылайык Келишим күчүнө киргенден кийин келишимдик контролдоо режимин пайдалануу иштерин камсыз кылуу үчүн бардык керектүү даярдыктарды жүргүзөт жана мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын алгачкы сессиясына режимдин пайдалануга даяр экендиги жөнүндө доклад, ошондой эле бардык тиешелүү сунуштарды жасап, аны пайдалануунун тийиштүү процедураларын иштеп чыгат.

14. Комиссия Келишимдин жана анын Протоколунун талаптарын аткарууда Эл аралык маалыматтар борборун жана Эл аралык мониторинг системасын иштеп чыгууну, даярдоону жана техникалык сыноону жана алар ишке киргизилгенге чейин зарыл болгон учурда убактылуу пайдалануну көзөмөлдөйт жана координациялайт, ошондой эле сертификацияланган лабораториялык объектилердин жана тийиштүү байланыш каражаттарынын эсебинен Системага тийиштүү колдоо көрсөтөт. Ошону менен бирге, Комиссия:

a) өзүнүн экинчи пленардык сессиясында бардык тийиштүү докладдарды, анын ичинде Сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишим боюнча сүйлөшүүлөрдүн жүрүшүндө, ошондой эле куралсызданууу боюнча Конференциянын Илимий эксперттер тобу тарабынан даярдалган докладдарды эске алып:

i) Эл аралык маалыматтар борборун жана Эл аралык мониторинг системасын этап боюнча ишке киргизүүнүн, ошондой эле тиешелүү милдеттенмелерди ишке ашыруунун алгачкы планын кабыл алат;

ii) тиешелүү техникалык сыноолор, анын ичинде Илимий эксперттер тобунун үчүнчү Техникалык сынагынын алкагында башталган жумуш үчүн, ошондой эле мындай техникалык сыноолордон келечекте Эл аралык мониторинг системасына өтүү үчүн керектүү болгон бардык механизмдерди

иштеп чыгуу жана аларды башкаруу үчүн жооп берет;

iii) маалыматтар мониторинги, аларды берүү жана талдоо проблемалары боюнча эксперттик жана комплекстик техникалык кеңешмени Комиссияга такай көрсөтүп туруу үчүн, ошондой эле Эл аралык мониторинг системасынын жана Эл аралык маалыматтар борборунун ишке ашырылышын техникалык көзөмөлдөө үчүн тиешелүү структураларды түзөт;

b) төмөнкүлөр боюнча оперативдүү көрсөтмөлөрдү Келишимге жана Протоколго ылайык иштеп чыгат жана мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын алгачкы сессиясында кабыл алууга даярдайт:

i) сейсмологиялык мониторинг;

ii) радионуклиддик мониторинг;

iii) гидроакустикалык мониторинг;

iv) инфраүндүк мониторинг;

v) Эл аралык маалыматтар борбору.

15. Келишимдеги жана анын Протоколундагы талаптарды аткарууда Комиссия Келишим күчүнө киргенден тартып турган жеринде инспектирлөөлөрдү колдоо үчүн бардык керектүү даярдыктарды жүргүзөт. Ал ошону менен бирге:

a) төмөнкүлөрдү иштеп чыгат жана мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын алгачкы сессиясында жактырууга даярдайт:

i) бардык тиешелүү юридикалык, техникалык жана административдик процедураларды камтыган оперативдүү көрсөтмөнү;

ii) турган жеринде инспектирлөөлөрдүн жүрүшүндө колдонулуучу шаймандардын тизмесин;

Ь) инспекторлорду даярдоо программасын иштеп чыгат;

c) тиешелүү инспектирлөө шаймандарын, анын ичинде байланыш шаймандарын сатып алат же башкача түрдө камсыз кылат жана муктаждыкка жараша мындай шаймандарды сыноодон өткөрөт.

16. Комиссия ишенимди бекемдөө чараларын жүргүзүү үчүн жетекчилик принциптерин жана отчеттордун форматтарын даярдайт.

17. 12-16-пункттарда көрсөтүлгөндөй Даярдоо комиссиясы ишке ашыра турган контролдоо чөйрөсүндөгү милдеттердин болжолдуу тизмеси бул текстке кошумчаланып берилет.

18. Комиссия:

a) кол койгон мамлекеттердин ортосунда Келишимди ишке ашыруу боюнча укуктук жана административдик чаралар жөнүндө маалымат алмашууга көмөктөшөт жана кол койгон мамлекеттердин суроо-талаптары ылайык аларга бул маселелер боюнча консультацияларды өткөрөт жана жардамдашат;

b) ратификациялоо процессине көз салат жана кол койгон мамлекеттердин суроо-талаптары боюнча аны ратификациялоо процессине жардам берүү максатында Келишим жөнүндө аларга укуктук жана техникалык маалымат берет жана консультацияларды өткөрөт; жана

c) өзү керектүү деп эсептеген изилдөөлөрдү, докладдарды жана маалымкаттарды даярдайт.

19. Комиссия мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын биринчи сессиясы үчүн өз мандатынын чегинде бардык маселелер боюнча корутунду доклад даярдайт.

20. Комиссиянын укуктары жана активдери, финансылык жана башка милдеттенмелери жана функциялары мүчө-мамлекеттердин биринчи сессиясында Уюмга берилет. Комиссия мүчө-мамлекеттердин Конференциясына бул маселе боюнча, анын ичинде акырындап өтүү жөнүндө сунуш берет.

21. Комиссия мүчө-мамлекеттердин Конференциясынын сессиясы аяктаганга чейин иштей берет.

22. Кабыл алып жаткан өлкө эл аралык уюм катары Комиссияга, анын персоналына, ошондой эле кол койгон мамлекеттердин өкүлдөрүнө бул Комиссияга жана анын объектисин жана максаттарын ишке ашырууга байланышкан алардын өздөрүнүн функцияларын өз алдынча ишке ашыруу үчүн керектүү болгон укуктук статусту, артыкчылыктарды жана иммунитеттерди берет.

Кошумчалоо

Даярдоо комиссиясынын контролдоо чөйрөсүндөгү илдеттеринин болжолдуу тизмеси

Төмөндөгү болжолдуу тизмеде Даярдоо комиссиясы Келишимдин тиешелүү жоболорун жана Комиссияны түзүү жөнүндө резолюцияны аткарууда жүргүзүшү мүмкүн болгон контролдоо чөйрөсүндөгү милдеттер сүрөттөп көрсөтүлөт.

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 12-пункту:

Макулдашуулардын, келишимдердин жана жетекчилик принциптеринин долбоорлору

12-пунктта сүрөттөлүп көрсөтүлгөн жана толук эмес тизмеде эскерилген көз караштарга толуктоо иретинде төмөнкүдөй милдеттерди аткаруу зарылчылыгы дагы келип чыгышы мүмкүн:

консультацияларды жана түшүндүрмөлөрдү жүргүзүү процедуралары, анын ичинде макулдук болгондо, кызматташып жаткан улуттук объектилерден алынган маалыматтарды колдонуу (Келишимдин IV статьясынын 27-жана 28-пункттары жана 29-33-пункттары);

Эл аралык мониторинг системасы менен Эл аралык маалыматтар борборунун жалпы иштешин Техникалык секретариат тарабынан контролдоону, баалоону жана отчет берүүнү жүргүзүү процедуралары (Келишимдин IV статьясынын 14 1) пункту);

Эл аралык мониторинг системасынын жана турган жеринде инспектирлөөнүн алкагындагы иштерди Сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюму тарабынан каржылоодогу, анын ичинде Эл аралык мониторинг системасын пайдалануу жана тейлөө боюнча чыгымдарды каржылоодогу, ошондой эле макулдук болгондо төлөнгөн төгүмдөрдүн эсебинен кредиттерди таануудагы жетекчилик принциптери (Келишимдин IV 1-беренесынын 19-22-пункттары);

жашыруундуулукту камсыз кылуу процедуралары (Келишимдин II статьясынын 7-пункту жана IV статьясынын 8-пункту).

12-пунктта ачык көрсөтүлгөн позицияларга карата контролдоо боюнча макулдашууларга же келишимдерде (жалпы типтүү макулдашуулар же келишимдер болсун же мамлекеттер менен сүйлөшүү аркылуу мындай типтүү үлгүлөргө ылайык түзүлгөн макулдашуулардын же келишимдердин долбоорлору болсун) Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн А бөлүмүнө ылайык төмөнкүлөр камтылат:

Сыноолорго тыюу салуу жөнүндө келишимге ылайык белгилүү бир мамлекеттин мониторинг боюнча белгилүү бир объектилер үчүн өзүнө жоопкерчилик алышын тактоо процедуралары;

оперативдүү көрсөтмөлөргө ылайык пайдаланууга, тейлөөгө жана модернизациялоого байланышкан милдеттер;

жаңы объектилерди түзүүдө же учурда болгондорун модернизациялоодо же Эл аралык мониторинг системасынын объектилерине маанилүү өзгөртүүлөрдү киргизүү учурунда көрсөтмө катары колдонулуучу процедуралар;

мүмкүн колдонула турган убактылуу иш-чаралар боюнча процедуралар (Келишимдин IV статьясынын 26-пункту);

Эл аралык мониторинг системасынын иш-аракеттерин каржылоо жана маалыматтарды берүү жөнүндө жоболор (Келишимдин IV статьясынын 22-пункту);

бардык мамлекеттин юрисдикциясында же контролунда болбогон районду инспектирлөөдө Уюмга жардам берүү (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 107-пункту); же

мүчө-мамлекет тарабынан берилүүчү турган жеринде инспектирлөө үчүн шаймандардын болушу, ошондой эле мындай шаймандарды тейлөө жана калибрдөө (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 40-пункту).

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 13-пункту:

Контролдоо режимине байланыштуу Даярдоо комиссиясынын милдеттери

Бул пунктта көрсөтүлгөн докладда Келишимдин II статьясынын 26h пунктунан кыйыр түрдө келип чыгуучу мындай докладды түзүү милдети Даярдоо комиссиясын түзүү жөнүндө резолюцияда түздөн-түз эскериле тургандыгы тууралуу сүйлөшүүлөрдө жетишилген пикир чагылдырылат. Комиссиянын доклады жана анын тиешелүү сунуштары мүчө-мамлекеттердин алгачкы Конференциясы Эл аралык мониторинг системасынын түзүлүшүн жана келишимдеги контролдоо режиминин башка элементтерин тариздөө үчүн керектүү кадамдарды жасашы үчүн маанилүү өбөлгө болот. Бул үчүн Даярдоо комиссиясы төмөнкүлөрдү дагы аткарышы керек болот:

Даярдоо комиссиясы иштеп жаткан мезгилдеги иш тажрыйбага ылайык мүчө-мамлекеттердин алгачкы Конференциясына көрсөтүүгө талап кылынышы мүмкүн болгон бардык өзгөртүүлөрдү Эл аралык мониторинг системасынын объектилеринин тизмесине киргизүү жөнүндө сунуштарда иштеп чыгуу;

буга тийиштүү сунуштарды, анын ичинде тиешелүү учурларда белгилүү бир технологияларды жана асыл газдардын мониторинги сыяктуу алардын компоненттерин ишке ашыруу жөнүндө сунуштарды макулдашуу (Келишимдин Протоколунун I - бөлүгүнүн 10-пункту).

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 14-пункту:

Эл аралык мониторинг системасын даярдоо боюнча Даярдоо

комиссиясынын милдеттери

Бул пункттун киришүү бөлүгүндө төмөнкүлөргө байланышкан милдеттердин жыйындысы үчүн Даярдоо комиссиясынын жоопкерчилигине таянуулар дагы камтылат:

Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын жана отчеттук продукттарды берүү жана алуу үчүн эл аралык байланыш каналдарын түзүүгө (Келишимдин IV бөлүгүнүн 14a-пункту);

убактылуу Эл аралык мониторинг системасын убактылуу пайдалануу жана каржылоо үчүн процедураларды жана расмий негиздемелерди иштеп чыгууга.

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 14b-пункту:

Оперативдүү көрсөтмөлөрдү иштеп чыгуу

Мүчө-мамлекеттердин алгачкы Конференциясында Даярдоо комиссиясы тарабынан жактырылган бардык оперативдүү көрсөтмөлөрдүн долбоорлорунун кабыл алынышы талап кылынат (Келишимдин II статьясынын 26h-пункту). Мониторингдин ар бир технологиясы боюнча оперативдүү көрсөтмөлөрдү түзүү үчүн Даярдоо комиссиясы Эл аралык мониторинг системасынын эффективдүү иштешин камсыз кылууга керек болгон бардык зарыл техникалык жана оперативдүү бөлүкчөлөрдү жана төмөнкүлөрдү дагы иштеп чыгышы, түзүшү жана жактырышы керек:

мониторингдин ар бир глобалдуу түйүнү алкагындагы тиешелүү объектилер боюнча техникалык өзгөчөлүктөрдү жана пайдалануудагы талаптарды (Келишимдин Протоколунун I - бөлүгүнүн 2-, 7-, 8-, 10-, 11-, 13- жана 15-пункттары);

маалыматтарды Эл аралык маалыматтар борборуна берүү процедураларын, анын ичинде берүүнүн форматтарын жана шарттарын (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн (6-, 8-, 9-, 12- жана 14-пункттары);

объектилерди коргоо жана маалыматтардын окшоштугу жөнүндө процедураларды (Келишимдин Протоколунун 1 бөлүгүнүн 4-пункту);

Техникалык секретариаттын мониторинг боюнча объектилердин шаймандарын жана байланыш каналдарын текшерүү процедураларын, ошондой эле объектини (анын ичинде кызматташып жаткан улуттук объектилерди жана алардын мындай дайындалышын) сертификациялоо процедураларын (Келишимдин IV статьясынын 21-жана 28-пункттары жана Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 4-пункту).

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 14Ь (ii) пункту.

Радионуклиддик мониторинг боюнча оперативдүү көрсөтмө

Жогоруда аталган жалпы элементтерге кошумча иретинде, Радионуклиддик мониторинг боюнча оперативдүү көрсөтмөгө байланыштуу Даярдоо комиссиясы төмөнкүлөрдү иштеп чыгышы керек:

мониторинг боюнча объектилерден келип түшкөн үлгүлөрдү жана тиешелүү маалыматтарды иштетүү жана аларды колдонуу процедуралары (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 11-пункту);

радионуклиддик мониторинг түйүнүн колдоо үчүн Сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө келишимдин Уюму тарабынан чакырылган лабораторияларды калибрдөө жана сертификациялоо жана утурумдук калибрдөө процедуралары (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 11-пункту);

үлгүлөрдү кошумча талдоо, ошондой эле тиешелүү учурларда сактоо же архивге коюу үчүн аларды сертификацияланган лабораторияларга атайын өткөрүп берүү процедуралары (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 11-пункту);

ылайыктуу учурда, тиешелүү метеорологиялык маалыматтарды киргизүү процедуралары (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 9-пункту);

белгилүү бир сертификацияланган лабораториялар менен үлгүлөрдү талдоону акы төлөөнүн негизинде жүргүзүү жөнүндө контракттарды түзүү үчүн жетекчилик принциптери (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 11-пункту).

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 14Ь (iii) пункту.

Гидроакустикалык мониторинг боюнча оперативдүү көрсөтмө

Жогоруда аталган жалпы элементтерге кошумча иретинде, Гидроакустикалык мониторинг боюнча оперативдүү көрсөтмөнү даярдоого байланыштуу Даярдоо комиссиясы төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

эки ар башка категориядагы каралган объектилер (гидрофондук станциялар жана Т-фазалуу станциялар) үчүн ар кандай техникалык өзгөчөлүктөрдү жана пайдалануунун талаптарын иштеп чыгуу (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 13-пункту);

Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын тиешелүү чечим болгондо мониторинг станциясында сактоо же архивге коюу процедураларын иштеп чыгуу.

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 14Ь (v) пункту.

Эл аралык маалыматтар борбору боюнча оперативдүү көрсөтмө

Эл аралык маалыматтар борбору боюнча оперативдүү көрсөтмөнү иштеп чыгууда жана анын мазмунун түзүүдө Даярдоо комиссиясы төмөнкүлөрдү аткарышы керек:

Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын алууну, чогултууну, иштетүүнү, талдоону, отчет берүүнү жана архивге коюуну ишке ашырууда, ошондой эле анын макулдашылган функцияларын, өзгөчө стандарттуу отчеттук продукттарды даярдоо жана мүчө-мамлекеттерге стандарттык кызматтын түрлөрүн көрсөтүү боюнча иштерди аткарууда Эл аралык маалыматтар борбору колдоно турган процедураларды иштеп чыгуу (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 16-жана 17-пункттары жана passim);

бул контекстте ал төмөнкүлөрдү иштеп чыгууга өзгөчө көңүл бөлүүгө тийиш:

Протоколдун жоболоруна ылайык кубулуштарды фильтрлөөнүн макулдашылган стандарттык ченөлчөмдөрүн жана тиешелүү пайдалануу процедураларын жана форматтарын (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 17- жана 18Ь пункттары жана Протоколдун 2-тиркемеси);

мүчө-мамлекеттерге эксперттик техникалык талдоонун эсебинен жардам көрсөтүү үчүн макулдашылган форматтарды жана процедураларды (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 20c пункту);

мүчө-мамлекеттерге Эл аралык маалыматтар борбору тарабынан акысыз берилүүгө тийиш болгон маалыматтык кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмдөрүнүн жана форматтарынын өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле продукттарды же кызматтарды сураган мүчө-мамлекеттерден мындай өзгөчөлүктөрдөн тышкары чыгымдарга акы алуу процедураларын;

кубулуштарды фильтрлөөнүн улуттук процедураларын аныктоодогу жетекчилик принциптерди (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 21-пункту);

кээ бир мүчө-мамлекеттерге техникалык көмөк көрсөтүү процедураларын (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 22-пункту);

Эл аралык мониторинг системасын пайдалануу абалын контролдоо жана отчет берүү процедураларын (Келишимдин Протоколунун I бөлүгүнүн 23-пункту).

Даярдоо комиссиясы жөнүндө тексттин 15-пункту:

Турган жеринде инспекциялоо

Турган жеринде инспекциялоо боюнча оперативдүү көрсөтмө жана бекитилген инспекциялоо шаймандарынын тизмеси Конференциянын мүчө-мамлекеттери тарабынан анын алгачкы сессиясында жактырылууга тийиш экендиги Келишимдин текстинде дагы жана Протоколдун текстинде дагы түздөн-түз көрсөтүлгөн (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 13-пункту, Келишимдин II статьясынын 26h пункту жана Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 36-пункту).

Турган жеринде инспекциялоо боюнча оперативдүү көрсөтмөнү түзүү үчүн Даярдоо комиссиясы төмөнкүлөрдү иштеп же карап чыгышы дагы керек болушу мүмкүн:

инспекторлорду жана инспекторлордун жардамчыларын көрсөтүү жана дайындоо үчүн процедураларды жана форматтарды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 14-25-пункттары);

инспекторлорду окутуу жана квалификациялуу аттестациялоо үчүн процедураларды;

келүү пункттарын дайындоо жана каттоо жана тиешелүү консультацияларды жүргүзүү үчүн процедураларды жана форматтарды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 32-34-пункттары);

рейстен тышкары самолетторду пайдалануу жана маршруттарды макулдашуу процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 35-пункту);

негизги жана жардамчы инспекциялоо шаймандарынын тизмесин жана алардын бардык өзгөчөлүктөрүн; инспектирлоо шаймандарын сертификациялоонун окшош болушу үчүн документациялоо жана мөөр басуу процедураларын; жана бекитилген инспекциялоо шаймандарын калибровкалоо, тейлөө, коргоо жана камкордукка алуу процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 36-40-пункттары);

турган жеринде инспекциялоого байланышкан суроо-талаптар, мандаттар жана билдирүүлөр боюнча маалыматтардын форматтарын жана берүү процедураларын жана инспекциялоо мандатын түзүү процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 35- жана 41-43-пункттары);

инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттин турган жеринде инспекциялоого байланышкан чыгымдарын төлөө (анын ичинде кармоолорду жана төлөмдөрдү статьяларга бөлүү) жана башка административдик процедуралар боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 11-13-пункттары);

инспекциялоо шаймандарын келүү пунктунда текшерүү жана керек болгон учурда сактоо процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 51-пункту);

турган жеринде инспекциялоо тобунун мүчөлөрүнүн коопсуздугун камсыз кылуу жана денсоолугун коргоо, ошондой эле жашыруундуулук маселелерин камтыган процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 60h пункту);

турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттердин укуктарын ишке ашыруу процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 61-пункту);

инспекциялоо тобу менен байланышты ишке ашыруу, ошондой эле байланыш шаймандарын тиешелүү түрдө бекитүү жана сертификациялоо процедураларын (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 62-пункту);

байкоочулардын катышуусу (көрсөтүү, кабыл алуу, кабыл албоо жана билдирүү) боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 63-68-пункттары);

турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө түрдүү инспекциялоо иштеринин жүргүзүү жана инспекциялоо ыкмаларын колдонуу боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 69- жана 70-пункттары);

учуулар жана учуулардын жүрүшүндө инспекциялоо шаймандарын колдонуу боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 71-85-пункттары);

Келишимдин талаптарына, анын ичинде тиешелүү илимий ченөлчөмдөргө жана жетекчилик принциптерге ылайык үлгүлөрдү тандоо, алар менен иштөө жана үлгүлөрдү талдоо боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 97-104-пункттары);

турган жеринде инспекциялоого байланышкан ар кандай түрдөгү талдоо жүргүзүлө турган сертификацияланган лабораториялар боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 102-пункту);

бардык мамлекеттин юрисдикциясында же контролунда болбогон инспекциялоо райондору боюнча процедураларды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 105-108-пункттары);

турган жеринде инспекциялоо тобунун алдын-ала жыйынтыктарын камтыган доклад үчүн форматтарды (Келишимдин Протоколунун II бөлүгүнүн 109-пункту) жана инспекциялоо жөнүндө доклад менен иштөө боюнча форматтарды жана процедураларды (Келишимдин IV статьясынын 62-64-пункттары);

турган жеринде инспекциялоого байланышкан маалыматтарды жана үлгүлөрдү инспекциялоо аяктагандан кийин сактоо жана иштетүү

КР 2003-жылдын 15-июлундагы N 134 Мыйзамы менен ратификацияланган 1996-жылдын 10-сентябры

Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө

КЕЛИШИМ

Преамбула

Бул Келишимдин мүчө-мамлекеттери (төмөндө «мүчө-мамлекеттер» деп аталуучулар),

ядролук куралсызданууну, анын ичинде ядролук куралдын арсеналдарын кыскартуу чөйрөсүндө, ошондой эле бардык аспектилериндеги ядролук жаңылтуунун алдын алуу чөйрөсүндө эл аралык макулдашууларды жана акыркы жылдардагы башка оң иш-чараларды жылуу кубатташып,

мындай макулдашууларды жана чараларды толук жана тезинен ишке ашыруунун маанилүү экендигин белгилешип,

азыркы эл аралык кырдаал ядролук куралсызданууну боюнча жана ядролук куралды анын бардык аспектилеринде жайылтууга каршы, мындан аркы эффективдүү иш-чараларды кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн бере турганына азыртадан ишенишип жана мындай иш-чараларды колдонууга өздөрүнүн ниеттенгендигин билдиришип,

мына ошондуктан ядролук куралды глобалдуу деңгээлде кыскартып отуруп, биротоло жоюу максатында такай жана ырааттуу күч-аракеттерди жумшоону, ошондой эле бекем жана эффективдүү эл аралык контролдоо аркылуу жалпы жана толук куралсызданууну улантуу зарыл экендигин баса белгилешип,

ядролук куралды иштеп чыгууну жана анын сапатын жогорулатууну чектөө жана өздөштүрүлгөн жаңы типтеги ядролук куралды даярдоону кыскартуу жолу менен ядролук куралды бардык жардырып сыноону жана бардык башка ядролук жардырууларды кыскартуу ядролук куралсызданууну жана анын бардык аспектилеринде жайылтпоонун эффективдүү чаралары экендигин таанышып,

бардык ушундай ядролук жардырууларды токтотуу ядролук куралсызданууга жетишүү максатындагы үзгүлтүксүз процессти ишке ашырууда маанилүү кадам болоорун да таанышып, куралсызданууну жана ядролук куралды жайылтпоо тармагында эл аралык коомчулуктун көптөн берки алдыңкы максаттарынын бири болгон ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө универсалдуу жана эл аралык, эффективдүү контролдо боло турган келишимди түзүү ядролук сыноолорду токтотууга жетишүүнүн эффективдүү жолу болооруна азыртадан ишенишип,

Ядролук куралды атмосферада, космос мейкиндигинде жана суунун астында сыноого тыюу салуу жөнүндө 1963-жылдагы Келишимдин катышуучулары тарабынан билдирилген ядролук куралды сыноочу бардык жардырууларды биротоло токтотууга жетишүүгө умтулгандыгын белгилешип,

ошондой эле бул Келишим айлана-чөйрөнү коргоого көмөк көрсөтүшү мүмкүн экендиги жөнүндө билдирилген пикирлерди белгилешип,

бул Келишимге бардык мамлекеттердин кошулушун камсыз кылуу максатын жана анын ядролук куралды бардык аспектилеринде жайылтууну болтурбоого, ядролук куралсызданууну процессине, аны менен бирге ал аралык тынчтыкты жана коопсуздукту бекемдөөгө эффективдүү жардам берүү милдетин ырасташып,

төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашышты:

I статья. Негизги милдеттенмелер

1. Ар бир мүчө-мамлекет ядролук куралды сыноочу бардык жардырууларды жана ар кандай башка ядролук жардырууларды, жүргүзбөөгө, ошондой эле анын юрисдикциясынын же көзөмөлүнүн астында болгон бардык жердеги бардык ушундай ядролук жардырууларга тыюу салууга жана алдын алууга милдеттенет.

2. Ар бир мүчө-мамлекет ядролук куралды сыноочу бардык жардырууларды жана бардык башка ядролук жардырууларды өткөрүүнү каалоодон, колдоодон же кандайдыр бир катышуудан мындан ары карманууга милдеттенет.

II статья. Уюм

А. Жалпы жоболор

1. Мүчө-мамлекеттер муну менен бул Келишимдин объектисине жана максатына жетүү, анын жоболорун жана анын сакталышын эл аралык контролдоо жоболорун кошо ишке ашырууну камсыз кылуу, ошондой эле мүчө-мамлекеттердин ортосунда консультациялар жана кызматташуулар форумун тастыктоо үчүн Ядролук сыноолорго бардык жагынан тыюу салуу жөнүндө Келишим боюнча Уюмду (мындан ары «Уюм» деп аталат) түзүшөт.

2. Бардык мүчө-мамлекеттер Уюмдун мүчөлөрү болуп эсептелет. Мүчө мамлекет Уюмдагы өзүнүн мүчөлүгүнөн ажыратылбайт.

3. Уюмдун турган жери болуп Австрия Республикасынын Вена шаары эсептелет.

4. Муну менен Уюмдун органдары болуп төмөнкүлөр түзүлөт: Мүчө-мамлекеттердин конференциясы, Аткаруу кеңеши жана Техникалык секретариат, ага Эл аралык маалыматтар борбору кирет.

5. Ар бир мүчө-мамлекет бул Келишимге ылайык өз функцияларын аткарууда Уюм менен кызматташат. Мүчө-мамлекеттер бул Келишимдин объектисине жана максатына же болбосо анын жоболорун ишке ашырууга байланыштуу пайда болушу мүмкүн болгон бардык маселелер боюнча түздөн-түз өздөрүнүн ортосунда же Уюм аркылуу же болбосо Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында жана анын Уставына ылайык процедураларды ичине камтыган башка тиешелүү эл аралык процедуралар аркылуу консультацияларды өткөрүшөт.

6. Уюм бул Келишимде каралган өзүнүн контролдоо иштерин мындай иштердин максаттарына өз убактысында жана эффективдүү жетишүүгө ылайык келген түрдө жүргүзөт. Ал бул Келишим боюнча өзүнүн милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды жана билдирүүлөрдү гана сурайт. Ал бул Келишимди ишке ашыруу учурунда өзүнө маалым болгон граждандык жана аскердик иш-аракеттер жана объектилер жөнүндө жашыруун маалыматтарды коргоо үчүн бардык коопсуздук чараларын колдонот.

7. Ар бир мүчө-мамлекет бул Келишимди ишке ашырууга байланыштуу Уюмдан ишенимдин негизинде алган маалыматтарды жана билдирүүлөрдү жашыруун катары карайт жана мындай маалыматтар менен билдирүүлөрдү колдонуунун өзгөчө режимин аныктайт. Ал мындай маалыматтарды жана билдирүүлөрдү бул Келишим боюнча өзүнүн укуктарына жана милдеттенмелерине гана байланыштуу карайт.

8. Уюм өз алдынча мекеме катары, тиешелүү учурларда өздөрүнүн атайын билимдерин, ошондой эле каражаттарын колдонууга жана Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттик сыяктуу башка эл аралык уюмдар менен кызматташуунун негизиндеги келишүүлөр жолу чыгымдарды аз сарптоонун максималдык эффективдүүлүгүнө жетүүгө умтулат. Анча маанилүү эмес жана кадимки коммерциялык менен контракттык мүнөзгө ээ болгондордон башка келишүүчүлүктөр мүчө-мамлекеттердин Конференциясына жактырууга берилүүгө тийиш макулдашууларда берилет.

9. Уюмдун иш-аракеттерине кеткен чыгымдар жылына мүчө-мамлекеттер тарабынан Бириккен Улуттар Уюмунун жана Уюмдун мүчөлүк курамындагы айырмачылыктарды эске алуу менен коррекцияланган Бириккен Улуттар Уюмунун төгүмдөр көрсөткүчүнө ылайык төлөнөт.

10. Мүчө-мамлекеттердин Даярдоочу, комиссияга кошо турган финансылык төгүмдөрү алардын үзгүлтүксүз бюджетке кошкон төгүмдөрүнөн тиешелүү түрдө кемитип алынат.

11. Өзүнө бөлүнгөн төгүмдү Уюмга төгүүдө карыз болгон жана анын карызы өткөн эки толук жылдын ичинде төгүлө турган сумманы түзгөн же андан ашып, кеткен Уюмдун мүчөсү Уюмда добуш берүү укугунан ажыратылат. Буга карабастан, мүчө-мамлекеттердин Конференциясы төлөмдүн жүргүзүлбөгөндүгү мындай мүчөгө байланышпагандыгына ишенсе, мындай мүчөнүн добуш берүүдө катышуусуна уруксат бере алат.

В. Мүчө-мамлекеттердин конференциясы

Курамы, процедуралары жана чечимдерди кабыл алышы

12. Мүчө-мамлекеттердин Конференциясы (мындан ары - «Конференция» деп аталат) бардык мүчө-мамлекеттерден турат. Ар бир мүчө-мамлекет Конференцияда бирден өкүлгө ээ болот, аны орун басарлары жана кеңешчилери коштойт.

13. Конференциянын алгачкы сессиясы бул Келишим күчүнө киргенден кийин 30 күндүн ичинде депозитарий тарабынан өткөрүлөт.

14. Эгерде Конференция башка чечим кабыл албаса, ал жылына бир жолу чакырыла турган кезектеги сессиясына чогулуп турат.

15. Конференциянын атайын сессиясы төмөнкүдөй чакырылат:

а) Конференциянын чечими боюнча;

б) Аткаруу кеңешинин суроо-талабы боюнча же;

с) көпчүлүк мүчө-мамлекеттер колдогон бардык мүчө-мамлекеттин суроо-талабы боюнча.

Атайын сессия Конференциянын чечиминен, Аткаруу кеңешинин суроо талабынан же керектүү колдоо алынгандан кийин, эгерде чечимде же суроо-талапта башкача көрсөтүлбөсө, 30 күндүн ичинде чакырылат.

16. Конференция ошондой эле VII статьяга ылайык түзөтүүлөрдү кароочу Конференция түрүндө да чакырылышы мүмкүн.

17. Конференция VIII статьяга ылайык Келишимдин иш-аракетин кароочу Конференция түрүндө да чакырылышы мүмкүн.

18. Эгерде Конференция башка чечим кабыл албаса, сессиялар Уюмдун турган орду боюнча өткөрүлөт.

19. Конференция өзүнүн процедуралык эрежелерин кабыл алат. Ар бир сессиянын башында ал өзүнүн Төрагасын жана башка керектүү кызмат адамдарын шайлайт. Алар кийинки сессияда кызматка жаңы Төраганы жана башка кызмат адамдарын шайлаганга чейин иштешет.

20. Көпчүлүк мүчө-мамлекеттер кворумду түзүшөт.

21. Ар бир мүчө-мамлекет бирден добушка ээ болот.

22. Конференция добуш берүүдө бар болгон жана катышып жаткан мүчөлөрдүн көпчүлүгү менен процедуралык маселелер боюнча чечимдерди кабыл алат. Маанилүү маселелер боюнча чечимдер мүмкүн болушунча консенсус менен кабыл алынат. Эгерде проблеманы чечүүдө консенсуска жетишилбесе, Конференциянын Төрагасы бардык добуш берүүнү 24 саатка токтотот жана бул мөөнөттүн ичинде консенсуска келүү үчүн бардык күч-аракетин жумшайт жана бул мөөнөт аяктаганга чейин Конференцияга баяндама берет. Эгерде 24 саат өткөндөн кийин консенсуска жетишүү мүмкүн болбой калса жана бул Келишимде башкача көрсөтүлбөсө, Конференция добуш берүүдө бар болгон жана катышып жаткан мүчөлөрдүн көпчүлүк үчтөн эки бөлүгү менен чечимди кабыл алат. Тигил же бул маселе негизги маселе же жок экендиги жөнүндө чатак келип чыккан учурда, негизги маселе жөнүндө чечим кабыл алууда талап кылынган көпчүлүк башкача чечим кабыл албаса, бул маселе негизги маселе деп эсептелинет.

23. 26 k) пункту боюнча өзүнүн функциясын ишке ашырууда Конференция 22-пунктта айтылган маанилүү маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуу процедурасына ылайык бул Келишимдин 1-тиркемесинде камтылган мамлекеттердин тизмесине каалаган мамлекетти кошуу чечимин кабыл алат. 22-пунктка карабастан, Конференция бул Келишимдин 1-тиркемесиндеги бардык башка өзгөртүүлөр жөнүндө чечимдерди консенсус менен кабыл алат.

Ыйгарым укуктары жана функциялары

24. Конференция Уюмдун башкы органы болуп эсептелет. Ал бул Келишимге ылайык Аткаруу кеңешинин жана Техникалык секретариаттын ыйгарым укуктарына жана функцияларына тиешелүүлөрүн ичине камтыган, бул Келишимди колдонуу чөйрөсүндөгү бардык маселелерди, темаларды же проблемаларды карайт. Ал кандайдыр-бир мүчө-мамлекет тарабынан козголгон же Аткаруу кеңеши аркылуу ага маалым болгон бул Келишимдин колдонуу чөйрөсүндөгү бардык маселелер, темалар же проблемалар боюнча сунуштарды бериши жана чечимдерди кабыл алышы мүмкүн.

25. Конференция бул Келишимдин аткарылышын көзөмөлдөйт, анын сакталышын карайт жана анын объектиси менен максатын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү чараларын кабыл алат. Ал ошондой эле Аткаруу кеңешинин жана Техникалык секретариаттын иш-аракеттерин көзөмөлдөөнү ишке ашырат жана өз милдеттерин аткарууда алар үчүн жетекчилик принциптерин аныктайт.

26. Конференция:

а) Уюмдун бул Келишимди ишке ашыруу жөнүндө баяндамасын, Аткаруу кеңеши тарабынан көрсөтүлгөн Уюмдун ар жылкы программасын жана жылдык бюджетин карайт жана кабыл алат, ошондой эле башка баяндамаларды карайт;

b) 9-пунктка ылайык мүчө-мамлекеттер төлөөчү финансылык төгүмдөрдүн көрсөткүчү жөнүндө чечимдерди кабыл алат;

c) Аткаруу кеңешинин мүчөлөрүн шайлайт;

d) Техникалык секретариаттын Башкы директорун дайындайт (мындан ары «Башкы директор» деп аталат);

e) Аткаруу кеңеши көрсөткөн процедура эрежелерин карайт жана бекитет;

f) бул Келишимдин иш-аракетине таасирин тийгизе турган илимий-техникалык жетишкендиктерди карап чыгууну жана жалпылоону ишке ашырат. Ушуга байланыштуу Конференция Башкы директорго анын өз милдеттерин аткарууда Конференцияга, Аткаруу кеңешине же мүчө-мамлекеттерге бул Келишимге тиешеси бар болгон илим жана техника тармагындагы атайын консультацияларды өткөрүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн Илимий-консультативдик кеңешти түзүү ишин тапшырат. Бул учурда Илимий-консультативдик кеңештин курамына бул Келишимди ишке ашырууда тиешеси бар болгон белгилүү-бир илимий тармактардагы алардын компетенттүүлүгүнө жана тажрыйбасына таянып, өз алдынча жана Конференция тарабынан кабыл алынган иш чөйрөсүнө ылайык кабыл алынган көз карандысыз эксперттер кирет;

g) 5-беренега ылайык бул Келишимдин сакталышын камсыз кылуу жана бул Келишимдин жоболорун бузган бардык учурларды түзөө жана коррекциялоо чараларын кабыл алат;

h) өзүнүн алгачкы сессиясында макулдашуулардын, келишимдердин, жоболордун, процедуралардын, оперативдүү көрсөтмөлөрдүн, жетекчилик принциптердин жана Даярдоо комиссиясы тарабынан иштелип чыккан жана сунуш кылынган башка документтердин бардык долбоорлорун карап чыгат жана жактырат;

i) мүчө-мамлекеттер, башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен сүйлөшүү жолу аркылуу Техникалык секретариат тарабынан иштелип чыккан, 38 h) пунктка ылайык Аткаруу кеңешке Уюмдун атынан түзүүгө туура келген макулдашууларды же келишимдерди карап чыгат жана жактырат;

j) бул Келишимге ылайык өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн зарыл деп эсептеген жардамчы органдарды түзөт; жана

k) 23-пунктка ылайык тиешелүү учурларда бул Келишимдин 1-тиркемесин жаңыртат.

C. Аткаруу кеңеши

Курамы, процедурасы жана чечимдерди кабыл алышы

27. Аткаруу кеңеши 51 мүчөдөн турат. Ар бир мүчө-мамлекет бул бereненин жоболоруна ылайык Аткаруу кеңешинин курамына кирүүгө укуктуу.

28. Калыс географиялык бөлүштүрүү зарылдыгын эске алып, Аткаруу кеңешинин курамына төмөндөгүлөр кирет:

a) Африкадан он мүчө-мамлекет;

b) Чыгыш Европадан жети мүчө-мамлекет;

c) Латын Америкасынан жана Кариб бассейнинен тогуз мүчө-мамлекет;

d) Жакынкы Чыгыштан жана Түштүк Азиядан жети мүчө-мамлекет;

e) Түндүк Америкадан жана Батыш Европадан он мүчө-мамлекет;

f) Түштүк-Чыгыш Азиядан, Тынч океан регионунан жана Ыраакы Чыгыштан сегиз мүчө-мамлекет.

Жогоруда көрсөтүлгөн ар бир географиялык региондорго тиешелүү бардык мамлекеттер бул Келишимдин 1-тиркемесинде көрсөтүлгөн 23- жана 26k) пункттарына ылайык бул Келишимдин 1-тиркемеси тиешелүү учурларда Конференция менен жаңыртылат. VII статьяда көрсөтүлгөн процедураларга ылайык ага түзөтүүлөр же өзгөртүүлөр киргизилбейт.

29. Аткаруу кеңешинин мүчөлөрү Конференция тарабынан шайланат. Ушуга байланыштуу ар бир географиялык регион өзүнүн регионунан мүчө-мамлекеттерди Аткаруу кеңешинин мүчөсү катары шайлоого төмөнкүдөй көрсөтөт:

a) ар бир географиялык регионго бекитилген орундардын жок дегенде үчтөн бир бөлүгү бул потенциал эл аралык маалыматтардын негизинде аныкталгандай ушул Келишимге тиешеси бар ядролук потенциалына, ошондой эле маанилүүлүк ирээти ар бир регион тарабынан аныктала

турган төмөндөгү бардык же кээ-бир болжолдуу чен-өлчөмдөргө таянып көрсөтүлүп жаткан бул региондогу мүчө-мамлекеттер менен алардын саясий жана коопсуздук кызыкчылыктарын эске алып толтурулат:

i) Эл аралык мониторинг системасынын курамындагы мониторинг боюнча объектилеринин саны;

ii) мониторинг технологиясы чөйрөсүндөгү атайын билими жана тажрыйбасы;

iii) Уюмдун жылдык бюджетине төккөн төгүмү;

b) ар бир географиялык регионго бекитилген орундардын бири алар мүчө-мамлекет болгондон бери же болбосо алардын ыйгарым укуктарынын акыркы мөөнөтүнөн бери, кайсынысы кыска болгондугуна карай, узак убакыт бою Аткаруу кеңешинин мүчөсү болбогон, бул региондогу мүчө-мамлекеттердин арасында англис алфавити боюнча биринчи турган мүчө-мамлекеттин ротациялануышынын негизинде толтурулат.

Ушундай негизде көрсөтүлгөн мүчө-мамлекет өзүнүн ордунан баш тарта алат. Мындай учурда бул мүчө-мамлекет Башкы директорго баш тартышы жөнүндө кат жазат жана бул орун ушул подпунктка ылайык кезекте турган кийинки мүчө-мамлекет менен толтурулат; жана

c) ар бир географиялык регионго бекитилген калган орундар ротациялоо же шайлоо жолу менен ушул региондун бардык мүчө-мамлекеттеринин арасынан көрсөтүлүп жаткан мүчө-мамлекеттер менен толтурулат.

30. Аткаруу кеңешинин ар бир мүчөсүнүн Аткаруу кеңеште бирден өкүлү болот, аны орун басарлары жана кеңешчилери коштойт.

31. Биринчи шайлоодо Аткаруу кеңешине 26 мүчө дайындаларын жана алар кезектеги үчүнчү ар жылкы сессиясы аяктаганга чейин кызмат ордунда иштей берерин, мында 28-пункта көрсөтүлгөн белгиленген сандык пропорцияларга тиешелүү көңүл бөлүнөөрүн эске албаганда, Аткаруу кеңешинин ар бир мүчөсү өзү шайланган Конференциянын сессиясы аяктагандан баштап мындан кийинки Конференциянын келечектеги ар жылдык сессиясы аяктаганга чейин кызмат ордунда иштейт.

32. Аткаруу кеңеши өзүнүн процедуралар эрежелерин иштеп чыгат жана аларды Конференцияга бекитүүгө берет.

33. Аткаруу кеңеши өз мүчөлөрүнүн ичинен Төрага шайлайт.

34. Аткаруу кеңеши кезектеги сессияларга чогулуп турат. Кезектеги сессиялардын ортосундагы мезгилде ат өзүнүн ыйгарым укуктарын жана функцияларын аткаруу үчүн канчалык талап кылынса, ошончо чогулуп турат.

35. Аткаруу кеңешинин ар бир мүчөсү бирден добушка ээ болот.

36. Аткаруу кеңеши процедуралык маселелер боюнча чечимди өзүнүн мүчөлөрүнүн көпчүлүк бөлүгү менен кабыл алат. Эгерде бул Келишимде башкача көрсөтүлбөсө, Аткаруу кеңеши негизги маселелер боюнча чечимди өзүнүн мүчөлөрүнүн үчтөн эки көпчүлүк бөлүгү менен кабыл алат. Качан бул же тигил маселе негизги маселе экендиги жөнүндө чатак келип чыккан учурда, негизги маселе жөнүндө чечимди кабыл алуу үчүн талап кылынган көпчүлүк бөлүгү башкача чечим чыгарбаса, бул маселе негизги маселе болуп саналат.

Ыйгарым укуктары жана функциялары

37. Аткаруу кеңеши Уюмдун аткаруучу органы болуп эсептелет. Ал Конференцияга отчет берип турат. Ал бул Келишимге ылайык өзүнө жүктөлгөн укуктарды жама функцияларды ишке ашырат. Мында ал Конференциянын сунуштамаларына, чечимдерине жана жетекчилик принциптерине ылайык иштейт жана аларды кыйшаюусуз жана тиешелүү түрдө аткарат.

38. Аткаруу кеңеши:

a) бул Келишимди эффективдүү ишке ашырууга жана сактоого көмөк көрсөтөт;

b) Техникалык секретариаттын иш-аракеттерин көзөмөлдөйт;

c) бул Келишимдин объектисин жана максаттарын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү боюнча мындан аркы сунуш-пикирлерди кароого тийиштүү сунуштамаларды керек болгон учурда Конференцияга берет;

d) ар бир мүчө-мамлекеттин Улуттук органдары менен кызматташат.

e) Уюмдун ар жылдык программасынын жана жылдык бюджетинин долбоорун, бул Келишимди

ишке ашыруу жөнүндө Уюмдун докладынын долбоорун, өзүнүн жеке иш-аракеттерин ишке ашыруу жөнүндө докладын жана ал зарыл деп тапкан же Конференция сурай турган башка докладдарды карап чыгат жана Конференцияга берет;

f) Конференциянын сессияларын жана алардын күн тартибинин долбоорлорун даярдоону кошо уюштурат;

g) VII статьяга ылайык административдик же техникалык мүнөздөгү маселелер боюнча өзгөртүүлөрдү Протоколго же анын Киргизүү жөнүндө сунуштар менен таанышат жана мүчө-мамлекеттерге аларды кабыл алуу боюнча сунуштамаларды берет;

h) Конференциянын алдын-ала жактыруусу менен Уюмдун атынан мүчө-мамлекеттер, башка мамлекеттер жана ал аралык уюмдар менен макулдашууларды же келишимдерди түзөт жана i) пунктчасында аталган макулдашуулардан же келишимдерден башкаларынын ишке ашырылышына көз салып турат;

i) мүчө-мамлекеттер жана башка мамлекеттер менен түзүлгөн контролдоо иш-аракеттерин жүргүзүүгө тиешелүү макулдашууларды же келишимдерди жактырат жана алардын ишке ашырылышына көз салып турат; жана

j) бардык жаңы оперативдүү көрсөтмөлөрдү жана Техникалык секретариат тарабынан сунуш кылынышы мүмкүн болгон учурдагы оперативдүү көрсөтмөлөргө тиешелүү бардык өзгөртүүлөрдү жактырат.

39. Аткаруу кеңеши Конференциянын атайын сессиясын өткөрүүнү сурай алат.

40. Аткаруу кеңеши:

a) маалымат алмашуу жолу менен бул Келишимди ишке ашырууга байланыштуу мүчө-мамлекеттердин ортосунда, мүчө-мамлекеттер менен Техникалык секретариаттын ортосунда кызматташууга көмөк көрсөтөт;

b) IV статьяга ылайык мүчө-мамлекеттердин ортосунда консультацияларды жана талкууларды өткөрүүгө жардам берет; жана

c) IV статьяга ылайык жайгашкан жеринде инспектирлөө боюнча суроо-талаптарды жана докладдарды алат жана аларды карап чыгат жана мындай суроо-талаптар жана докладдар боюнча чараларды кабыл алат.

41. Аткаруу кеңеши бул Келишимдин сакталбагандыгы жана бул Келишимде көрсөтүлгөн укуктарды кыянаттык менен пайдаланыла тургандыгы жөнүндө мүчө-мамлекеттердин бардык кабатырланууларын карайт. Бул учурда Аткаруу кеңеши тиешеси бар мүчө-мамлекеттер менен консультация өткөрөт жана ылайыктуу учурларда мүчө-мамлекетке кырдаалды оңдоо боюнча белгилүү-бир мөөнөттө чараларды кабыл алууну сунуш кылат. Аткаруу кеңеши мындан аркы иш-аракеттерди канчалык зарыл деп эсептегендигине жараша ал төмөндөгүлөрдүн арасынан бир же бир нече чараларды кошо колдонот:

a) бардык мүчө-мамлекеттерге проблема же маселе жөнүндө билдирет;

b) Конференцияга проблема же маселе жөнүндө маалымат берет;

c) Конференцияга сунуштамаларды берет же тиешелүү учурларда V статьяга ылайык кырдаалды оңдоо жана сакталышын камсыз кылуу чаралары боюнча иш жүргүзөт.

D. Техникалык секретариат

42. Техникалык секретариат мүчө-мамлекеттердин бул Келишимди ишке ашырышына жардам көрсөтөт. Техникалык секретариат Конференциянын жана Аткаруучу кеңешинин функцияларын аткарышына көмөк көрсөтөт. Техникалык секретариат контролдоо функцияларын жана бул Келишим боюнча ага жүктөлгөн башка функцияларды, ошондой эле бул Келишимге ылайык Конференция же Аткаруу кеңеши тарабынан ага берилген функцияларды аткарат. Техникалык секретариаттын курамына анын ажырагыс бөлүгү катары Эл аралык маалыматтар борбору кирет.

43. IV статьяга жана Протоколго ылайык Техникалык секретариаттын бул Келишимдин сакталышын контролдоого тийиштүү функциялары төмөндөгүлөрдү кошо камтыйт;

a) Эл аралык мониторинг системасын пайдаланууга жана аны координациялоого көз салуу жоопкерчилиги;

b) Эл аралык маалыматтар борборун пайдалануу;

c) Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын утурумдук алып турууну, иштетүүнү,

талдоону ишке ашыруу жана алар боюнча отчет берүү;

d) мониторинг станцияларын орнотууда жана пайдаланууда техникалык көмөк жана колдоо көрсөтүү;

e) мүчө-мамлекеттердин ортосунда консультацияларды жана талкууларды өткөрүүдө Аткаруу кеңешине жардам берүү;

f) турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талаптарды алуу жана аларды иштеп чыгуу, Аткаруу кеңешинин мындай суроо-талаптарды карап чыгышына жардам берүү, турган жеринде инспектирлөө жүргүзүү даярдыктарын ишке ашыруу жана аларды жүргүзүүдө техникалык колдоо көрсөтүү жана Аткаруу кеңешине докладдарды жасоо;

g) сүйлөшүүлөр жолу аркылуу мүчө-мамлекеттер, башка мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен макулдашууларды же келишимдерди даярдоо жана Аткаруу кеңешинин алдын-ала жактыруусунун негизинде мүчө-мамлекеттер же башка мамлекеттер менен контролдоо иштерине тиешелүү бардык мындай макулдашууларды же келишимдерди түзүү; жана

h) бул Келишимге ылайык контролдоонун башка проблемалары боюнча мүчө-мамлекеттерге алардын улуттук органдары аркылуу көмөктөшүү.

44. Техникалык секретариат IV статьяга жана Протоколго ылайык контролдоо режиминин ар кандай компоненттеринин иштешин жөнгө салуучу оперативдүү көрсөтмөлөрдү даярдайт жана Аткаруу кеңешинин жактыруусу менен жаңыртып турат. Мындай көрсөтмөлөр бул Келишимдин же Протоколдун ажырагыс бөлүгүн түзбөйт жана Аткаруу кеңешинин жактыруусу менен Техникалык секретариат тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн. Техникалык секретариат оперативдүү көрсөтмөлөрдөгү бардык өзгөрүүлөр жөнүндө мүчө-мамлекеттерге тезинен кабарлайт.

45. Техникалык секретариаттын административдик маселелерге тиешелүү функциялары төмөнкүлөрдү камтыйт:

a) Уюмдун программасынын жана бюджетинин долбоорун даярдоо жана Аткаруу кеңешине берүү;

b) бул Келишимди ишке ашыруу жөнүндө Уюмдун докладынын жана Конференция же Аткаруу кеңеши сурашы мүмкүн болгон башка докладдардын долбоорун даярдоо жана Аткаруу кеңешине берүү;

c) Конференцияга, Аткаруу кеңешине жана башка жардамчы органдарга административдик жана техникалык колдоо көрсөтүү;

d) бул Келишимди ишке ашырууга тиешелүү кабарларды Уюмдун атынан жиберүү жана алуу;

e) Уюм менен башка эл аралык уюмдардын ортосундагы бардык макулдашууга тиешелүү административдик милдеттерди ишке ашыруу.

46. Мүчө-мамлекеттердин Уюмга багытталган бардык суроо-талаптары жана билдирүүлөрү алардын улуттук органдары аркылуу Башкы директорго берилет. Суроо-талаптар жана билдирүүлөр бул Келишимдин расмий тилдеринин биринде түзүлөт. Башкы директор берилген суроо-талап же билдирүү жасалган тилде жооп берет.

47. Уюмдун программасынын жана бюджетинин долбоорун даярдоодо жана аны Аткаруу кеңешине берүүдө Техникалык секретариаттын милдеттери болуп Эл аралык мониторинг системасынын курамында түзүлгөн ар бир объект боюнча бардык чыгымдарды аныктоо жана мындай чыгымдардын так эсебин жүргүзүү саналат. Уюмдун башка түрдөгү иштерине программанын жана бюджеттин долбооруна жасалгандай мамиле жасалат.

48. Техникалык секретариат өз ишмердүүлүгүн ишке ашыруу учурунда ага белгилүү болгон жана тиешелүү мүчө-мамлекеттер менен консультацияларды өткөрүү аркылуу чече албаган өздөрүнүн функцияларын аткарууга байланыштуу келип чыккан бардык проблемалар жөнүндө Аткаруу кеңешине тезинен маалымдайт.

49. Техникалык секретариат анын жетекчиси жана башкы административдик кызматчы адамы болгон Башкы директордон жана талап кылынышы мүмкүн болгон илимий, техникалык жана башка кызматкерлерден турат. Башкы директор Аткаруу кеңешинин сунушу боюнча Конференция тарабынан төрт жылдык мөөнөткө дайындалат, бул дагы бир мөөнөттөн ашпастан узартылышы мүмкүн. Биринчи Башкы директор Даярдоо комиссиясынын сунушу боюнча анын алгачкы сессиясында Конференция тарабынан дайындалат.

50. Башкы директор Техникалык секретариаттын кызматкерлерин дайындоо, уюштурулушу жана иштеши боюнча Конференцияга жана Аткаруу кеңешине отчет берип турат. Кызматкерлерди кызматка кабыл алууда жана кызмат шарттарын аныктоодо эң башкысы жогорку деңгээлдеги профессионалдык квалификациясын, тажрыйбасын, иштөө жөндөмдүүлүгүн, компеттенттүүлүгүн жана ак ниеттүүлүгүн камсыз кылуу зарылчылыгын жетекчиликке алуу керек. Башкы директор, инспекторлор, ошондой эле адистер категориясына жана кеңсе кызматкерлерине кирген кызматкерлер мүчө-мамлекеттердин граждандарынын ичинен гана дайындалат. Кызматкерлерди мүмкүн болушунча кеңири географиялык негизде тандоонун зарылдыгына тиешелүү көңүл бөлүнүүгө тийиш. Кызматкерлерди тандоо Техникалык секретариаттын милдеттерин тиешелүү түрдө аткаруу үчүн зарыл болгон кызматкерлердин минималдык санын камсыз кылуу принцибинин негизинде ишке ашырылат.

51. Башкы директор тиешелүү учурларда Аткаруу кеңеши менен консультация өткөргөндөн кийин белгилүү-бир проблемалар боюнча сунуштамаларды берүү үчүн илимий эксперттердин убактылуу жумушчу топторун түзө алат.

52. Башкы директор, инспекторлор, инспекторлордун жардамчылары жана кызматкерлер өз милдеттерин аткарып жаткан учурда башка өкмөттөн же Уюмга тиешеси жок башка булактан тапшырмаларды сурооого же алууга тийиш эмес. Алар Уюмдун гана алдында жооптуу эл аралык кызматчы адамдар катары алардын абалына жагымсыз таасир берүүчү бардык иш-аракеттерди жасашпайт. Башкы директор инспектирлөө тобунун иш-аракеттери үчүн жоопкерчиликти өзүнө алат.

53. Ар бир мүчө-мамлекет Башкы директордун, инспекторлордун, инспекторлордун жардамчыларынын жана кызматкерлердин бекем эл аралык мүнөздөгү милдеттерин сыйлайт жана алардын өз милдеттерин аткарышына таасир көрсөтүүгө аракет кылбайт.

Е. Артыкчылыктары жана иммунитеттери

54. Мүчө-мамлекеттин аймагында жана анын юрисдикциясынын же көзөмөлүнүн астындагы бардык башка жерде Уюм өз функцияларын ишке ашырышы үчүн зарыл болгон укуктарга, артыкчылыктарга жана иммунитеттерге ээ болот.

55. Уюмдун мүчө-мамлекеттеринин өкүлдөрү, ошондой эле алардын орун басарлары жана кеңешчилери, Аткаруу кеңешинде шайланган мүчөлөрдүн өкүлдөрү, ошондой эле алардын орун басарлары жана кеңешчилери, Уюмдун Башкы директору, инспекторлору, инспекторлордун жардамчылары жана кызматкерлери алардын Уюмга байланышкан функцияларын өз алдынча ишке ашырышы үчүн зарыл болгон артыкчылыктарга жана иммунитеттерге ээ болушат.

56. Ушул статьяда көрсөтүлгөн укуктар, артыкчылыктар жана иммунитеттер Уюм менен мүчө-мамлекеттердин ортосундагы макулдашууларда, ошондой эле Уюм менен Уюм турган мамлекеттин ортосундагы макулдашууда аныкталат. Мындай макулдашуулар 26 h) жана i) пункттарына ылайык каралат жана жактырылат.

57. 54- жана 55-пункттардан карабастан, текшерүү иш-аракеттерин жүргүзүүдө Техникалык секретариаттын Башкы директору, инспекторлору, инспекторлордун жардамчылары жана кызматкерлери Протоколдо көрсөтүлгөн артыкчылыктарга жана иммунитеттерге ээ болушат.

III статья. Ишке ашыруу боюнча укуктук чаралар

1. Ар бир мүчө-мамлекет өзүнүн конституциялык процедураларына ылайык бул Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу боюнча бардык зарыл чараларды колдонот. Тагыраак айтканда, ал төмөнкүлөрдү жасоо үчүн бардык зарыл чараларды колдонот:

a) эл аралык укук тарабынан тааныл гандай, жеке адамдардын жана юридикалык жактардын өзүнүн аймагынын бардык жеринде же анын юрисдикциясынын астында болгон бардык башка жерде бул Келишим боюнча мүчө-мамлекетке тыюу салынган бардык иш-аракеттерди жүргүзүшүнө тыюу салуу;

b) жеке адамдардын жана юридикалык жактардын өзүнүн көзөмөлүнүн астында бардык жерде мындай иш-аракеттерди жүргүзүшүнө тыюу салуу;

c) эл аралык укукка ылайык анын граждандыгына ээ болгон жеке адамдардын бардык жерде мындай иш-аракеттерди жүргүзүшүнө тыюу салуу;

2. Ар бир мүчө-мамлекет башка мүчө-мамлекеттер менен кызматташат жана 1-пункт боюнча милдеттенмелерди ишке ашырууга жардам берүү үчүн тиешелүү түрдөгү укуктук жардамды берет.

3. Ар бир мүчө-мамлекет ушул статьяга ылайык колдонулган чаралар жөнүндө Уюмга маалымдап турат.

4. Келишим боюнча өз милдеттенмелерин аткаруу үчүн ар бир мүчө-мамлекет Улуттук органды дайындайт же түзөт жана бул тууралуу ушул мүчө мамлекет үчүн Келишим күчүнө кирээри менен Уюмга билдирет. Улуттук орган Уюм жана башка мүчө-мамлекеттер менен байланышуу үчүн улуттук координациялоо борбору болуп эсептелет.

IV статья. Контролдоо

A. Жалпы жоболор

Бул Келишимдин сакталышын контролдоону ишке ашыруу максатында төмөнкү элементтерден турган контролдоо тартиби түзүлөт:

a) Эл аралык мониторинг системасы;

b) консультациялар жана түшүндүрүүлөр;

c) турган жеринде инспектирлөөлөр; жана

d) ишенимди бекемдөө чаралары.

Бул Келишим күчүнө кирген учурда контролдоо тартиби ушул Келишимде белгиленген контролдоо талалтарына жооп бергидей абалда болушу керек.

2. Контролдоо боюнча иш-аракеттер объективдүү маалыматка негизделет, бул Келишимдин предмети менен чектелет жана мүчө-мамлекеттердин эгемендүүлүгүн толук сыйлоонун негизинде жана анын максаттарына эффективдүү жана өз убагында жетишүүгө дал келген көп киришпеген негизде ишке ашырылат. Ар бир мүчө-мамлекет контролдоо укугун тетири колдонбойт.

3. Бул Келишимге ылайык ар бир мүчө-мамлекет III берененин 4-пунктуна ылайык түзүлгөн өзүнүн Улуттук органы аркылуу бул Келишимдин сакталышын контролдоого жардам берүү үчүн Уюм жана башка мүчө-мамлекеттер менен төмөнкү жолдор аркылуу кызматташууга милдеттенет:

a) ушул контролдоо чараларына катышуу жана зарыл байланыштарды түзүү үчүн керектүү объектилерди орнотуу;

b) Эл аралык мониторинг системасынын курамына кирген улуттук станциялардан алынган маалыматтарды берүү;

c) тиешелүү учурларда консультациялар жана талкуулар процессине катышуу;

d) турган жеринде инспектирлөөлөрдү жүргүзүүгө уруксат берүү; жана

e) тиешелүү учурларда ишенимди бекемдөө чараларына катышуу.

4. Бардык мүчө-мамлекеттер өздөрүнүн техникалык жана финансылык мүмкүнчүлүктөрүнө карабастан контролдоодо тең укукка ээ болушат жана контролдоого макул болуунун бирдей милдеттенмесин өздөрүнө алышат.

5. Бул Келишимдин максаттары үчүн бир дагы мүчө-мамлекеттин эл аралык укуктун жалпыга таанымал принциптерине, анын ичинде мамлекеттердин эгемендүүлүгүн сыйлоо принцибине дал келгидей түрдө контролдоонун улуттук техникалык каражаттары тарабынан алынган маалыматты колдонушуна тыюу салынбайт.

6. Мүчө-мамлекеттердин бул Келишимге тиешеси жок кабылдагыч шаймандарды, иш-аракеттердин түрлөрүн же жайгашкан жерин коргоо укугуна зыяи келтирбестен, мүчө-мамлекеттер бул Келишимде орнотулган контролдоо тартибинин элементтерине же 5-пунктка ылайык өзүнүн функцияларын аткарып жаткан контролдоонун улуттук техникалык каражаттарына тоскоолдук түзүшпөйт.

7. Ар бир мүчө-мамлекет бул Келишимге тиешеси жок кабылдагыч шаймандарды коргоо боюнча жана жашыруун кабарларды жана маалыматтарды ачыкка чыгарууну болтурбоо чараларын колдонууга укуктуу.

8. Мындан тышкары, контролдоо иш-аракеттеринин жүрүшүндө алынган граждандык жана аскердик ишмердүүлүккө жана объектилерге тиешелүү бардык маалыматтардын жашыруундуулугун коргоо үчүн бардык зарыл чаралар колдонулат.

9. 8-пунктту сактап, бул Келишимде аныкталган контролдоо тартиби аркылуу Уюм тарабынан алынган маалымат бул Келишимдин жана Протоколдун тиешелүү жоболоруна ылайык бардык мүчө-мамлекеттерге берилет.

10. Бул Келишимдин жоболору маалыматтар менен илимий максаттарда эл аралык алмашууларды чектебейт.

11. Ар бир мүчө-мамлекет бул Келишимдин сакталышын контролдоонун натыйжасын жогорулатуу жана ага кеткен чыгымдарды азайтуу боюнча белгилүү-бир чараларды керек болгон учурда, иштеп чыгуу максатында контролдоо тартибин жакшыртууда жана электромагниттик-импульстук мониторинг же спутниктик мониторинг сыяктуу контролдоо жаатындагы кошумча технологиядагы мониторингдин туруктуу мүмкүнчүлүктөрү менен таанышууда Уюм жана башка мүчө-мамлекеттер менен кызматташууга милдеттенет. Мындай чаралар алардын макулдугу боюнча бул Келишимдин, Протоколдун жоболоруна же VII статьяга ылайык Протоколдун кошумча бөлүктөрү катары кошулат же тиешелүү учурларда II берененин 44-пунктуна ылайык оперативдүү көрсөтмөлөрдө чагылдырылат.

12. Мүчө-мамлекеттер бул Келишимдин сакталышын контролдоо учурунда колдонула турган технология менен мүмкүн болушунча толугураак алмашууга жардам берүү жана бардык мүчө-мамлекеттердин алардын контролдоо чараларын улуттук деңгээлде жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу максатында мындай алмашууда катышуу жана мындан технологияларды тынчтык максатында колдонуудан пайда табуу үчүн өз ара кызматташууларын өнүктүрүүгө милдеттенишет.

13. Бул Келишимдин жоболору атомдук энергияны мындан ары тынчтык максаттарда колдонууну күчөтүү үчүн мүчө-мамлекеттердин экономикалык жана техникалык өсүшүнө тоскоолдук түзбөгүдөй ишке ашырылат.

Техникалык секретариаттын контролдоо тармагындагы милдеттери

14. Бул Келишимде жана Протоколдо көрсөтүлгөн контролдоо тармагында өз милдеттерин аткаруу учурунда, Техникалык секретариат мүчө-мамлекеттер менен кызматташууда бул Келишимдин максаты үчүн:

a) бул Келишимдин жоболоруна ылайык анын сакталышын контролдоого тиешеси бар маалыматтарды жана отчеттук продуктыларды алуу жана таркатуу үчүн жана ушул милдетке ылайык глобалдуу байланыш инфраструктурасын колдоо үчүн чараларды колдонот;

b) утурумдук негизде Техникалык секретариаттын алкагында маалыматтарды сактоочу жана маалыматтары иштеп чыгуучу координациялык борбор болгон өзүнүн Эл аралык маалымат борбору аркылуу:

i) Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтары жөнүндө суроо-талаптарды алат жана демилге кылат;

ii) консультациялар жака талкуулар процессинин, турган жеринде инспектирлөөлөрдү жүргүзүүнүн жана ишенимди бекемдөө чараларын ишке ашыруунун натыйжасында келип түшкөн маалыматтарды тиешелүү учурларда алат; жана

iii) бул Келишимге жана Протоколго ылайык мүчө-мамлекеттерден жана эл аралык уюмдардан башка тиешелүү маалыматтарды алат;

c) Эл аралык мониторинг системасынын жана аны түзгөн элементтердин, ошондой эле Эл аралык маалымат борборунун иштешин көзөмөлдөйт, тиешелүү оперативдүү жетекчиликке ылайык алардын иштешин координациялайт жана камсыз кылат;

d) утурумдук негизде бул Келишимдин аткарылышын эффективдүү эл аралык контролдоону камсыз кылуу жана сакталышы жөнүндө кабатырлануу тезинен жок кылууга көмөктөшүү үчүн макулдашылган процедураларга ылайык Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын иштеп чыгат, талдайт жана отчет берет;

e) бардык мүчө-мамлекеттерге алгачкы жана иштелип чыккан бардык маалыматтарды жана бардык отчеттук продуктыларды берет, мында ар бир мүчө-мамлекет II берененин 7-пунктуна жана ушул берененин 8- жана 13-пункттарына ылайык Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын колдонуу үчүн жооп берет;

f) бардык мүчө-мамлекеттердин сакталган маалыматтарга тең, ачык, ыңгайлуу жана өз убагында ээ болушун камсыз кылат;

g) алгачкы жана иштелип чыккан бардык маалыматтарды жана отчеттук продуктыларды сактайт;

h) Эл аралык мониторинг системасынын кошумча маалыматтары жөнүндө суроо-талаптарды координациялайт жана мындай суроо-талаптарга көмөктөшөт;

i) бир мүчө-мамлекеттин экинчи мүчө-мамлекетке кошумча маалыматтар жөнүндө суроо-талаптарын координациялайт;

j) мониторинг боюнча объектилерди жана тиешелүү байланыш каражаттарын жайылтууда жана иштетүүдө муну керектеген тиешелүү мамлекетке техникалык жардам жана колдоо көрсөтөт;

k) контролдоо тартибинен алынган маалыматтарда топтоо, сактоо, иштеп чыгуу, талдоо жана отчет берүү үчүн Техникалык секретариат жана Эл аралык маалымат борбору тарабынан колдонулган методдорду бардык мүчө-мамлекетке суроо-талабы боюнча берет; жана

1) бүтүндөй Эл аралык мониторинг системасынын жана Эл аралык маалымат борборунун иштешин контролдойт, баалайт жана отчет берет.

15. 14-пунктта көрсөтүлгөн жана Протоколдо деталдаштырылган контролдоо тармагындагы милдеттенмелерди аткарууда Техникалык секретариат колдонууга тийиш болгон макулдашылган процедуралар тиешелүү оперативдүү көрсөтмөлөрдө өнүгөт.

B. Эл аралык мониторинг системасы

16. Эл аралык мониторинг системасы сертификацияланган лабораторияларды камтыган сейсмологиялык мониторинг, радионуклиддик мониторинг, гидроакустикалык мониторинг, инфра үндүк мониторинг үчүн объектилерди жана тиешелүү байланыш каражаттарын камтыйт жана Техникалык секретариаттын Эл аралык маалымат борбору тарабынан колдоого алынат.

17. Эл аралык мониторинг системасы Техникалык секретариаттын жетекчилигинин астына коюлат. Эл аралык мониторинг системасынын алкагындагы мониторинг боюнча бардык объектилер Протоколго ылайык аларды кабыл алуучу же башкача түрдө алар үчүн жооп берүүчү мамлекеттердин менчигинде болот жана алар тарабынан иштетилет.

18. Ар бир мүчө-мамлекет эл аралык маалымат алмашууда катышууга жана Эл аралык маалымат борборуна берилген бардык маалыматтарга ээ болууга укуктуу болот. Ар бир мүчө-мамлекет өзүнүн Улуттук органы аркылуу Эл аралык маалымат борбору менен кызматташат.

Эл аралык мониторинг системасын финансылоо

19. Эл аралык мониторинг системасына кирген жана Протоколдун 1-тиркемесинин 1-A, 2-A, 3 жана 4-таблицаларында көрсөтүлгөн объектилер боюнча жана мындай объектилер ылайыктуу мамлекет жана Уюм менен макулдашкандыгына карай алардын иш-аракеттери боюнча Протоколдун техникалык талаптарына жана тиешелүү оперативдүү көрсөтмөлөргө ылайык Эл аралык маалыматтар борборуна маалыматтарды берүү үчүн Уюм Протоколдун I бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык макулдашууларда же келишимдерде көрсөтүлгөндөй төмөндөгүлөргө кеткен чыгымдарды төлөп берет:

a) эгерде бул чыгымдар мындай объектилер үчүн жооп берген мамлекеттин өзү тарабынан төлөнбөсө, бардык жаңы объектилерди түзүүгө жана бар болгон объектилерди жакшыртууга;

b) тиешелүү учурларда объектинин айланасын коргоону жана маалыматтардын акыйкаттуулугун аныктоонун макулдашылган процедураларын колдонууну камтыган Эл аралык мониторинг системасынын объектилерин иштетүүгө жана колдоого;

c) Эл аралык мониторинг системасынын маалыматтарын (алгачкы же иштелип чыккан) чыгым азыраак кетүүчү түздөн-түз жана эффективдүү каражаттардын жардамы менен, анын ичинде керек болгон учурда тиешелүү байланыш түйүндөрү аркылуу, мониторинг станцияларынан, лабораториялардан, аналитикалык объектилерден же улуттук маалыматтар борборунан Эл аралык маалыматтар борборуна, же болбосо мындай маалыматтарды (тиешелүү учурларда үлгүлөрүн) мониторинг станцияларынан лабораториялык жана аналитикалык объектилерге өткөрүп берүүгө;

d) Уюмдун тапшыруусу боюнча үлгүлөрдү талдоого.

20. Протоколдун 1-тиркемесиндеги 1-B таблицасында көрсөтүлгөн кошумча түйүндөгү сейсмикалык станциялар боюнча Уюм Протоколдун I бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык макулдашууларда же келишимдерде көрсөтүлгөндөй төмөнкүлөр боюнча чыгымдарды гана төлөйт:

a) маалыматтарды Эл аралык маалымат борборуна берүү;

б) ушундай станциялардан алынган маалыматтардын акыйкаттуулугун аныктоо;

d) эгерде бул чыгымдар ушундай объектилер үчүн жооп берген мамлекеттин өзү тарабынан төлөнбөсө, станцияларды талап кылынган техникалык деңгээлге чейин жакшыртуу;

e) эгерде бул чыгымдар ушундай объектилер үчүн жооп берген мамлекеттин өзү тарабынан төлөнбөсө, бул Келишимдин максаты үчүн керек болгон учурда жаңы станцияларды алар жок болгон жерге куруу; жана

e) тиешелүү оперативдүү көрсөтмөлөрдө көрсөтүлгөндөй Уюм тарабынан талап кылынган маалыматтарды берүүгө байланышкан бардык башка чыгымдар.

21. Уюм Протоколдун I бөлүгүнүн F бөлүмүндө көрсөтүлгөндөй Эл аралык маалыматтар борборунун отчеттук продуктыларынын жана кызмат көрсөтүүлөрүнүн стандарттык жыйындысынан ар бир мүчө-мамлекет сураган сумманын чыгымдарын да төлөйт. Бардык кошумча маалыматтарды же продуктыларды даярдоо жана өткөрүп берүү боюнча чыгымдар суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекет тарабынан төлөнөт.

22. Мүчө-мамлекеттер же Эл аралык мониторинг системасынын объектилерин кабыл алып жаткан же болбосо башкача түрдө алар үчүн жооп берүүчү мамлекеттер менен түзүлгөн макулдашууларда же тиешелүү учурларда келишимдерде мындай чыгымдарды төлөө жөнүндө жоболор камтылат. Мындай жоболордо мүчө-мамлекет өзү кабыл алып жаткан же ал үчүн жооп бере турган объектилер боюнча 19 a) жана 20 c) жана d) пункттарында көрсөтүлгөн бардык чыгымдарды төлөшүнүн жана анын Уюмга төгүлгөн финансылык төгүмүн кыскартуу жолу менен компенсация алышынын шарттары да камтылышы мүмкүн. Мындай кыскартуу мүчө-мамлекеттин бир жылга төгүлгөн финансылык төгүмүнүн 50 пайызынан ашпайт, бирок кийинки келе турган жылдарга бөлүнүшү мүмкүн. Мүчө-мамлекет башка мүчө-мамлекет менен өздөрүнүн ортосунда түзүлгөн макулдашуунун же келишимдин негизинде жана Аткаруучу кеңештин макулдугу менен мындай кыскартууну бөлүшүшү мүмкүн. Бул пункттa көрсөтүлгөн макулдашуулар же келишимдер II берененин 26 h) жана 38 i) пункттарына ылайык жактырылат.

Эл аралык мониторинг системасындагы өзгөртүүлөр

23. Мониторинг технологиясын кошуу же алып таштоо аркылуу Эл аралык мониторинг системасын козгогон 11-пунктта көрсөтүлгөн бардык чаралар VII берененин 1-6-пункттарына ылайык макулдашуу боюнча бул Келишимге жана Протоколго киргизилет.

24. Эл аралык мониторинг системасындагы төмөндөгүдөй өзгөртүүлөр VII берененин 7- жана 8-пункттарына ылайык административдик же техникалык мүнөздөгү маселелер катары түздөн-түз козголгон мамлекеттердин макулдугу менен каралат:

a) мониторингдин мындай технологиясы үчүн Протоколдо көрсөтүлгөн объектилердин санын өзгөртүүлөр;

b) Протоколдун 1-тиркемесинин таблицаларында көрсөтүлгөн белгилүү бир объектилер боюнча башка деталдарды өзгөртүүлөр (анын ичинде объект үчүн жооп берүүчү мамлекетти; жайгашкан жерин; объектинин аталышын, объектинин тибин, жана объектинин алгачкы жана кошумча сейсмикалык түйүндөргө тиешелүүлүгүн).

Эгерде Аткаруу Кеңеши VII берененин 8 d) пунктуна ылайык мындан өзгөртүүлөрдү кабыл алууну сунуш кылса, ал VII берененин 8 g) пунктуна ылайык Башкы директор тарабынан алардын жактырылгандыгы жөнүндө билдирүүдөн кийин мындай өзгөртүүлөрдүн күчүнө киришин да сунуштайт.

25. VII берененин 8 b) пунктуна ылайык Аткаруу Кеңешине жана мүчө-мамлекеттерге маалыматты жана бааларды берүүдө Башкы директор 24-пунктка ылайык бардык сунуш жасалган учурда төмөнкүлөрдү жасайт:

a) сунушту техникалык жактан баалоо;

b) сунуштун административдик жана финансылык таасири жөнүндө билдирүү;

c) сунушта түздөн-түз козголгон мамлекеттер менен алардын макулдугун көрсөтүп, консультацияларды өткөрүү жөнүндө доклад.

Убактылуу иш-чаралар

26. Протоколдун 1-тиркемесиндеги таблицаларда көрсөтүлгөн мониторинг боюнча объектилер маанилүү же кайтарылгыс баш тарткан учурда же мониторингге кирген башка убактылуу кыскартууну компенсациялоо максатында Башкы директор түздөн-түз козголгон мамлекеттер менен консультация өткөрүп же келишим боюнча жана Аткаруу Кеңешинин макулдугу менен бир жылдан ашпаган убактылуу иш-чараларды жүргүзө баштайт, бул иш-чаралардын мөөнөтү керек болгон учурда Аткаруу Кеңешинин жана түздөн-түз козголгон мамлекеттин макулдугу менен

дагы бир жылга узартылышы мүмкүн. Мындай иш-чаралар тиешелүү түйүн боюнча көрсөтүлгөн Эл аралык мониторинг системасында иштеп жаткан объектилердин санын көбөйтпөйт; мүмкүн болушунча тиешелүү түйүн боюнча оперативдүү көрсөтмөлөрдө берилген техникалык жана иштетүү талаптарына дал келет; жана Уюмдун бюджетинин чегинде жүргүзүлөт. Мындан тышкары Башкы директор абалды оңдоо үчүн кадам жасайт жана аны биротоло жөнгө салуу жөнүндө сунуштарды киргизет. Башкы директор бул пункт боюнча кабыл алынган чечим жөнүндө бардык мүчө-мамлекеттерге билдирет.

Кызматташкан улуттук объектилер

27. Мүчө-мамлекеттер Эл аралык мониторинг системасына расмий кирбеген улуттук мониторинг станцияларынан алынган кошумча маалыматтарды Эл аралык маалыматтар борборуна берүү үчүн кызматташуунун негизиндеги процедураларды Уюм менен өз алдынча түзө алышат.

28. Мындай процедуралар кызматташуунун негизинде төмөнкүдөй түзүлүшү мүмкүн: a) мүчө-мамлекеттин суроо-талабы боюнча жана бул мамлекеттин эсебинен Техникалык секретариат бул мониторинг боюнча объект Эл аралык мониторинг системасынын объектиси боюнча тиешелүү оперативдүү көрсөтмөлөрдө берилген техникалык жана иштетүү талаптарына дал келишин сертификациялоо үчүн зарыл кадам таштайт жана анын маалыматтарынын акыйкаттуулугун аныктоо чараларын кабыл алат. Аткаруу Кеңешинин макулдугу менен Техникалык секретариат андан кийин кызматташуучу улуттук объект катары мындай объектини расмий дайындайт. Техникалык секретариат тиешелүү учурларда анын сертификациялануышын ырастоо үчүн зарыл кадам таштайт;

b) Техникалык секретариат кызматташуучу улуттук объектилердин утурумдук тизмесин жүргүзөт жана аны бардык мүчө-мамлекеттерге таркатат; жана

c) Эл аралык маалыматтар борбору консультацияларга жана талкууларга жана турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талаптарды кароого көмөктөшүү максатында мүчө-мамлекет тиешелүү суроо-талап менен кайрылган учурда кызматташып жаткан улуттук объектилерден маалыматтарды сурайт, мында маалыматтарды берүүгө кеткен чыгымдарды ушул мүчө-мамлекет төлөйт.

Мындай объектилерден кошумча маалыматтарды берүү шарттары жана Эл аралык маалыматтар борбору кошумча же тездетилген маалыматтарды сурашы мүмкүн болгон шарттар мониторингдин тиешелүү түйүндөрү боюнча Оперативдүү көрсөтмөлөрдө тагыраак берилет.

C. Консультациялар жана түшүндүрмөлөр

29. Бардык мүчө-мамлекеттин турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талабын жасоо укугуна зыян келтирбестен, мүчө-мамлекеттер мүмкүн болгон ар бир учурда өздөрүнүн ортосунда же Уюм менен же болбосо Уюм аркылуу бул Келишим боюнча негизги милдеттенмелердин сакталбай тургандыгы мүмкүн болоору жөнүндө кабатырланууну пайда кылган бардык маселени тактоо жана чечүү үчүн алгач бардык күч-аракетин жумшоого тийиш.

30. 29-пунктка ылайык башка мүчө-мамлекеттен түздөн-түз суроо-талап алган мүчө-мамлекет мүмкүн болушунча тезирээк, бирок бардык учурда суроо-талап жасалгандан кийин 48 сааттан кеч эмес суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекетке түшүндүрмө берет. Суроо-талап жөнөткөн жана суроо-талап жөнөтүлгөн мүчө-мамлекеттер Аткаруу Кеңешине жана Башкы директорго суроо-талап жана ага берилген жооп жөнүндө кабарлай алышат.

31. Мүчө-мамлекет бул Келишим боюнча негизги милдеттенмелердин сакталбай тургандыгы мүмкүн болоору жөнүндө кабатырланууну пайда кылган бардык маселени тактоого көмөк көрсөтүү жөнүндө суроо-талап менен Башкы Катчыга кайрылуу укугуна ээ болот. Башкы Катчы мындай кабатырланууга тиешелүү Техникалык секретариатта бар болгон ылайыктуу маалыматты берет. Суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет мындай суроо-талап менен кайрылган учурда Башкы Катчы суроо-талап жана ага жооп иретинде берилген маалымат жөнүндө Аткаруу Кеңешине кабарлайт.

32. Мүчө-мамлекет бул Келишим боюнча негизги милдеттенмелердин сакталбай тургандыгы мүмкүн болоору жөнүндө кабатырланууну пайда кылган бардык маселени тактоону башка мүчө-мамлекеттен алуу жөнүндө суроо-талап менен Аткаруу Кеңешине кайрылууга укуктуу. Мындай учурда төмөнкүлөр жасалат:

a) Аткаруу Кеңеши суроо-талап жөнөтүлүп жаткан мүчө-мамлекетке түшүндүрүү жөнүндө суроо-

талапты алгандан кийин 24 сааттан кеч эмес Башкы директор аркылуу аны жөнөтөт;

b) суроо-талап жөнөтүлүп жаткан мүчө-мамлекет Аткаруу кеңешине мүмкүн болушунча тезирээк, бирок бардык учурда суроо-талап алынгандан кийин 48 сааттан кеч эмес түшүндүрмөнү берет;

c) Аткаруу кеңеши түшүндүрмөнү көңүлгө алат жана ал алынгандан кийин 24 сааттан кеч эмес суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекетке аны жөнөтөт;

d) эгерде суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет түшүндүрмөнү жетишсиз деп эсептесе, ал суроо-талап жөнөтүлүп жаткан мүчө-мамлекеттен кошумча түшүндүрмөлөрдү алуу жөнүндө суроо-талап менен Аткаруу кеңешине кайрылууга укуктуу.

Аткаруу Кеңеши ушул пунктка ылайык түшүндүрмө тууралуу бардык суроо-талап жөнүндө, ошондой эле суроо-талап жөнөтүлгөн мүчө-мамлекет берген бардык жооп жөнүндө бардык башка мүчө-мамлекеттерге тезинен кабарлайт.

33. Эгерде суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекет 32 d) пункту боюнча алынган түшүндүрмөнү канааттандыраарлык эмес деп эсептесе, ал Аткаруу кеңешинин мүчөлөрү болбогон тиешелүү мүчө-мамлекеттер катышууга укуктуу болгон Аткаруу кеңешинин жыйынын чакырууга укуктуу болот. Мындай жыйында Аткаруу кеңеши бул маселени карайт жана V статьяга ылайык бардык чараны сунуш кылышы мүмкүн.

D. Турган жеринде инспектирлөөлөр

Турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талап

34. Ар бир мүчө-мамлекет ушул берененин жана Протоколдун II бөлүгүнүн жоболоруна ылайык бардык мүчө-мамлекеттин аймагында же анын юрисдикциясынын же контролунун астында болгон бардык башка жерде же бардык мамлекеттин юрисдикциясында же контролунда болбогон бардык райондо турган жеринде инспектирлөөнү суроого укуктуу.

35. Чынында эле I статьяны бузуп, ядролук куралды сыноочу жардыруу же бардык башка ядролук жардыруу жүргүзүлгөндүгүн же жүргүзүлбөгөндүгүн аныктоо жана болушу мүмкүн болгон бардык бузууларды табууга жардам берүүчү бардык фактыларды мүмкүн болушунча көбүрөөк чогултуу турган жеринде инспектирлөөнүн жалгыз максаты болуп саналат.

36. Суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талапта бул Келишимди колдонуу чөйрөсүнөн чыкпоого жана 37-пунктка ылайык маалыматты суроо-талапта берүүгө милдеттүү. Суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет инспектирлөөлөр жөнүндө негизсиз же адилет эмес суроо-талаптарды жасабайт.

37. Турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талап Эл аралык мониторинг системасы тарабынан чогултулган маалыматка, эл аралык укуктун жалпы таанылган принциптерине дал келгидей улуттук техникалык контролдоо каражаттары менен алынган бардык тиешелүү техникалык маалыматка же алардын шайкештигине негизделет. Суроо-талап Протоколдун II бөлүгүнүн 41-пунктуна ылайык маалыматты камтыйт.

38. Суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет Аткаруу Кеңешине жана аны иштетүүнү тезинен башташы үчүн Башкы директорго турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талап берет.

Турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талапты бергенден

кийинки иш-чаралар

39. Аткаруу кеңеши турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талапты алаары менен аны карап баштайт.

40. Башкы директор турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талапты алгандан кийин эки сааттын ичинде суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекетке суроо-талапты алгандыгын ырастап билдирет жана алты сааттын ичинде бул суроо-талапты анда инспектирлөөнү жүргүзүү суралып жаткан мүчө-мамлекетке жөнөтөт. Башкы директор Протоколдун II бөлүгүнүн 41-пунктунда көрсөтүлгөн талаптарга суроо-талаптын дал келишине ынанат жана керек болгон учурда суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекетке: суроо-талапты тиешелүү түрдө тариздөөго жардам берет, ошондой эле 24 сааттын ичинде Аткаруу кеңешине жана бардык башка мүчө-мамлекеттерге суроо-талапты жөнөтөт.

41. Турган жеринде инспектирлөө жөнүндө суроо-талап талаптарга жооп берсе, Техникалык секретариат турган жеринде инспектирлөөгө тезинен даярдана баштайт.

42. Анда бул же тигил мүчө-мамлекеттин юрисдикциясынын же контролунун астында болгон инспекцияланүүчү район жайгашкан турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талапты алгандан кийин Башкы директор суроо-талапта көрсөтүлгөн кабатырлануу тактоо жана жок кылуу үчүн анда инспекциялоону жүргүзүү суралып жаткан мүчө-мамлекеттен тезинен түшүндүрмө сурайт.

43. 42-пунктка ылайык түшүндүрмө жөнүндө суроо-талап алган мүчө-мамлекет мүмкүн болушунча тезирээк, бирок түшүндүрмө жөнүндө суроо-талап алынгандан кийин 72 сааттын ичинде Башкы директорго түшүндүрүүлөрдү жана өзүндө болгон бардык башка тиешелүү маалыматты берет.

44. Аткаруу кеңеши турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талап боюнча чечимди кабыл алаардан мурда, Башкы директор Эл аралык мониторинг системасы тарабынан келип түшкөн же суроо-талапта көрсөтүлгөн көрүнүш жөнүндө башка мүчө-мамлекеттер тарабынан берилген бардык кошумча маалыматты, аны менен кошо 42- жана 43-пункттарга ылайык берилген бардык түшүндүрмөнү, ошондой эле Башкы директор керектүү деп эсептеген же Аткаруу кеңеши сураган Техникалык секретариаттан алынган бардык башка маалыматты тезинен Аткаруу кеңешине берет.

45. Эгерде суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекет турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талапта көрсөтүлгөн кабатырлануу жоюлду деп эсептебесе жана суроо-талапты кайрадан артка албаса, Аткаруу кеңеши 46-пунктка ылайык бул суроо-талап боюнча чечим кабыл алат.

Аткаруу кеңешинин чечимдери

46. Аткаруу кеңеши суроо-талап жөнөтүп жаткан мүчө-мамлекеттен суроо-талапты алгандан кийин 96 сааттын ичинде турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талап боюнча чечим кабыл алат. Турган жеринде инспекциялоону жактыруу жөнүндө чечим жок дегенде Аткаруу кеңешинин мүчөлөрүнүн «макул» деген 30 добушу менен кабып алынат. Эгерде Аткаруу кеңеши инспекциялоону жактырбаса, анда даярдыктар токтотулат жана суроо-талап боюнча эч кандай иш-аракеттер жүргүзүлбөйт.

47. Турган жеринде инспекциялоо жактырылгандан кийин 25 күндүн ичинде 46-пунктка ылайык инспекциялоо тобу Башкы директор аркылуу Аткаруу кеңешине инспекциялоонун жүрүшү жөнүндө доклад жөнөтөт. Эгерде Аткаруу кеңеши инспекциялоонун жүрүшү жөнүндө докладды алгандан кийин 72 сааттын ичинде өз мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен инспекциялоону жүргүзбөө жөнүндө чечимин кабыл албаса, анда инспекциялоонун улантылышы жактырылды деп эсептелет. Эгерде Аткаруу кеңеши инспекциялоону улантпоо чечимин кабыл алса, инспекциялоо токтотулат жана инспекциялоо тобу Протоколдун II бөлүгүнүн 109- жана 110-пункттарына ылайык инспекциялоо районунан жана инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттин аймагынан мүмкүн болушунча тезинен чыгып кетет.

48. Турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө инспекциялоо тобу Башкы директор аркылуу Аткаруу кеңешине жазуу жүргүзүү жөнүндө сунуш көрсөтө алат. Аткаруу кеңеши сунушту алгандан кийин 72 сааттын ичинде мындай сунуш жөнүндө чечимин чыгарат. Казууну жактыруу жөнүндө чечим Аткаруу кеңешинин бардык мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

49. Эгерде инспекциялоо тобу өз мандатын аткарышы үчүн мындай узартуу зор мааниге ээ деп эсептесе, ал Протоколдун II бөлүгүнүн 4-пунктунда көрсөтүлгөн 60 күндүк мөөнөттү 70 күндүк мөөнөткө узартуу жөнүндө суроо-талап менен Башкы директор аркылуу Аткаруу кеңешине кайрылышы мүмкүн. Инспекциялоо тобу узартыла турган мөөнөттө ал Протоколдун II бөлүгүнүн 69-пунктунда көрсөтүлгөн кайсы түрдөгү иштерди жана кайсы ыкмаларды ишке ашырууга жана колдонууга ниеттенгендигин өзүнүн суроо-талабында көрсөтөт. Аткаруу кеңеши мындай суроо-талапты алгандан кийин 72 сааттын ичинде узартуу жөнүндө суроо-талап боюнча чечим чыгарат. Инспекциялоону жүргүзүүнүн мөөнөтүн көбөйтүүнү жактыруу жөнүндө чечим Аткаруу кеңешинин бардык мүчөлөрүнүн көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

50. 47-пунктка ылайык турган жеринде инспекциялоону улантууну жактыруудан кийин бардык убакта инспекциялоо тобу Башкы директор аркылуу инспекциялоону токтотуу жөнүндө сунушту Аткаруу кеңешине жасай алат. Эгерде Аткаруу кеңеши сунушту алгандан кийин 72 сааттын ичинде өзүнүн мүчөлөрүнүн үчтөн эки көпчүлүк бөлүгү менен инспекциялоону токтотууну жактырбоо жөнүндө чечим кабыл албаса гана; мындай сунуш жактырылды деп эсептелет. Инспекциялоо токтотулган учурда Протоколдун II бөлүгүнүн 109- жана 110-пункттарына ылайык инспекциялоо

тобу инспектирленип жаткан райондон жана инспектирленип жаткан мүчө-мамлекеттин аймагынан мүмкүн болушунча тезирээк чыгып кетет.

51. Суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекет жана суроо-талап жөнөтүлүп жаткан мүчө-мамлекет добуш берүүдө катышпастан, Аткаруу кеңешинин турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талапка тийиштүү талаш-тартыштарында катыша алышат. Суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекет жана инспектирленип жаткан мүчө-мамлекет добуш берүүдө катышпастан, Аткаруу кеңешинин инспекциялоого тийиштүү бардык кийинки талаш-тартыштарында да катыша алышат.

52. Башкы директор 24 сааттык мөөнөттүн ичинде Аткаруу кеңешинин бардык чечимдери жөнүндө жана 46-50-пункттарга ылайык Аткаруу кеңешине берилген докладдар, сунуш пикирлер, суроо-талаптар жана сунуштар жөнүндө бардык мүчө-мамлекеттерге билдирет.

Аткаруу кеңеши турган жеринде инспекциялоону жактыргандан кийинки иш-чаралар

53. Аткаруу кеңеши тарабынан жактырылган турган жеринде инспекциялоону Башкы директор дайындаган инспекциялоо тобу тезинен жана ушул Келишимдин жана Протоколдун жоболоруна ылайык жүргүзөт. Инспекциялоо тобу суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекеттен турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талапты Аткаруу кеңеши алгандан кийин алты күндүн ичинде кирүү пунктуна келет.

54. Башкы директор турган жеринде инспекциялоону жүргүзүү үчүн инспекциялоо мандатын берет. Инспекциялоо мандатында Протоколдун II пунктунун 42-пунктунда көрсөтүлгөн маалымат камтылат.

55. Башкы директор Протоколдун II бөлүгүнүн 43-пунктуна ылайык инспекциялоо тобу кирүү пунктуна план боюнча келгенге чейин кеминде 21 саат мурда инспекцияланүүчү мүчө-мамлекетке инспекциялоо жөнүндө билдирет.

Турган жеринде инспекциялоону жүргүзүү

56. Ар бир мүчө-мамлекет Уюмга бул Келишимдин жана Протоколдун жоболоруна ылайык өзүнүн аймагында же анын юрисдикциясынын же контролунун астында болгон жерлерде турган жеринде инспекциялоону жүргүзүү уруксатын берет. Бирок бир дагы мүчө-мамлекет өзүнүн аймагында же анын юрисдикциясынын же контролунун астында болгон жерлерде турган жеринде инспекциялоолөрдү бир эле мезгилде өткөрүүгө милдеттүү эмес.

57. Бул Келишимдин жана Протоколдун жоболоруна ылайык инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет төмөнкүлөргө ээ болот:

a) өзү бул Келишимдин жоболорун сактап жаткандыгын көрсөтүү үчүн бардык акылга сыярлык күч-аракеттерди колдонуу жана ушул максатта инспекциялоо тобунун өз мандатын аткарышына мүмкүндүк берүү укугуна жана милдеттенмесине;

b) улуттук коопсуздуктун кызыкчылыктарын коргоо үчүн жана инспекциялоонүн максатына тиешеси жок болгон жашыруун маалыматты ачыкка чыгарууну болтурбоо үчүн ал керектүү деп эсептеген чараларды колдонуу укугуна;

c) b) пунктчасын жана ал менчик же тинтүү жана секвестордук укуктары боюнча ээ болушу мүмкүн болгон бардык конституциялык милдеттерди алып, инспекциялоонүн максатына тийиштүү фактыларды аныктоо үчүн гана инспекцияланүүчү райондун чегинде болууга жол берүү милдеттенмесине;

d) I статья боюнча өз милдеттерин бузган бардык учурларды жашыруу үчүн ушул пунктту же Протоколдун II бөлүгүнүн 88-пунктун колдонбоо милдеттенмесине;

e) бул Келишимге жана Протоколго ылайык инспекциялоо тобунун инспекцияланүүчү райондун чегинде бир жерден экинчи жерге эркин которулуу жана инспекциялоо иштерин жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн кыйындатпоо милдеттенмесине.

Турган жеринде инспекциялоого кирүүгө жол берүү - бул инспекциялоо тобунун жана инспекциялоо шаймандарынын инспекцияланүүчү районго киргизилишин жана анын чегинде инспекциялоо иштерин жүргүзүүнү билдирет.

58. Турган жеринде инспекциялоо инспекциялоо мандатын үзүрлүү жана өз убагында ишке ашырууга дал келгидей анчалык киришпестен жана Протоколдо көрсөтүлгөн процедураларга ылайык жүргүзүлөт. Бардык мүмкүн болгон учурда, инспекциялоо тобу бул Келишимди сактабоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө кабатырланууну аныктоо максатында жетиштүү маалыматты чогултуу үчүн керек деи эсептеген учурда гана анчалык киришпестен жасалган процедуралардан баштап,

улам тереңирээк каралган процедураларга өтөт. Инспекторлор бул инспекциялоонун максаты үчүн керек болгон кабарларды жана маалыматтарды гана алууга умтулушат жана инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттердин кадимки операцияларына кийлигишүүнү азайтууга аракет кылышат.

59. Инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө инспекциялоо тобуна жардам берет жана ага өз милдеттерин аткарууга көмөктөшөт.

60. Эгерде инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет Протоколдун II бөлүгүнүн 86-96-пункттарына ылайык иштеп жатып, инспекцияланүүчү районго кирүүнү чектесе, ал инспекциялоо тобу менен кеңешип, бул Келишимдин жоболорун сактап жаткандыгын альтернативдүү каражаттардын жардамы менен көрсөтүү үчүн акылга сыярлык бардык күч-аракеттерин жумшайт.

Байкоочу

61. Байкоочуга карата төмөнкүлөр колдонулат:

a) суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекет инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттин макулдугу менен, турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүн байкоо үчүн суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекеттин же үчүнчү мүчө-мамлекеттин гражданы болгон өкүлүн жөнөтө алат;

b) инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет сунуш кылынып жаткан байкоочуну өзүнүн кабыл алышы же кабыл албашы жөнүндө турган жеринде инспекциялоону Аткаруу кеңеши жактыргандан кийин 12 сааттык мөөнөттө Башкы директорго билдирет;

c) кабыл алган учурда инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет Протоколго ылайык байкоочунун киришине уруксат берет;

d) демейде инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет сунуш кылынып жаткан байкоочуну кабыл алат, бирок эгерде инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет өзүнүн баш тартуу укугун колдонсо, бул факт инспекциялоо жөнүндө докладда көрсөтүлөт.

Суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекеттердин жалпы санынан үчтөн ашпаган байкоочу жиберилет.

Турган жеринде инспекциялоо жөнүндө докладдар

62. Инспекциялоо жөнүндө докладдарда төмөнкүлөр камтылат:

a) инспекциялоо тобу жүргүзүп жаткан ишмердиктин баяндалышы;

b) инспекциялоонун максатына тиешелүү болгон инспекциялоо тобунун факты жүзүндөгү жыйынтыктары;

c) турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө көрсөтүлгөн кызматташуу жөнүндө отчет;

d) турган жеринде инспекциялоонун жүрүшүндө берилген кирүү уруксатынын, даражасын, анын ичинде топко берилген альтернативдүү каражаттарды факты жүзүндө баяндоо; жана

e) инспекциялоонун максатына тийиштүү бардык башка маалыматтар.

Докладга инспекторлордун өзгөчө пикирлери тиркелиши мүмкүн.

63. Башкы директор инспекциялоо жөнүндө докладдардын долбоорлорун инспекцияланүүчү мүчө-мамлекетке берет. Инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет Башкы директорго 48 сааттык мөөнөттүн ичинде өзүнүн эскертүүлөрүн жана түшүндүрмөлөрүн берүүгө, ошондой эле анын ою боюнча инспекциялоонун максатына тиешеси жок болгон жана Техникалык секретариаттан тышкары жайылтылбоого тийиш болгон бардык маалыматтарды аныктоого укуктуу. Башкы, директор инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттин инспекциялоо жөнүндө докладдын долбооруна берген өзгөртүүлөрү жөнүндө сунуштарды карап чыгат жана бардык мүмкүн болгон учурда аларды киргизет. Башкы директор инспекцияланүүчү мүчө-мамлекет жасаган эскертүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү инспекциялоо жөнүндө докладга да тиркейт.

64. Башкы директор суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекетке, инспекцияланүүчү мүчө-мамлекетке, Аткаруу кеңешине жана бардык башка мүчө-мамлекеттерге инспекциялоо жөнүндө докладды тезинен жөнөтөт. Башкы директор ошону менен бирге Протоколдун II бөлүгүнүн 104-пунктуна ылайык аныкталган лабораторияларда жасалган үлгүлөрдү талдоонун бардык жыйынтыктарын, Мониторингдин эл аралык системасынан алынган тиешелүү маалыматтарды, суроо-талап жөнөткөн жана инспекцияланүүчү мүчө-мамлекеттердин баасын, ошондой эле Башкы директор керектүү деп эсептеген бардык башка маалыматты Аткаруу кеңешине жана бардык башка мүчө-мамлекеттерге тезинен жөнөтөт. 47-пунктта көрсөтүлгөн инспекциялоонун жүрүшү жөнүндө доклад боюнча, Башкы директор ушул пунктта көрсөтүлгөн мөөнөттө Аткаруу кеңешине

докладды берет.

65. Аткаруу кеңеши өзүнүн укуктарына жана функцияларына ылайык инспекциялоо жөнүндө докладды жана 64-пунктка ылайык берилген бардык материалды жана төмөнкүлөр боюнча бардык кабатырланууну карап чыгат:

a) бул Келишимдин кандайдыр бир сакталбаган учурлар болдубу же жокпу; жана

b) турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талап жасоо укугу тетири колдонулдубу же жокпу.

66. Эгерде Аткаруу кеңеши өзүнүн укуктарына жана функцияларына ылайык 65-пунктка ылайык мындан аркы иш-аракеттер зарыл болушу мүмкүн деген жыйынтыкка келсе, ал V статьяга ылайык тиешелүү чараларды колдонот.

Турган жеринде инспекциялоо жөнүндө ойлоп чыгарылган же акыйкатсыз суроо-талаптар

67. Эгерде Аткаруу кеңеши турган жеринде инспекциялоо жөнүндө суроо-талап ойлоп чыгарылган же акыйкатсыз болгондуктан, турган жеринде инспекциялоону жактырбаса же эгерде инспекциялоо ошол эле себептер менен токтотулса, Аткаруу кеңеши төмөнкүлөрдү кошкондо, абалды оңдоо боюнча тиешелүү чараларды кабыл алуу жөнүндө маселени карайт жана чечет:

a) Техникалык секретариат жасаган бардык даярдыктарга байланышкан чыгымдарды төлөө жөнүндө талапты суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекетке коюу;

b) Аткаруу кеңеши аныктаган мөөнөттүн ичинде суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекеттин турган жеринде инспекциялоону суроо укугун токтото туруу;

c) суроо-талап жөнөткөн мүчө-мамлекеттин белгилүү бир мөөнөттүн ичинде Аткаруу кеңешинин курамына кирүү укугун токтото туруу.

E. Ишенимди бекемдөө чаралары

68. a) Химиялык жардырууларга тиешеси бар болгон, туура эмес түшүндүрүүнүн натыйжасында контролдоо маалыматтарынын сакталгандыгы жөнүндө бардык кабатырланууну өз убагында жок кылуу;

б) Эл аралык мониторинг системасын түзгөн түйүндөрдүн курамына кирген станцияларды калибрдөөгө көмөктөшүү үчүн ар бир мүчө-мамлекет Протоколдун III бөлүгүндө көрсөтүлгөн тиешелүү чараларды ишке ашырууда Уюм жана башка мүчө-мамлекеттер менен кызматташууга милдеттенет.

V статья. Абалды түзөө жана сактоону камсыз кылуу чаралары,

анын ичинде санкциялар

1. Конференция Аткаруу кеңешинин сунуштарын дагы эске алып, бул Келишимдин жоболорунун сакталышын камсыз кылуу жана бул Келишимдин жоболорун бузган бардык абалды түзөө жана корректирлөө боюнча 2-3-пункттарда көрсөтүлгөндөй керектүү чараларды колдонот.

2. Конференция же Аткаруу кеңеши мүчө-мамлекетке анын бул Келишимдин жоболорун сакташы проблемаларга алып келген абалды түзөшүн сунуш кылса жана мүчө-мамлекет өтүнүчтү тиешелүү мөөнөттө аткарбаса, Конференция өзү башка чечим кабыл алмайынча, бул Келишим боюнча ушул мүчө-мамлекеттин өз укуктарын жана артыкчылыктарын чектөө же токтото туруу чечимин дагы кабыл алышы мүмкүн.

3. Бул Келишим боюнча негизги милдеттенмелерди сактабоонун натыйжасында бул Келишимдин объектисине жана максатына зыян келтирилген учурда, Конференция эл аралык укукка дал келген коллективдүү чараларды мүчө-мамлекеттерге сунуш кылышы мүмкүн.

1. Конференция же шашылыш болгон учурда Аткаруу кеңеши проблеманы, анын ичинде тиешелүү маалыматты жана жыйынтыктарды Бириккен Улуттар Уюмуна билдириши мүмкүн.

VI статья. Чатактарды чечүү

1. Бул Келишимди колдонууга же түшүндүрүүгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон чатактар бул Келишимдин ушул маселеге тийиштүү жоболоруна жана Бириккен Улуттар Уюмунун жоболоруна ылайык жөнгө салынат.

2. Эки же андан ашык мүчө-мамлекеттердин ортосунда же бир же андан ашык мүчө-мамлекеттер менен Уюмдун ортосунда бул Келишимдин жоболорун колдонууга же түшүндүрүүгө байланыштуу чатактар келип чыкса, тиешелүү мүчөлөр мүчөлөрдүн тандоосу боюнча сүйлөшүүлөр же башка тынчтык жолдору, анын ичинде бул Келишимдин тиешелүү органына кайрылуу жана Сот Статутуна

ылайык Эл аралык Сотко өз ара макулдашуу боюнча кайрылуу менен чатакты тезинен чечүү максатында биргелешкен консультацияларды өткөрөт. Бул чатакка тиешеси бар болгон мүчөлөр колдонулуучу чаралар жөнүндө Аткаруу кеңешине кабарлайт.

3. Аткаруу кеңеши бул Келишимди колдонууга же түшүндүрүүгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон чатакты ал керектүү деп эсептеген бардык каражаттар, анын ичинде өз жардамын көрсөтүү сунушу, чатакта тараптар болгон мүчө-мамлекеттерди өзүнүн жеке тандоосу боюнча жүргүзүлүүчү процесс аркылуу жөнгө салууга чакыруу, маселе жөнүндө Конференцияга билдирүү жана бардык макулдашылган процедуралардын мөөнөттөрү жөнүндө сунуштарды көрсөтүү менен жөнгө салууга көмөктөшө алат.

4. Конференция мүчө-мамлекеттер тарабынан козголгон же ага Аткаруу кеңеши билдирген чатакка тиешеси бар болгон маселелерди карайт. Конференция керек деп эсептесе, II бereненин 26 j) пунктуна ылайык органдарды түзөт же аларга бул чатактарды жөнгө салууга байланышкан милдеттерди аткарууну тапшырат.

5. Конференция жана Аткаруу кеңеши Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы Ассамблеясынын уруксаты менен Уюмдун иштөө чөйрөсүндө пайда болгон бардык юридикалык маселе боюнча консультациялык корутундуну алуу жөнүндө суроо-талап менен Эл аралык сотко кайрылуу укугуна өз алдынча ээ болот. Ушул максатта Уюм менен Бириккен Улуттар Уюмунун ортосунда II бereненин 38 h) пунктуна ылайык макулдашуу түзүлөт.

6. Бул статья IV жана V статьяларга зыян келтирбейт.

VII статья. Түзөтүүлөр

1. Бул Келишим күчүнө киргенден кийин бардык убакта бардык мүчө-мамлекет бул Келишимге, Протоколго же Протоколдун Тиркемелерине түзөтүүлөрдү киргизүүнү сунуш кылышы мүмкүн. Бардык мүчө-мамлекет 7-пунктка ылайык Протоколго же анын Тиркемелерине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү дагы сунуштай алат. Түзөтүүлөр жөнүндө сунуштар 2-6-пункттарда көрсөтүлгөн процедуралар менен жөнгө салынат. 7-пунктка ылайык өзгөртүүлөр жөнүндө сунуштар 8-пунктта көрсөтүлгөн процедуралар менен жөнгө салынат.

2. Сунуш кылынып жаткан түзөтүү түзөтүүлөрдү кароо боюнча Конференцияда гана каралат жана кабыл алынат.

3. Түзөтүү жөнүндө бардык сунуш Башкы директорго жөнөтүлөт. Ал аны бардык мүчө-мамлекеттерге жана депозитарийге жөнөтөт жана бул сунушту кароо үчүн түзөтүүлөрдү кароо боюнча Конференцияны чакыруу зарылчылыгы жөнүндө мүчө-мамлекеттердин пикирин аныктайт. Эгерде көпчүлүк мүчө-мамлекеттер бул сунуш жөнөтүлгөндөн кийин 30 күндүн ичинде бул сунуштун мындан ары каралышын өздөрүнүн колдогондугу жөнүндө Башкы директорго билдирсе, Башкы директор түзөтүүлөрдү кароо боюнча Конференцияны өткөрөт, ага бардык мүчө-мамлекеттер чакырылат.

4. Эгерде Конференциянын өткөрүлүшүн колдогон бардык мүчө-мамлекеттер аны кийинки мөөнөткө калтыруу жөнүндө суроо-талап менен кайрылбаса, Конференциянын кезектеги сессиясы аяктаары менен түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча Конференция өткөрүлөт. Түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча Конференция сунуш кылынган түзөтүү жөнөтүлгөндөн кийин 60 күнгө чейин эч качан өткөрүлбөйт.

5. Түзөтүүлөр бир дагы мүчө-мамлекет каршы болбогон учурда, алардын кабыл алынышына көпчүлүк мүчө-мамлекеттердин оң добуш бериши менен түзөтүүлөрдү кароочу Конференция тарабынан кабыл алынат.

6. Түзөтүүлөр ратификациялоо грамоталарын же түзөтүүлөрдү кароочу конференцияда алардын кабыл алынышы үчүн добуш берген бардык мүчө-мамлекеттердин кабыл алгандыгы жөнүндө документтерди сактоого бергенден кийин 30 күн өткөндө бардык мүчө-мамлекеттер үчүн күчүнө кирет.

7. Бул Келишимдин ишке ашырылышын жана эффективдүүлүгүн камсыз кылуу максатында Протоколдун I жана III бөлүктөрүнө жана Протоколдун 1 жана 2-тиркемелерине административдик же техникалык мүнөздөгү маселелерге тийиштүү гана өзгөртүүлөр киргизилет. Протоколдун же анын Тиркемелеринин бардык башка жоболоруна 8-пунктка ылайык өзгөртүүлөр киргизилбейт.

8. 7-пунктта эскерилген сунуш кылына турган өзгөртүүлөр төмөнкү процедураларга ылайык жүргүзүлөт:

a) сунуш кылына турган өзгөртүүлөрдүн тексти керектүү маалымат менен Башкы директорго берилет. Бардык мүчө-мамлекет жана Башкы директор сунушту баалоо үчүн кошумча маалыматты бериши мүмкүн. Башкы директор бардык мындай сунушту жана маалыматты бардык мүчө-мамлекеттерге, Аткаруу кеңешине жана депозитарийге тезинен кабарлайт;

b) сунуш алынгандан кийин 50 күндүн ичинде Башкы директор бул келишимдин жоболору жана ишке ашырылышы үчүн анын бардык мүмкүн болгон залалдарын аныктоо үчүн аны баалайт жана бардык мындай маалыматты бардык мүчө-мамлекеттерге жана Аткаруу кеңешине кабарлайт;

c) Аткаруу кеңеши сунушту өзүндө болгон бардык маалыматтарга таянып жана бул сунуш 7-пунктта көрсөтүлгөн талаптарга жооп береерин же жооп бербешин карап чыгат. Сунушту алгандан кийин 90 күндүн ичинде Аткаруу кеңеши бардык мүчө-мамлекеттердин карап чыгышы үчүн тиешелүү түшүндүрмөлөрү менен өзүнүн сунушу жөнүндө билдирүү жөнөтөт. Мүчө-мамлекеттер аны алгандыгын 10 күндүк мөөнөттүн ичинде ырастайт;

d) эгерде Аткаруу кеңеши бардык мүчө-мамлекеттерге сунушту кабыл алууну сунуштаса жана сунуш алынгандан кийин 90 күндүк мөөнөттүн ичинде бир дагы мүчө-мамлекет ага каршы пикирин билдирбесе, ал жактырылды деп эсептелинет. Эгерде Аткаруу кеңеши сунуштан баш тартууну сунуштаса жана сунуш алынгандан кийин 90 күндүк мөөнөттүн ичинде бир дагы мүчө-мамлекет ага каршы пикирин билдирбесе, ал алынып ташталды деп эсептелинет;

e) эгерде Аткаруу кеңешинин сунушу 6) пунктчасында каралган кабыл алуунун шарттарына жооп бербесе, анда сунуш жөнүндө чечим жана ал 7-пунктта көрсөтүлгөн талаптарга жооп бериши же жооп бербеши жөнүндө маселе Конференция тарабынан негизги маселе катары анын кийинки сессиясында кабыл алынат;

f) Башкы директор бардык мүчө-мамлекетке жана депозитарийге бул пунктка ылайык кабыл алынган бардык чечим жөнүндө билдирет;

g) эгерде Аткаруу кеңеши башка мөөнөттү белгилөөнү сунуштабаса же Конференция муну чечпесе, мындай процедура боюнча жактырылган өзгөртүүлөр Башкы директор алардын жактырылгандыгы жөнүндө билдирүү жасаган күндөн кийин 180 күн өткөндө бардык мүчө-мамлекеттер үчүн күчүнө кирет.

VIII статья. Келишимдин иш-аракетин кароо

1. Эгерде көпчүлүк мүчө-мамлекеттер башкача чечим чыгарбаса, бул Келишим күчүнө киргенден кийин он жыл өткөндө Келишимдин преамбуласынын жана жоболорунун милдеттери жана максаттары ишке ашырылып жаткандыгына ишенүү максатында бул Келишимдин иш-аракетин жана эффективдүүлүгүн кароо боюнча мүчө-мамлекеттердин Конференциясы жүргүзүлөт. Мындай кароонун жүрүшүндө бул Келишимге тиешеси бар болгон бардык жаңы илимий-техникалык жетишкендиктер эске алынат. Бардык мүчө-мамлекеттин суроо-талабынын негизинде Келишимдин иш-аракетин кароо боюнча Конференция тынчтык максаттарда жер астындагы ядролук жардырууларды жүргүзүүгө уруксат берүү мүмкүнчүлүгүн карап чыгат. Эгерде Келишимдин иш-аракетин кароо боюнча Конференция мындай ядролук жардырууларга уруксат берилиши мүмкүн деген консенсуска келишсе, анда ал мындай ядролук жардыруулардан бардык аскердик пайда көрүүнү болтурбаган, бул Келишимге тиешелүү түзөтүүнү мүчө-мамлекеттерге сунуштоо максатында тезинен иш жүргүзө баштайт. Бардык мындай сунуш кылынып жаткан түзөтүү бардык мүчө-мамлекет тарабынан Башкы директорго кабарландырылат жана VII берененин жоболоруна ылайык каралат.

2. Эгерде өткөн жылда Конференция процедуралык маселе катары бул жөнүндө чечим чыгарса, кийин он жылдык аралыкта ошол эле максатта Келишимдин иш-аракетин кароо боюнча кийинки конференциялар өткөрүлүшү мүмкүн. Эгерде Конференция негизги маселе катары бул жөнүндө чечим чыгарса, мындай конференциялар он жылга чейинки аралыкта өткөрүлүшү мүмкүн. Демейде Келишимдин иш-аракетин кароо боюнча бардык Конференция II статьяда каралган Конференциянын кезектеги ар жылдык сессиясы аяктаары менен жүргүзүлөт.

IX статья. Келишимдин аракеттенүү мөөнөтү жана андан чыгуу

1. Бул Келишим аныкталбаган мөөнөткө түзүлөт.

2. Ар бир мүчө-мамлекет бул Келишимди күтүүгө байланышкан өзгөчө шарттар анын жогорку кызыкчылыктарына коркунуч туудурду деп чечсе, ал өзүнүн мамлекеттик эгемендүүлүгүн ишке ашыруу иретинде бул Келишимден чыгууга укуктуу болот.

3. Чыгуу бардык мүчө-мамлекеттерге, Аткаруу кеңешине, депозитарийге жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешине алты ай мурда өз убагында билдирүү жолу менен жүргүзүлөт. Чыгуу жөнүндө билдирүүдө мүчө-мамлекет өзүнүн жогорку кызыкчылыктарын коркунучка туудурду деп эсептеген өзгөчө шарт же өзгөчө шарттар жөнүндө билдирүү камтылат.

X статья. Протоколдук жана тиркемелердин статусу

Бул Келишимдин Тиркемелери, Протокол жана Протоколдун Тиркемелери Келишимдин ажырагыс бөлүгүн түзөт. Бул Келишимге бардык таянуулар бул Келишимдин Тиркемелерин, Протоколду жана Протоколдун Тиркемелерин камтыйт.

XI статья. Кол коюу

Бул Келишим күчүнө киргенге чейин бардык мамлекеттердин кол коюушу үчүн ачык болот.

XII статья. Ратификациялоо

Бул Келишимди ага кол койгон бардык мамлекеттер өздөрүнүн тиешелүү конституциялык процедураларына ылайык ратификациялайт.

XIII статья. Кошулуу

Бул Келишим күчүнө киргенге чечим ага кол койбогон бардык мамлекет кийин каалаган убакта ага кошула алат.

XIV статья. Күчүнө кириши

1. Бул Келишимдин 2-тиркемесинде көрсөтүлгөн бардык мамлекеттер ратификациялоо грамоталарын сактоого бергенден кийин 180 күн өткөндө, бирок ал кол коюу үчүн ачык болгондон кийин кеминде эки жыл өткөндө гана бул Келишим күчүнө кирет.

2. Эгерде бул Келишим анын кол коюу үчүн ачык болгондугунун жылдыгы болгон күндөн кийин үч жыл өткөндө күчүнө кирбесе, депозитарий мындай көпчүлүк мамлекеттердин өтүнүчү боюнча өздөрүнүн ратификициялоо грамоталарын сактоого берген мамлекеттердин Конференциясын өткөрөт. Бул Конференцияда 1-пунктта көрсөтүлгөн талап канчалык сакталгандыгы каралат жана бул Келишим батыраак күчүнө киришине көмөктөшүү максатында ратификациялоо процессин тездетүү үчүн эл аралык укукка дал келген кандай чаралар колдонулууга тийиш экендиги жөнүндө маселе каралат жана консенсус менен чечилет.

3. Эгерде 2-пунктта эскерилген Конференцияда же башка мындай конференцияларда башкача чечим чыгарылбаса, бул процесс ал күчүнө киргенге чейин бул Келишимдин кол коюу үчүн ачык болгон кийинки жылдыктарында кайталанат.

4. Келишимге кол койгон бардык мамлекеттер 2-пунктта көрсөтүлгөн Конференцияга жана 3-пунктта көрсөтүлгөн бардык кийинки конференцияларга байкоочу иретинде катышууга чакырылат.

5. Ратификациялоо грамоталарын же кошулуу жөнүндө документтерин бул Келишим күчүнө киргенден кийин сактоого берген мамлекеттер үчүн бул Келишим алардын ратификациялоо грамоталарын же кошулуу жөнүндө документтерин сактоого берген күндөн тартып 30-күнү күчүнө кирет.

XV статья. Эскертүүлөр

Бул Келишимдин жана анын Тиркемелеринин статьяларына эскертүүлөр жасалбайт. Бул Келишимдин Протоколунун жана Протоколдун Тиркемелеринин жоболоруна бул Келишимдин объектисине жана максаттарына дал келбеген эскертүүлөр жасалбайт.

XVI статья. Депозитарий

1. Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысы бул Келишимдин депозитарийи болуп саналат жана кол коюуларды, ратификациялоо грамоталарын жана кошулуу жөнүндө документтерди алат.

2. Депозитарий бардык кол койгон мамлекеттерге жана кошулган мамлекеттерге ар бир кол коюлган күнү, ар бир ратификациялоо грамотасын же кошулуу жөнүндө документти сактоого берген күнү, бул Келишимдин жана анын бардык түзөтүүлөрүнүн жана өзгөртүүлөрүнүн күчүнө кирген күнү, ошондой эле башка билдирүүлөрдү алгандыгы жөнүндө тезинен кабарлайт.

3. Депозитарий кол койгон мамлекеттердин жана ага кошулган мамлекеттердин өкмөттөрүнө бул Келишимдин күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн тиешелүү түрдө жөнөтөт.

4. Бул Келишим Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 102-беренесина ылайык депозитарий тарабынан катталат.

XVII статья. Бирдей тексттер

Англис, араб, испан, кытай, орус жана француз тилдериндеги тексттери бирдей болгон бул Келишим Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берилет.

Келишимдин

1-тиркемеси

II берененин 28-пунктуна ылайык мамлекеттердин

ТИЗМЕСИ

Африка

Алжир, Ангола, Бенин, Ботсвана, Буркина-Фасо, Бурунди, Габон, Гамбия, Гана, Гвинея, Гвинея-Бисуа, Джибути, Египет, Заир, Замбия, Зимбабве, Кабо-Верде, Камерун, Кения, Комор аралдары, Конго, Кот-д'Ивуар, Лесото, Либерия, Ливия Лраб Жамахириясы, Маврикий, Мавритания, Мадагаскар, Малави, Мали, Марокко, Мозамбик, Намибия, Нигер, Нигерия, Танзания Бириккен Республикасы, Руанда, Сан-Томе жана Принсипи, Свазиленд, Сейшель аралдары, Сенегал, Сомали, Судан, Сьерра-Леоне, Того, Тунис, Уганда, Борбордук Африка Республикасы, Чад, Экватория Гвинеясы, Эритрея, Эфиопия, Түштүк Африка.

Чыгыш Европа

Азербайжан, Албания, Армения, Беларусь, Болгария, Босния жана Герцеговина, мурдагы югославиялык Македония Республикасы, Венгрия, Грузия, Латвия, Литва, Молдова, Польша, Россия Федерациясы, Румыния, Словакия, Словения, Украина, Хорватия, Чехия Рсспубликасы, Эстония, Югославия.

Латын Америкасы жана Кариб бассейни

Антигуа жана Барбуда, Аргентина, Багам аралдары, Барбадос, Белиз, Боливия, Бразилия, Венесуэла, Гаити, Ганана, Гватемала, Гондурас, Гренада, Доминика, Доминика Республикасы, Колумбия, Коста-Рика, Куба, Мексика, Никарагуа, Панама, Парагвай, Перу, Сальвадор, Сеи-Винсент жана Гренадиндер, Сен-Китс жана Невис, Сент-Люсия, Суринам, Тринидад и Тобаго, Уругвай, Чили, Эквадор, Ямайка.

Жакынкы Чыгыш жана Түштүк Азия

Афганистан, Бангладеш, Бахрейн, Бутан, Израил, Дания, Иордания, Ирак, Иран (Ислам Республикасы), Йемен, Казакстан, Катар, Кувейт, Кыргызстан, Ливан, Мальдив аралдары, Непал, Бириккен Араб Эмираттары, Оман, Пакистан, Сауд Аравиясы, Сирия Араб Республикасы, Тажикстан, Түркмөнстан, Өзбекстан, Шри-Ланка.

Түндүк Америка жана Батыш Европа

Австрия, Андорра, Бельгия, Германия, Греция, Дания, Ирландия, Исландия, Испания, Италия, Канада, Кипр, Лихтенштейн, Люксембург, Мальта, Монако, Нидерланды, Норвегия, Португалия, Сан-Марино, Ыйык Так, Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу, Америка Кошмо Штаттары, Түркия, Финляндия, Франция, Швейцария, Швеция.

Түштүк-Чыгыш Азия, Тынч океан региону

жана Ыраакы Чыгыш

Австралия, Бруней-Даруссалам, Вануату, Вьетнам, Индонезия, Камбоджа, Кирибати, Кытай, Корея Элдик-Демократиялык Республикасы, Лаос Элдик-Демократиялык Республикасы, Малайзия, Маршал аралдары, Микронезия (Федеративдүү Штаттары), Монголия, Мьянма, Науру, Ниуэ, Жаңы Зеландия, Кука аралдары, Палау, Папуа-Жаңы Гвинея, Корея Республикасы, Самоа, Сингапур, Соломон аралдары, Таиланд, Тонга, Тувалу, Фиджи, Филиппин, Япония.

Келишимдин

2-тиркемеси

XIV статьяга ылайык мамлекеттердин

ТИЗМЕСИ

1996-жылы Конференциянын сессиясына расмий катышкан жана Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиктин 1996-жылдын апрелиндеги «Дүйнөдөгү ядролук энергетикалык реакторлор» басылмасынын 1-таблицасында көрсөтүлгөн, куралсыздандыруу боюнча 1996-жылдын 18-июндагы Комференциянын мүчө-мамлекеттеринин жана 1996-жылы Конференциянын сессиясына

расмий катышкан жана Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиктин 1995-жылдын декабрь айындагы «Дүйнөдөгү ядролук энергетикалык реакторлор» басылмасынын 1-таблицасында көрсөтүлгөн куралсыздандыруу боюнча 1996-жылдын 18-июнундагы Конференциянын мүчө-мамлекеттеринин тизмеси:

Австралия, Австрия, Алжир, Аргентина, Бангладеш, Бельгия, Болгария, Бразилия, Венгрия, Вьетнам, Германия, Египет, Заир, Израил, Индия, Индонезия, Иран (Ислам Республикасы), Испания, Италия, Канада, Кытай, Колумбия, Корея Элдик-Демократиялык Республикасы, Мексика, Нидерланды, Норвегия, Пакистан, Перу, Польша, Корея Республикасы, Россия Федерациясы, Румыния, Словакия, Улуу Британия жана Түндүк Ирландля Бириккен Королдугу, Америка Кошмо Штаттары, Түркия, Украина, Финляндия, Франция, Чили, Швейцария, Швеция, Түштүк Африка, Япония.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2003-жылдын 29-апрели N 89

4.3. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө Конвенцияны ратификациялоо тууралуу

1-берене.

Химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого жана колдонууга тыюу салуу жана аны жок кылуу жөнүндө Конвенция ратификациялансын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги кошулуу грамотасын анын депозитарийи болгон Бириккен Улуттар Уюмунун Башкы катчысына сактоого берсин.

3-берене.

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

2003-жылдын 28-мартында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган 2003-жылдын 9-апрелинде

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан жактырылган

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2004-жылдын 17-августу N 144

4.4. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Бактериологиялык (биологиялык) жана токсиндүү куралдарды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана топтоого тыюу салуу жана аларды жок кылуу жөнүндө КОНВЕНЦИЯ

(Москва-Лондон-Вашингтон, 1972-жылдын 10-апрели)

Бул конвенциянын катышуучу-мамлекеттери,

Жалпы жана толугу менен куралсызданууда бардык түрдөгү массалык кыруу куралдарына тыюу салууда жана жок кылууда арымдуу өсүштөргө жетишүү максатында иштөөнү чечишип жана химиялык жана бактериологиялык (биологиялык) куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана топтоого тыюу салуу жана эффективдүү чараларды колдонуу жолу менен аларды жок кылуу бекем жана натыйжалуу эл аралык көзөмөлдүн астында жалпы жана толугу менен куралсызданууга көмөктөшөөрүнө ишенип,

Женевада 1925-жылдын 17-июнунда кол коюлган Согушта тумчуктуруучу, уулуу же башка ушул сыяктуу газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндө протоколго, ошондой эле бул протоколдун согуштун терс таасирлерин азайтууга кошкон жана кошуп келе жаткан салымына өзгөчө маани беришип,

Аталган протоколдун принциптери менен максаттарын өздөрүнүн сактай тургандыгын ырасташып жана бардык мамлекеттерди аларды бекем сактоого үндөшүп,

Бириккен Улуттар Уюмунун Генералдык Ассамблеясы 1925-жылдын 17-июнундагы Женева протоколунун принциптерине жана максаттарына каршы келген бардык иш-аракеттерди бир нече жолу айыптагандыгын эске салышып,

Элдердин ортосундагы ишенимди тереңдетүүгө жана жалпы эл аралык маанайды жакшыртууга көмөктөшүүнү каалашып,

Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын максаттарын жана принциптерин ишке ашырууга көмөктөшүүгө умтулушуп,

Коркунучтуу массалык кыруу куралына кирген химиялык же бактериологиялык (биологиялык) агенттерди камтыган куралды натыйжалуу чараларды колдонуу жолу менен мамлекеттердин жарак-жабдык сактоочу жайынан тезинен алып таштоонун зарыл экендигине азыртадан ишенишип,

Бактериологиялык (биологиялык) жана токсиндүү куралдарга тыюу салуу жөнүндө макулдашуу химиялык куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана топтоого тыюу салуу боюнча натыйжалуу чаралар жөнүндө макулдашууга жетишүүнүн алгачкы кадамы болоорун таанышып жана бул максаттагы сүйлөшүүлөрдү уланта берүүнү чечишип,

Бардык адамзаты үчүн бактериологиялык (биологиялык) агенттерди жана токсиндерди курал катары колдонууну толугу менен болтурбай коюуну чечишип,

Мындан колдонуу адамзатынын ынсабына каршы келээрине жана бул коркунучту азайтууга эч кандай күч-аракетти аябоо керектигине азыртадан ишенишип,

Төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

I статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети эч качан, эч кандай шартта, төмөнкүлөрдү иштеп чыкпоого, өндүрбөөгө, топтобоого, кандайдыр бир башка жол менен албоого жана сактабоого милдеттенет:

1) кайдан чыккандыгына же кандай жол менен өндүрүлгөндүгүнө карабастан, профилактика, коргоо жана башка тынчтык максаттарда колдонулбаган түрдөгү жана сандагы микробиологиялык же башка биологиялык агенттерди же токсиндерди;

2) согушуу же куралдуу кагылышуу максатында мындай агенттерди же токсиндерди колдонууга

дайындалган куралды, шаймандарды же жеткирүү каражаттарын.

II статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети өзүндө болгон же өзүнүн юрисдикциясына же контролуна караштуу, ушул конвенциянын I статьясында көрсөтүлгөн бардык агенттерди, токсиндерди, куралды, шаймандарды жана жеткирүү каражаттарын ушул конвенция күчүнө киргенден кийин тогуз ай өткөнгө чейин мүмкүн болушунча жок кылууга жана тынчтык максаттарда колдонууга милдеттенет. Бул берененин жоболорун аткарууда калкты жана айлана-чөйрөнү коргоо максатында бардык коопсуздук чаралары көрүлүүгө тийиш.

III статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети конвенциянын 1 статьясында көрсөтүлгөн бардык агенттерди, токсиндерди, куралды, шаймандарды же жеткирүү каражаттарын кимдир бирөөгө түз же кыйыр бербөөгө, ошондой эле кандайдыр бир мамлекеттин, мамлекеттердин тобунун же эл аралык уюмдардын өндүрүшүнө же кандайдыр бир жол менен алышына эч качан жардам бербөөгө, колдобоого жана дем бербөөгө милдеттенет.

IV статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети өзүнүн конституциялык процедураларына ылайык өз аймагынын чегинде, өзүнүн юрисдикциясына же көзөмөлүнө караштуу бардык жерде конвенциянын I статьясында көрсөтүлгөн агенттерди, токсиндерди, куралды, шаймандарды жана жеткирүү каражаттарын иштеп чыгууга тыюу салуу жана болтурбоо, өндүрүү, топтоо, алуу же сактоо боюнча керектүү чараларды колдонууга милдеттенет.

V статья.

Ушул конвенциянын катышуучу-мамлекеттери конвенциянын максатына же жоболорун аткарууга байланыштуу келип чыгышы мүмкүн болгон бардык маселелерди чечүүдө бири-бири менен консультацияларды өткөрүүгө жана кызматташууга милдеттенет. Ушул статьяны аткаруу үчүн консультациялар жана кызматташуу Бириккен Улуттар Уюмунун алкагында жана анын Уставына ылайык тийиштүү эл аралык процедураларды колдонуу жолу менен дагы жүргүзүлөт.

VI статья.

Ушул конвенциянын бардык катышуучу-мамлекети анын башка катышуучу-мамлекетинин конвенциянын жоболорунан келип чыккан милдеттенмелерди бузуп жаткандыгын аныктаса, Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешине даттануу менен кайрыла алат. Мындай даттанууда анын себеби так далилдениши жана анын Коопсуздук Кеңеши тарабынан каралышы жөнүндө өтүнүч болушу керек.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети Кеңешке келип түшкөн даттануунун негизинде Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын жоболоруна ылайык Коопсуздук Кеңеши тарабынан жасалышы мүмкүн болгон бардык тергөө иштерин жүргүзүүдө кызматташууга милдеттенет. Коопсуздук кеңеши конвенциянын катышуучу-мамлекеттеринин тергөө иштеринин жыйынтыгы жөнүндө билдирет.

VII статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу мамлекети жардам сурап кайрылган конвенцнянын ар бир катышуучу-мамлекетине, эгерде Коопсуздук кеңеши конвенциянын бузулушунун натыйжасында мындай Катышуучуга коркунуч туулгандыгы жөнүндө чечим чыгарса, Бириккен Улуттар Уюмунун Уставына ылайык жардам берүүгө же колдоого милдеттенет.

VIII статья.

Бул конвенциянын бир дагы жобосу Женевада 1925-жылдын 17-июнунда кол коюлган Согушта тумчуктуруучу, уулуу же башка ушул сыяктуу газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндө Протоколго ылайык бардык мамлекет тарабынан кабыл алынган кандайдыр бир чектөөчү же жеңилдик берүүчү милдеттенмелер катары каралбоого тийиш.

IX статья.

Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети химиялык куралга эффективдүү тыюу салуу максатын көздөгөндүгүн ырастайт жана бул максатта аны иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана топтоого тыюу салуунун эффективдүү чаралары жөнүндө жана курал катары химиялык агенттерди өндүрүүгө же колдонууга атайын дайындалган шаймандарга жана жеткирүү каражаттарына

карата тийиштүү чаралар жөнүндө макулдашууга жакынкы келечекте жетүү үчүн жагымдуу маанайдагы сүйлөшүүлөрдү уланта берүүгө милдеттенет.

X статья.

1) Ушул конвенциянын катышуучу-мамлекеттери бактериологиялык (биологиялык) каражаттарды жана токсиндердн тынчтык максаттарда колдонуу жөнүндө илимий жана техникалык маалымат, шаймандар жана материалдар менен мүмкүн болушунча толугу менен алмашууга көмөктөшүүгө милдеттенишет жана мындай алмашууга катышууга укуктуу болушат. Муну жасай ала турган конвенциянын катышуучу-мамлекеттери жеке же башка мамлекеттер же эл аралык уюмдар менен бирге жардам берүүдө, ооруулардын алдын алуу же башка максаттар үчүн бактериология (биология) тармагында илимий ачылыштарды андан ары иштеп чыгууда жана колдонууда дагы кыэматташышат.

2) Ушул конвенция анын катышуучу-мамлекеттеринин экономикалык же техникалык өнүгүшү же тынчтык максатындагы бактериологиялык (биологиялык) иш-аракеттер тармагында эл аралык кызматташуу, анын ичинде конвенциянын жоболоруна ылайык бактериологиялык (биологиялык) агенттерди жана токсиндерди тынчтык максатында иштетүүчү, колдонуучу же өндүрүүчү шаймандар менен алмашуу үчүн тоскоолдуктарды болтурбагыдай ишке ашырылат.

XI статья.

Конвенциянын бардык катышуучу-мамлекети конвенцияга түзөтүүлөрдү сунуштай алат. Түзөтүүлөрдү кабыл алган ар бир катышуучу-мамлекети үчүн түзөөтүүлөр конвенцияга катышкан көпчүлүк мамлекеттер аларды кабыл алгандан кийин, ал эми андан кийин калган ар бир катышуучу-мамлекет үчүн мындай түзөтүүлөрдү алар кабыл алган күнү күчүнө кирет.

XII статья.

Эгерде муну конвенциянын көпчүлүк катышуучу-мамлекеттери депозитарий-өкмөттөргө бул максатта сунуштарды берүү жолу менен талап кылса, ушул конвенция күчүнө киргенден кийин 5 жыл өткөндө же ага чейин Женевада (Швейцария) конвенциянын преамбуласында көрсөтүлгөн максаттардын жана жоболордун, анын ичинде химиялык курал жөнүндө сүйлөшүүлөргө тийиштүү жоболордун аткарылып жаткандыгына ишенүү үчүн конвенциянын кандайча ишке ашырылып жаткандыгын кароону көздөгөн конвенциянын катышуучу-мамлекеттеринин конференциясы өткөрүлөт. Мындай кароодо конвенцияга тиешеси болгон бардык жаңы илимий-техникалык жетишкендиктер көңүлгө алынууга тийиш.

XIII статья.

1) Ушул конвенция белгисиз мөөнөткө түзүлөт.

2) Ушул конвенциянын ар бир катышуучу-мамлекети конвенциянын мазмунуна байланышкан өзгөчө шарттар анын өлкөсүнүн жогорку кызыкчылыктарына коркунуч туудурат деп чечсе, өзүнүн мамлекеттик эгемендүүлүгүн ишке ашыруу иретинде конвенциядан чыгып кетүүгө укуктуу. Ал өзүнүн мындай чыгышы жөнүндө конвенциянын бардык башка катышуучу-мамлекеттерине жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешине үч ай мурда кабарлайт. Мындай кабарлоодо анын жогорку кызыкчылыктарына коркунуч туудурган өзгөчө шарттар жөнүндө билдирүү болууга тийиш.

XIV статья.

1) Бул конвенцияга бардык мамлекеттер кол кое алат. Бул берененин 3-пунктуна ылайык бул конвенция күчүнө киргенге чейин ага кол койбогон бардык мамлекет ага каалаган убагында кошула алат.

2) Ушул конвенция ага кол койгон мамлекеттер тарабынан ратификациаланат. Ратификациялоо грамоталары жана кошулуу жөнүндө документтер муну менен депозитарий-өкмөттөр болуп дайындалган Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун, Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугунун жана Америка Кошмо Штаттарынын өкмөттөрүнө сактоого берилет.

3) Ушул конвенция жыйырма эки өкмөт, анын ичинде конвенциянын депозитарийи болуп дайындалган өкмөттөр ратификациялоо грамоталарын сактоого бергенден кийин күчүнө кирет.

4) Ушул конвенция күчүнө киргенден кийин ратификациялоо грамоталары же кошулуу жөнүндө документтери сактоого берилген мамлекеттер үчүн бул конвенция алардын ратификациялоо грамоталары же кошулуу жөнүндө документтери сактоого берилген күнү күчүнө кирет.

5) Депозитарий-өкмөттөр ушул конвенцияга кол койгон жана кошулган бардык мамлекеттерге ар бир кол коюлган күнү, ар бир ратификациялоо грамотасынын жана кошулуу жөнүндө документинин сактоого берилген күнү, конвенциянын күчүнө кирген күнү, ошондой эле алар алган башка билдирүүлөр жөнүндө тезинен билдиришет.

6) Ушул конвенция Бириккен Улуттар Уюмунун Уставынын 102-беренесина ылайык депозитарий-өкмөттөр тарабынан катталат.

XV статья.

Орус, англис, испан, кытай жана француз тилдериндеги тексттери бирдей болгон ушул конвенция депозитарий-өкмөттөрдүн архивине сактоого берилет. Депозитарий-өкмөттөр конвенциянын тийиштүү түрдө күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрүн конвенцияга кол койгон жана ага кошулган мамлекеттердин өкмөттөрүнө жөнөтөт.

Муну күбөлөндүрүш үчүн төмөндө кол коюшкандар, буга тийиштүү түрдө ыйгарым укуктуу болгондор ушул конвенцияга кол коюшту.

Үч нускада Москва, Лондон жана Вашингтон шаарларында 1972-жылдын 10-апрелинде түзүлдү.

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү 2003-жылдын 1-августу N 174

4.5. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Атом энергиясы боюнча эл аралык агентствонун Уставын

(Нью-Йорк, 1956-жылдын 26-октябры)

ратификациялоо жөнүндө

1-берене.

Атом энергиясы боюнча эл аралык агентствонун Уставы (Нью-Йорк, 1956-жылдын 26-октябры) ратификациялансын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда аталган Уставдын ратификациялангандыгы жөнүндө грамотаны Америка Кошмо Штаттарынын Өкмөтү болуп саналган депозитарийге депонирлесин.

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Акаев

2003-жылдын 3-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

4.6. Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан кабыл алынган

2003-жылдын 30-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин

Эл өкүлдөр жыйыны тарабынан Кыргыз Республикасынын 2003 – жылдын 30 – декабрындагы № 252

Мыйзамы менен Ратификацияланган 1998 – жылдын 18 - мартындагы

ПРОТОКОЛ

Кыргыз Республикасы (мындан нары «Кыргызстан») жана Атомдук энергия боюнча эл аралык Агенттик (мындан нары «Агенттик») төмөндөгүлөр жөнүндө макулдашылды:

1) Кыргызстан өз аймагынын чегинде, же өзүнүн юрисдикциясынын астында, же кайсыл жерде болбосун өзүнүн контролунун астында ишке ашырылуучу тынчтык максаттагы ядролук ишмердигине ээ болуу убакытына чейин,

a) Ядролук куралды таркатпоо жөнүндөгү Келишимге (мындан нары “Келишим”) байланыш гарантияларды колдонуу боюнча Кыргызстан менен Агенттиктин Макулдашуусунун 36 - беренеси бекиткен чектен ашкан сандагы ядролук материал, “Келишимде” айтылган материалдардын түрлөрү үчүн; же

b) аныктамасы Аныктамаларда берилген, кайсыл бир түзүлүштөгү ядролук материал, Макулдашуунун II-Бөлүгүнүн жоболорунун аткарылышы 32, 33, 38, 41 жана 90 - беренелеринен башкасы убактылуу токтотулат.

2) Макулдашуунун 33- беренесинин «a» жана «b» пункттарына ылайык кабарлануга кажеттүү маалымат чогултулуп жана жылдык отчётто көрсөтүлүшү мүмкүн; керектүү учурда, ушундай эле түрдө, 33- берененин «c» – пунктундагы белгиленген ядролук материалдын экспорту жана импортуна тиешелүү жылдык отчёт дагы көргөзүлөт.

3) Макулдашуунун 38- беренесинде каралган, Кошумча жоболорду өз убагында кабыл алууну камсыз кылуу максатында, Кыргызстан ядролук материалды тынчтык максатта, өзүнүн аймагынын чегинде же өзүнүн юрисдикциясынын алдындагы аймакта, же кайсыл жерде болсо дагы өзүнүн контролунун астында ишке ашырылуучу, берилген Протоколдун 1 - бөлүмүндө көрсөтүлгөн

чекти ашпаган, же ошол эле бөлүмдө көрсөтүлгөн ядролук материалды кайсыл бир түзүлүшкө киргизүүдөн 6 ай мурда, эмне биринчи болоруна көз каранды, алдын ала, Агенттикти кабарлоо жетиштүү.

II. Бул Протоколго Кыргызстандын жана Агенттиктин өкүлдөрү тарабынан кол коюлат жана Макулдашуу менен бир күндө күчүнө кирет.

Эки нускада англис жана орус тилдеринде аткарылды, ошол эле учурда эки тексттер тең бирдей мааниде.

Кыргыз Республикасы үчүн:

Атомдук энергия боюнча эл аралык Агенттик үчүн:

Бишкек шаары, 2011-жылдын 1-ноябры N 193

4.7. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Вена шаарында 2007-жылдын 29-январында кол коюлган Ядролук куралдарды жайылтпоо жөнүндө келишимге байланыштуу кепилдиктерди колдонуу жөнүндө Кыргыз Республикасы менен Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттиктин ортосундагы Макулдашууга Кошумча протоколду ратификациялоо тууралуу

1-берене.

Вена шаарында 2007-жылдын 29-январында кол коюлган Ядролук куралдарды жайылтпоо жөнүндө келишимге байланыштуу кепилдиктерди колдонуу тууралуу Кыргыз Республикасы менен Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттиктин ортосундагы Макулдашууга Кошумча протокол ратификациялансын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги жогоруда көрсөтүлгөн Кошумча протоколдун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекеттик ички жол-жоболорду Кыргыз Республикасы аткаргандыгы жөнүндө Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттикке белгиленген тартипте билдирсин.

3-берене.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү үч айлык мөөнөттө көрсөтүлгөн Кошумча протоколдун жоболорун ишке ашырууну камсыз кылуу үчүн зарыл чараларды көрсүн.

4-берене.

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2011-жылдын 4-ноябрында N 93 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Президенти Р.Отунбаева

2011-жылдын 13-октябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку

Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Кыргыз Республикасынын 2007 - жылы 28-апрелдеги №58

Мыйзамы менен ратификацияланган

Семипалатинск шаары. 2006 - жыл 8 - сентябрь.

КЕЛИШИМ
Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндө

Бул Келишимдин тараптары,

Борбордук Азиядагы мамлекеттердин башчыларынын 1997 - жылдын 28 - февралда кабыл алган декларациясын, региондогу беш мамлекеттин тышкы иштер министрлеринин 1997 - жылы 15 - сентябрдагы Арызын, Бириккен Улуттар уюмунун Генералдык Ассамблеясынын ыйгарым «Борбордук Азияда өзөктүк куралдан эркин аймакты түзүү»- деген максаттагы

52/38 1997 - жылдын 9 - декабрындагы S,

53/77 1998-жылдын 4 - декабрындагы A,

55/33 2000 - жылдын 20 - декабрындагы W,

57/69 2002 - жылдын 22 - ноябрындагы,

58/518 2003 - жылдын 8 - декабрындагы,

2004 - жылдын 3 -декабрындагы 59/513 жана

60/516 2005 - жылдын 8 -декабрындагы резолюцияларын, чечимдерин жана Борбор Азиялык мамлекеттердин, ядролук куралга ээ өлкөлөрдүн эксперттерини, БУУ өкүлдөрүнүн 1998 - жылы 15 - сентябрдагы жолугушуусунуун Коммюникесин жетекчиликке алып,

дүйнөлүк деңгээлде жалпы эл аралык дыкат жана эффективдүү контролдун астында ядролук куралды толугу менен жоюу максатында, бул куралды системалык түрдө кыскартуунун кажеттүүлүгүн баса белгилеп, ошондой эле бул максатка жетүүдө бардык мамлекеттер өздөрүнүн салымдарын кошууга милдеттүү деген ишеним менен,

Борбор Азиялык ядролук куралдан эркин аймак - бул ядролук куралды таркаптпоо режимин бекемдөө жолундагы маанилүү кадам экенине ишенүү менен, ядролук энергияны тынчтык максатта колдонууда кызматташтыкты өнүктүрүүгө, радиактивдүү заттардан жапа чеккен территорияларды тазалоодо жана эл аралык тынчтыкты жана коопсуздукту бекемдеп кызматташууну өнүктүрүүдө, ядролук куралдан эркин аймак, өзгөчө, эгерде ядролук куралга ээ болгон беш мамлекет, 1968 - жылкы ядролук куралды таркатпоо жөнүндөгү Келишимде ушундай деп таанылган (мындан нары ЯКТК), тиркелген коопсуздукту кепилдөө боюнча Протоколго кошулса, БАда борбор азиялык өлкөлөрдүн коопсуздугун бекемдөөгө көмөк берет деп эсептеп,

Бир катар аймактарда, Латын Америкасын жана Кариб бассейнин, Тынч океандын түштүк бөлүгүн, Түштүк чыгыш Азия менен Африканы кошо, ядролук куралдан эркин аймактар түзүлдү, бул аймактарда Ядролук куралга ээ болуу, аны иштеп чыгуу, өндүрүү, ташып келүү жана орнотуу, ошондой эле колдонуу же колдонуу коркунучун жаратууга тыюу салынган жана мындай режимди бардык адамзаттын бактысына бүткүл планетага таркатууга умтулушат деп моюнга алуу менен,

ЯКТКдагы келтирилген, Келишимди карап чыгуу жана анын аракетин улантуу боюнча 1995 - жылкы ЯКТКнын катышуучуларынын Конференциясында кабыл алынган «Ядролук таркатпоо жана куралсызданууну принциптери жана максатарында», жана ЯКТК катышуучуларынын Келишимди карап чыгуу жана анын аракетин улантуу, ошондой эле принциптери жана максаттары боюнча 2000 - жылкы Конференциянын корутунду документтериндеги,1996 - жылкы «Ядролук сынакка жалпы тыюу салуу жөнүндө» - деген Келишимдеги (мындан нары ЯСЖТ) милдеттенмелерин бекемдөө менен,

Борбордук Азияда ядролук куралдан эркин аймак түзүү жөнүндө Токтом чыгарып жана төмөндөгүлөр тууралуу макулдаштык:

1- Берене. Терминдерди аныктоо жана колдонуу

Бул Келишимдин максаттары жана анын Протоколу үчүн:

a) «ядролук куралдан эркин Борбордук Азиядагы аймак» Республика Казахстан, Кыргыз Республикасын, Республика Таджикистанды, Туркмөнстанды жана Республика Өзбекистанды камтыйт;

b) «ядролук курал же башка жардыруучу түзүм» бул, согуштук же жарандык максаттарга колдонуусунан көз карандысыз, ядролук энергияны бөлүп чыгарууга жөндөмдүү болгон бардык курал-

дарды жана жардыруучу түзүмдөрду билдирет. Бул термин чолгултулбаган же жарым-жартылай чогултулган куралды же түзүмдү камтыйт, бирок бул мындай куралды ташуучу унааны же жеткирүүчү каражатты камтыбайт, эгер алар андан бөлүнсө жана анын ажыраткыс бөлүгү болбосо;

c) «жайгаштыруу» бул - ташып кирүүнү, орноштурууну, жыйноону, сактоону, орнотууну жана колдонуу үчүн даярдоону түшүндүрөт;

d) «ядролук материал» бул - бардык баштапкы же атайын бөлүнүүчү материал дегенди билдирет, Атомдук энергия боюнча эл аралык агенттиктин (мындан нары АЭЭА) Уставынын XX беренесинде аныкталгандай, АЭЭАнын убакыт аралык сайын өзгөртүү киргизүүлөрүн эсепке алуу менен;

e) «радиоактивдүү таштандылар» бул - бардык радиактивдүү материалдар б.а.

колдонуудан чыгарыла турган же колдонуудан чыгарылган жана колдонулбай калган, анын активдүүлүгү жана андагы радиоактивдүү нуклиддердин активдүүлүгүнүн концентрациясы АЭЭАнын жарыялаган эл аралык нормалары аракетке кире турган төмөнкү нормадан ашып кеткен радиоактивдүү нуклиддерден турган бардык заттар саналат;

f) «орнотуу» - бул:

i) реакторду, критикалык чогултууну, конверсия боюнча ишканаларды, жасоо боюнча ишканаларды, кайра иштетүүчү жабдууларды, изотопторду бөлүү үчүн жабдыктарды же өзүнчө кампаны; же

ii) бир эффективдүү килограмм өлчөмдөн ашкан ядролук материал колдонулган бардык жайгашкан орундарды билдирет.

2-Берене. Келишимдин аракети:

a) ядролук куралдан эркин аймактын колдонуу сферасы катары, Борбордук Азияда ушул келишимдин максаттары үчүн кана аныкталган кургак аймак катары, Казахстан Республикасына, Кыргыз Республикасына, Таджикстан Республикасына, Туркменстанга жана Узбекстан Республикасына таандык бардык суу аймактары(булуңдар, көлдөр, дарыялар, суулар) жана алардын үстүндөгү аба аймактары аныкталган;

b) бул Келишмдеги бир дагы нерсе, бардык Борбор Азиялык мамлекеттрдин ар биринин бул зонага кургак же суу аймактарын кошуу же кошпоо боюнча же ошол аймактагы алардын эгемендүүлүгү же аларга таандыгы боюнча бардык талаштарда алардын укуктарына зыян келтирбеши, жана ал укуктарды эч кандай жол менен козгобошу кажет.

3-Берене. Негизги милдеттенмелер

1. Ар бир тарап милдеттенет:

a) изилдөө жүргүзбөөгө, иштеп чыкпоого, өндүрбөөгө, топтобоого, же башкача жол менен албоого, ээ болбоого же бардык ядролук куралды контроль жасабоого же башка ядролук жардыруучу түзүмгө бардык формада кайсыл кана жерде болбосун ээлик кылбоого ;

b) изилдөө жүргүзүүгө, иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, же башкача жол менен алууга, ээ болууга же бардык ядролук куралды контроль жасоого же башка ядролук жардыруучу түзүмгө ээлик кылууга, жардам албоого жана жардам алууга умтулбоого ;

c) изилдөө жүргүзүүгө, иштеп чыгууга, өндүрүүгө, топтоого, же башкача жол менен алууга, ээ болууга же бардык ядролук куралды контроль жасоого же башка ядролук жардыруучу түзүмгө ээлик кылууга аракет жасабоого жана ушундай аракеттерди колдобоого ;

d) өзүнүн аймагында жол бербөө:

i) өндүрүүгө, алууга, жайгаштырууга, сактоого жана ядролук куралды же башка ядролук жардыруучу түзүмдү колдонууга;

ii) алууга, сактоого, жыйноого, орнотууга же башка бардык ядролук куралдарга же башка ядролук жардыргыч түзүмгө ээ болуунун башка формалырына же контролдоого;

iii) ким аркылуу кана жасалбасын, башка бардык ядролук куралдарды же башка ядролук жардыргыч түзүмдөрдү иштеп чыгууга, аны өндүрүүгө, жыйноого, сатып алууга же контролдоого эч бир дагы аракеттерге көмөктөшүүгө;

2. Бардык Тараптар өз аймактарында башка мамлекеттердин радиактивдүү таштандыларын сактоого жол бербегенге милдеттенме алат.

4-берене. Чет мамлекеттик кемелер, учуучу аппараттар жана жер үстүндөгү унаалар

Ушул Келишимдин максаттарына жана маселелерине зыян келтирбей, ар бир Тарап, өздөрүнүн

эгемендүү укуктарын ишке ашыруу катары өздөрүнүн аймагы аркылуу аба, кургак жер жана суу жолдору аркылуу, чет өлкөлүк кемелердин портторуна кирүүсү, учактар менен учуучу аппараттардын аэропортторуна конууларын кошо, транзит жасоо маселелерин чечет.

5 - берене. Ядролук куралды же башка ядролук түзүмдөрдү сыноого тыюу салуу

ЯКСЖТСК га ылайык Тараптар милдеттенет:

a) ядролук куралдын бардык сынак жардырууларын жана башка ядролук жардырууларды жасабоого;

b) өзүнүн юрисдикциясынын жана контрролунун астындагы бардык жайларда ушундай бардык жардырууларга тыюу салып жана жол бербөөгө;

c) ядролук куралды сыноодон жана башка бардык ядролук сынак жардырууларды ишке ашырууга Болгон умтулуудан, көмөк көрсөтүүдөн жана аларга катышуудан баш тартууга;

6 - берене. Экологиялык коопсуздук.

Ар бир тарап ядролук куралды жана башка ядролук жардыргыч түзүмдөрдү иштеп чыгуу, өндүрүү же сактоого байланышкан ишмердиктин кесепетинен булганган аймактарды, алардын ичинде ядролук сыноо полигондор менен урандык ташдандылар көмүлгөн куйруктарды, экологиялык реабилитация жасоо боюнча бардык шарттарга көмөк көрсөтүү;

7 - берене. Ядролук энергияны тынчтык максатта колдонуу

Бул Келишимдин бир дагы жобосу Тараптардын ядролук энергияны тынчтык максатта колдонууга болгон укутарына зыян келтирбейт.

8 - берене. АЭЭАнын кепилдиктери

Ар бир Тарап милдеттенет:

a) алардын аймагындагы, алардын юрисдикциясынын астындагы же алардын контролундагы ядролук материалдарды жанан түзүмдөрдү, кайсыл жерде болбосун бир кана тынчтык максатта колдонууга;

b) эгерде кепилдиктер аракетке кире элек болсо ЯКТКга (INFCIRC/153 (Corr.)) ылайык кепилдиктерди колдонуу боюнча АЭЭА менен Макулдашуу, жанан кошумча Протокол(INFCIRC/540 (Corr.)), түзүп, бул Келишимдин күчүнө кирген 18 айга чейин убакыт аралыкта аракетке киригизилиши кажет;

c) бербөөгө:

(i) баштапкы же атайын бөлүнүүчү материалды, же болбосо

(ii) ядролук куралга ээ эмес бардык мамлекеттерге, атайын бөлүнүүчү материалдарды даярдоого, колдонууга же өндүрүшкө атайын иштелип чыккан, же даярдалган жабдууну же материалды, эгерде бул мамлекет АЭЭА менен бул келишимдин Ь) беренесинде эскертилгендин баарын камтыган Кепилдиктер боюнча Макулдашуу жана ага тиркелген Протокол түзүлө элек болсо.

9 - берене. Ядролук материалдарды жана жабдууну физикалык жактан коргоо

Ар бир Тарап ядролук материалдардын, жабдуулардын жана түзүмдөрдүн, алардын уруксатсыз пайдалануусуна жана уурдалып кетүүсүнө, колдонулушуна жол бербөө максатында физикалык коргоонун натыйжалуу стандарттарын сактоого милдеттенет,

Бул үчүн, ар бир тарап, анын аймагында колдонулган ядролук материалдарды, ошондой эле анын аймагында эл аралык транспорттук ташуу жана ички сактоо процессинде болгон жана өлкөнүн аймагындагы ядролук түзүмдөрдү физикалык коргоодо, жок эле дегенде 1987 - жылкы ядролук материалдарды физикалык коргоо боюнча Конвенциянын чараларында каралгандан, жана физикалык коргоого тиешелүү АЭЭАнын иштеп чыккан жетектөөчү принциптеринен кем эмес натыйжалуу физикалык коргоо чараларын колдонууга милдеттенет.

10 - берене. Кеңешме жолугушуулар

Тараптар өздөрүнүн өкүлдөрүнүн жылдык жолугушууларын кезек менен өткөрүү жөнүндө макулдашышат, ошондой эле бардык Тараптардын өтүнүчтөрү менен бул Келишимди карануу жана анын ишке ашырылышы жөнүндө башка маселелерди кароо боюнча өзгөчө жолугуушуларды өткөрүшөт.

Кара .:

Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндө Келишимдин 10 - Беренесин

ишке ашыруу боюнча Эрежелердин процедурасы.

11 - берене. Талаштардын чечилиши.

Бул келишимдин чечмелениши же аткарылышы боюнча талаштар Тараптардын сүйлөшүүлөрү аркылуу же Тараптардын кажеттүү деп тапкан жолдору менен чечилет.

12 - берене. Башка макулдашуулар

Бул Келишим Тараптардын бул келишим күчүнө киргенге чейинки түзгөн башка эл аралык келишимдери боюнча укуктарына жана милдеттенмелерине таасир этпейт.

Тараптар максаттарына эффективдүү жетишиши жана бул Келишимдин каралган негизги принциптерине ылайык маселелерин ишке ашырыш үчүн бардык кажеттүү чаралрды колдонууга милдеттүү.

13 - берене. Оговоркалар

Бул келишим оговоркалардын предмети болушу мүмүкүн эмес.

14 - берене. Кол коюу жана ратификация

а) бул Келишим Казакстан Республикасынын Семипалатинск шаарында Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймакка кирген өлкөлөрдүн кол коюулары үчүн ачылган: Казакстан Республикасы, Кыргыз Республиксы, Таджикстан Республикасы, Түркмөнстан жана Өзбекистан Республикасы;

b) бул Келишим ратификацияланууга жатат.

15 - берене. Күчүнө кириши жана арекеттеги мөөнөтү

а) Бул Келишим, Депозитарийге ратификация боюнча бешинчи документ тапшырылгандан 30 күн өткөндөн кийин күчүнө кирет;

b) бул Келишим мөөнөтсүз.

16 - берене. Келишимден чыгуу

а) ар бир тарап Депозитарийдин наамына жазуу жүзүндөгү билдирүү менен бул Келишимден чыга алат, эгерде бул Келишимдин предметине байланыш өзгөчө жагдай өлкөнүн улуттук жогорку кызыкчылыгына коопсуздук жаратып атат деп чечсе.

Ушундай билдирүү өлкөнүн жогорку кызыкчылыгына коопсуздук жаратып аткандай карала турган өзгөчө жагдай тууралуу арызды өзүнө камтышы кажет;

b) Келишимден чыгуу, Келишимдин тараптарына жана Протоколго кол койгон мамлекеттерге жиберилген, Депозитарий алган билдирүүнүн датасынан кийин 12 ай өткөндөн кийин күчүнө кирет.

17 - берене. Оңдоолор.

а) тараптардын бири тарабынан Келишимге сунушталган бардык оңдоолор, бардык тараптарга жана Кеңешүүчү жолугушууга, анын өткөрүлө турган күнүнө 90 күндөн кем эмес убакыт калган аралыкта жиберилет;

b) мындай оңдоону кабыл алуу жөнүндөгү чечимди Тараптар консенсус менен кабыл алышат;

c) бардык тараптар үчүн ушундай жол менен кабыл алынган оңдоо, Депозитарий алардан бул оңдоону ратификация жасаган документти алгандан кийин күчүнө кирет.

18 - берене. Депозитарий

а) бул Келишим бул Келишимдин Депозитарии болуп дайындалган Кыргыз Республикасына сактоого тапшырылат;

b) Депозитарий, аны менен катар:

i) бул Келишимге жана анын Протоколуна кол коюу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылат жана бул Келишимди жана анын Пртоколун ратификациялоо тууралуу документтерди кабыл алат;

ii) БУУнун уставынын 102 -беренесине ылайык бул Келишимди жана анын Протоколун каттоодон өткөрөт;

iii) бул Келишимдин жана анын Протоколунун күбөлөндүрүлгөн нускасын бардык Тараптарга жана Протоколдун тараптарына жиберет жана аларды бул Келишим менен Протоколдорго колдор коюулуп жана ратификацияланган дары жөнүндө кабар берет.

Муну тактоо ирээтинде, төмөндөгү кол коюучулар, милдетүү түрдө буга ыйгарым укук алышып,

бул Келишимге кол коюшту.

Казакстан Республикасынын, Семипалатинск шаарында, эки миң алтынчы жылы сегизинчи сентябрда, бир нускада, англис жана орус тилдеринде, ишке ашырылды жана эки текст бири бирине дал келет.

Казакстан Республикасы үчүн (колу)

Кыргыз Республикасы үчүн (колу)

Таджикстан Республикасы үчүн (колу)

Түркмөнстан үчүн (колу)

Өзбекстан Республикасы үчүн (колу)

4.8. Борбордук Азиядагы малекеттердин тышкы иштер Министрлеринин жолугушууларынын чечими менен кабыл алынды ЭРЕЖЕЛЕР

Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндөгү Келишимдин 10- беренесин ишке ашыруу боюнча процедуралары Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндөгү Келишимдин катышуучуларынын

Кеңешме жолугушуулары

1. Кеңешме жолугушуулар

Борбордук Азиядагы ядролук куралдан эркин аймак жөнүндөгү Келишимдин 10 -беренесине ылайык, Тараптар Келишимди карануу маселелери же анын аткарылышына байланыш башка суроолор боюнча ар жыл сайын же өзгөчө Кеңешме жолугушууларды өткөрүп турушат

2. Жыл сайын өткөрүлүүчү кеңешме жолугушуу

2.1. Жыл сайын өткөрүлүүчү биринчи кеңешме жолугушуу Келишим күчүнө киргенден кийин 2 айдан кеч эмес убакыт аралыкта чакырылат.

2.2. Жыл сайын өткөрүлүүчү биринчи кеңешме жолугушуу Таджикстан Республикасында, Душанбеде өткөрүлөт.

2.3. Биринчи кеңешме жолугушуунун аягында Тараптар кийинки жылдык кеңешме жолугушуунун өткөрүлө турган ордун жана датасын аныкташат.

3.өзгөчө Кеңешме жолугушуу

3.1.өзгөчө Кеңешме жолугушуулар Келишимдеги бардык ар бир Тараптын суроосу менен, бул демилгени башка дагы эки Тараптын колдоосу менен чакырылат.

3.2. өзгөчө Кеңешме жолугушууну чакыруу жана анын кажеттүүлүгүн негиздеген сунуш дипломатиялык каналдар менен демилгечи тараптын атынан учурдагы Кабыл алуучу тараптын милдетин аткаруучу Тараптын адресине жиберилет.

3.3. Кабыл алуучу тарап өзгөчө Кеңешме жолугушууну чакыруу маселесин, башка бардык Тараптар менен 10 күндөн кеч эмес убакыт аралыкта, мындай жолугушууну өткөрүү тууралуу сунуштарды алуу үчүн макулдашат.

4. Кеңешме жолугушуулардын өткөрүү мөөнөтү

Кеңешме жолугушуулардын өткөрүү мөөнөтү, эреже катары 3 күндөн ашпайт, эгерде Тараптар башка чечим кабыл алышпаса.

5. Делегациянын курамы

5.1. Тараптардын Делегациясынын расмий курамы, делегациянын башчысын (же ыйгарым укугу бар инсанды) жана анын кеңешчисин камтыйт.

5.2. Расмий делегациянын персоналдык курамы жана аны коштогон инсандар дипломатиялык каналдар аркылуу кабыл алуучу Тарапка, эреже катары, жолугушууга 10 күн калгандан кеч эмес убакыт аралыкта кабарланат.

5.3. Кеңешме жолугушууларга катышуу үчүн багытталуучу Расмий делегациянын форматы «1ө3» төн кем эмес түзүлөт.

6. Кабыл алуучу Тараптын төрагалык функциялары жана милдеттери.

6.1. Кабыл алуучу Тарап, анын өкүлү, ар жылдык жана өзгөчө Кеңешме жолугушууларда Төраганын милдетин аткарат.

6.2. Кабыл алуучу Тарап кийинки ар жылдык жолугушууга чейин Төрагалык милдетти аткарат.

6.3. Бул мезгилде, Келишимдин дайындалган Депозитарийи Келишимдин 10-беренесинин аткарылышына тишелүү бардык кабарларга жооп берет.

7. Чечим кабыл алуу

7.1. Ар бир Тарап бир добушка ээ.

7.2.Кеңешме жолугушуунун чечимдери консенсус менен кабыл алынат.

7.3. Тараптар кабыл алган чечимдер, жыйынтыктоочу документ катары жасалып, расмий делегациялардын башчылары тарабынан кол коюлат (же ыйгарым укуктуу инсан тарабынан). Кеңешме жолугушуунун жүрүшүндө кабыл алынган документтер Жыйынтыктоочу документтерге милдеттүү тиркеме болуп саналат.

7.4. Жыйынтыктоочу документтер орус тилинде түзүлөт жана керек болгон учурда англис тилинде дагы түзүлөт.

8. Байкоочулар.

Келишимдин бардык Тараптарынын макулдугу менен ар жылдык жана өзгөчө Кеңешме жолугушууларга Байкоочу катары,1968 -жылкы ЯКТКда ядролук куралы бар деп таанылган беш мамлекет чакырылышы мүмкүн, ошондой эле тиешелүү эл аралык уюмдардын өкүлдөрү дагы.

9. Жумушчу тилдер.

Ар жылдык жана өзгөчө Кеңешме жолугушуунун жумушчу тилдери катары орус жана англис тили эсептелет.

10. Отчеттуулугу.

Кеңешме жолугушуулардан кийин Кабыл алуучу Тарап орус тилинде отчёт даярдайт жана керек учурда англис тилинде дагы. Келишимдин бардык Тараптарынын макулдугу менен отчет бардык кызыкдар эл аралык уюмдарга, ошондой эле жолугушууга катышкан байкоочу тараптарга дагы жиберилиши мүмкүн.

11. Сарпталган каражаттарды жабуу.

Ар жылдык жана өзгөчө Кеңешме жолугушууларды өткөрүүгө байланышкан сарптоолорду, унаага жана жашоого корогон сарптоону эсептебегенде, Кабыл алуучу Тарап көтөрөт.

Семипалатинск шаары, 8 - сентябрь 2006 - жыл.

Бишкек шаары 2006-жылдын 5-декабры N 195

4.9. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ
Вена шаарында 1997-жылдын 5-сентябрында кол коюлган иштелип бүткөн отунду колдонуунун коопсуздугу жөнүндө жана радиоактивдүү калдыктарды колдонуунун коопсуздугу тууралуу бириккен Конвенцияга

Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө

1-берене.

Кыргыз Республикасы Вена шаарында 1997-жылдын 5-сентябрында кол коюлган Иштелип бүткөн отунду колдонуунун коопсуздугу жөнүндө жана радиоактивдүү калдыктарды колдонуунун коопсуздугу тууралуу Бириккен конвенцияга кошулсун.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Атом кубаттуулугу боюнча эл аралык агенттиктин Башкы директоруна - депозитарийге ратификациялык грамотаны депонирлесин.

3-берене.

Ушул Мыйзам жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

Кыргыз Республикасынын Президенти К.Бакиев

2006-жылдын 19-октябрында

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Бишкек шаары, 2019-жылдын 20-марты № 36

4.10. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ 1925-жылдын 17-июнунда Женева шаарында кол коюлган Согушта тумчуктуруучу, уулуу же ушул сыяктуу башка газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндө протоколго Кыргыз Республикасынын кошулуусу тууралуу

1-берене.

1925-жылдын 17-июнунда Женева шаарында кол коюлган Согушта тумчуктуруучу, уулуу же ушул сыяктуу башка газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндө протоколго кошулсун.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги 1925-жылдын 17-июнунда Женева шаарында кол коюлган Согушта тумчуктуруучу, уулуу же ушул сыяктуу башка газдарды жана бактериологиялык каражаттарды колдонууга тыюу салуу жөнүндө протоколго Кыргыз Республикасынын кошулуусу жөнүндө грамотаны депозитарий болуп саналган Франция Республикасынын Өкмөтүнө депонирлесин.

3-берене.

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2019-жылдын 26-мартындагы N 22 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Президенти С.Жээнбеков

2019-жылдын 13-февралында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

Кыргыз Республикасы 2019 -жылы 20 -марттагы №36 Мыйзам менен кошулган

ПРОТОКОЛ тумчуктурган, уу же башка окшош газдарды жана бактериялогиялык каражаттарды согушта колдонууга тыюу салуу жөнүндө Женева ш., 1925 -жыл 17 -июнь

Төмөндөгү кол коюучулар өздөрүнүн тиешелүү өкмөттөрү тарабынан ыйгарым укук алган:

тумчуктурган, уу же башка окшош газдарды, ошого барабар эле бардык окшош суюктуктарды, заттарды жана процесстерди согушта колдонууга дүйнөлүк коомчулук тарабынан туура эле тэрс сот өкүм чыгарылган деп эсептеп;

мындай колдонууга тыюу салуу дүйнөдөгү коомчулук державалар катышкан эл аралык келишимдерде туюнтулган деп эсептеп;

эл аралык укуккка кирген бул тыюу салуу, элдердин адеп-аклахына жана тажрыйбасында бардык жерде таанылыш максатында;

жарыялашат:

Келишимге кирип атышкан Бийик Тараптар, бул колдонууну тыйган Келишимге али катышуучу болуп кирише элек болсо дэле, бул тыюу салууну таанышат, бул тыюуну бактериологиялык каражат менен согушууга да тарататууга макулдук беришет жана өздөрүн, бул Декларациянын шартта-

ры менен бири бирине байланыш деп эсептеп макулдашууга келишет.

Келишимге кирип катышкан Бийик Тараптар башка мамлекеттерди дагы бул Протоколго кошулууга ойготууга бардык күчтөрүн жумшайт. Бул кошулуу жөнүндө Француз Республикасынын Өкмөтүн кабардар кылат, акыркы болсо бардык кол коюшкан жана кошулган державаларды кабарлайт. Ал Француз Республикасынын Өкмөтү билдирүү жасаган күндөн баштап аракетке кирет.

Бул Пртоколдун француз жана англис нускалары бирдей мааниге ээ деп эсептелип, мүмкүн болушунча кыска мөөнөттө ратификацияланат. Ал ошол күндүн датасын алып жүрөт.

Бул Протоколдун ратификациясы Француз Республикасынын Өкмөтүнө өткөрүлүп берилет, ал ар бир кол койгон же кошулган державаны ушундай абалда сактоого кабыл алганы тууралуу кабарлайт.

Ратификацияланган грамота же кошулуу жөнүндөгү документтер Француз Республикасынын Өкмөтүнүн архивинде сакталат.

Бул Протокол ар бир кол койгон держава үчүн ратификация келип түшкөн чактан баштап күчүнө кирет, жана держава ошол чактан баштап, мурда ратификация тапшырган башка державалар менен байланыш болуп калат.

Муну тастыктоо ирээтинде ыйгарым укугу барлар бул Протоколго кол коюшту:

Женевада бир нускада бир миң тогуз жүз жыйырма тогузунчу жылдын он жетинчи июнунда жасалды.

Германия үчүн	Италия үчүн
Кошмо штаттар үчүн	Япония үчүн
Австрия үчүн	Латвия үчүн
Бельгия үчүн	Литва үчүн
Бразилия үчүн	Люксембург үчүн
Британия Империясы үчүн	Никарагуа үчүн
Канада үчүн	Норвегия үчүн
Эркин мамлекет Ирландия үчүн	Панама үчүн
Индия үчүн	Нидерланды үчүн
Болгария үчүн	Персия үчүн
Чили үчүн	Польша үчүн
Кытай үчүн	Португалия үчүн
Колумбия үчүн	Румыния үчүн
Дания үчүн	Сальвадор үчүн
Египет үчүн	Сиам үчүн
Испания үчүн	Швеция үчүн
Эстония үчүн	Швейцария үчүн
Эфиопия үчүн	Королевство Сербия , Хорватияи Словения үчүн
Финляндия үчүн	Чехословакия үчүн
Франция үчүн	Турция үчүн
Греция үчүн	Уругвай үчүн
Венгрия үчүн	Венесуэла үчүн

4.11.КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

Бишкек шаары, 2016-жылдын 9-июлу № 110

2005-жылдын 8-июлунда Вена шаарында кабыл алынган Ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндө 1979-жылдын 26-октябрындагы конвенцияга түзөтүүнү ратификациялоо тууралуу

1-берене.

2005-жылдын 8-июлунда Вена шаарында кабыл алынган Ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндө 1979-жылдын 26-октябрындагы конвенцияга түзөтүү ратификациялансын.

2-берене.

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги депозитарий болуп саналган Атом энергиясы боюнча эл аралык агенттиктин (МАГАТЭ) катчылыгына Вена шаарында 2005-жылдын 8-июлунда кабыл алынган Ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндө 1979-жылдын 26-октябрындагы конвенцияга түзөтүүнү ратификациялоо тууралуу грамотаны депонирлесин.

3-берене.

Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

«Эркин Тоо» газетасынын 2016-жылдын 15-июлунда № 62 жарыяланды

Кыргыз Республикасынын Президенти А.Атамбаев

2016-жылдын 1-июнунда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши

тарабынан кабыл алынган

4.12. 1540- Корутунду (2004), Коопсуздук Кеңешинин 4956-отурумунда 2004-жылы 28-апрелде кабыл алынган

Коопсуздук Кеңеши,

ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын таркалышы, ошондой эле аны ташып жеткирүүчү каражаттар эл-аралык тынччылыкка жана коопсуздукка коркунуч жаратаарын тактоо менен,

ушуга байланыш өзүнүн Төрагасынын мамлекет жана өкмөт башчыларынын деңгээлинде 1992 – жылы 31 – январда (S/23500), Кеңештин отурумунда кабыл алынган Жарыясы, ошонун эсебинде, баардык мүчө-мамлекеттердин куралдарды контролдоо жана куралсызданууу, жана массалык кыргын салуучу куралдардын баардык түрлөрүнүн таркап кетишинин баардык аспекттеринде жол бербөө зарылдыгын кайрадан тактоо менен,

жарыядагы баардык мүчө-мамлекеттерине баардык көйгөйлөрдү Жобого ылайык тынчтык каражаттары менен жөнгө салуу зарылдыгы, коркунуч туудуруу же аймактагы жана дүйнөдөгү туруктуулукту бүлдүрүү контекстинде баса белгиленгенине дагы шилтеме жасоо менен,

ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын жана аны ташып жеткирүүчү каражаттардын таркап кетүүсүнөн келип чыгуучу баардык коркунучтарга каршы БУУ Жобосунда каралган өзүнүн негизги милдеттенмелерине ылайык өзүнө тиешелүү жана эффективдүү чараларды кабыл ала турган чечкиндүүлүгүн тактоо менен,

ядролук, химиялык жана биологиялык куралды жок кылуу жана анын таркап кетишине жол бербөөгө багытталган көп тараптуу Келишимдерди өзүнүн колдоосун, жана баардык мүчө-мамлекеттердин ушул келишимдерди эл-аралык туруктуулукту сактоо максатында толук көлөмдө аткарышы маанилүү экенин тактоо менен,

ушул контекстте, таркатпоого көмөктөшкөн көп тараптуу Келишимдердин күч аракеттерин кубаттоо менен,

ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын таркап кетишине жол бербөө, тынчтык максатта колдонулган материалдар, жабдуулар жана технологияларга тиешелүү эл – аралык кызматташтыкка тоскоол болбошу керек, жана ошол эле убакта тынчтык максатта колдонуу аларды таркатууга чүмбөт катары колдонулбашы кажет экенин тактоо менен,

террорчулук коркунучуна тынчсызданууу менен жана 1267 - Корутунду менен уюштурулган Комитет тарабынан түзүлгөн жана ал алып баруучу БУУ тизмесине киргизилген жана 1373 - Корутундунун аракети астында калуучу мамлекеттик эмес субъекттер ядролук, химиялык жана биологиялык куралдарды жана аны ташып жеткирүүчү каражаттарын сатып алуу, иштеп чыгуу, айлантууну ишке ашыруу жана колдонуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экенине олуттуу тынчсызданууу менен,

мындай куралдын таркап кетүү көйгөйүнө жаңы ченем берген, ошондой эле эл - аралык тынчтыкка жана коопсуздукка коркунуч жараткан ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын жана аны ташып жеткирүүчү каражаттардын мыйзамсыз айлануу коркунучуна олуттуу тынчсызданууу менен,

улуттук, аймак алдындагы, аймактык жана эл – аралык деңгээлде күч аракеттерди, бул олуттуу чакырыктарга жана эл - аралык коопсуздукка, коркунучка жооп катары дүйнөлүк жоопту күчөтүү максатында координация жасоону жакшыртууну моюнга алуу менен,

мамлекеттердин көпчүлүгү өздөрү катышкан Келишимдер боюнча юридикалык жоопкерчиликти өздөрүнө алышканын, же ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын таркап кетишине жол бербөөгө багытталган башка жоопкерчиликтерди алышканын жана ядролук материалды физикалык коргоо жөнүндөгү Конвенцияда каралган жана радиоактивдүү булактардын коопсуздугун жана сакталышын камсыз кылуу боюнча АЭЭА жүрүм-түрүм Кодекси сунуштаган сезимтал материалдардын эсебин жүргүзүү, сакталышы жана физикалык корголушу боюнча эффективдүү чараларды алышканын моюнга алуу менен,

баардык мамлекеттер тарабынан химиялык жана биологиялык куралдын жана аны ташып жеткирүүчү каражаттардын таркап кетишине эффективдүү бөгөт коюу шашылыш зарылдыгын мындан нары моюнга алуу менен,

баардык мүчө-мамлекеттерди өздөрү катышуучу болгон куралсызданууу жаатындагы

келишимдерди жана макулдашууларды толук аткарууга чакыруу менен,

БУУ Жобосуна ылайык, террорчулук кыймыл - аракеттер аркылуу жаратылуучу эл - аралык тынчылыкка жана коопсуздукка болгон коркунучтар менен баардык каражаттар менен күрөшүү зарылдыгын кайрадан тактоо менен,

таркатпоо жаатындагы дүйнөлүк коркунучтарга жооп катары эффективдүү чечим кабыл алууга мындан нары дагы көмөк көрсөтүү чечкиндүүлүгүнө толуу менен,

БУУ Жобосунун VII- Бөлүмүнүн негизинде аракет жасоо менен,

1. баардык мамлекеттер ядролук, химиялык, жана биологиялык куралды жана аны ташып жеткирүүчү каражаттарды иштеп чыгууга, сатып алууга, өндүрүүгө, ээ болууга, ташууга, өткөрүп берүүгө же колдонууга аракет жасаган мамлекеттик эмес субъекттерге баардык формадагы колдоо жасоодон баш тартат деген токтом чыгарат;

2. ошондой эле, баардык мамлекеттер, өздөрүнүн улуттук процедуралары менен баардык мамлекеттик эмес субъекттерге ядролук, химиялык жана биологиялык куралды жана аны ташып жеткирүүчү каражатты өндүрүүгө, сатып алууга, ээ болууга, иштеп чыгууга, ташууга, өткөрүп берүүгө же колдонууга тыюу салган, өзгөчө террорчулук максаттагы, ага барабар эле жогорудагы баардык иш-аракеттерге шакирт катары катышууга жасалган аракеттер, аларга жардам көрсөтүү же каржылоого каршы тиешелүү мыйзамдарды кабыл алышат жана эффективдүү колдонушат деп токтом кылат,

3. ошондой эле токтом кылат, баардык мамлекеттер, ядролук, химиялык жана биологиялык куралды жана аны ташып жеткирүүчү каражаттын таркап кетишине бөгөт коюу үчүн Улуттук контролду орнотуу максатындагы эффективдүү чараларды кабыл алып колдонушат, жана ошонун ичинде аларга тиешелүү материалдарды эффективдүү контролдоо аркылуу, ушул максатта:

a) мындай нерселерди өндүрүүдө, колдонууда, сактоодо же ташууда эсепке алууну жана сактоонун камсыз кылуу боюнча керек болгон эффективдүү чараларын иштеп чыгууга жана аны ишке ашырууга милдеттүү;

b) физикалык коргоого керектүү эффективдүү чараларды иштеп чыгып жана колдонууга милдеттүү;

c) өтүп кетүү аракетин ачыкка чыгаруу, бөгөт коюу жана каршылык көрсөтүү максатында чек - ара контролу жана укук колдонуунун эффективдүү чараларын иштеп чыгып анын ишке ашырууга, анан ичинде керек болгон учурда эл-аралык кызматташтык жолу менен, мыйзамсыз айлантууга жана укуктук жөнгө салуунун улуттук системаларына жана мыйзам ченемине жана эл – аралык укукка ылайык, мындай нерселерге тиешелүү ортомчулук кылууга милдеттүү;

d) улуттук деңгээлде мындай нерселердин экспортун жана чек - ара аркылуу кыймылды болушунча эффективдүү контролдоону орнотуп, жакшыртып, карап турууну жана колдоого, буга кошумча экспортту, транзитти, чек-аралык кыймылды жана реэкспортту контролдоо боюнча керектүү мыйзамдар жана ченемдик актылар, жана мындай экспортко жана чек-аралык кыймылга берилген каражаттарга жана таркатууга жардам бере турган каржылоо жана транспортто сыяктуу кызматтарга тиешелүү контролдоо чараларын, ошондой эле акыркы колдонуучуну контролдоо чараларын орнотуу; жана экспорттук контрол жаатындагы ушундай мыйзамдарды жана ченемдик актыларды бузган үчүн жазык кодексиндеги жана жарандык жоопкерчиликтердин чараларын орнотуу жана колдонууга милдеттүү;

4. Коопсуздук Кеңешинин комитети, зарылдыкка жараша башка эксперттерди дагы ишке тарта алат, Кеңештин баардык мүчөлөрүнүн курамында өзүнү убактылуу процедураларынын эрежелеринин 28- эрежесине ылайык, эки жылдык мөөнөттөн көп эмес созулган убакыт аралыкка орнотууну, Коопсуздук Кеңештин кароосуна бул Корутундунун аткарылышы боюнча докладын сунуштоону, жана ушул максатта мамлекеттерди бул Корутундунун кабыл алынышынан алты айдан кем эмес убакыт аралыкта, алар жасаган кадамдары же ойлорундагы чаралары тууралуу биринчи докладды берүүнү токтом кылат;

5. бул Корутундуну боюнча бир дагы милдеттенме катышуучу мамлекеттердин ядролук куралды таркатпоо боюнча Келишимдеги, химиялык куралга тыюу салуу жана биологиялык жана токсиндик куралга тыюу салуу, же АЭЭА жоопкерчилигин сферасын өзгөрткөн же химиялык куралга тыюу салуу боюнча уюмдун милдеттенмелери укук өзгөртүүчү же карама - каршы катары эч качан чечмеленбеши кажет теп токтом кылат;

6. бул Корутундуну аткарыш үчүн эффективдүү улуттук контролдоочу тизменин турмуштук маанисин моюнга алат жана баардык мүчө мамлекеттерди, зарылчылык жаралса, тез арада ушундай тизмелерди иштеп чыгууга чакырат;

7. кээ бир мамлекеттерге бул корутундунун Жоболорун алардын аймагында аткаруу үчүн жардам керек экенин моюнга алат, жана мүмкүнчүлүгү бар мамлекеттерди укуктук жана ченемдик негиздери, тажрыйбалары жана/же ресурстары жок мамлекеттердин конкреттүү муктаждыктары боюнча суранычтарына жардам берүүнү сунуштайт;

8. баардык мамлекеттерди чакырат:

a) жалпы кабыл алууга, толук аткарууга, жана зарыл болгон учурда ядролук, химиялык жана биологиялык куралдын таркап кетишине бөгөт коюуга багытталган өздөрү катышкан көп тараптуу Келишимдерди бекемдөөгө чакырат;

b) кабыл алына элек өлкөлөрдө, таркатпоо жаатындагы көп тараптуу келишимдердеги милдеттенмелердин карманышын камсыз кылган эреже жана ченемдик актыларды улуттук деңгээлде кабыл алууга чакырат;

c) жалпы максаттарга жылыш жасоо жана ага жетүү үчүн таркатпоо жана тынчтык максаттагы эл аралык кызматташтыкка биргелешип аракет жасоонун маанилүү каражат болгон химиялык куралга тыюу салуу боюнча уюмдун жана бактериялогиялык (биологиялык) жана токсиндик куралды иштеп чыгууга, өндүрүүгө жана камын жыйноого тыюу салуу жана аны жок кылуу боюнча Конвенциянын, Атомдук энергия боюнча эл - аралык агенттиктин алкагындагы көп тараптуу кызматташуунун иштерине өзүнүн жактоочу экенин тажрыйбада тактап жана аткарууга;

d) өндүрүштүк жана коомдук чөйрө менен иштөөнүн жана аларды ушундай мыйзамдардан келип чыккан милдеттенмелери тууралуу маалымдоонун керектүү ыкмаларын иштеп чыгуу чакырат;

9. ядролук, химиялык жана биологиялык куралды жана аларды жеткирүүчү каражаттардын таркап кетүү коркунучуна каршы туруу үчүн баардык мамлекеттерди таркатпоо жаатындагы диалогго жана кызматташууга чакырат;

10. баардык мамлекеттерди, бул коркунучтарга каршы туруу максатында алардын укуктук жөнгө салуу системаларына жана мыйзам ченемдерине жана эл-аралык укукка ылайык, ядролук, химиялык жана биологиялык куралды жана аларды жеткирүүчү каражаттардын жана аларга тиешелүү материалдардын мыйзамсыз айлануусуна жол бербөөгө биргелешип аракет жасоого мындан нары дагы чакырат;

11. ушул корутундуну аткаруу кадамдарына дыкат көз салууга жана бул максаттарга зарыл болгон мындан наркы чечимдерди керектүү деңгээлде кабыл алууга болгон өзүнүн каалоосун билдирет;

12. бул маселе менен иштөөнү улантууну токтом кылат.

V. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛДОО СИСТЕМАСЫНДАГЫ МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАРДЫН, МЕКЕМЕЛЕРДИН ЖАНА УЮМДАРДЫН ТИЗМЕСИ

Экспорттук контролдоо системасындагы мамлекеттик органдардын, мекемелердин жана уюмдардын тизмеси

№	Уюм Структуралык бөлүмү	Жайгашкан дареги	Байланышуу даректери
Мамлекеттик органдар			
1	Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Тарифтик, тарифтик эмес жөнгө салуу жана экспорттук контролдоо бөлүмү	720002, Бишкек ш., Чүй пр-тиси, 106 Сайт: http://www.mineconom.kg	Малаев Назар Камалдинович Бөлүм башчысы Тел.: өө996 312 62 05 35 өө247 e-mail: mnmrekr2018@gmail.com
2	Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Тарифтик, тарифтик эмес жөнго салуу жана экспорттук контролдоо бөлүмү	720002, Бишкек ш., Чүй проспектиси, 106 Сайт: http://www.mineconom.kg	Дуйшеева Жылдызкан Зарлыковна Башкы адис Тел.: өө996 (312) 62 05 35 өө275 e-mail: duisheeva@mail.ru
3	Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Республикалык карантиндик жана өзгөчө коркунучтуу инфекциялар борбору	Бишкек ш., Скрябин көчөсү , 92 Сайт: http://rckooi.kg/	Усенбаев Нурболот Толошевич Деректирдин орун басары Тел.: өө996 (312) 54 45 13 e-mail: usenbaev@rambler.ru
4	Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Оруулардын профилактикасы жана мамлекеттик көзөмөлдөө департаменти, Молекулярдык – генетикалык жана диагностикалык изилдөө лабораториясы	720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү , 535 Сайт: https://dgsen.kg/	Ашыралиева Дамира Омурзаковна Лабораториянын башчысы Тел.: өө996 (312) 32 32 12 e-mail: ashyr14@mail.ru
5	Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлиги, Оорулардын профилактикасы жана мамлекеттик көзөмөлдөө департаменти, Техникалык жөнгө салуу бөлүмү	720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү , 535 Сайт: https://dgsen.kg/	Токтогулов Улан Темишевич Бөлүм башчысы Тел.: өө996 (312) 32 32 16 e-mail: Ulanbek65@mail.ru
6	Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн генералдык штабы, Радиациялык, химиялык жана биологиялык коргонуу бөлүмү	Бишкек ш., Логвиненко көчөсү, 26 Сайт: http://www.genstaff.gov.kg	Жолдошов Абдилазиз Акматалиевич Бөлүм башчысы Тел.: 996 (312) 66 61 45 e-mail: ud@genstaff.gov.kg

7	Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар боюнча министрлиги, РХБК жана МО ААКБ(КР ӨКМ, Радиациялык, химиялык, биологиялык коргонуу жана и медицина бөлүмү, Элдерди жана аймакты коргоо башкармалыгы)	720055, Бишкек ш., А.Токтоналиев көчөсү, 2/1 Сайт: www.mes.gov.kg	Куркуреев Замирбек Сагатилаевич Бөлүм башчысы Тел.: 996 (312) 54 90 17 e-mail: kurkureevz@mail.ru
8	Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлиги Бешинчи саясий департаменти	720040, Бишкек ш ., Эркиндик бульвары, 57 Сайт: https://mfa.gov.kg	Эстебес кызы Кундуз Атташе Тел.: 996 (312) 62 65 67 e-mail: kuesteb@gmail.com
9	Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлиги, Коомдук коопсуздук кызматы	720040, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 469 Сайт: https://mvd.gov.kg	Омуралиев Кенжетай Дербишалиевич Инспектор Тел.: 996 (312) 66 36 18 e-mail: Ovmr19@bk.ru Айтматов А. Эксперт Тел.: 996 (312) 26 60 18
10	Кыргыз Республикасынын Айыл чарба, тамак-аш өнөр жайы жана сугат Министерлиги, Химиялаштыруу жана өсүмдүктөрдү коргоо департаменти	720040, Бишкек ш., Киев көчөсү, 96а. Сайт: http://www.agroprod.kg	Алакунов Алмаз Тансыкович Бөлүм башчысы e-mail: a_alakunov@mail.ru
11	Кыргыз Республикасынын Унаалар жана жолдор министрлиги, Автомобильдик, суудагы унаа жана и салмак-габариттик контролдоо агенттиги	720017 г.Бишкек ш., Исанов көчөсү, 42 Сайт: http://mtd.gov.kg	Тел.: ө996 (312) 314 084 Факс: +996 (312) 314 065 e-mail: web@aat.gov.kg
12	Коргоо иштери боюнча мамлекеттик комитет, Аскерий экономика, экпорттук контролдоо жана лицензиялоо бөлүмү	Бишкек ш., Тыныстанов көчөсү, 207 Сайт: https://mil.gov.kg	Кожобаева Мунара Джакшылыковна Улук офицер Тел.: ө996 (312) 662106 e-mail: munkozhobaeva@gmail.com
13	Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик коопсуздук комитети	720040, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 70 Сайт: https://gknb.gov.kg e-mail:document@gknb.gov	Исмаилов Дастан Искендербекович кызматчы
13	Кыргыз Республикасынын Өнөр жай, энергетика жана жер байлыгын колдонуу боюнча мамлекеттик комитети	Бишкек ш., Эркиндик бульвары,, 2 Сайт: http://www.gkpen.kg	Шабаева Гульфия Рашитовна Эксперт Гильфанов И.В. Эксперт Тел.: 996 (312) 90 40 40 +996 (312) 30 00 69 ө 1035
14	Кыргыз Республикасынын Маалыматтык технологиялар жана байланыш боюнча мамлекеттик комитети, Байланыш боюнча мамлекеттик агенттиги	Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 7б Сайт: http://www.ict.gov.kg	Жаныбек кызы Г. Эксперт Тел.: ө996 (312) 54 32 15

15	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы айлана-чөйрөнү коргоо жана токой чарбасы боюнча мамлекеттик агенттиги	Бишкек ш., Горький көч., 142, Сайт: http://www.ecology.gov.kg	Евгений Барыкин Экспертиза бөлүмүнүн эксперти Тел.: өө996 (312) 90 06 47 Халмурзаев Али Саидович, Айлана-чөйрөнү коргоо жана экологиялык коопсуздук сферасында Мамлекеттик жөнгө салуу борборунун бөлүм башчысы e-mail: a.khalmurzaev@gmail.com
16	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик бажы кызматы, Бажылык контролдоо бөлүмү	Бишкек ш., Байтик Баатыр көч., 4а Сайт: www.customs.gov.kg	Молдогазиева Медина Талантбековна Инспектор Тел.: 996 (312) 51 06 51 e-mail: m.moldogazieva@gmail.com
17	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик чек ара кызматы, Чек аралык контролдоо башкармалыгы	720005, Бишкек ш., О. Медеров көч., 163 Сайт: http://gps.gov.kg	Отинов Алексей Анатольевич Начальник Тел.: өө996 (312) 54 38 36 e-mail: Sokuluk_alex@mail.ru
18	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Ветеринардык жана и фитосанитардык коопсуздук боюнча мамлекеттик инспекция	720040, Бишкек ш., Киев көч., 96 Б. Сайт: http://www.gvfi.gov.kg	Марс кызы Жазира Тел: +996 (312) 66 04 29 e-mail: Zira0717@gmail.com
19	Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча инспекция	Бишкек ш., Ахунбаев көч., 119 Сайт: http://www.geti.gov.kg	Омуров Максат Байкабасович Тел.: өө996 (312) 56 30 27 e-mail: m.omur@mail.ru
20	Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Химия жана химиялык технологиялар институту	720071, Бишкек ш., Чүй пр. , 265 Сайт: http://www.ihftnaskr.kg	Джумаев Исаак Абакирович Тел.: өө996 (312) 66 26 58 e-mail: isaakdzumaev@gmail.com
Предприятия и организации			
1	“Транснационалдык «Дастан» компаниясы” ААК	720031, Бишкек ш., Байтик баатыр көч. ,36 Сайт: http://dastan.kg/	Тел.: өө996 (312) 54-45-97 Тел.: өө996 (312) 56-40-11 Тел.: өө996 (312) 54-45-97 e-mail: sbytdastan@mail.ru
2	«Кара-Балтадагы тоо-кен комбинаты» АК	Кара-Балта ш., Кожомбердиев көч.,Түштүк өнөр жай зонасы, 1	Тел.:+996 (3133) 72533
3	Хайдаркандагы сымап акционердик коому (Хайдаркан сымап комбинаты)	720221, Кыргызс Республикасы , Айдаркен ш. (Хайдаркан кыштагы) Кыргызстан көчөсү, 19 А Сайт: http://khaydarkan.su	Тел. / факс: өө996 (3655) 6 00 48
4	Кадамжайдагы сурьма комбинаты	Баткен ш., р. Кадамжай, Заводская, 12	Тел.:+996 (3655) 50112

5	«Интергласс» ЖЧК	724917, Токмок ш., Промзона Сайт: http://www.interglass.kg	Тел.: ө996 (312) 902 471 Факс: ө996 (312) 902 475 e-mail: interglass@interglass.kg
6	«Бишкетеги штамптоочу заводу» ММ	720066, Кыргызс Республикасы, Бишкек ш., Тынчтык пр., 1 Сайт: http://bsp.kg/	Тел.: ө996 (312) 56-35-76 Факс: ө996 (312) 56-36-21 e-mail: info@bsp.kg
7	“Кыргыз химико-металлургиялык завод” («Astra-КСМР») ААК	724516, Чуй обл., Кемин р-ону, Орловка ш., .Ленин көчөсү, 1а	Тел.: ө996 (312) 96 43 43 e-mail: info@astra-st.com
8	«Нур» ААК	720903, Кыргыз Республикасы, Жалал-Абад ш., Чехов көч. 15 Сайт: http://e-nur.ru/	Тел.: ө996 (3722) 5 01 31
9	«Булгаары» ЖЧК	Бишкек ш., 720045, Осмонкул көчөсү, 158	Тел.: ө996 (312) 36 14 40
10	«Кас Импульс» ЖЧК	Чүй области, Новопокровка айылы, Заречная көч., 2А	Тел.: ө996 (551) 12 31 56, ө996 (312) 570259
11	“ИӨБ ИЛИМ” ЖЧК	Бишкек ш., Чүй пр., 267 каб. 12 Сайт: http://ilimcompany.kg	Тел./факс +996 (312) 391976
	«Канттагы цемент заводу» ААК	725000, Кыргыз Республикасы, Чүй области, Ысыката району, Кант ш., Чыгыш промзонасы Сайт: http://kantcement.kg	Тел.: ө996 (3132) 5 77 17; +996 (312) 61 69 50 Факс: +996 (3132) 5 77 63; +996 (312) 60 71 83
13	«Бишкектеги машина куруучу завод» ААК	Бишкек ш., 720066, Манас пр., 1 Сайт: https://aobmz-kg.all.biz/	Тел.: ө996 (312) 54 16 23, ө996 (312) 56 42 12, ө996 (312) 54 61 15
14	«Майлуу-Суудагы лампа заводу» ЖЧК	Кыргыз Республикасы, Джалал-Абад области, Майлуу-Суу ш., Ленин көч., 210 Сайт: http://msel.kg/	Тел.: ө996 (3744) 5 25 00. Факс: ө996 (3744) 5 22 90
15	«Алтын-Тамыр» ЖАК	Бишкек ш., Ден Сяопин пр-ти, 304	Тел.: ө996 (312) 35 74 23, 35 72 24, 35 74 65
16	Кумтор оперейтинг компани	720031, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Ибраимов көч., 24 Сайт: www.kumtor.kg	Тел..: (+996 312) 90 07 07, 90 08 08 Факс: (+996 312) 59 15 26 e-mail: KumtorInfo@centerragold.com
17	«Кыргызалтын» ААК	720010, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Абдымомунов көч. №195 Сайт: http://kyrgyzaltyn.kg/	Тел: +996 (0312) 66-66-70, Факс: ө996 (0312) 66-67-00 e-mail: info@ kyrgyzaltyn.kg

18	«Алтынкен» ЖЧК	Кыргыз Республикасы, Чүй области, Кемин району, Орловка шаары, Кудряшов көчөсү, 18. Индекс: 724516 Сайт: http://www.altynken.kg/	Тел: ө996 (3135) 5 25 09 Факс: ө996(3135) 5 25 09 e-mail: info@altynken.kg
19	“Кыргызгеолтехкомплект” ЖЧК	Бишкек ш., Патриса Лумумба көч., 80	Тел.: ө996 (312) 308680
20	«Аджи Сервис» ЖЧК	Бишкек ш., Матросов көч., 44 Сайт: https://www.adjigroup.com/	Тел.: ө996 (312) 882 228, 882230 Тел.: ө996 (770) 882 214, 882 202
21	«Стюарт Эссей энд инвайронментал лэборэторис» ЖЧК	Чүй обл., Кара-Балта ш., Калинин көч., №2	Тел.: ө996 (3133) 61925
22	Кыргыз Республикасынын Соода-өндүрүштүк палатасы	720001, Кыргыз Республикасы Бишкек ш., Киев көчөсү, 107 http://www.cci.kg	Тел.: ө996 (312) 61-38-72; 61-38-75 Факс: ө996 (312) 61-38-75 E-mail: info@cci.kg
23	Экспорттук Контролдун маселелери боюнча Борбор (ЭКМБ)	Бишкек ш., Боконбаев көч. 192, 5 - каб., Бизнес борбору	Жылдыз Сыдыгалиева Директор тел: 996(770)888599 сот факс: 996 (312) 317773 e-mail: jsydygalieva@gmail.com
24	Таркатпоо жана экспорттук контролдун маселелери боюнча борбор	Бишкек ш., Ибраимов көчөсү, 24, 305 каб. https://exportcontrol.kg	Бекташев Таалай Джумаевич 0555 922 250 INFO@EXPORTCONTROL.KG

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЭКСПОРТТУК КОНТРОЛЬ

СПРАВОЧНИК

Кыргыз Республикасынын Экономика Министрлиги жана
Эл аралык Илимий-Техникалык Борбордун колдоосу менен (Астана ш.)
Экспорттук контролдун маселелер боюнча Борбор тарабынан чыгарылды

АДРЕС:
Кыргыз Республикасы, 720010
Бишкек ш., Табышалиев көч., 40-35
Тел.:+(996)077088599
Тираж 50 экз.
Бишкек ш. – 2019 г